## *МАЗМУНУ*

### *ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ*
### *ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ*
### *PHYSICAL AND MATHEMATICAL SCIENCES*

***Алыбаев Курманбек Сарманович,Талантбек кызы Айданек, Жаманкулова Юланда***
КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ МЕНЕН ФОРМАЛДУУЛУКТАРДЫ ЖОЮУ........................................................................................6
***Маткеримова М. Ш., Раева М. А.***
МАТЕМАТИКА САБАКТАРЫНДА ЖАҢЫЧЫЛ ЫКМАЛАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН КРЕАТИВДҮҮ ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮЛӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ..................... 11
***Мажиева Дарья Тойчуевна***
МАТЕМАТИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРДЫН ТУРМУШТА КОЛДОНУЛУШУ....................17

### *ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ*
### *ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ*
### *TECHNICAL SCIENCES*

***Кенжекулов К.Н., Кочконбаев С.А., Ашыралиева Л.А.***
ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН ТУРУКТУУ ТОК МЕНЕН БЕРҮҮ ...............................................21
***Мыктыбек уулу Азизбек, Ашыралиева Лунара Алмасбековна***
КЫРГЫЗСТАНДЫН ГИДРОЭНЕРГЕТИКАСЫ – БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ СУУ-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ШАРТЫНДА............................... 26
***Усенов Кенешбек Жумабекович, Базарбаева Дария Алмазбековна***
ИНФОРМАТИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ…………………………………………......32
***Кожоярова Нестан Жакыпбековна***
ӨЗҮН-ӨЗҮ КУТКАРУУЧУ КЫРГЫЗДАРДЫН КЫРГЫЗ ҮЙҮНДӨЙ ҮЙДҮ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ДОЛБООРЛОО........................................................................................................37
***Усенов Кенешбек Жумабекович, Тойчуева Б.Э.***
ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТТЕРИНИН АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ........................................................................................................................47

### *ИНФОРМАТИКА*
### *ИНФОРМАТИКА*
### *INFORMATICS*

***Айтбай кызы Айгул, Айтбаева Аксана Таалайбековна***
ИНТЕРНЕТТИН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН ЖАШТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.......................................................................................................................52
***Осмонова Н.Т. Абдималикова Г.А.***
ИНФОРМАТИКАДА ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ..........................................................56

### *АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕРИ*
### *СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВННЫЕ НАУКИ*
### *AGRICULTURAL SCIENCES*

***Нурманбаев М.Ж., Мамырбаева А.Э., Номанжанова А.А.***
*АЛМА МӨМӨ ЖЕГИЧИ (LASPEYRESIA POMONELLA) ЖАНА АНЫ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ.........................................................................................60*

***Эгембердиева Алтынай Дуйшоевна, Дамирова А.Б.***
ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДЫН ПАЙДА БОЛУУСУНДА
ӨСҮМДҮКТӨРДҮН МААНИСИ (КЫРГЫЗСТАН)............................................................67
***Нурдинов Ш. Ш., Кадырова Ш. А., Баатырбек кызы Айтурган***
ТАЛ ЖАНА ТЕРЕК ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ЖАЛБЫРАК ЖЕЧҮ ЗЫЯНКЕЧТЕРИНИН
ТҮРДҮК КУРАМЫ ЖАНА ЗЫЯНКЕЧТИГИ.....................................................................73

***ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР***
***ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECONOMIC SCIENCES***

***Абдразакова Гулмира Абдыжапаровна***
ЧАРБА ЖУРГҮЗҮҮНҮН ЖАҢЫ ШАРТТАРЫНДА ЖАЛАЛ- АБАД ОБЛУСТТУК
ӨНҮГҮҮ ФОНДУНУН АЙЫЛ-ЧАРБА, КАЙРА ИШТЕТҮҮ ТАРМАГЫНЫН
СУБЬЕКТТЕРИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН НАТЫЙЖАЛУУ КАРЖЫЛООНУ
БАШКАРУУНУН АБАЛЫН БААЛОО……………………………………………...……77
***Ажиматова Наргиза Мырзакабыловна, Токтобаев И.А., Татипбаева Т.Б.***
ИШКАНАНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ДОЛБООРУНУН ТОБОКЕЛДИКТЕРИ...................85

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***Каримов Кахрамон Садыкович***
АНАЛИЗ ТРУДОВ ПО ИСТОРИИ КАЗАХСКОЙ ДЕЯТЕЛЬОСТИ
В ТУРКЕСТАНЕ………………………...…………………………………………………....*89*
**Сабиров Камчыбек Аскарович**
КЫРГЫЗ ЖУНГАР СОГУШУНУН ЖҮРҮШҮНДӨГҮ КУРАЛ ЖАРАКТЫН ОРДУ........92
***Туманов Бекзат .***
ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ЕВРОПАДАГЫ ТАРБИЯ БЕРҮҮ ЖАНА МЕКТЕП........................96
**Бакивалиева Калима, Турдубаева Мастура**
КЫЛЫМ КАРЫТКАН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНАН..............................................................101
***Курманалиева Гүлнуркан Жакыпбековна,Чодошева Тынаргүл Маматалиевна***
ТЕНТИ АДЫШЕВАНЫН “КЫЛЫМ ҮЗҮЛГӨН КОМУЗУМ” ЭСКЕРҮҮСҮНҮН
ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ.....................................................................................................................106

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***Ураимов К.М., Мажидова А.Ч.***
САБАТТУУЛУККА ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ОКУТУУ
КАРАЖАТТАРЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ................................................112
***Осмонова Нургүл Таштановна, Сапарбек кызы Аймончок***
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ МОБИЛДИК
ТИРКЕМЕЛЕРДИН ОРДУ...................................................................................................119
***Алыбаев К.С., Талантбек кызы Айданек***
*ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИНДЕГИ ФОРМАЛДУУЛУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ*
*ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ.....................................................................................................122*
***Досматова Л. А. окутуучу***
КЕЛЕЧЕКТЕГИ ТАРБИЯЧЫЛАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАСЫН
УЮШТУРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МОНИТОРИНГИ..................................................128
***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна, Маратбеков Эламан Маратбекович***
ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ КЭЭ БИР ИШКАГАЗДАРЫН КОЛДОНУУДА
КАНДАЙ ЫҢГАЙЛУУЛУКТАРДЫ ТҮЗҮП АЛЫШЫБЫЗ ШАРТ..................................13

*Молдокеримова Э.К., Орозалиева Айгерим*
ИНФОРМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ..............................137
*Усенов К.Ж., Төрөгулова Р. А., Тойчуева Б.Э.*
МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИН, ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТА ОКУТУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ.................................143
*Суранова Назигул Раимкуловна*
ТЕКСТ - КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ…………………………………………………………………………..……148
*Ризашова Манзура Байбубаевна, Турус кызы Жазгүл*
ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ОРДУ...............................151
*Аззам уулу Гайназар*
ВОЛЕЙБОЛ ОЮНУНДА ЫЛДАМДЫК САПАТТАР ЖАНА АЛАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ..........................................................................................................156
*Абдыжалилова Гулнур Медербековна, Нусупова Роза Сарыпбековна*
*БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЭЛЕКТРОНДУК КАРАЖАТТАРДЫН КОЛДОНУЛУШУНУН ШАРТТАРЫ.........................................................................162*

## ***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
## ***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
## ***PHILOLOGICAL SCIENCES***

*Жороева Г.А., Токторалиева Айзирек*
АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮДӨ МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕРДИН РОЛУ ЖАНА ТААСИРИ.......................................................................................................................167
**Жусупова А.А., Кымбатбек кызы Гулпери**
Ф.И. ТЮТЧЕВДИН ЛИРИКАСЫНДАГЫ МЕТАФОРА:
ТАЛДОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨ..........................................................................................172
*Акбарова Чынара Эсенбаевна*
“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ АЛМАНБЕТТИН САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ...............................................................................................175
*Нурматова Гүлшайыр Мамбетовна*
АРМАН ЫРЛАРЫНДА ӨҢ-ТҮСТҮ ТУЮНДУРГАН СӨЗДӨРДҮН КОННОТАЦИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ...................................................................................................179
*Дарбанов Б. Е., Акбуюков М. М.*
КЫРГЫЗ, ХЕМШИЛ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ «БАТА БЕРҮҮ» СҮЙЛӨӨ АКТЫСЫНЫН ЛИНГВОПРАГМАТИКАЛЫК АСПЕКТИ ..........................................183
*Сопонова А.А., Тухтакулова З.С.*
Ч.АЙТМАТОВДУН «КАССАНДРА ТАМГАСЫ» КАККАН ДОБУЛБАС (лингвистика жана медицина илиминде).........................................................................................187
*Камбаралиева Ж. Б., Калмуратова А. О.*
Ч.АЙТМАТОВДУН «БЕТМЕ БЕТ» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ
САЛЫШТЫРУУНУН РОЛУ.........................................................................................192

***ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ***
***ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PHYSICAL AND MATHEMATICAL SCIENCES***

***Алыбаев Курманбек Сарманович,Талантбек кызы Айданек, Жаманкулова Юланда***

# КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ МЕНЕН ФОРМАЛДУУЛУКТАРДЫ ЖОЮУ

***Алыбаев К.С., Айданек Талантбек кызы, Жаманкулова Юланда***

# УСТРАНЕНИЕ ФОРМАЛЬНОСТИ ПУТЕМ ОРГАНИЗАЦИИ ИНДИВИДУАЛЬНОЙ РАБОТЫ ОБУЧАЮЩИХСЯ НА УРОКАХ МАТЕМАТКИ С ПОМОЩЬЮ КОМПЬЮТЕРНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

***Alybaev K.S., Aidanek Talantbek kyzy, Zhamankulova Yulanda***

# ELIMINATING FORMALITIES BY ORGANIZING STUDENTS' INDIVIDUAL WORK IN MATHEMATICS LESSONS THROUGH THE USE OF COMPUTER TECHNOLOGIES

УДК 517.968.73

***Аннотация:*** *Бул макалада математика сабагында окуучулардын өз алдынча иштерин жаңы маалымат технологияларын колдонуу менен уюштуруунун жолдору каралды,анын негизинде окуучулар билимди формалдуу эмес,өздөрүнүн каалоосу менен түшүнүп кабыл алышат. Жаңы маалымат технологияларын колдонуу менен уюштурулган өз алдынча иштердин окуучулардын билимдеринин өнүгүүсүнө жана билгичтиктеринин калыптануусуна тийгизген таасирлери менен өзгөчөлүктөрү белгиленген*

***Ачкыч сөздөр:*** *Өз алдынча иш, жаңы маалымат технологиялар, компьютер, интерактивдүү доска, математикалык программалык камсыздоолор, машыктыруучу өз алдынча иштер, бышыктоочу өз алдынча иштер, мобилдик тиркемелер, чыгармачыл өз алдынча иштер, өнүктүрүүчү өз алдынча иштер,формалдуулуктарды жоюуу ж.б.*

***Аннотация:*** *В данной статье были рассмотрены способы организации самостоятельной работы учащихся на уроке математики с использованием новых информационных технологий, на основе которых учащиеся понимают и принимают знания неформально и по собственному желанию. Отмечаются особенности и влияние самостоятельной работы, организованной с использованием новых информационных технологий, на развитие знаний учащихся и формирование их умений.*

***Ключевые слова:*** *Самообучение, новые информационные технологии, компьютер, интерактивная доска, математическое программное обеспечение, обучающее самообучение, обучающее самообучение, мобильные приложения, творческое самообучение, развивающее самообучение, устранение формальностей и т.д.*

***Annotation:*** *In this article, ways of organizing students' independent work in the mathematics class using new information technologies were considered, based on which students understand and accept knowledge informally and at their own will. The features and effects of independent work organized using new information technologies on the development of students' knowledge and the formation of their skills are noted.*

***Key words:*** *Self-study, new information technologies, computer, interactive board, mathematical software, training self-study, training self-study, mobile applications, creative self-study, developmental self-study, elimination of formalities, etc.*

Математика сабактарында өз алдынча иштерди заман талабына шайкеш уюштуруунун жолу катары жаңы маалымат технологияларын колдонуу эсептелет.

Жаңы маалымат технологияларын колдонуу окуучулардын билим сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт, окуучуларды жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууга дифференциалдуу мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

Мультимедиялык программаларды колдонуу менен окуу процессинде окуучулардын активдүүлүгү, кызыгуусу жогорулайт. Өз алдынча иштерди уюштурууда компьютердик технологиялар маанилүү каражаттар болуп саналат [5; 28-б.].

Текшерүүчү өз алдынча иштерди тесттик тапшырмалар түрүндө уюштурууда кадимки телефондун жардамында ZIP Grade деп аталган тиркемени колдонууга болот.

ZIP Grade тиркемесинин негизги максаты жооп баракчалары аркылуу алынган тесттик тапшырмалардын жоопторун телефондун жардамында сканерлөө жолу менен текшерүү болуп саналат.

Өз алдынча иштөөгө даярдалган тест түрүндөгү тапшырмаларды атайын экрандан көрсөтүүгө же кагаз формасында окуучуларга таркатууга болот.

***Жогоруда аталган тиркемени пайдалануу үчүн төмөнкүдөй кадамдарды жасоо керек:***

*1-кадам* (жооп баракчаларын даярдоо). Интернет браузердин жардамында https://www.zipgrade.com/ сайтына кирип, электрондук почтанын жардамында катталуу керек натыйжада колдонуучу үчүн жеке кабинет ачылат. Жеке кабинетте алынган тесттер жөнүндө маалыматтар, жеке акаунт, класстар, жооп баракчаларын даярдоо ж.б. функциялар камтылган. Жооп баракчасын даярдоо үчүн жеке кабинеттен жооп баракчалары (листы ответов) бөлүгүнө кирип (1-сүрөт), бул жерден суроонун санына жараша 20, 50 жана 100 суроого ыңгайлашкан жооп баракчаларын PDF жана PNG форматтарында көчүрүп алууга болот.




а) б)

***Сүрөт 1.*** Жооп баракчалары

*2-кадам* (телефонго тикемени көчүрүү). Телефондун плей маркет (Play Market) же эпстор (App Store) тиркемесинен зип грейд сөзүн жазуу менен тиркеме көчүрүлөт.

Тиркеменин ички түзүлүшүн төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот (сүрөт 2).

*3-кадам* (ачкычтарды белгилөө). Бул кадамды аткаруу үчүн төмөнкү аракеттерди аткаруу керек:

≫Тиркеменин викториналар бөлүгүнө кирүү (Quizzes)

≫жаңы викторина бөлүгүн тандоо (new quiz)

≫тесттин аталышын жазуу (Quiz name)

≫суроолордун санын белгилөө (select sheet)

≫датаны белгилөө(date) тиешелүү классты тандоо (classes new class) ачкычтарын белгилөө (edit key)




***Сүрөт 2.*** Тиркеменин түзүлүшү

ZIP Grade тиркемесинин артыкчылыктары катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

•Текшерүү учурунда убакыт үнөмдүү пайдаланылат. Себеби бир бланканы текшерүү үчүн болгону 2 же 3 секунд жетиштүү.

•Жооп баракчаларын ыңгайлуу формада жана 100 суроого чейин түзүүгө болот.

•Бир айда акысыз 100 жооп баракчасын сканерлөөгө болот.

•Тиркемени окуучуларды ЖРТга даярдоо учурунда пайдалануу ыңгайлуу.

•Алынган тесттердин жыйынтыгын жана анализин сайт аркылуу көрүүгө жана социалдык тармактарга, электрондук даректерге жиберүүгө болот.

•Тесттин ачкычтарын бир нече туура жооп жана баллдарды суроонун татаалдыгына карай эркин киргизүүгө болот.

•Жооп баракчасына ашыкча белгилерди коюуга болбойт.

Математика сабактарында бышыктоочу өз алдынча иштерди уюштурууда "дал келтирүү" тапшырмаларын интерактивдүү досканын жардамы менен уюштуруу аркылуу окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга болот [3; 42-б.]. Бул дал келтирүүнү билүү аркылуу окуучулар формалдуу билим алуудан алысташат. Мисал үчүн арифметикалык прогрессия жана функциялар темасын бышыктоо максатында окуучуларга формулаларды жана графиктерди дал келтирүү тапшырмаларын берүүгө болот (сүрөт 3. а, б).



а)



б)

***Сүрөт 3.*** а), б). Дал келтирүү тапшырмасынын үлгүлөрү

Бышыктоочу өз алдынча иштерди уюштурууда “дал келтирүү” тапшырмаларынан башка интерактивдүү режимде иштөөчү толуктоого карата тапшырмаларды берүүгө болот (сүрөт 4. а, б, в). Бул сыяктуу тапшырмаларды аткарууда окуучулар топтук же жекече иштөө формаларын тандашат. Толукталган тапшырмалар автоматтык түрдө туура же туура эмес экендиги көрүнүп турат.




***Сүрөт 4***. Интерактивдүү формада толтурууга берилген тапшырманын үлгүлөрү

Жогоруда айтылгандардан сырткары мисалдарда тиркелген тамгаларды жыйноо менен сөз же сүйлөмдөрдү караштыруу тапшырмалары менен да иштөөгө болот (сүрөт 5).




***Сүрөт 5***. Сөз же сүйлөмдөрдү караштыруу тапшырмаларынын үлгүсү

Математика сабагында окуучулардын өз алдынча иштерин интерактивдүү досканын жардамы менен уюштуруунун төмөнкүдөй артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилеп кетүүгө болот.

***Артыкчылыктары:***

–Убакыт үнөмдөлөт;

–Тапшырмалар көргөзмөлүү түрдө берилет;

–Мугалимдердин жана окуучулардын жаңы маалымат технологиялар менен иштөө компетенттүүлүгүнүн деңгээли жогорулайт;

–Тапшырмаларды аткаруу ыңгайлуу;

–Математика предметинин ар кандай темалары боюнча интерактивдүү тапшырмалардын жыйындысы түзүлгөн;

***Кемчиликтери:***

–Көпчүлүк мектептерде интерактивдүү доска жетишсиз;

–Мугалимдердин жана окуучулардын доска менен иштөө көндүмдөрү жакшы эмес;

–Электр энергиясы жок болсо, досканы колдонуу үзгүлтүккө учурайт;

–Бул берилген маалыматтарды толук кабыл алган окуучуларда формалдуу эмес билим калыптанат(5. 5-7б).

***Корутунду.***

Маалыматтык технологияларды өз алдынча иштерди уюштурууда колдонуу аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө (мейкиндик, алгоритмдик, интуитивдик, чыгармачылык, теориялык ой жүгүртүүлөр), эксперименталдык — изилдөө ишин жүргүзүү жөндөмүн өстүрүүгө (мисалы, компьютердик моделдөөнү ишке ашыруу), маалыматтык маданиятты калыптандырууга, окутуунун максаттарын ишке ашырууга жана окуучулардын формалдуу билим албоосуна чоң мүмкүндүк берет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. О.Б.Епишева, Крупич В.И. Учить школьников учиться математике: Формирование приемов учеб.деятельности: кн. Для учителя. - М.: Просвещение, 1990. - 128с.
2. Бекбоев И.Б., Тимофеев А. / Математиканы окутууда окуучулардын өз алдынча иштөө ыктарына машыктыруу.- Ф.: «мектеп» ,1965.
3. Есипов Б.П. Самостоятельная работа учащихся на уроках -М.: «педагогика», 1961.-239 с.
4. Самудинов С. / физика жана математика сабактарында өз алдынча иштөөнү өнүктүрүүнүн айрым маселелери. -ф.: «мектеп басмасы», 1976
5. Самостоятельная деятельность учащихся при обучении математике (формирование умений самостоятельной работы): Сб. статей / Сост. С.И. Демидова. Л.О. Денищева. - М.: Просвещение, 1985
6. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.

***Маткеримова М. Ш., Раева М. А.***

**МАТЕМАТИКА САБАКТАРЫНДА ЖАҢЫЧЫЛ ЫКМАЛАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН КРЕАТИВДҮҮ ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮЛӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ**

***Маткеримова М.Ш., Раева М. А.***

**РАЗВИТИЕ КРЕАТИВНОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ С ПОМОЩЬЮ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ**

***Matkerimova M. Sh., Raeva M. A.***

**DEVELOPMENT OF STUDENTS' CREATIVE THINKING IN MATHEMATICS LESSONS WITH THE HELP OF INNOVATIVE TECHNOLOGIES**

*УДК 37.091.33+51*

***Аннотация:*** *Бул макалада математика сабактарындагы окуу ишмердүүлүк процессинде окуучулардын креативдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө берүүчү окутуунун технологияларынын мүнөздүк белгилерин аныктоого аракеттер жасалды. Айрым окутуу усулдары талдоого алынган жана аларды практикада колдонуу маселелери каралды. Эгер баланын кенен ой жүгүртө алуусуна көңүл бурулбай аны басаңдата берсе, келечекте бала жаңы нерсени сунуштоодон коркуп калат жана жеке өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизет. Дүйнө тез өнүгүп жаткан азыркы күндө мектеп окуучуларды жаттап алганга эмес кенен ой жүгүрткөнгө тарбиялашы керек жана бул маселе мектептердеги сапаттуу билим берүүнүн өзөгү болуп бере алат деп ишенем.*

***Ачкыч сөздөр:*** *математикалык сабаттуулук, креативдүү ой жүгүртүү, мүнөздүк белгилер, объекттердин функциялары, математикалык жагдай, талдоо, кыймылдаткыч күчтөр, өзгөчөлүктөр, мүнөздүү белгилер, дидактикалык ыкмалар, тапшырмалар.*

***Аннотация:*** *В данной статье были предприняты усилия по определению характеристик технологий обучения, способствующих развитию творческого мышления учащихся в процессе обучения на уроках математики. Проанализированы некоторые методы обучения и рассмотрены вопросы их практического применения. В дальнейшем ребенок будет бояться предлагать что-то новое и окажет серьезное влияние на его личностное развитие. Я надеюсь, что в сегодняшнем стремительно развивающемся мире школьников нужно учить мыслить шире, а не запоминать, и этот вопрос может стать стержнем качественного образования в школе.*

***Ключевые слова:*** *математическая грамотность, креативное мышление, функции предметов, математическая ситуация, анализ, движущие силы, характеристики, характеристики, дидактические приемы, задания.*

***Abstract:*** *In this article, efforts have been made to identify the characteristics of learning technologies that contribute to the development of students' creative thinking in the learning process in mathematics lessons. Some teaching methods are analyzed and the issues of their practical application are considered. In the future, the child will be afraid to offer something new and will have a serious impact on his personal development. I hope that in today's fast-paced world, schoolchildren need to be taught to think more broadly, not memorize, and this issue can become the core of quality education in school.*

***Key words:*** *mathematical literacy, creative thinking, functions of subjects, mathematical situation, analysis, driving forces, characteristics, characteristics, didactic techniques, tasks.*

**Эмне үчүн 5-6-класстарда логикалык-креативдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү актуалдуу?** 1. Жашоодо ийгиликтүү болуу үчүн сынчыл ой-жүгүртүү, туура суроо берүү, жан дили менен жаңыны үйрөнүү зарыл жана алган билими келечекте кесибинде гана эмес жеке жасоосунда да өз пайдасын тийгизет. 2. Сабаттуу ой-жүгүртүү, анализдөө жана жыйынтык чыгаруу үчүн салыштыра билүү, анализдей алуу, себеп-натыйжа байланыштарын түзө билүү билим тармагында жана жашоосунда ар бирине зарыл. 3. Чындыкты жана жалганды ажырата билүү үчүн логикалык ой-жүгүртүү зарыл. Ал эми логикалык ой-жүгүртүү маалымат деңизинде суроолорго жооп издөөгө гана эмес, негизги нерсени экинчиликтен ажыратууга, фактыларды түшүнүүгө жана чындыкты фантастикадан айырмалоого жардам берет. 4. Маселелерди чечүү үчүн өзгөчө жолдорун табуу: апыртмасы жок чыгармачылык – азыркы адамдын эң маанилүү сапаттарынын бири. Аны иштеп чыгуу мүмкүн жана зарыл, жана муну канчалык эрте баштаса, натыйжасы ошончолук эффективдүү болот. 5. Бардык тармактарда билимди кеңейтүү: кең акыл жана эрудиция балага окуусунда гана эмес, күмдүк жашоосунда да жардам берет. Өнүккөн логикалык ой-жүгүртүү маалыматты тез талдоого, негизги нерсени бөлүп көрсөтүүгө, салыштырууга жана туура чечим кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Математика таасир эткен биринчи жана балким, эң айкын негизги компетенттүүлүк логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү болуп саналат. Маалыматты талдоо, үлгүлөрдү табуу, логикалык чынжырларды куруу жана жыйынтык чыгаруу жөндөмү – мунун баары математикалык билимсиз мүмкүн эмес. Математика бизге туура ой жүгүртүүнү, маалыматты түзүүнү жана маалыматтуу жыйынтык чыгарууну үйрөтөт.

Экинчи аспекти – абстракттуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Математика көп учурда элестетүү кыйын абстракттуу түшүнүктөрдү камтыйт. Абстракциялар менен иштөө жөндөмү математикада гана эмес, башка тармактарда да жардам берет: илим менен технологиядан тартып өнөргө жана адабиятка чейин. Маалыматты талдоону жана синтезди талап кылган ар кандай иш-аракеттер математиканы изилдөө учурунда түзүлгөн абстракттуу ой жүгүртүүгө негизделет.

Математика таасир эткен үчүнчү компетенттүүлүк аналитикалык көндүмдөр болуп саналат. Математика татаал маалыматты түшүнүүгө, зарыл нерселерге көңүл бурууга, себеп-натыйжалык мамилелерди аныктоого жана натыйжаларды алдын ала айтууга үйрөтөт. Бул көндүмдөр азыркы дүйнөдө өтө маанилүү, анда маалымат барган сайын көбөйүүдө жана аны талдоо жөндөмү баалуу сапатка айланып баратат.

Математика курган төртүнчү компетенттүүлүк – көйгөйлөрдү чечүү жөндөмү. Математика бизге оор көйгөйлөрдөн коркпоого, тескерисинче, аларды өсүш жана өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүк катары көрүүгө үйрөтөт. Математика көйгөйлөрүн чечүү үчүн чыдамкайлык, туруктуулук жана чыгармачылдык талап кылынат – жашоонун ар кандай тармактарында пайдалуу боло турган сапаттар.

Математика таасир эткен бешинчи компетенттүүлүк чечим кабыл алуу болуп саналат. Маалыматтарга негизделген жана акылга сыярлык чечимдер көп учурда математикалык моделдердин негизинде кабыл алынат. Ар кандай сценарийлердин ыктымалдыгын баалоо, бардык кемчиликтерди жана кемчиликтерди таразалоо жөндөмү – бул математиканын жардамы.

Алтынчы компетенттүүлүк – байланыш. Математика бизге илимде жана технологияда гана эмес, бизнесте жана күндөлүк жашоодо да жалпыга арналган байланыш жолу катары кызмат кылган сандардын жана формулалардын тилин үйрөтөт. Адамдын ойлорун айкын

жана айкын билдирүү жөндөмү математиканы изилдөөдө пайда болгон маанилүү жөндөм болуп саналат. Ошентип, азыркы дүйнөдө ийгиликтүү ылайыкташуу үчүн зарыл болгон негизги компетенцияларды түзүүдө математика маанилүү роль ойнойт. Бул окуу программасындагы тема гана эмес, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, билимди байытууга жана аны практикада колдонууга жардам берген курал. Ошондуктан математиканы үйрөнүп эле койбостон, анын бизге кандай баалуулуктарды жана жөндөмдөрдү берерин түшүнүү да маанилүү. Окуучуларда чыгармачылык жөндөмүн калыптандыруу үчүн бир канча усулдарга токтололу.

**Жаңы идеяларды жаратуучу усулдар.**

**Акыл чабуулу усулу.** Бул ыкманы америкалык психолог Алекс Осбори иштеп чыккан. Максаты: Сабактын эркин, ишкер абалында окуучулардын өз элестетүүлөрүн, идеяларын, чыгармачылыгын колдоно билүүгө жана бир нече жаңы идеяларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул ыкма класстагы окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн пайдаланууга жол ачат. Бул усулдун келип чыгышына эмне себеп болгон? Экинчи дүйнөлүк согуштун жылдарында англиялык моряктар “немистердин торпедолорунан кораблдерди кантип куткаруу керек?” – деген проблемага туш келишкен. Муну чечиш үчүн бир топ адистер чогулушту. Аларга “Ар кандай идеяларды жада калса фантастикалык идеяларды да айтсаңар болот”, – деп эскертишип, акыл чабуулун пайдаланышат. Талкууга жарым саат убакыт берилген. Сүйлөшүп жаткан адамды ар кандай сыноодон башка каалагандай ойдун баарын айтууга уруксат берилген. Талкуулоо учунда кимдир бирөө душмандардын суу астындагы кайыгын көрөр замат бардык моряктар бир бортко чогулуп, жакындап келе жаткан торпедону бар күчү менен үйлөсүн деп сунуш кылды. Баары күлүп жиберишти. Бирок, так ушул идея техникалык жабдуулар аркылуу ишке ашырылып, көп кемелер жана миндеген моряктардын өмүрү сакталып калган. Бул окуя “Акыл чабуулу” ыкмасынын келип чыгышына себеп болгон.

Математика сабактарында СОЖ (сынчыл ой жүгүртүү) технологиясынын айрым ыкмаларын колдонууга мисалдар карайбыз.

*«Жоон жана ичке суроолор»* техникасын колдонуу суроо берүү жөндөмүн өстүрөт. Окуучулар текст менен иштөө учурунда алар берген суроолору аркылуу окуучунун билимин, тексти кандай түшүнгөн деңгээли аныктоонун жолу. “Ичке” суроолор бир сөздөн турган жоопту талап кылган репродуктивдүү мүнөздөгү суроолор. «Жоон» суроолор ой жүгүртүүнү, кошумча билимди тартууну жана талдоо жөндөмүн талап кылган суроолор. Суроолорду алгач мугалим түзүп окуучуларга үйрөтөт, бара бара окуучулар өз алдынча түзүүгө көнүгүшөт.

***“Суроолордун жалбырагы”(“ Блумдун таксономиясы”) ыкмасы.*** Бул суроолор когнитивдик активдүүлүктүн: билим, түшүнүү, колдонуу, анализдөө, синтездөө жана баалоо деңгээлинин классификациясына байланыштуу. Мында ар бир тепкичтеги суроо-тапшырмалар жалбырактарга жазылат. Балдар тема боюнча кайсы тепкичте турганын аныктоого да жардам берет. Мисалы, жогоруда биз караган тема боюнча эгерде окуучу $(a+b)^2 = a^2 + 2a\,b + b^2$ *формуласында барабардыктын оң жагынан сол жагындагы даражаны жаза алса анда ал* талдоо деңгээлинде болот. Эгерде төмөндөгүдөй бөлчөктү $\frac{x^2+4x+4}{x+2}$ оңой кыскарта алса, анда ал когнитивдик активдүүлүктүн баалоо деңгээлин аныктайт.

Sinkwain - Бул түшүнүктүн маңызын сүрөттөөгө же алынган билимдин негизинде ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берген кыска формадагы маалыматтын синтези болгон ырды

жаратуу. Бул беш саптан турган ыр. Биринчи сапта БИР сөз менен, көбүнчө зат атооч менен туюнтулган ырдын темасы белгиленет. Экинчи сапта теманын ЭКИ сөз менен сүрөттөлүшү, көбүнчө сын атоочтор жазылат. Үчүнчү сап бул теманын ичиндеги кыймыл-аракетти ҮЧ сөз менен, көбүнчө этиштер менен сүрөттөйт. Төртүнчү сап бул теманы чагылдырган ТӨРТ сөздөн турган сөз айкашы-фраза. Бешинчи сап – БИР сөз – биринчинин синоними болуп, теманын маңызын эмоционалдык-образдуу же философиялык-жалпыланган деңгээлде кайталанган болушу мүмкүн. Мисал келтирели.

1. Математикалык түшүнүктүн аталышы: Үч бурчтуктун орто сызыгы
2. Эки сын атооч: Күчтүү, паралель.
3. Үч этиш:  Туташтырат, экиге, төрткө бөлөт.
4. Фраза (төрт сөздөн турат): Негизине параллель, жарымына барабар.
5. Синоним: Кесиндилер.

**Мүмкүн болуучу натыйжалар**

- Кыска мөөнөттүн ичинде көп сандаган идеялар жаралат.
- Идеяларды жалпы окуучулар менен издөө көндүмдөрү калыптанат.
- Окуучулар өз идеяларды эркин чагылдырууга мүмкүнчүлүк алышат.
- Билимдин жаңы сапаты камсыздалат.
- Идеяларды коллективдүү түрдө издөө көндүмдөрү калыптанат.

**Өткөрүүнүн тартиби**

1. Окуучулардын өздөрүн эркин алып отуруусу.
2. Идеяларды жазуу үчүн флипчарт же досканы даярдоо.
3. Окуучуларга теманы жана бөлүнгөн убакытты жарыялоо. Негизги эрежелерди аныктоо.
4. Окуучуларга берилген темага байланыштуу өз идеяларын айта баштоосун эскертүү жана жазып туруу.
5. Өз идеяңызды кошумчалоо менен окуучуларды жаңы идея берүүгө үндөө.
6. Акырында сунушталган идеялардын окшоштору болсо, бирөөнү чийип салуу, талкуулоо, баа берүү.

Математика сабактарында СОЖ (сынчыл ой жүгүртүү) технологиясынын айрым ыкмаларын колдонууга мисалдар карайбыз.

*«Жоон жана ичке суроолор»* техникасын колдонуу суроо берүү жөндөмүн өстүрөт. Окуучулар текст менен иштөө учурунда алар берген суроолору аркылуу окуучунун билимин, тексти кандай түшүнгөн деңгээли аныктоонун жолу. “Ичке” суроолор бир сөздөн турган жоопту талап кылган репродуктивдүү мүнөздөгү суроолор. «Жоон» суроолор ой жүгүртүүнү, кошумча билимди тартууну жана талдоо жөндөмүн талап кылган суроолор. Суроолорду алгач мугалим түзүп окуучуларга үйрөтөт, бара бара окуучулар өз алдынча түзүүгө көнүгүшөт.

***“Суроолордун жалбырагы”(“ Блумдун таксономиясы”) ыкмасы.*** Бул суроолор когнитивдик активдүүлүктүн: билим, түшүнүү, колдонуу, анализдөө, синтездөө жана баалоо деңгээлинин классификациясына байланыштуу. Мында ар бир тепкичтеги суроо-тапшырмалар жалбырактарга жазылат. Балдар тема боюнча кайсы тепкичте турганын аныктоого да жардам берет. Мисалы, жогоруда биз караган тема боюнча эгерде окуучу $(a+b)^2 = a^2 + 2ab + b^2$ *формуласында барабардыктын оң жагынан сол жагындагы даражаны жаза алса анда ал* талдоо деңгээлинде болот. Эгерде төмөндөгүдөй бөлчөктү $\frac{x^2+4x+4}{x+2}$ оңой кыскарта алса, анда ал когнитивдик активдүүлүктүн баалоо деңгээлин аныктайт.

Sinkwain - Бул түшүнүктүн маңызын сүрөттөөгө же алынган билимдин негизинде ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берген кыска формадагы маалыматтын синтези болгон ырды жаратуу. Бул беш саптан турган ыр. Биринчи сапта БИР сөз менен, көбүнчө зат атооч менен туюнтулган ырдын темасы белгиленет. Экинчи сапта теманын ЭКИ сөз менен сүрөттөлүшү, көбүнчө сын атоочтор жазылат. Үчүнчү сап бул теманын ичиндеги кыймыл-аракетти ҮЧ сөз менен, көбүнчө этиштер менен сүрөттөйт. Төртүнчү сап бул теманы чагылдырган ТӨРТ сөздөн турган сөз айкашы-фраза. Бешинчи сап – БИР сөз – биринчинин синоними болуп, теманын маңызын эмоционалдык-образдуу же философиялык-жалпыланган деңгээлде кайталанган болушу мүмкүн. Мисал келтирели.

6. Математикалык түшүнүктүн аталышы: Үч бурчтуктун орто сызыгы
7. Эки сын атооч: Күчтүү, паралель.
8. Үч этиш: Туташтырат, экиге, төрткө бөлөт.
9. Фраза (төрт сөздөн турат): Негизине параллель, жарымына барабар.
10. Синоним: Кесиндилер.

Мындай ыкма менен окутуу лингвистикалык, музыкалык шыгы бар окуучулар, натуралистик, интерперсаналдык шыгы бар окуучулардын математиканы жакшы түшүнүүсүнө жардам берет. Мындан сырткары:

- Ар бир окуучунун эске тутууга жардам берет, математикалык сөз байлыгы артат;
- Түшүнүктү терең үйрөнөт, негизги касиетти кыскача баяндоого көнүгөт;
- “Ар бир идея далилдүү болуш керек, бирок ар бир ой маанилүү” деген принцип менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болот .

Корутунду.

1. Креативдүү ой жүгүтүүнү өнүктүрүү технологиясына мүнөздүү белгилер: окуучу математикалык маселедеги, кырдаалдагы кыймылдаткыч күчтөрдү аныктоого көнүгүшөт, изилдөө процессинде өзүнүн муктаждыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн түшүнөт, максатка жетүү үчүн көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө үйрөнөт, өз алдынча билим алуу иш-аракеттеринин ыкмаларын өздөштүрөт; окуучу математикалык түшүнүктү түрү, теги боюнча

функционалдык касиеттерин талдоо аркылуу таануу жана анын касиеттерин үйрөнүү билгичтиктерине ээ болот, натыйжада эс тутумун жакшырта алат.

2. Мектеп окуучуларынын креативдүү ой жүгүртүүсүн калыптандыруу боюнча системалуу суроо-тапшырмаларды издөө жана тандоо же аларды өз алдынча түзүү үчүн мугалимден олуттуу убакыт талап кылынат. Ошондуктан дидактикалык комплекстерди иштеп чыгуу зарыл.

3. Мугалим үчүн окуучулардын логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүү деңгээлинин өзгөрүү динамикасына баа берүү, ошондой эле кайсы компонентке көбүрөөк көңүл буруу керектигин түшүнүү.

**Адабияттар**


1. Аванова Ж.А. ж.б. Планиметрия курсун интерактивдуу окутуу. –Б.: 2012. -180 б.
2. Аванова Ж.А. ж.б. “Математиканы окутуунун методикасы” боюнча лабораториялык жана практикалык жумуштар. –Жалал-Абад, 2013. -172 б.
3. А. Абдиев, А. Айылчиев, И. Бекбоев, С. Салыков “Математиканы 5-6-класстарда окутуу”. Бишкек: “Педагогика” – 2003.
4. Н.З. Султанова, А.З. Зулпукаров, Ж.А. Алиева “5-класстын окуу китебиндеги мисал-маселелердин чыгарылыштары”. Ош: “Кагаз ресурстары” басмаканасы, 2020.
5. Н.З. Султанова, А.З. Зулпукаров, Ж.А. Алиева “6-класстын окуу китебиндеги мисал-маселелердин чыгарылыштары”. Ош: “Кагаз ресурстары” басмаканасы, 2020
6. С.К. Кыдыралиев, А.Б. Урдалетова, Г.М. Дайырбекова “Математика 5-класс”. Бишкек: “Аркус”, 2018.
7. С.К. Кыдыралиев, А.Б. Урдалетова, Г.М. Дайырбекова “Математика 6-класс”. Бишкек: “Аркус”, 2018.
8. Н.П. Кострикина “Задачи повышенной трудности в курсе математики 4-5 классов”. М.: “Просвещение”, 1991
9. М.А. Алтыбаева, М.Н. Назаров “Орто мектепте математиканы окутуунун методикасы”. Ош: Ош облусттук басмаканасы, 2004.
10. Н.Я. Виленкин, В.И. Жохов, А.С. Чесноков, С.И. Шварцбурд “Математика 5 класс”.
11. Н.Я. Виленкин, В.И. Жохов, А.С. Чесноков, С.И. Шварцбурд “Математика 6 класс”.
12. Аванова Ж.А., Алыбаев К.С., Пахирдинов М.А. “Планиметрия курсун интерактивдүү окутуу”. Жалал-Абад: 2012 -225 б.
13. Бекбоев И.Б., Биймурсаева Б.М., Ыдырысова Д.К. “Негизги мектептин математика курсун окутууда окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүнүн моделин түзүү жана аны пайдалануунун ыкмалары”. Известия Вузов, № 4, 2011

***Мажиева Дарья Тойчуевна***

# МАТЕМАТИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРДЫН ТУРМУШТА КОЛДОНУЛУШУ

***Мажиева Дарья Тойчуевна***

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ФУНКЦИЙ В ЖИЗНИ

**Mazhieva Daria Toichuevna**

# USE OF MATHEMATICAL FUNCTIONS IN LIFE

*УДК: 511.174*

***Аннотация:*** *Реалдуу процесстер, адатта, көп сандагы өзгөрмөлөрдү жана алардын ортосундагы көз карандылыкты камтыйт.Бул көз карандылыктарды функцияларды колдонуу менен сүрөттөсө болот. Функциялардын касиеттерин билүү- болуп жаткан процесстердин маңызын түшүнүүгө, алардын өнүгүү жүрүшүн болжолдоого жана аларды башкарууга мүмкүндүк берет. Графиктерин изилдөө дайыма актуалдуу, илимди бүтүндөй өнүктүрөт жана илимий-техникалык прогресстин кыймылдаткычы болуп саналат. Албетте, функциялардын графиктерин талдоодо балдар универсалдык үзгүлтүксүздүк, чексиздик идеялары менен таанышат, ар кандай объектилердин өзгөрүүлөрүнүн ортосундагы көз карандылыкты табуу, абстрактуу материал менен иштөө жөндөмдөрү калыптанат.Макалада адамдын күнүмдүк жашоосундагы функциялардын маанисин мисалдар менен көрсөтүп, алардын ар кандай тармактарда, анын ичинде математика, физика, экономика, биология жана башка дисциплиналардагы колдонулушун көрсөтүү. Ар кандай процесстерге жана кубулуштарга байкоо жүргүзүү менен биз алардын эң маанилүү белгилерин, мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого аракет кылабыз. Бул мыйзамдардын негизинде математикалык моделдер келип чыгат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *функция, график, формула, процесс, гипотеза, модел,обьект.*

***Аннотация:*** *Реальные процессы обычно содержат большое количество переменных и зависимостей между ними. Эти зависимости можно описать с помощью функций. Знание свойств функций позволяет понять суть происходящих процессов, прогнозировать их развитие и управлять ими. Изучение графиков всегда актуально, развивает науку в целом и является двигателем научно-технического прогресса. Конечно, при анализе графиков функций дети знакомятся с представлениями о всеобщей непрерывности, бесконечности, находят зависимость между изменениями различных предметов, развивают умение работать с абстрактным материалом. В статье на примерах показано значение функций в повседневной жизни человека и показано их применение в различных областях, включая математику, физику, экономику, биологию и другие дисциплины. Наблюдая за различными процессами и явлениями, мы пытаемся определить их важнейшие особенности и закономерности. На этих законах основаны математические модели.*

***Ключевые слова:*** *функция, график, формула, процесс, гипотеза, модель, объект.*

***Abstract:*** *Real processes usually contain a large number of variables and dependencies between them. These dependencies can be described using functions. Knowledge of the properties of functions allows us to understand the essence of ongoing processes, predict their development and manage them. The study of graphs is always relevant, develops science as a whole and is the engine of scientific and technological progress. Of course, when analyzing function graphs, children become familiar with the concepts of universal continuity and infinity, find the relationship between changes in various objects, and develop the ability to work with abstract material. The article uses examples to show the importance of functions in human daily life and shows their application in*

*various fields, including mathematics, physics, economics, biology and other disciplines. Observing various processes and phenomena, we try to determine their most important features and patterns. Mathematical models are based on these laws.*
***Key words:*** *function, graph, formula, process, hypothesis, model, object.*

Функциялардын касиеттерин жана алардын графиктерин изилдөө мектеп математикасында да, андан кийинки улантуучу курстарда да олуттуу орунду ээлейт.Жогорку математиканын башка бөлүмдөрүндө гана эмес, ошондой эле эң тар кесиптик предметтерде да кездешет. **Функциянын графиги** – бул функциянын ар кандай касиеттерин түшүнүүгө жардам берген функциянын тегиздиктеги визуалдык көрүнүшү. Функциялардын графиктери ар кандай жолдор менен түзүлүшү мүмкүн. Функциялар жашообуздун ажырагыс бөлүгү болгондуктан, курчап турган дүйнөдөгү бардык кубулуштардын жана процесстердин математикалык сүрөттөлүшү бар.

Функциянын төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

Сызыктуу функция

Квадраттык функция

Даражалуу функция

Көрсөткүчтүү функция

Логарифмикалык функция

Тригонометриялык функциялар

"Функция" деген сөздүн мааниси ар түрдүү. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгүнөн төмөнкү аныктамаларды окуй алабыз: Функция, г. (латынча functio – иш кылуу). [ 1,76]

1. Көз каранды болгон жана бул башка кубулуш өзгөргөн сайын өзгөрүп турган кубулуш.

2. Башка чоңдуктун өзгөрүшүнө жараша өзгөрүүчү өзгөрмө чоңдук

3. Орган, организм (биологиялык, физиологиялык) аткарган жумуш.

4. Милдет, бир нерсенин иш-аракеттин диапазону, аткарыла турган жумуш.

Башкача айтканда, функция - сөздүн чечмеленишине жараша жашообуздун бардык тармактарына таасирин тийгизет жана бул функциялардын баары бизди курчап турат. Берилген аныктамага жараша ар кандай тармактарда изилдөө жүргүзүүдө колдонулуп келет. Азыркы динамикалуу өнүгүп жаткан дүйнөдө ар кандай гаджеттер кездешип жатат ( уюлдук телефондор, смартфондор, планшеттер ж.б.). Азыркы заманбап үй кожойкеси ар кандай тиричилик техникасын аткарган функциясына жараша пайдаланып жатышат. Жаңы продуктуну сатып алгыбыз келгенде, биз дайыма анын функцияларын сурайбыз. Бул эмнени билдирет? Демек, техника кандай аракеттерди аткара аларын так билгибиз келет. Функция деген сөз бул учурда башка мааниге ээ болот: баасы, пайдалуулугу, мүмкүнчүлүктөрү бири-бири менен түздөн-түз байланыштуу. Ал эми бул жерде функциянын классикалык математикалык аныктамасын – көз карандылыкты байкаса болот. Аппараттын көптөгөн функциялары бар болсо, анда ал көбүрөөк функционалдуу, башкача айтканда, ыңгайлуу.

Мисалы, сызыктуу функция $y = kx+b$ түрүндө белгиленип, графиги ар дайым түз сызык болот.

Сызыктуу функцияны турмушта колдонуп келебиз. Мисалга балабыздын төрөлгөндөн баштап, азыркы учурга чейинки боюнун узундугун алсак болот:

| Жашы | 1 ж | 2ж | 3ж | 4ж | 5ж | 6ж | 7ж | 8ж | 9ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Боюнун узундугу | 75 | 85 | 90 | 97 | 100 | 103 | 107 | 111 | 115 |




График тегиздиктеги чекиттер катары сүрөттөлүшү керек. Бирок физикалык көз караш менен караганда, жаш жогорулаган сайын бийиктик азайбай турганы түшүнүктүү.

Кардиограмма – бул жүрөктүн иштешинин графиги. Бул графикалык түрдө көрсөтүлгөн функциянын ачык мисалы. Графикте максимум жана минимум, сызыктуу функциянын фрагменттерин көрүүгө болот.



Мисалдар:

Функциянын графигине турмуштук мисалдардан карасак, горизонтко бурч менен ыргытылган таштын траекториясы, учкан футбол тобу, шлангадан чыккан суунун агымы, горизонталдуу учуп бараткан учактан секирген парашютчунун секириги, артиллериялык снаряддын траекториясы парабола болоорун мектеп окуучуларына да түшүндүрүү керек.






Архитектурада параболикалык арка, көпүрө аркаларды колдонуп келишет. Парабола табиятта да көп кездешет, мисалы радуга – табигый парабола. (Виленкин Н. Я. Функции в природе и технике- стр 23)

Гипербола параболага караганда азыраак кездешет, бирок анын кызыктуу колдонулуучу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Гиперболага космостук спутниктерди мисалга алсак болот. Эгерде спутник «айлануучу ылдамдыкта» кыймылдаса, анда ал Жерди тегерек орбита боюнча айланат. "Экинчи айлануу ылдамдыгына жеткенде, спутниктин траекториясы параболикалык болуп калат жана спутник эч качан учурулган чекитке кайтып келбейт". Ылдамдыктын мындан ары жогорулашы менен спутник гипербола боюнча жылып баштайт. Көптөгөн жашоо процесстери көрсөткүчтүү функцияны колдонуу менен сүрөттөлөт.

Мисалы, микроорганизмдердин көбөйүү формуласы төмөндөгүдөй көрсөтүлөт:

$$N=n\mathbf{a}^{t}$$

мында N - t убакыттан кийинки вирустардын саны,

n-баштапкы учурда вирустардын саны

Албетте, функцияларды изилдөө окуучулардын функционалдык ой жүгүртүүсүн өстүрүп, балдар универсалдык үзгүлтүксүздүк, чексиздик идеясы менен таанышып, талдоо, ар кандай объектилердин өзгөрүүлөрүнүн ортосундагы көз карандылыкты табуу, абстрактуу материал менен иштөө жөндөмдөрүн өнүгөт. (http://linear function.ru) [3,1]

Демек, математика илими интеллектти өнүктүрөт. Мектепте үйрөнгөн эрежелердин жана функциялардын жыйындысы биздин ой жүгүртүүбүздү ырааттуу жана логикалуу жолго салат. Ал эми эң кызыктуусу бул билимди мектепте гана эмес, башка тармактарда да колдонсо болот. Математика дайыма адамзат маданиятынын ажырагыс жана маанилүү компоненти болуп келген. Ал бизди курчап турган дүйнөнү түшүнүүнүн ачкычы, илимий-техникалык прогресстин негизи жана инсандык өнүгүүнүн маанилүү компоненти болуп саналат. Азыркы илимде математиканын ролу тынымсыз өсүп жатат. Бул төмөнкүлөргө байланыштуу:

- биринчиден, чындыктын бир катар кубулуштарынын математикалык сүрөттөлүшү жок, аларды тереңирээк түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө болбойт;

— экинчиден, физиканын, тил илиминин, техникалык жана башка кээ бир илимдердин өнүгүшү математикалык формулаларды кенири колдонуу менен сүрөттөлөт.

Математика – жер бетиндеги дээрлик бардык адамдар сүйлөгөн универсалдуу эл аралык тил.

**Гипотеза:** эгерде математикалык функция адамдын жашоосуна таасир этүүчү курал болсо, анда математика сабагында алынган билим болуп жаткан процесстердин маңызын түшүнүүгө жана алардын өнүгүү жүрүшүн болжолдоого мүмкүндүк берет. http://ru.wikipedia.[4,2]

Гипотезага таянсак, математикалык функциялар чынында эле адам жашоосунун ар кандай аспектилерине олуттуу таасирин тийгизген маанилүү курал деп айта алабыз. Демек, функциянын графиктерин үйрөнүүдө турмушта колдонулушун салыштырып окуу-математика сабагында алынган билим процесстердин келип чыгышынын маңызын кеңири түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Виленкин Н. Я. // Текст Функции в природе и технике: 1985
2. Глейзер Г.И. // Текст История математики в школе: 9-10 класс - М.: Просвещение. - 1983.
3. Интернет-ресурсы:http://linear function.ru
4. http://ru.wikipedia.org/wiki/ЭТ
5. Ульяновская Н. Н. О, функция, как ты Важна // Математика. – 1999. - №45.

**ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ**
**ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**TECHNICAL SCIENCES**

***Кенжекулов К.Н., Кочконбаев С.А., Ашыралиева Л.А.***

# ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН ТУРУКТУУ ТОК МЕНЕН БЕРҮҮ

***Кенжекулов К.Н., Кочконбаев С.А., Ашыралиева Л.А.***

# ПЕРЕДАЧА ЭЛЕКТРОЭНЕРГИИ ПОСТОЯННЫМ ТОКОМ

***Kenzhekulov K.N., Kochkonbaev S.A., Ashyralieva L.A.***

# DIRECT CURRENT TRANSMISSION OF ELECTRICITY

*УДК 621.3:658.2*

*Мамлекеттер өнүккөн сайын, электр энергиясына болгон муктаждыктар көбөйүүдө. Бул муктаждыктарды жоюуда, электр энергиясын иштеп чыккан булактарын көбөйтүү менен бирге, иштеп чыккан электр энергиясынын техникалык жоготууларын азайтуунун жолдору изилденүүдө. Учурда Кыргызстандын энергетикасында да иштелип чыккан электр кубаттуулук таңсыздык болгондуктан, электр энергиясын аралыкка берүүдө жоготуулардын азайышы актуалдуу маселелердин бири. Бул көйгөй бир гана Кыргызстанда эмес, башка мамлекеттерде да бар. Ошол себептен, көп мамлекеттер электр энергиясын аралыка берүүдө өзгөрүлмө токтон туруктуу токко өтүшүүдө. Бул илимий макалада жогорку чыңалуудагы туруктуу ток линияларынын негиздери, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери каралат. Туруктуу ток электр берүү системасы көлөмдүү кубаттуулукту узак аралыктарга натыйжалуу өткөрүүгө жана бир кыйла үнөмдөөгө мүмкүндүк берет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *туруктуу ток, өзгөрмө ток, электр кыймылдаткычы, чыңалуу, трансформатор, электр тармагы, кубаттуулук, өзгөрткүчтөр, электр чубалгысы, инвертор, түзөткүч.*

*По мере развития гоударств, потребности в электроэнергии растут. Для удовлетворения этих потребностей изучаются способы снижения технических потерь вырабатываемой электроэнергии при одновременном увеличении источников выработки электроэнергии. В настоящее время в энергетике Кыргызстана выработанная электроэнергия является дефицитной, поэтому снижение потерь при передаче электроэнергии на расстояние является одной из актуальных проблем. Эта проблема существует не только в Кыргызстане, но и в других странах. По этой причине все больше стран переходят с переменного тока на постоянный ток при передаче электроэнергии на большие расстояния. В этой научной статье рассматриваются основы высоковольтных линий постоянного тока, а также их преимущества и недостатки. Система электропитания постоянного тока позволяет эффективно передавать объемную мощность на большие расстояния.*

***Ключевые слова****: постоянный ток, переменный ток, электродвигатель, напряжение, трансформатор, электрическая сеть, мощность, преобразователи, линия электропередачи, инвертор, выпрямитель.*

*As states develop, the demand for electricity increases. To meet these needs, ways to reduce the technical losses of the generated electricity while increasing the sources of electricity generation*

*are being studied. Currently, in the energy sector of Kyrgyzstan, the generated electricity is scarce, therefore, reducing losses in the transmission of electricity over a distance is one of the urgent problems. This problem exists not only in Kyrgyzstan, but also in other countries. For this reason, more and more countries are switching from alternating current to direct current when transmitting electricity over long distances. This scientific article discusses the basics of high-voltage DC lines, as well as their advantages and disadvantages. The DC power supply system allows efficient transmission of volumetric power over long distances.*

***Keywords:*** *direct current, alternating current, electric motor, voltage, transformer, electrical network, power, converters, power line, inverter, rectifier.*

Өткөн кылымдын акырына салыштырмалуу азыркы учурда электр энергиясын керектөө бир топ өстү. Үй чарбаларын жана коммерциялык ишканаларды электрлештирүү электр энергиясын керектөөнүн туруктуу өсүшүнө алып келүүдө. Жакынкы бир нече жылда, электр энергиясына болгон талап аябагандай катуу өсүш күтүлүүдө, айрыкча электромобилдерге өтүү менен. Электр унааларын кубаттоочу станциялардын кескин көбөйүшү учурдагы инфраструктура үчүн олуттуу көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн. IT секторунда энергияны керектөөнүн өсүшү, маалымат борборлорунун көбөйүшү чоң көлөмдөгү энергияны талап кылат. Ушулардын баары электр энергиянын жетишсиздигине алып келүүдө жана бул көйгөйдү жоюунун жолдорун издөөнү талап кылат.

Бул көйгөйдү жоюунун бир жолу – туруктуу токту өткөрүү. Заманбап энергетикада, биз туруктуу токко көбүнчө электр кыймылдаткычы жаатында да жана эң негизгиси электр энергиясын алыскы аралыкка өткөрүү жаатында көбүрөөк туш болуудабыз. Туруктуу токтун электр өткөргүчтөрүндө өзгөрмө токтун электр берүүлөрүнө мүнөздүү болгон жана өткөрүү жөндөмдүүлүгүн чектеген көптөгөн факторлор жок. Туруктуу токтун электр чубалгылары аркылуу берилүүчү кубаттуулуктун чоңдугу, ошондой эле өзгөрмө токтун электр чубалгыларына караганда көбүрөөк.

XX кылымдын башында, адистердин ортосунда өзгөрүлмө жана туруктуу ток системаларын электр энергиясы менен камсыз кылуу максатында, аларды пайдаланууда артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө катуу талаш-тартыштар болгон.

Эң алгач, 1890-жылы, Томас Алва Эдисон (General Electrics) жана Джордж Вестингхаус (Westinghouse Electric) өнөр жай тарыхындагы техникалык стандарт үчүн биринчи экономикалык согушка киришкен. Тиешелүү электр компанияларынын ортосунда, туруктуу же өзгөрүлмө ток электр тармактарын электрдик стандарт катары колдонуу үчүн талаш-тартыш катуу болгон. Эдисон туруктуу токту (DC), ал эми Джордж Вестингхауз өзгөрүлмө токту (AC) жактады. Бул талаш-тартышта үч фазалуу өзгөрмө ток схемаларына артыкчылык берилген. Өнөр жайчылар электр менен жабдуу тутумун түзүүгө жумшалган капиталдык чыгымдардын көлөмүн эсептеп чыгып, эң оптималдуу вариантты тандашты.

Бирок жаңы технологиялардын жана электр материалдардын өнүгүшү (механикалык жана электрдик касиеттери барган сайын жакшырып, экологиялык жактан таза), өлкөлөрдүн техникалык-экономикалык жана социалдык өнүгүүсү жана электр энергиясына болгон суроо-талаптын өсүшү, энергияны алыскы жана жеткиликтүү эмес калктуу пункттардан метрополияларга дүйнөлүк масштабда өткөрүп берүү үчүн туруктуу токту пайдаланууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратууда.



*Туруктуу токтун электр чубалгысы*

Электр энергиясын берүү тутумдарына туруктуу токтун кайтып келиши, 1930-жылдары сымап түзөткүчтөрүн ойлоп табуу менен ишке ашкан, бул жогорку өзгөрүлмө чыңалууну туруктуу чыңалууга айландыруунун, ошол мезгилге чейин колдонулган айлануучу өзгөрткүчтөргө караганда кыйла жеңил болгон. 1954-жылы Швециянын жээгин Готланд аралы менен байланыштырган биринчи коммерциялык жогорку чыңалуудагы туруктуу ток линиясы ишке киргизилген. Бул туруктуу токту берүүнү андан ары коммерциялык колдонууга жол ачты.

Совет мезгилинде Волга ГЭСин жана Михайловка подстанциясын (Донбасс) 750 кВ чыңалуудагы туруктуу ток электр энергиясын берүүнүн системасы курулган. Узак аралыкка электр энергиясын берүү үчүн туруктуу токту колдонуу, өзгөрүлмө ток системасына караганда өзгөчө артыкчылыктарга ээ экени далилденген. Туруктуу токтун чынжырларындагы эффективдүүлүк 90% же андан көп болушу мүмкүн. Дагы бир маанилүү этап - тиристордук конвертерлердин ачылышы. 1967-жылдын жазында биринчи тиристордук конвертер, кайрадан Готланд линиясында, алгачкы сымап конвертеринин ордуна орнотулган. Кийинки жылдары тиристордук конвертерлер кеңири колдонула баштады. Учурда тиристордук өзгөрткүчтөрдөн тышкары транзистордук өзгөрткүчтөр (айрыкча ом-ТРАНЗИСТОРЛОР) да колдонулат.

Жогорку вольттогу туруктуу ток өткөрүүчү линиялардын эң көп таралышы Кытайда болуп жатат, анда өтө жогорку чыңалуудагы электр тармагын куруу процесси "туруктуу жана туруктуу токтун айкалышы"стратегиясы менен жүрөт. Электр энергиясын узак аралыкка берүү үчүн (аба линиялары аркылуу 500 км ден ашык жана суу астындагы кабелдер аркылуу 50 км ден ашык) электр энергиясын туруктуу ток менен берүү пайдалуу. Чыңалууга жана структуралык мүнөздөмөлөргө ылайык, туруктуу токту өткөрүүдө энергияны жоготуу 3,5% га 1000 км ге бааланат, бул өзгөрүлмө ток өткөрүүгө салыштырмалуу бир кыйла аз.



*Өзгөрмө токту туруктуу токко айландыруучу көмөкчү чордону.*

Туруктуу ток линиялары азыраак өткөргүчтөрдү талап кылат, анткени үч фазалуу системанын кереги жок. Туруктуу ток тутумдары ичке зымдарды колдонушу мүмкүн, анткени аларда скин-эффектиси (өзгөрмө токтун, көбүнчө эсе өткөргүчтүн сырткы катмары аркылуу агышы) жок. Бул факторлор электр энергиясын берүүнүн баасын кыйла төмөндөтөт. Чыңалуу трансформатор тарабынан айландырылгандан кийин өзгөрмө ток туруктуу токко айландырылышы мүмкүн, ал эми берүү чубалгысынын аягында чыңалууну азайтуу үчүн кайра өзгөрмө токко айландырылат. Бул технологияны колдонуу менен 1950-жылдардын аягында дүйнөдөгү биринчи жогорку чыңалуудагы туруктуу ток берүү линиясы курулган, бирок конвертирлөөчү жабдуулар абдан чоң жана кымбат болгон жана көп тейлөөнү талап кылган.

Азыркы учурда, түзөткүч да, инвертор да көбүнчө бир эле жарым өткөргүчтүү конвертер системасы болуп саналат, ал берилген энергиянын багытына жараша эки режимде тең иштей алат.

Корутунду:

1. Барган сайын электрондук шаймандар (телевизорлор, смартфондор, светодиоддук чырактар ж.б.) туруктуу токту талап кылат, аны алгач өзгөрүлмө ток тармагынан туруктуу ток тармагына айландыруу керек.

2. Эдисон чече албаган негизги маселе, кубаттуулукту узак аралыкка өткөрүү үчүн туруктуу токтун чыңалуусун кантип көбөйтүү керек болчу. Сымап өзгөрткүчтөрдүн өнүгүшү менен кубаттуулукту өзгөрмө жана туруктуу токтун ортосунда айландыруу оңой болуп калды.

3.Скин-эффектиси туруктуу токто жок. Корона жоготуулары туруктуу ток болгон учурда дагы бир кыйла төмөн.

4. Татаал электр жарым өткөргүч түзүлүштөрүн колдонуу менен линиянын башында өзгөрмө токту туруктуу токко айландыруунун жана линиянын аягында туруктуу токту

өзгөрмө токко кайтаруунун наркынын жогорулашы, туруктуу ток катары электр энергиясын ташууда электр жоготууларын азайтуу менен компенсацияланат.

**Адабияттар:**

1. Иванкин в. Н., Сысоева Н. Г., Худяков В. электр берүү жана туруктуу ток киргизүү жана статикалык тиристордук компенсаторлор. - Бишкек, 1993.

2. Балыбердин л.л. Ж. Б. Россия менен Финляндиянын энергосистемаларынын ортосунда туруктуу ток киргизүү менен 330/400 кВ электр берүү кубаттуулугун жогорулатуу // Электр станциялары. – 2004. – № 10.

3. Жогорку чыңалуудагы туруктуу токту берүү жана киргизүү / ред. В.В.Худякова. - М.: Энергоатомдиздат, 1988.

4. Зеленохат Н. И., Шаров ю. в. чоң энергосистемалардын Бириккен бирикмеси // электр энергиясы. – 2006. – № 5

5. Электротехника жанылыктары-информациялык-маалымдама басылма, № 2(128)- 3(129), 2021 ж

6. Power Link, № 2, 1996 г. ABB Power Systems

7. HVDC – A major option for the electricity networks or the 21st century. M. Chamia, IEEE WPM + 999 – Panel Session.

***Мыктыбек уулу Азизбек, Ашыралиева Лунара Алмасбековна***

КЫРГЫЗСТАНДЫН ГИДРОЭНЕРГЕТИКАСЫ – БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ СУУ-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ШАРТЫНДА

***Мыктыбек уулу Азизбек, Ашыралиева Лунара Алмасбековна***

ГИДРОЭНЕРГЕТИКА КЫРГЫЗСТАНА – В УСЛОВИЯХ РЕШЕНИЯ ВОДНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ

HYDROPOWER IN KYRGYZSTAN – IN TERMS OF SOLVING THE WATER AND ENERGY

*УДК 620.9*

***Аннотация****; Кыргызстан суу ресурстарынын запасы көп мамлекеттердин бири. Мекенибиздин дарыяларынын гидроэнергетикалык потенциалы абдан чоң болгону менен, мамлекеттин энергетикалык тармагы Токтогул ГЭСинин иштешине абдан көз каранды, ошондой эле Орто Азиядагы суу-энергетикалык балансты сактоодо да абдан чоң роль ойнойт. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасында Бул ГЭСтин иштөө режимдери боюнча талаш-тартыш болуп жаткан шарттарда райондун суу-энергетикалык кыйынчылыктарын чечүүнүн эң жакшы жолдордун бири бул системалар боюнча Кыргызстанда Камбар-Ата Гидроэлектростанция каскадын курууга болушу мүмкүн.*

***Түйүндүү сөздөр*** *– Борбордук Азия, трансчекаралык дарыялар, ГЭС, ылдыйкы агымдагы өлкөлөр, энергетикалык кризис, сугат режими.*

***Аннотация****; Кыргызстан-одна из стран с большими запасами водных ресурсов. Несмотря на огромный гидроэнергетический потенциал рек нашей Родины, государственная энергетическая отрасль сильно зависит от работы Токтогульской ГЭС, которая также играет очень большую роль в поддержании водно-энергетического баланса в Центральной Азии. В условиях споров среди стран Центральной Азии по поводу режимов работы этих ГЭС одним из лучших способов решения водно-энергетических проблем района может стать строительство в Кыргызстане каскада Камбаратинских гидроэлектростанций по этим системам.*

***Ключевые слова*** *– Центральная Азия, трансграничные реки, ГЭС, страны нижнего течения, энергетический кризис, режим орошения.*

***А***

*;– Central Asia, transboundary rivers, hydroelectric power plants, downstream countries, energy crisis,*

**Кыргызстандын гидроэнергетикалык потенциалы.**

Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен Кыргыз Республикасы өзүнүн бай суу ресурстары менен өзгөчөлөнөт. Алар: 51,2 км3 жер үстүндөгү дарыялардын агымы; 13 км3 жер астындагы суулардын потенциалдуу запастары; Көлдүн суусу 1745 км3; 650 км3 мөңгүлөр [1]. Республиканын аймагында Нарын, Чүй, Талас, Сары-Жаз ж.б. ушул сыяктуу ири трансчекаралык дарыялардын агымы пайда болот. Жердин рельефи тоолуу болгондуктан

бул дарыялардын чоң капталдары ири гидротехникалык курулуштарды өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт. Кыргызстандын жалпы гидроэнергетикалык потенциалы 18,5 млн кВт энергетикалык жана 142,5 млрд кВт/саат энергияга бааланат, учурда анын 9%дан бир аз ашыгы иштетилген. Гидропроект институтунун материалдары боюнча республиканын дарыяларында жалпы кубаттуулугу 11400 МВт болгон 95 ири жана орто электр станцияларын курууга болот, жылына орточо 49,8 млрд кВт/саат [2]. Бул көрсөткүчтөр боюнча Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Орусия менен Тажикстандан кийинки экинчи орунда турат.

Гидроэлектростанциялар Кыргыз Республикасынын улуттук энергетика системасында борбордук орунду ээлеп, республикада колдонулган электр энергиясынын 80%ке жакынын иштеп чыгат. 2011-жылы өлкөдө 14,9 млрд кВт/саат электр энергиясы өндүрүлгөн, анын 90%га жакыны ГЭСтерге туура келген [3]. Кыргызстандын электр энергетикасынын өндүрүштүк базасын жалпы кубаттуулугу 3071 МВт болгон 21 ГЭСтен турган Төмөнкү Нарын ГЭСтер каскады түзөт: Токтогул (1200 МВт), Күрп-Сай (800 МВт), Таш-Көмүр (450 МВт), Шамалды-Сай (240 МВт) жана Үч-Коргон (180 Вт) ГЭСтери. Аламүдүн, Лебединовка, Быстровская, Калинин ж.б. чакан электрстанциялары Кыргыз Республикасынын энергетика системасынын интенсивдүүлүгүн олуттуу төмөндөтүүгө жардам берет.

Кыргыз гидроэнергетикасынын флагманы 1975-жылы пайдаланууга берилген Токтогул ГЭСи болуп саналат. Улуттук энергетика системасынын олуттуу потенциалын камсыз кылуудан тышкары, ал Борбордук Азиядагы суу-энергетикалык мамилелерди жөнгө салууда өтө маанилүү ролду ойнойт. ГЭСтин суу сактагычы алгач пахтанын өсүү мезгилинде Өзбекстандын жана Түштүк Казакстандын сугат муктаждыктарын канааттандыруу үчүн сууну сактоого жөндөмдүү (жалпы көлөмү 19,5 км3, анын 14 км3 пайдалуу) катары долбоорлонгон. Ошол эле учурда электр станциясынын иштөө режими вегетация мезгилинде (апрель–октябрь) гидротүйүндүн орнотулган кубаттуулугун максималдуу пайдаланууну жана суу сактагычта суу топтоло турган жылдын калган мезгилинде минималдуу пайдаланууну болжолдогондой түзүлгөн.

Совет мезгилинде ГЭСте иштелип чыккан электр энергиясы Борбордук Азиянын бирдиктүү энергетикалык тутумунун тармактарында борборлоштурулуп бөлүштүрүлгөн, анын курамына бардык беш Орто Азия республикаларында электр энергиясын өндүрүү жана берүү объекттери кирген (Урал жана Сибирдин энергия системалары менен параллелдүү режимде иштеген Түндүк Казакстандан тышкары). Кыш айларында аймактын электр энергиясына болгон муктаждыгы негизинен жылуулук электр станцияларынын ишинин эсебинен жабылган. Токтогул ГЭСинин ЕЭК курамында иштеши базалык (туруктуу) жүктөмдөр режиминде иштөөгө ыңгайлашкан ЖЭСтин техникалык абалына терс таасирин тийгизген өзгөрүлмө жогорку (максималдуу жана минималдуу) жүктөмдөрдүн шарттарында электр энергиясын иштеп чыгуу жана керектөө режимдерин башкарууну кыйла жеңилдетти

**Токтогул ГЭСинин проблемасы**

Борбордук Азия республикаларынын эгемендүүлүккө ээ болушу менен аймактагы суу-энергетикалык ресурстарды башкаруунун бирдиктүү системасы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. 1992-жылы беш республиканын өкүлдөрү кол коюшкан Алма-Ата келишими сууну региондук бөлүштүрүүнүн мурунку системасы сакталып калган, ал жаңы шарттарда “ылдыйкы агымдагы өлкөлөр” – Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан үчүн гана пайдалуу

болуп чыкты. Коңшу Кыргызстан менен Тажикстанга энергоресурстарды жана айыл чарба продукцияларын жеткирүү боюнча милдеттенмелерден улам алар Аму дарыясынан жана Сырдарыядан бекер түшкөн суунун көп бөлүгүн алууну улантышты. Мындай «адилетсиздик» өз кезегинде «жогорку агымдагы» өлкөлөргө жарашмак эмес. Маселен, Кыргыз Республикасы өзүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн кызыкчылыгын жетекчиликке алып, жыл бою электр энергиясын өндүрүү үчүн аймактагы эң чоң Токтогул суу сактагычынын суусун пайдаланууну туура көрдү. Бул схема менен ГЭСте суунун топтолушу жай мезгилинде, электр энергиясына минималдуу талаптардын мезгилинде пайда боло баштаган, бул аны долбоорлоодо жана алгачкы эксплуатациялоодо коюлган максаттарга ачык эле карама-каршы келген.

Кыргызстан 1990-жылдардын башында отун-энергетикалык ресурстардын жетишсиздиги менен шартталган Туруктуу энергетикалык кризисти башынан кечирип жаткан шартта (аларды коңшу өлкөлөрдөн дүйнөлүк баага жакын баада сатып алууга туура келген), жаңы схема республикага электр энергиясына болгон өздүк керектөөлөрдү гана камсыз кылбастан, анын ашыкчасын көп валюталык түшүүлөрдү алуу менен чет өлкөлөргө экспорттоого да мүмкүндүк берди. Ошол эле учурда Токтогул ГЭСин энергетикалык режимде иштетүүнүн ачык артыкчылыктарына карабастан, жаңы схеманын олуттуу кемчиликтери да болгон. ГЭСтин ишин трансформациялоонун себеби боюнча трансчекаралык Сырдарыя дарыясынын гидрографиясы олуттуу деформацияга дуушар болгон: Эгерде Токтогул гидротүзүмүн курууга чейин табигый режимде дарыянын нугунда кыш мезгилинде 2,8 км3, ал эми жайында – 8,5 км3 дарыя агымы өтсө, анда гидроэлектростанциянын жаңы иштөө режимине өтүшү менен кыш жана жай айларында сууну агызуунун көлөмү иш жүзүндө тескери кеткен. Кышкы суулар 8,5 км3 ге жете баштады, ал эми вегетация мезгилинде болжол нен 3,5-4,9 км3 суу келип жатты [5].

Ушуга байланыштуу Сырдарыянын төмөнкү агымынын муз менен байланышкан каналынын өткөрүү жөндөмдүүлүгү төмөн болгондугуна байланыштуу кышында суу сактагычтан куюлган суунун бир бөлүгү Түштүк Казакстан менен Өзбекстандын чектеш аймактарын каптап кеткен. Ошону менен бирге жай айларында бул республикалардын ирригациялык системалары суунун катуу тартыштыгына дуушар болгон, бул айыл чарбасына олуттуу зыян келтирип, региондук мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин курчушуна алып келген. Маселен, 2000-жылы Ташкент менен Бишкектин ортосундагы кышкы суу-энергетикалык жаңжалы аз жерден айыгышкан баскычка айланып, өзбек тарап кыргыз-өзбек чек арасына жакын жерде аскер бөлүгүн жайгаштырып, бронетранспортёрлор жана вертолетторду колдонуу менен Токтогул ГЭСин басып алуу боюнча машыгууларды өткөргөн. Кыргыз бийликтери өз кезегинде плотина жарылып кетсе, суу Өзбекстандын Фергана жана Зерафшан өрөөндөрүн шыпырып кетет деп маалымат таратып түшүндүргөн [6].

Токтогул ГЭСинин режимин өзгөртүү бумеранг менен Кыргызстандын энергетикалык коопсуздугуна да таасирин тийгизди. Кышкы суу өткөрүүлөрдүн көбөйүшү менен суу сактагычтагы суунун запасы жыл сайын катастрофалык кыскара баштады. Эгерде мурдагы ирригациялык схемада суу сактагычта вегетациянын башталышына карата (апрелде) болжол менен 12-15 млрд км3 суу топтолсо, акыркы жылдары бул жерде 6-7 млрд км3 ашык эмес суу топтолгон (башкача айтканда андан ары энергетикалык максатта пайдаланууга болбой турган көлөмдө, 5,5 млрд км3). Төмөндөтүлгөн басымда иштеген ГЭС өзүнүн белгиленген кубаттуулугуна жана электр энергиясын иштеп чыгуунун долбоордук нормасына жете алган эмес, ошондуктан ГЭСтин жылдык жоготуулары 30–40%ды түзөт [7]. Региондо мезгил-

мезгили менен кайталанып турган, көп учурда узакка созулган суук менен коштолгон суу тартыш жылдардын шартында бул абал республиканын энергетика системасы үчүн олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн эле. Чындыгында, тайыз болгон Токтогул суу сактагычынын азайып бараткан запасы кышкысын электр энергиясын өндүрүүгө да жетпей калышы мүмкүн. Ушундай эле кризистик сценарий дээрлик 2008-жылдын жазында болгон, анда вегетациянын башталышында суу сактагычта 6,4 млрд км3 суу араң топтолгон [8]. Суу сактагычтагы суунун деңгээлин көтөрүү жана Токтогул ГЭСинин энергиясын өндүрүүнү жогорулатуу үчүн энергетиктер энергияны чектөө режимине өтүүгө аргасыз болушту, бул республика боюнча электр энергиясын 10-12 саатка чейин өчүрүүлөр менен коштолду.

**Камбар-Ата ГЭСтеринин долбоорлору**

Суу-энергетикалык маселелер боюнча регионалдык диалогдун солгундап бараткан шартында Төмөнкү-Нарын ГЭС каскадынын иштөө маселесин чечүү жаңы генерациялоочу кубаттуулуктарды ишке киргизүүгө жардам бериши мүмкүн, алардын негизгилери Кыргызстандагы Камбар-Ата ГЭС-1 жана ГЭС-2 болуп саналат. Нарындын орто агымында Токтогул суу сактагычынын үстүндө жайгашкан бул ГЭСтер ирригациялык чектөөлөрсүз болуп, жыл бою энергетикалык режимде иштей алат. Бул Токтогул ГЭСинин нормалдуу сугат режимине кайтып келишине жана коңшу республикалардын вегетация мезгилинин керектөөлөрү үчүн кышкы сууну топтоого мүмкүндүк берет деп эсептелүүдө. Бул учурда Кыргызстандын энергетика системасындагы сөзсүз түрдө электр энергиясынын жоготуулары Камбар-Ата ГЭСтерин иштетүү менен компенсацияланат. Жайында эки каскаддын бир убакта иштеши менен республика жылына 6–8 млрд кВт/саат электр энергиясын экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот [9].

Камбар-Ата ГЭСтеринин курулушу 1986-жылы башталган, бирок 1990-жылдардын башында каражаттын жоктугунан участоктордо иш токтоп калган. Долбоорлорду ишке ашырууга кайра 2008-жылы Кыргыз Республикасы өз күчү менен 360 МВт кубаттуулуктагы Камбар-Ата ГЭС-2нин курулушун кайра баштоо чечими кабыл алынган. Ошол эле жылы ЕврАзЭСтин Бишкекте өткөн саммитинин жүрүшүндө Россия менен Кыргызстандын президенттери кубаттуулугу 1900 МВт Камбар-Ата ГЭС-1 курулуш долбоорун реанимациялоо боюнча принципиалдуу макулдашууга жетишкен. Бирок кийин эки мамлекеттин мамилесиндеги келишпестиктин жана республиканын өзүндөгү коомдук-саясий катаклизмдердин натыйжасында долбоорду ишке ашыруу убактылуу токтотулган.

Регионалдык суу-энергетикалык трассадагы орус-кыргыз өз ара аракеттенүүсүнүн активдешүүсү “ылдыйкы агымдагы өлкөлөрдө” жана биринчи кезекте Өзбекстанда бир топ толкунданган реакцияны жаратты. Макулдашууну даярдоо стадиясында эле Казакстанда расмий иш сапары менен жүргөн Өзбекстан Республикасынын Президенти Кыргызстанда Камбар-Ата ГЭС-1 жана Тажикстанда Рогун ГЭСтерин курууга катуу каршы пикирин билдирген. Өзбекстандын президенти ошондой эле Камбар-Ата ГЭСи курулган аймакта акыркы бир нече кылымда күчү 9-10 баллга жеткен үч жолу катуу жер титирөө болгонун эске салды [10].

Аны Казакстандын президенти дагы колдоп, мындай ири аймактык объектилердин курулушун баштоонун алдында эл аралык көз карандысыз экспертизадан өткөрүү зарылдыгын билдирди. Эки президенттин тең пикири боюнча, чек ара дарыяларында гидротехникалык курулуштарды куруунун маанилүү шарты ошондой эле БУУнун экологиялык конвенцияларына ылайык “ылдыйкы агымдагы өлкөлөр” менен долбоорлорду

милдеттүү түрдө макулдашуу болушу керек [11]. Мына ушулардын фонунда орус лидеринин Бишкекке болгон иш сапарынын алкагында ГЭСтин курулушуна катышуу үчүн регионалдык мамлекеттерге жасаган чакыруусу актуалдуу болушу мүмкүн эмес эле. Кыргыз Республикасынын Президенти да аны менен тилектештигин билдирип, «коңшулар менен иштешүүгө, алар менен тынчтыкта жана достукта жашоого» даяр экенине ишендирди. Ошону менен бирге ал Камбар-Ата ГЭСи Өзбекстан менен Казакстандын ирригация жана ирригациялык көйгөйлөрүн чечүү максатында иштелип чыкканын, ошондуктан аларга биринчи кезекте муктаж экенин эске салды. «Эгерде Камбар-Ата-1 ГЭСи курулса, анда ал жерден суу агызып, Токтогулкага калтырылышы мүмкүн , бул башка мамлекеттер үчүн да пайдалуу болот» [12] деп жыйынтыктады кыргыз лидери.

Камбар-Ата долбоорунун маанисин мындай түшүнүү жана аны ишке ашырууга Борбор Азиянын башка мамлекеттеринин катышуусу, биринчи кезекте Өзбекстан менен Казакстандын уруксаты шексиз “жогорку агымдагы өлкөлөрдүн” жетекчилигинин жана эксперттик коомчулуктун бир бөлүгүнүн коонтонуусун алып салмак. Албетте, эгерде бул теманы жасалма саясатташтыруу жөнүндө сөз болбосо, алар тарабынан айтылган тынчсыздануулардын негизинде биринчи кезекте экономикалык жана жарым-жартылай социалдык себептер жатат. Жалпысынан алганда, региондук экономикалык интеграция Борбор Азиядагы суу-энергетика маселесин чечүүгө салым кошо алат. Анын алкагында гана суу жана энергетикалык ресурстарды биргелешип жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча таасирдүү экономикалык механизмдерди, демек, келечекте Борбордук Азия регионун туруктуу өнүктүрүү үчүн ишенимдүү кепилдиктерди түзүү мүмкүн.

**Колдонулган булактар:**

1. Касымова В., Баетов Б. Кыргызстандын энергетикасы: тармактын абалы жана мамлекеттер аралык кызматташуунун келечеги // Борбордук Азия жана Кавказ. 2007. № 6. 116 б.

2. Рахимов К., Беляков Ю. Гидроэнергетика Кыргызстана. Б.: ИЦ «Техник», 2006. С.3.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы иши жөнүндө отчету. Б.: «Учкун», 2012. 123 б.

4. Кравцов Н. Гидроэнергетика Кыргызстана и режимы использования стока реки Нарын: тез. докл. на конф. «Диалог стран Центральной Азии и Кавказа по обсуждению водного сотрудничества..». Б., 2008. С. 54.

5. Якубов Х. Совместное использование поверхностных и подземных вод в бассейне Сырдарьи – основа управления водными ресурсами. [Электронный ресурс]
http://www.icwc–aral.uz/15years/pdf/yakubov_et_all_ru.pdf

6. Кирсанов И. Битва за воду в Центральной Азии // Независимый обозреватель стран Содружества. 2006. №12. [Электронный ресурс] http://www.fundeh.org/publications/articles/48/

7. Аллабергенов Н. Бережливое и эффективное использование водных и энергетических ресурсов – веление времени. [Электронный ресурс] http://sreda.uz/index.php?newsid=288

Касымова В. Кыргыз Республикасынын энергетикасында кризиске каршы башкаруунун негиздери. Б., 2009. 91 б.

9. Флагман тянь-шаньской энергетики // Российская газета. 2011. 22 дек. [Электронный ресурс] http://www.rg.ru/files/special_editions/ data/417.pdf

10. Все ходы записаны… Москва и Бишкек «пролонгировали» взаимоотношения // МК Азия. 2012. 25 сент. С.14.

11. БУУ ЕЭКтин "трансчек аралык суу агымдарын жана эл аралык көлдөрдү коргоо жана пайдалануу жөнүндө" конвенциясы (Хельсинки, 1992-ж.) жана БУУнун "эл аралык суу агымдарын пайдалануунун кирешелүү эмес түрлөрүнүн укугу жөнүндө" конвенциясы (Нью-Йорк, 1997-ж.).

12. Молдалиева А. Кыргызстан менен Россия тең укуктуу өнөктөштөр / А.Молдалиева // Слово Кыргызстана. 2012. 21 сент. С.8.

***Усенов Кенешбек Жумабекович, Базарбаева Дария Алмазбековна***

# ИНФОРМАТИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

***Усенов Кенешбек Жумабекович, Базарбаева Дария Алмазбековна***

# ТЕХНОЛОГИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ИНФОРМАЦИОННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ УЧАЩИХСЯ НА УРОКЕ ИНФОРМАТИКИ

***Keneshbek Zhumabekovich Usenov, Daria Almazbekovna Bazarbayeva***

# TECHNOLOGY FOR THE FORMATION OF INFORMATION SECURITY OF STUDENTS IN A COMPUTER SCIENCE LESSON

*УДК 004.42*

***Аннотация:*** *Макалада, маалыматтык коомдун негизги түшүнүктөрү болгон, маалыматтык коопсуз чөйрө, маалыматтык коопсуздугунун ченемдик-укуктук түшүнүктөрү менен информатика сабагында окуучуларды тааныштыруу, компьютердик маалымат булактарынын орду, маалыматтык коопсуздук билим берүүдө коргоочу системасынын негизги каражаттары жана милдеттери, антивирустук программалар, аларды колдонуунун максаттары, программалык камсыздоону коргоонун заманбап технологияларын колдонууга үйрөтүүнүн жолдору, аларды талдоо жүргүзүлдү. Учурдагы, маалыматтык коопсуздук темасынын актуалдуу маселелери жана аны колдонуудагы мүчүлүштүктөр, хакердик аракеттер, аларды токтотуунун чаралары, мекемелер үчүн коргонуу программаларынын маанилүүлүгү жана анын өндүрүмдүү ыкмалары баяндалды. Киберкоопсуздук жаатында жаңы алгоритмдерди изилдөө жана ишке ашырууну кылдат изилдөө, билим берүү тармактарындагы, окуучулардын маалыматтык коопсуздугунун коркунучтары, маалыматты коргоонун классикалык ыкмаларын колдонуунун натыйжалары жөнүндө да сөз козголду. Акырында электрондук документтерге максималдуу коопсуздук режимдерин орнотуу чечимдери сунушталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *маалыматтык коопсуздук, маалыматтык коопсуз чөйрө, антивирустук программа, киберкоопсуздук, мамлекет, компания, аскердик коргонуу, коммерциялык коргонуу, жеке маалыматы коргоо, виртуалдык, инфильтрация, логин, пароль.*

***Аннотация:*** *В статье представлены основные понятия информационного общества, информационно-безопасной среды, нормативно-правовые понятия информационной безопасности, ознакомление учащихся на уроке информатики, место источников компьютерной информации, основные средства и задачи системы защиты в образовании информационной безопасности, антивирусные программы, Цели их применения, способы обучения применению современных технологий защиты программного обеспечения, проведен их анализ. Были описаны актуальные вопросы текущей темы информационной безопасности и сбоев в ее использовании, хакерские действия, меры по их пресечению, важность защитных программ для учреждений и их производительных методов. Также были затронуты вопросы тщательного изучения и внедрения новых алгоритмов в области кибербезопасности, угроз информационной безопасности учащихся в сфере образования, результатов применения классических методов защиты информации. Наконец, были*

*предложены решения для настройки режимов максимальной безопасности для электронных документов.*

***Ключевые слова:*** *информационная безопасность, информационно-Безопасная среда, антивирусное программное обеспечение, кибербезопасность, государство, компания, военная защита, коммерческая защита, Защита личной информации, виртуальная, проникновение, логин, пароль.*

***Abstract:*** *The article presents the basic concepts of information society, information security environment, regulatory concepts of information security, familiarization of students in a computer science lesson, the place of computer information sources, the main means and tasks of the protection system in information security education, antivirus programs, the purpose of their application, ways of teaching the use of modern software protection technologies, their analysis has been carried out. Topical issues of the current topic of information security and failures in its use, hacker activities, measures to prevent them, the importance of security programs for institutions and their productive methods were described. The issues of careful study and implementation of new algorithms in the field of cybersecurity, threats to the information security of students in the field of education, the results of the application of classical methods of information protection were also touched upon. Finally, solutions have been proposed for configuring maximum security modes for electronic documents.*

***Keywords:*** *information security, information security environment, antivirus software, cybersecurity, government, company, military protection, commercial protection, personal information protection, virtual, penetration, login, password.*

**Киришүү**

Маалыматтык коомдун сапаттык жаңы абалга өтүү процессинин жүрүшүндө, учурдагы билим менен маалыматтын айырмасы, билимдин салыштырмалуулугу тез эскирип кетүүсүнөн улам, билим берүүнүн үзгүлтүксүз болушуна айланышы үчүн – мына ушул процесстердин бардыгы билимди, билим берүү процессинин негизги элементи катары маалымат менен алмаштырууга, билимдин маалыматка айланышына алып келип олтурат. Ушуга байланыштуу билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири маалыматты иштетүүнү үйрөнүү болуп саналат.

Маалыматтык коопсуздук жылдар бою актуалдуу болуп келген, айрыкча, азыркы учурда, азыркы дүйнөдө маанилүү маселелердин бири, киберкоопсуздукту орнотуу болуп саналат. Ар кандай мамлекет, компания же адам өзүнүн аскердик, коммерциялык же жеке маалыматын коргоону, кол салуу коркунучун азайтууну, жок кылууну, маалыматты алмаштырууну жана башка аракеттерди каалайт.

Мисалы, бул көйгөйдүн ачык далили катары, жакынкы айларда, калк арасында Кыргызстандагы Мбанктын коопсуздугунун бузулушу, банк колдонуучулардын өздүк карталарындагы суммалардын жоголушу жөнүндөгү кабардын таралышы жана буга карата Кыргызстан Мбанкынын кызматкерлерине колдонуучулардын нааразылычыгынын жаралышын айтып кетсек болот. Бул процесстин негизги себептеринин бири, Мбанктын операторлорунун, адекваттуу эмес аракеттери да болушу мүмкүн.

Бул деген сөз, өлкөбүздөгү айрым бир мекеме ишканалар, бул коопсуздук маселесине анчейин көңүл бурбай койгондугун же коопсуздук маселесин ишке ашыруунун жолдорун толук өздөштүрбөгөндүгүн айгинелеп турат.

Киберкоопсуздук жаатында жаңы алгоритмдерди изилдөө жана ишке ашырууну кылдат изилдөө убакыты талап кылат. Киберкоопсуздук маселесин оң жолго коюу, жок эле дегенде чабуулдун кыйытмасын көрүүгө жана аны жок кылууга мүмкүндүк берет. Биздин байкашыбызда, бул алдыңкы технологияларды окутуп үйрөтүү, жөнөкөй колдонуучуларга маалымдоо, билим берүү чөйрөсүндө да азырынча кечиктирилип жаткандай. Мына ушундан улам, келечектеги коомубузду, анын билим берүү системасында да, алдын ала жогорудагыдай агрессивдүү чабуулдардан коргоо керектиги жөнүндөгү билимдерди алууну күчөтүүгө убакыт келип жетти.

Андыктан, инсандыкты уурдоо, маалыматты бузуу тармакта насыя картасынын номерин жарыя кылбоого аракет жасоо, онлайн сатып алууда маалымат шилтемесинин коопсуздугуна көңүл буруу, файлдарды көзөмөлдөө, катуу дискте, алардын таандыктыгын дайыма текшерип туруу жана шектүүлөрдү алып салуучу профилактикалык иш чараларга инсанды адаптациялоо зарыл.

Мындай иштерди, мектеп жашынан баштап, билим берүү мекемесинде маалыматтык коопсуздукту коргоонуну окуучуларга, окутуучуларга, архивдерге жана башка маалыматтарга тиешелүү жеке маалыматтардын сакталышын гана камсыз кылбастан, окуучулардын аң-сезимине таасир эткен ар кандай пропаганданы жайылтпоого кепилдик беришти калыптандырууну даярдоо керек.

Бул теманын актуалдуулугу компьютердик технологиялардын өнүгүшү менен билим берүү процесси маалыматтык технологияларды жигердүү киргизилиши менен да байланышат. Маалыматты коргоонун классикалык ыкмаларын: кирүүнү текшерүү, антивируска текшертүү, программалык камсыздоону коргоо жана катуу дисктеги маалыматты коргоо, резервдик көчүрүү сыяктуу стандарттык профилактикалык коргоо жолдорун колго алууну жакшыртууну, кадимки мектептеги информатика сабагын окутууда, тиешелүү темаларды өтүп жатаканда, окутуунун заманбап технологияларын колдонуу аркылуу калыптандыруудан баштоо керек.[1]

Азыркы өспүрүмдүн жашоосунун бардык чөйрөлөрүн глобалдаштыруу жана бардык жерде маалыматташтыруу процесстери менен байланышкан акыркы жылдардагы социалдык кайра түзүүлөр коомдун, анын ичинде билим берүү уюмдарынын адекваттуу реакциясын талап кылып жатат.

Билим берүү программаларын ишке ашырууда, максаттуу багыттарды трансформациялоо аркылуу, педагогдун окутуу багытындагы компетенттүүлүк моделине ылайык келген, окуучулардын социалдык компетенцияларын калыптандырууну, ошону менен катар эле келечектеги маалымат коопсуздугун камсыздай алуучу билимдерди жана көндүмдөрдү берүүнү болжолдойт, аларды билүү жашы жете элек муундарга, учурдун чакырыктарына оперативдүү, натыйжалуу жана адекваттуу жооп берүүгө мүмкүндүк ачат.

Маалыматтарга жетүүнү регламенттөө. Маалыматтарга жетүүнү чектөө үчүн колдонулган жалпы ыкма, операциялар аны жүзөгө ашыруу укугу текшерилгенден кийин гана жүргүзүлөт. Эң көп колдонулган пароль же эсепке негизделген кирүү. Кирүү-бул кызмат колдонуучу менен байланыштырган ар кандай белгилердин айкалышы, бул башка колдонуучулар аны көрө турган колдонуучунун аты.

Сырсөз-бул логинди колдонууну көздөгөн логиндин ээси экендигин тастыктаган ар кандай белгилердин айкалышы. Маалыматты сактоонун маанилүү шарты - туруктуу паролду түзүү, ошондой эле паролду жайылтпоо.

Сырсөздү коргоо чараларына төмөнкүлөр кирет:

• сыр сөздү ачыкка чыгарбоо үчүн паролдорду жеткиликтүү жерлерде калтырбоо, жазбоо сунушталат;

• жөнөкөй, кыска сырсөздөрдү, төрт белгиден, тамгалардан же сандардан турган, колдонбоо;

• оңой божомолдонгон сырсөздөрдү, туулган жылы, аты-жөнү, туугандарынын аты жана башка колдонбоо;

• сыр сөздөрдү мезгил-мезгили менен алмаштырып туруу керек.

Ушул жөнөкөй эрежелерди сактоо, ар бир инсандын паролуна кол салуу ыктымалдуулугун бир кыйла татаалдаштырат [2].

Каралган маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу каражаттары, биринчи кезекте, маалыматтарды иштеп чыгуу процессинде бузулуулардын ыктымалдуулугун азайтып, кейишттуу окуяларды толугу менен жокко чыгарууга жардам бере алат. Маалыматтарды коргоонун эң натыйжалуу жана ишенимдүү жолу-бул камдык көчүрмө.

Маалыматтын жеткиликтүүлүгүн, бүтүндүгүн жана купуялуулугун камсыз кылуу процессинде, жеткиликтүүлүк-маалыматка жетүүнү, актык-маалыматтын аныктыгын жана толуктугун, купуялык-маалыматка ыйгарым укуктуу колдонуучулардын гана жеткиликтүүлүгүн камсыздайт. Виртуалдык серверде маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн, бул үч учурдун ар бири үчүн колдонула турган ар кандай коргоо чаралары жана даражалары талап кылынат.

Маалыматтык коопсуздук системаларды маалыматтарды инфильтрациядан жана кол салуудан коргойт. Сайттын серверинде жаза турган, маалыматтарды бузуучу жана башка чабуулдар жасалышы күтүлөт. Чабуулчулар кээде алда канча көп болуп калышы да ыктымал, ошого карабастан маалыматтар айланадагылардын баарына жеткиликтүү болуусун камсыздоо үчүн, маалыматтык коопсуздук ар дайым туура сакталуусу талапка ылайык.

Компаниялар колдонуучулардын купуя маалыматтарын ачыкка чыгаргандыгы үчүн мыйзам алдында жоопкерчиликте болушат, алар үчүн коопсуздук чаралары мыйзам маселелеринен жана кардарлардын ишенимин жоготуудан сактануунун жолу болуп да саналат.

Билим берүү процессине маалыматтык технологиялардын окуу процессине активдүү киргизилиши окуучулардын чыгармачылык жактан өнүгүүсүн жана өз алдынча иш-аракеттерди жүргүзүүсүн камсыздайт. Балдар туура маалымат алуу үчүн дүйнөлүк интернет желесин колдонушат. Бул учурдагы, маанилүү маселелердин бири, билим берүү мекемелеринде балдардын маалыматтык коопсуздугун башкаруу системасын уюштуруу, башкача айтканда, окуучулардын маалыматтык-коопсуз жүрүм-туруму, башкаларга зыян келтирбестен, ар кандай маалымат булактарын пайдалануу менен маалыматты издөөнү, чогултууну, иштеп чыгууну, талдоону жана кодификациялоону, пайдаланууну жана сактоону уюштурууга жетишүү.

Билим берүү мекемелери, балдардын өнүгүүсүндөгү учурдагы, ченемдик жана социалдык кырдаалга байланыштуу, окуучулардын маалыматтык коопсуздугун уюштуруу үчүн системалуу ресурстук мүмкүнчүлүктөргө ээ түзүм болуп саналат.

Информатика сабагынын материалдык-техникалык ресурстарына сабак өтүүчү информатика кабинетинин жабдуулары кирет. Азыркы этапта анын жабдылышы китепкана фондунун, ар түрдүү санариптик ресурстардын, экрандуу үн каражаттарынын, окуунун техникалык каражаттарынын, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, эсептөө, көчүрүү жабдуулары, Интернетке кошулуу түзүлүштөрү, маалыматты чыпкалоо,

маалыматтык чыпкалоо системалары, маалымат, окуу жана лабораториялык жабдууларды киргизүү-чыгаруу.

Информатика кабинетиндеги маалыматтык коопсуз чөйрөгө ийгиликтүү окутуу үчүн психологиялык, гигиеналык жана эргономикалык жактан ыңгайлуу болушу керек. Окуучулардын акыл-эсин өнүктүрүү жана маалыматтык маданиятын калыптандыруу, ошондой эле окуучуларда маалыматтык коопсуздук көндүмдөрүн калыптандыруу жана окутууну уюштуруунун заманбап талаптарын камсыз кылуу менен бирге, мугалимдер окуучулардын тарбиялык иштерине көзөмөл жасап туруусу да абзел.

Маалыматтык коопсуздук маселелеринин булагы, бул информатика сабагындагы программалык камсыздоо жана методикалык колдоо болуп саналат. Ошентип, маалыматтык коопсуздук маселелерин кароо билим берүү стандарттарында, негизги жана орто жалпы билим берүү программаларында жана Информатика предмети боюнча мугалимдердин иш программаларында бекитилген болгону дурус [3].

Билим берүү мекемелериндеги информатика сабагында сыналган сүрөттөлгөн технологиялар, педагогикалык технологиянын бардык өзгөчөлүктөрүнө, түшүнүктүүлүк, ырааттуулук, башкаруучулук, кайталануу жана натыйжалуулук ээ. Анын натыйжалуулугу башка бардык аймактарда, окутуу мекемелериде колдонуу мүмкүнчүлүгү менен далилденген. Глобалдуу интернет желесин, бакубат билим берүү чөйрөсү катары кароого болбойт. Ал жердеги, окуучулардын маалыматтык коопсуздугунун коркунучтары да күтүлүүсү мүмкүн. Мисалы, маалыматтын жеткиликтүүлүгү, контролдонбошу, чексиз жана анык эмес көлөмү, адамдын физиологиялык системасына тийгизген таасири, манипуляцияланган мүнөздөгү мазмуну, дезориентациялоочу маалыматтардын болуп калышы да толук мүмкүн. Үйрөтүлгөн моделдерден купуя маалыматтарды алуу чабуулдары, кошумча үйрөнүлгөн чатботтордун көзөмөлсүз жүрүм-туруму, объект детекторунун качуу чабуулдары да учурап калышын күтүүгө болот. Мындай учурдагы маалымат тутумдарынын алсыздыгынын негизги себеби, программалык камсыздоодогу мүчүлүштүктөрдүн болушу. Компьютердик чабуулдар кемчиликтерди эксплуатациялоо жолу менен жүргүзүлөт, тагыраагы алсыздыкты табууда, программалык камсыздоодо, программанын кодунда, аппаратурада.

***Корутунду***. Чабуулчулардан жакшыраак коргонуу үчүн, алар өз ишинде колдонгон каражаттарды иргеп алуу керек. Мисалы, хакерлер коргоо тутумун айланып өтүп, колдонуучулар жөнүндө купуя маалымат алууга аракет кылышы жана зыянга учуратышы мүмкүн.

Сырсөздө чоң жана кичине тамгалар, ошондой эле сандар жана атайын белгилер колдонулган шартта, мүмкүн болгон варианттардын саны 15 нөлгө барабар болот. Дал ушул себептен кол салгандар таба албай турган, татаал сырсөздөрдү колдонуу керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Пустовойтов В. Н. Методы обеспечения информационной безопасности детей и подростков в цифровой информационной среде // Векторы психологии: психолого-педагогическая безопасность личности в современной образовательной среде. Сборник материалов III Международной заочной научнопрактической конференции. Гомель, 2021. С. 29–32.
2. Трусова А. С., Томонов Д. С. Информационная безопасность детей и подростков в сети интернет // Наука и Образование. 2018. Т. 1. № 3-4. URL: http://opusmgau.ru/index.php/see/article/view/534/534 (дата обращения: 24.06.2022).

3. Шпагина Е. М., Чиркина Р. В. Компетентность педагогов и психологов в области информационной безопасности детей // Психология и право. 2019. Т. 9. № 3. С. 261–277.

* * *

***Кожоярова Нестан Жакыпбековна***

ӨЗҮН-ӨЗҮ КУТКАРУУЧУ КЫРГЫЗДАРДЫН КЫРГЫЗ ҮЙҮНДӨЙ ҮЙДҮ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ДОЛБООРЛОО

***Кожоярова Нестан Жакыпбековна***

РАСЧЕТ И ПРОЕКТИРОВАНИЕ САМОСПАСАЮЩЕГО ДОМА ОТ СЕЛЕВЫХ ПОТОКОВ КАК КЫРГЫЗСКОГО ЮРТА

***Kozhoiarova Nestan Zhakypbekovna***

CALCULATION AND DESIGN OF A SELF-RESCUING HOUSE FROM MUSDFLOWS AS A KYRGYZ YURT

*УДК:721.021*

***Аннотация:*** *Бул макалада сел агымынан пайда болгон күчтөрдүн таасирине өз туруктуулугун жана бекемдигин көрсөтө ала турган кыргыз үй сымал үйдүн долбоору түзүлгөн. Долбоорду түзүүдө сел агымынын күчүн жана тыгыздыгын эске алуу менен эсептөөлөр жүргүзүлөт, ошондой эле адамдардын аман калгандыгы көрсөтүлөт.Сел келгенде үй урап түшпөйт.Сел агымынын көтөрүлүү деңгээлине жараша көтөрүлөт. Сел агымы токтогондо, үй ордуна кайра калыбына келет.Үйдүн оордук күчү эсептелинген. Үйдү көтөрүү күчүн(Архимед күчүн) эсептөө жүргүзүлгөн. Архимед күчүнө ылайык үйдүн чөкпөй тургандыгы аныкталган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргыз үйдөй үй, сел агымы, бетке чыгуу, Архимеддин күчү, көтөрүү күчү, салмак, оордук күчү, көлөм, масса, тыгыз*

***Аннотация:*** *В этой статье представлен проект кыргызского дома в форме дома, который может продемонстрировать свою устойчивость и устойчивость к воздействию сил, возникающих в результате селевых потоков. При составлении проекта будут выполнены расчеты с учетом силы и плотности паводкового потока, а также показаны выжившие люди.Дом не рухнет, когда придет наводнение.Он поднимается в зависимости от уровня подъема паводкового потока. Когда паводковый поток прекращается, дом возвращается на свое место.Рассчитывается сила тяжести дома. Выполнен расчет подъемной силы дома(силы Архимеда). В соответствии с архимедовой силой было установлено, что дом не тонет.*

***Узловые слова:*** *Кыргызский дом, поток, подъем на поверхность, архимедова сила, подъемная сила, вес, сила тяжести, объем, масса, плотность.дык.*

***Annotation:*** *This article has created a design for a Kyrgyz house that can demonstrate its resilience and resistance to the effects of flood flows. When creating a project,calculations are made taking into account the strength and density of the flood flow,as well as the survival of people. The house does not fall during a flood, but rises depending on the level of the mudflow. When the mudflow stops, the house is rebuilt on site. The weight of the house is calculated. The lifting force of the house (Archimedes force) is calculated. Using the power of Archimedes, it was determined that the house would not sink.*

***Key words:*** *Kyrgyz yurt, mudflow, ascent, Archimedes' force, lifting force, weight, gravity, volume, mass, density.*

Өзүн-өзү куткаруучу кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдү эсептеп чыгып, долбоорлоо зарыл. Өзүн-өзү куткаруучу кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдү сел келгенде бузулбастан, материалдык чыгым болуп зыян келтирбей тургандай кылып салууга болот. Сел келгенде туруштук бере ала турган үйдү кыргыздардын кыргыз үйүндөй формада кылып, темирден жасап, ички жасалгасын жашоо шартына ылайыктап, кооздоп, жасап алат. Сел келгенде туруштук бере ала турган кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн жалпы сырткы көрүнүшү төмөндөгүдөй(1-а,б.сүрөт).

| | |
|---|---|
|  |  |
| **1а**-сүрөт.Үйдүн жалпы көрүнүшү. | **1б**-сүрөт. Сел келген учурда үйдүн Архимед күчүнүн негизинде селдин бетине калкып, жогору көтөрүлүшү. |

1.Кереге.2.Негиз.3.Негизден керегенин төмөн жагына чейинки аралык.4.Түндүктөн кереге чейинки аралык.5.Түндүк.6.Түндүктүн белдиктери.7.Түндүк менен негизди бириктирген өйдө-төмөн жылуучу труба.8.Үйдүн эшиги.9.Эшиктин алдындагы тепкич.10.Үй салынган тегерек фундамент.11.Тегерек фундаменттин борборуна орнотулган,үйдү сел келгенде агызбай кармап туруучу, жогорку учунда темгеси бар труба.12. Сел келгенде үй жогору көтөрүлгөндө, жылып туруучу трубаны чыгарбай кармап туруучу темге.

**Өзүн-өзү куткаруучу темирден жасалган кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн сандык симмуляциясын эсептөө.**

Эгерде долбоор үчүн көрсөтүлүүчү материалды алсак, анда алгач кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн керегесинин темирин(эшик кереге менен бирге) узундугун эсептөө зарыл. Ал үчүн бизге эшик менен кереге түзгөн айлананын диаметрин аныктоо керек.

Үйдү долбоорлоодо темирден жасалган кыргыз үйдүн керегесинин техникалык көрсөткучтөрү төмөндөгүдөй аныкталат. Темирден жасалган кыргыз үйдүн эшиги менен керегеси түзгөн фигуранын айланасынын узундугун табуу. Эшик менен кереге биригип цилиндр формасындагы фигураны берет. Аны $AA_1$ түз сызыгы менен кесип жазып жиберсек, ал тик бурч формасындагы фигура болот.(2-а,б.сүрөт).

$\mathbf{C_{кереге}=\pi\cdot d_2=2\cdot\pi\cdot R_2}$ Радиусу $\mathbf{R_2=3м}$ Диаметри $\mathbf{d_2=6м}$ $\boldsymbol{\pi=3{,}14=\frac{22}{7}}$

$\mathbf{h_{кереге}=1{,}3м}$

$\mathbf{C_{кереге}=\pi\cdot d_2=2\cdot\pi\cdot R_2}$

$C_{керегe}=3,14\cdot 6=18,84м$

$\mathbf{C_{керегe}=18,84м}$

| | |
|---|---|
|  |  |
| 2а-сүрөт.Эшик менен керегe биригип түзгөн цилиндр формасындагы фигура. | 2б-сүрөт.Керегенин жазылып тургандагы көрүнүшү. |

Керегенин аянты: $\mathbf{S_{1керегe}=h_{керегe}\cdot C_{керегe}}$

$\mathbf{S_{1керегe}=h_{керегe}\cdot C_{керегe}}=1,3м\cdot 18,84м=24,492м^2$

$\mathbf{S_{1керегe}=24,492м^2}$

Кыргыз үйдүн керегеси жасалган темирдин калыңдыгы: **D=2мм=0,002м**

Керегеге сарпталган темирдин көлөмү: $\mathbf{V_{1керегe}=S_1\cdot D}$

$\mathbf{V_{1керегe}=S_{1керегe}\cdot D=24,492м^2\cdot 0,002м=0,048984м^3}$

$\mathbf{V_{1керегe}=0,048984м^3}$

Керегеге сарпталган темирдин массасы: $\mathbf{m_{1керегe}=\rho\cdot V_1}$

$\mathbf{m_{1керегe}=\rho\cdot V_1}=7,8\cdot 10^3 кг/м^3\cdot 0,048984м^3=382,0752кг$

$\mathbf{m_{1гереге}=382,0752к}$

Төмөндө кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн негизи жана негизиндеги тегеректи керегенин төмөн жагы менен бириктирген конус формасындагы фигура көрсөтүлгөн.(3-а,б.сүрөт).

| | |
|---|---|
|  |  |
| **3а**-сүрөт.Үйдүн негизи | 3б-сүрөт.Керегенин төмөн жагы менен негизиндеги тегеректи бириктирген конус формасындагы фигура. |

Үйдүн негизинин тегерегинин аянты: $\mathbf{S_2=\pi\cdot R_1^2}$
Негизинин радиусу: $\mathbf{R_1=2{,}82м}$
Негизинин диаметри: $\mathbf{d_1=5{,}64м}$
$S_{2нег.тег.1}=\pi\cdot R_1^2=3{,}14\cdot(2{,}82м)^2=3{,}14\cdot7{,}9524м^2=24{,}970536м^2$
$\mathbf{S_{2нег.тег.1}=24{,}970536м^2}$
Негизинин борборундагы труба орнотулуучу айлананын диаметри **d=10см=0,1м** ал эми радиусу **r=5см=0,05м**
$S_{2нег.тег2}=\pi\cdot r^2=3{,}14\cdot(0{,}05м)^2=3{,}14\cdot0{,}0025м^2=0{,}00785м^2$
$\mathbf{S_{2нег.тег.2}=0{,}00785м^2}$
$\mathbf{S_{2нег.тег.}=S_{2нег.тег.1}-S_{2нег.тег.2}}$
$\mathbf{S_{2нег.тег.}}=S_{2нег.тег.1}-S_{2нег.тег.2}=24{,}970536м^2-0{,}00785м^2=24{,}962686м^2$
$\mathbf{S_{2нег.тег.}=24{,}962686м^2}$
Үйдүн негизи болгон тегерек темирдин калыңдыгы: **D=2мм=0,002м**
Үйдүн негизинин көлөмү: $\mathbf{V_{2нег.тег.}=S_{2нег.тег.}\cdot D}$
$\mathbf{V_2=S_2\cdot D}=24{,}962686м^2\cdot0{,}002м=0{,}049925372м^3$
$\mathbf{V_{2нег.тег.}=0{,}049925372м^3=49{,}925372\cdot10^{-3}м^3}$
Үйдүн негизи болгон тегерекке сарпталган темирдин массасы: $\mathbf{m_{2нег.тег.}=\rho\cdot V_{2нег.тег.}}$
$\mathbf{m_{2нег.тег.}=\rho\cdot V_{2нег.тег.}}=7{,}8\cdot10^3\ кг/м^3\cdot49{,}925372\cdot10^{-3}м^3=389{,}417902кг$
$\mathbf{m_{2нег.тег}=389{,}417902кг}$

Өзүн-өзү куткаруучу кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн керегесинин төмөн жагы менен негизиндеги тегеректи бириктирип турган, кесилген конус формасындагы пайда болгон фигуранын аянтын, көлөмүн, массасын табуу.

Керегенин төмөн жагы менен негизди бириктирген кесилген конустун формасындагы фигуранын аянтын табуучу формуланы жазабыз: $\mathbf{S_3=\pi\cdot(R_1+R_2)\cdot L}$
Мында $\mathbf{R_1, R_2}$ –радиустар, **L**-түзүүчүсү
**a**=0,18м
**h**=0,18м
$\mathbf{L^2=a^2+h^2}=0{,}0324+0{,}0324=0{,}0648\ м^2$
**L**=0,254558441м =0,25м
$\mathbf{R_1}=2{,}82м$
$\mathbf{R_2}=3м$
$\mathbf{S_{3\ кес.конус}=3{,}14\cdot(2{,}82м+3м)\cdot0{,}25м=3{,}14\cdot5{,}82м\cdot0{,}25м=4{,}5687м^2}$

$\mathbf{V_{3кес.конус}=S_3\cdot D}$
$\mathbf{V_{3кес.конус}=S_3\cdot D}=4{,}5687м^2\cdot\ 0{,}002м=0{,}0091374м^3$
$\mathbf{V_{3кес.конус}=0{,}0091374м^3}$

Үйдүн негизи менен керегенин төмөн жагын бириктирген кесилген конус формасындагы фигурага сарпталган темирдин массасы: $\mathbf{m_3=\rho\cdot V_3}$
$\mathbf{m_3=\rho\cdot V_3}=7{,}8\cdot10^3\ кг/м^3\cdot0{,}0091374м^3=71{,}27172кг$
$\mathbf{m_{3кес.конус}=71{,}27172кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн керегесинин жогор жагы менен түндүгүнүн тегерегин бириктирип турган, кесилген конус формасындагы пайда болгон фигуранын аянтын, көлөмүн, массасын табуу**(4-а,б.сүрөт).**

|  |  |
|---|---|
| **4а**-сүрөт.Кыргыз үйдүн керегесинин жогор жагы менен түндүгүнүн бирге көрүнүшү. | **4б**-сүрөт.Кыргыз үйдүн керегесинин жогор жагы менен түндүгүн бириктирген кесилген конус формасындагы фигуранын көрүнүшү. |

Керегенин жогор жагы менен түндүктүн тегерегин бириктирген кесилген конус формасындагы фигуранын аянтын табуучу формуласын жазабыз: $\mathbf{S_4=\pi\cdot(r_1+R_2)\cdot K}$

Кыргыз үйдүн түндүгүнүн диаметри 80см болсо, анда

**Радиусу** $\mathbf{r_1=0{,}4м}$

$\mathbf{R_2=3м}$

$\mathbf{b=R_2-r_1}$

$\mathbf{b}=3м-0{,}4м=2{,}6м$

$\mathbf{b=2{,}6м}$

$\mathbf{H=1{,}32м}$

$\mathbf{K^2=b^2+H^2}=(2{,}6м)^2+(1{,}32м)^2=6{,}76м^2+1{,}7424м^2=8{,}5024\ м^2$

$\mathbf{K}=2{,}91588751м=2{,}9м$

$\mathbf{K=2{,}9м}$

$\mathbf{S_{4\ кес.конус}}=3{,}14\cdot(0{,}4м+3м)\cdot2{,}9м=3{,}14\cdot3{,}4м\cdot2{,}9м=30{,}9604м^2$

$\mathbf{V_{4\ кес.конус}=S_4\cdot D}$

$\mathbf{V_{4\ кес.конус}=S_4\cdot D}=30{,}9604м^2\cdot 0{,}002м=0{,}0619208м^3$

$\mathbf{V_{4\ кес.конус}=0{,}0619208м^3}$

$\mathbf{m_4=\rho\cdot V_4}$

$\mathbf{m_4=\rho\cdot V_4}=7{,}8\cdot10^3\ кг/м^3\cdot0{,}0619208м^3=482{,}98224кг$

$\mathbf{m_{4кес.конус}=482{,}98224кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн жалпы темирлеринин массасын табуу 5-(а,б)сүрөттө көрсөтүлгөн чиймелер боюнча эсептелет.

| | |
|---|---|
|  |  |
| 5а-сүрөт.Түндүктүн жалпы көрүнүшү. | 5б-сүрөт.Кыргыз үйдүн түндүгүнүн белдиктеринин<br>көрүнүшү. |

Радиусу $r_1$=0,4м

$C_1$-түндүктүн негизин түзгөн айлана формасындагы фигуранын узундугу.

$\mathbf{C_1==2\cdot\pi\cdot r_1}$

$C_1=2\cdot3{,}14\cdot0{,}4м=2{,}512м$

$\mathbf{S_{темир}=\pi\cdot r^2}$

$\mathbf{d_{темир}=3см=0{,}03м}$

$\mathbf{r_{темир}=1{,}5см=0{,}015м}$

$\mathbf{S_{темир}=\pi\cdot r_{темир}}^2=3{,}14\cdot(0{,}015м)^2=3{,}14\cdot0{,}000225м^2=0{,}0007065м^2=70{,}65\cdot10^{-5}м^2$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн белдиктеринин ортосундагы эки даана белдиктин узундугу жогорудагы **5б**-сүрөттөгү аралыктар аркылуу табылат.

$T_1^2=(0{,}2м)^2+(0{,}18м)^2=0{,}04м^2+0{,}0324м^2=0{,}0724м^2$

$\mathbf{T_1^2=0{,}0724м^2}$

$\mathbf{T_1=0{,}269м=0{,}27м}$

$T_2^2=(0{,}2м)^2+(0{,}02м)^2=0{,}04м^2+0{,}0004м^2=0{,}0404м^2$

$\mathbf{T_2^2=0{,}0404м^2}$

$\mathbf{T_2=0{,}20м=0{,}2м}$

$C_2$-кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн ортосундагы эки даана белдиктин узундугу төмөндөгүдөй жазылат: $\mathbf{C_2=2\cdot(2T_1+2T_2)=4\cdot(T_1+T_2)}$

$C_2=4\cdot(T_1+T_2)=4\cdot(0{,}27м+0{,}2м)=4\cdot0{,}47м=1{,}88м$

$\mathbf{C_2=1{,}88м}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн ортосундагы белдиктин сол жана оң жагындагы төрт даана белдиктердин узундугун табуу.

$T_3^2=(0{,}19м)^2+(0{,}02м)^2=0{,}0361м^2+0{,}0004м^2=0{,}0365м^2$

$\mathbf{T_3^2=0{,}0365м^2}$

$\mathbf{T_3=0{,}191м=0{,}19м}$

$T_4^2=(0{,}19м)^2+(0{,}16м)^2=0{,}0361м^2+0{,}0256м^2=0{,}0617м^2$

$\mathbf{T_4^2=0{,}0617м^2}$

$\mathbf{T_4=0{,}248м=0{,}25м}$

$C_3$-кыргыз үйдүн түндүгүнүн ортосундагы эки даана белдиктин оң жана сол жактарындагы 4 даана белдиктердин узундугу төмөндөгүдөй жазылат: $\mathbf{C_3=4\cdot(2T_3+2T_4)=8\cdot(T_3+T_4)}$

$C_3=8\cdot(T_3+T_4)=8\cdot(0{,}19м+0{,}25м)=8\cdot0{,}44м=3{,}52м$

$\mathbf{C_3=3,52м}$

$\mathbf{C_4}$-кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн чокусундагы кыргыз үйдүн түндүгү менен негизин туташтырган көңдөй трубанын айланасынын узундугу.

Трубанын диаметри 10см болгондуктан , анда радиусу **r=5см=0,05м** болот.

$\mathbf{C_4==2\cdot\pi\cdot r}$

$C_4=2\cdot3,14\cdot0,05м=6,28\cdot0,05м=0,314м$

Демек,кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн темирлеринин жалпы узундугу $\mathbf{C_т}$**,** кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн темирлеринин узундугунан түндүк менен негизди туташтырган трубанын эки эселенген диаметрин кемиткенге барабар:

$\mathbf{C_т= C_1+ C_2+ C_3+C_4-0,2м}$

$C_т= 2,512м+ 1,88м+ 3,52м+0,314м-0,2м=8,026м$

$\mathbf{C_т= 8,026м}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн темирлеринин көлөмүн табуу формуласы төмөндөгүдөй жазылат:

$$\mathbf{V_т=\pi\cdot(d_т/2)^2\cdot C_т} \qquad \mathbf{V_т=\pi\cdot r_т^2\cdot C_т} \qquad \mathbf{V_т=S_т\cdot C_т}$$

$V_т=70,65\cdot10^{-5}м^2\cdot8,026м=567,0369\cdot10^{-5}м^3=5,67\cdot10^{-3}м^3$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгүнүн массасын табуу формуласы төмөндөгүдөй жазылат: $\mathbf{m_{5түнд}=\rho\cdot V_т}$

$m_{5түнд}=7,8\cdot10^3 кг/м^3\cdot5,67\cdot10^{-3}м^3=44,226кг$

$\mathbf{m_{5түнд}=44,226кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн түндүгү менен негизин бириктирген жерге орнотулган труба аркылуу өйдө-төмөн жылуучу көңдөй трубанын(6-сүрөт) көлөмүн жана массасын табуу.




6-сүрөт.Үйдүн түндүгү менен негизин бириктирген жерге орнотулган труба аркылуу өйдө-төмөн жылуучу көңдөй труба.

$\mathbf{R_2=4,8см=0,048м}$

$h_{труба}=1,3м+0,18м+1,32м+0,2м=3м \qquad \mathbf{h_{труба}=3м}$

$\mathbf{S_{2труба}=2\cdot\pi\cdot R_2\cdot(h_{труба}+R_2)}$

$S_{2труба}=2\cdot3,14\cdot0,048м\cdot(3м+0,048м)=6,28\cdot0,048м\cdot3,048м=0,30144м\cdot3,048м=$

$=0,91878912м^2$

$\mathbf{V_{2труба}=\pi\cdot R_2^2\cdot h_{труба}}$

$V_{2труба}=\pi\cdot R_2^2\cdot h_{труба}=3,14\cdot(0,048м)^2\cdot 3м=3,14\cdot 0,002304м^2\cdot 3м=$

$=0,00723456м^2\cdot 3м=0,02170368м^3$

$V_{2труба}=0,02170368м^3$

$\mathbf{R_1=5см=0,05м}$

$\mathbf{S_{1труба}=2\pi R_1\cdot(h_{труба}+R_1)}$

$S_{1труба}=2\pi R_1\cdot(h_{труба}+R_1)=2\cdot 3,14\cdot 0,05м\cdot(3м+0,05м)=6,28\cdot 0,05м\cdot 3,05м=$

$=0,314м\cdot 3,05м=0,9577м^2$

$\mathbf{V_{1труба}=\pi\cdot R_1^2\cdot h_{труба}}$

$V_{1труба}=\pi\cdot R_1^2\cdot h_{труба}=3,14\cdot(0,05м)^2\cdot 3м=3,14\cdot 0,0025м^2\cdot 3м=0,00785м^2\cdot 3м=$

$=0,02355м^3$

$V_{1труба}=0,02355м^3$

$V_{труба}=V_{1тр}-V_{2тр}=0,02355м^3-0,02170368м^3=0,00184632м^3$

$\mathbf{V_{труба}=0,00184632м^3=1,84632\cdot 10^{-3}м^3}$

$\mathbf{m_{6труба}=\rho\cdot V_{труба}}$

$m_{6труба}=\rho\cdot V_{труба}=7,8\cdot 10^3 кг/м^3\cdot 1,84632\cdot 10^{-3}м^3=14,401296кг$

$\mathbf{m_{6труба}=14,401296кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн темирлеринин жалпы массасы, керегенин массасына, анын негизи болгон тегерек фигуранын массасын, керегеге туташтырылган кесилген конус формасындагы төмөнкү жана жогорку фигуралардын массасын, кыргыз үйдүн түндүгүнүн массасын ошондой эле түндүгү менен негизин бириктирген көңдөй трубанын массасын кошконго барабар.

$\mathbf{m_{тж}=m_{1керege}+m_{2нег.тег}+m_{3кес.\ кон}+m_{4кес\ кон}+m_{5түнд}+m_{6труба}}$

$\mathbf{m_{тж}=382,0752кг+389,417902кг+71,27172кг+482,98224кг+44,226кг+}$
$\mathbf{+14,401296=1384,37436кг}$
$\mathbf{m_{тж}=1384,37436кг}$

Үйдүн негизи болгон тегерекке сарпталган полдун массасы: $\mathbf{m_{пол.}=\rho_{жыгач}\cdot V_{пол}}$
Полго керектелүүчү кургак карагай жыгачынын тыгыздыгы: $\mathbf{\rho_{жыгач}=0,6\cdot 10^3кг/м^3}$
$\mathbf{S_{2нег.тег.}=24,962686м^2}$
Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн негизи болгон тегерек темирдин үстүндөгү полдун калыңдыгы: $\mathbf{D_{пол}=3см=0,03м}$
Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн негизиндеги полдун көлөмү: $\mathbf{V_{пол}=S_{2нег.тег.}\cdot D_{пол}}$
$V_{пол}=S_{пол}\cdot D_{пол}=24,962686м^2\cdot 0,03м=0,74888058м^3$
$\mathbf{V_{пол.}=0,74888058м^3=748,88058\cdot 10^{-3}м^3}$
Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн негизи болгон тегерек темирдин үстүндөгү полдун массасы:
$m_{пол.}=\rho_{жыгач}\cdot V_2=0,6\cdot 10^3 кг/м^3\cdot 748,88058\cdot 10^{-3}м^3=449,328348кг$

$\mathbf{m_{пол}=449,328348кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдү жасалгалоо,жылуулоо жана жашоо шартында керектөө үчүн керектелүүчү буюмдардын массасы: $\mathbf{m_{кб}=315,62564кг}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй жашоого даяр болгон темирден жасалган кыргыз үйдүн массасы: $\mathbf{m_{үй}=m_{тж}+ m_{пол}+m_{кб}}$

$m_{үй}=m_{тж}+ m_{кб}=1384,37436кг+449,328348кг+315,62564кг=\mathbf{2149,32835кг}$

$\mathbf{m_{үй}=2149,32835кг}$

Демек, кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн оордук күчү, кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн салмагына барабар: $\mathbf{F_o=P}$

$\mathbf{F_o=m_{үй}\cdot g}$ **(1)**

$F_o=m_{үй}\cdot g=2149,32835кг\cdot 10м/с^2=21493,2835Н=\mathbf{21,5кН}$

$\mathbf{P= m_{үй}\cdot g}$

$P= m_{үй}\cdot g=2149,32835кг\cdot 10м/с^2=21493,2835Н=\mathbf{21,5кН}$

$\mathbf{F_o=P=21,5кН}$

Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдү сел келген маалда жогору көтөрүүчү күчтү эсептөө үчүн Архимеддин законуна таянабыз. Анткени көтөрүү күчү Архимед күчүнө барабар: $\mathbf{F_a=\rho_{сел}\cdot g\cdot V}$

Архимеддин закону боюнча кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн негизинен керегенин төмөнкү четтерине чейинки кесилген конустун көлөмүн табуучу формуланы жазабыз:

$$\mathbf{V=(1/3)\cdot\pi\cdot h\cdot(R_1^2+R_1\cdot R_2+ R_2^2)}$$

$$\mathbf{V=(1/3)\cdot 3,14\cdot 0,18м\cdot((2,82м)^2+2,82м\cdot 3м+(3м)^2)=0,1884м\cdot(7,9524м^2+8,46м^2++9м^2)=0,1884м\cdot 25,4124м^2=4,78769616м^3}$$

Архимед күчүн (2)формула менен эсептейбиз. $\mathbf{F_a=\rho_{сел}\cdot g\cdot V}$ **(2)**

$\mathbf{\rho_{сел}=1080кг/м^3}$ $\mathbf{g=10м/с^2}$ $\mathbf{V=4,78769616м^3}$

Архимед күчү үйдү көтөрүү күчүнө барабар:

$\mathbf{F_a=\rho_{сел}\cdot g\cdot V}=(1080кг/м^3)\cdot(10м/с^2)\cdot 4,78769616м^3=\mathbf{51707,1185Н=51,71кН}$

$\mathbf{F_a=51,71кН}$

Демек, Архимед күчү үйдүн салмагынан чоң болгондуктан, сел келгенде үй көтөрүлүп, сел бүткөндө кайра ордуна турат.

$\mathbf{F_o=P=21,5кН}$

$\mathbf{F_a=51,71кН}$ $\mathbf{F_a > F_o}$ $\mathbf{51,71кН>21,5кН}$

Бул учурда үй чөкпөйт. Ал сөзсүз калкыйт. Агып кетпейт.Үй жана үйдөгүлөр сел келгенде аман калат, материалдык чыгым болбойт. Экономикалык жактан жашоочуларга пайда келтирет.

Селге туруштук бере ала турган кыргыздардын кыргыз үйүндөй коллекцияда жер көчкүгө туруштук берүүчү конструкциясы бар үйдүн схемасы жана жер көчкүгө туруштук бере турган турак-жай имаратынын көчкү массасынын жылышынан, горизонталдык жүктөрдү кабыл алган турак жай имаратынын көрүнүшү жана сел келген маалда үйдөгү адамдардын аман калгандыгы, ошондой эле материалдык чыгымга учурабагандыгы көрсөтүлгөн. Жер көчкү массасы же сел суусу эркин өтүп, агып чыгат. Имараттын астында мейкиндик пайда болду(7-(а,б)сүрөт). Пайдалуу моделдин максаты[1]-турак жай имаратынын туруктуу долбоорун иштеп чыгуу жана анда жашаган адамдарды табигый кырсыктардан, анын ичинде жер көчкүдөн жана селден коргоону камсыз кылуу.

Маселе жер көчкүгө туруштук берүүчү конструкциясы бар турак жай имаратында куполду1, мамылардан жасалган чатырды2, кесилишкен тайгалардан турган тегерек тордуу дубалды4, эшиктерди5 жана пайдубалды камтыган турак жайдын үстүнкү жагында бириктирилген борбордук мамычаны10 камтышы менен чечилет. Тегерек шакек түрүндөгү негиздин7, жана горизонталдык плитанын ортосунда жайгашкан тешиктер аркылуу өтүүчү куполдун шакекчесине жана төмөнкү учуна чейин борбордук мамычалуу таяныч11менен, ал эми мамычалык таянычтарга орнотулган горизонталдык плита 8 чыны формасында жасалат.

| | |
|---|---|
|  |  |
| 7а-сүрөт.Селге туруштук бере ала турган кыргыздардын кыргыз үйүндөй коллекцияда жер көчкүгө туруштук берүүчү конструкциясы бар үйдүн схемасы. | 7б-сүрөт.Жер көчкүгө туруштук бере турган турак –жай имаратынын көчкү массасынын жылышынан, горизонталдык жүктөрдү кабыл алган турак –жай имараты. |

Ошентип, долбоорлоодон улам, кошумча жасалган борбордук мамы жана чөйчөк сымал плитасы менен сунушталган турак-жай имараты тышкы таасирлерге, тактап айтканда, жер көчкүгө жана селге туруктуулугун жогорулатат.

**Корутунду:**

1.Кыргыздардын кыргыз үйүндөй үйдүн болушу жашоочуларга пайда келтирет.Экономикалык жактан материалдык чыгымга учурабайт.

2. Кыргыздардын кыргыз уйүндөй үй сел жүргөн маалда жогору көтөрүлүп,сел бүткөндө кайра ордуна келгендиктен адамдар аман калат, өзүн-өзү куткара алат.

**Адабияттар:**

1.Кыдыралиев С.д.т.н.профессор,«Жилой дом с устойчивой конструкцией к селям и оползням ».Патент №277 от 31.10.2019г.

2.Карякин Н.И., Быстров К.Н., Киреев П.С.Краткий справочник по физике. Москва-1969г.(20-82-беттер).

3.Чугаев Р.Р. Гидравлика:Учебник для вузов. Ленинград. Энергоиздат. Ленинградское отделение.1982г.13-бет.

* * *

***Усенов Кенешбек Жумабекович, Тойчуева Б.Э.***

# ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТТЕРИНИН АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

***Усенов Кенешбек Жумабекович, Тойчуева Б.Э.***

# ПУТИ ИНТЕГРАЦИИ ОБЕСПЕЧЕНИЯ СВЯЗЕЙ МЕЖДУ ПРЕДМЕТАМИ МАТЕМАТИКА И ИНФОРМАТИКА В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

***Usenov K.J., Toichueva B.E.***

# WAYS TO INTEGRATE CONNECTIONS BETWEEN THE SUBJECTS OF MATHEMATICS AND COMPUTER SCIENCE IN THE EDUCATIONAL PROCESS

*<u>УДК 37.091.322.7</u>*

***Аннотация.*** *Бул макалада математика жана информатика предметтерин өз ара ички байланыштары жана аны окутуунун негиздери каралып анын маанилүүлүгүнө көңүл бурулду. Бул предметтерди өз ара байланыштыруунун интеграциялык усулу тандалып алынып, процессти ишке ашыруунун, эсептөө жана өлчөө, эсептөө, графикалык, эксперименталдык, долбоорлоо, прикладдык жана эмгек ишмердүүлүгүндө көндүмдөрдү өнүктүрүү сыяктуу универсалдык усулдарын колдонуу белгиленди. Программалоону үйрөнүү үчүн формулалар менен иштөө көндүмдөрү жана негизги элементардык функцияларды үйрөнүү үчүн аппаратты билүү зарылдыгы, Mathcad менен иштөөдө дифференциалдык эсептөөнүн элементтерин колдонуу да сунушталды. Аталган маселелерди чечүүдө, бул предметтер боюнча окуу программалары талданып, өз ара байланыштыруучу темалар бөлүнүп көрсөтүлдү. Орто мектептерде, бул темаларды окутуп үйрөтүүдө интеграциялап окутуу усулуна басым жасалуу керектиги сунушталды.*

***Түйүндүү сөздөр.*** *mathcad, калькулятор, предмет аралык байланыш, функция, интеграция, обьектилер, маалымат технологиялары, өнүгүү концепциясы, фактылар, концептуалдык байланыштар.*

***Аннотация.*** *В этой статье рассматриваются внутренние взаимосвязи между предметами математики и информатики и основы ее преподавания. Выбран интеграционный метод взаимосвязи этих предметов и намечено применение таких универсальных методов реализации процесса, как расчет и развитие навыков в измерительной, вычислительной, графической, экспериментальной, проектной, прикладной и трудовой деятельности. Навыки работы с формулами для изучения программирования и необходимость знания устройства для изучения основных элементарных функций также были предложены для использования элементов дифференциального исчисления при работе с Mathcad. При решении указанных вопросов были проанализированы учебные программы по этим предметам, выделены взаимосвязанные темы. В средних школах было предложено сделать упор на интегрированный метод обучения при преподавании этих предметов.*

***Ключевые слова.*** *mathcad, калькулятор, межпредметный связь, функция, интеграция, объекты, информационные технологии, концепция развития, факты, концептуальные связи.*

***Annotation:*** *This article examines the internal relationships between the subjects of mathematics and computer science and the basics of its teaching. The integration method of the interrelation of these subjects is chosen and the application of such universal methods of process implementation as calculation and development of skills in measuring, computing, graphic,*

*experimental, design, applied and labor activities is planned. The skills of working with formulas to study programming and the need to know the device to study basic elementary functions have also been suggested for using elements of differential calculus when working with Mathcad. In addressing these issues, curricula in these subjects were analyzed and interrelated topics were highlighted. In secondary schools, it was proposed to focus on an integrated teaching method in teaching these subjects.*
***Key words:*** *mathcad, calculator, interdisciplinary connection, function, integration, objects, information technology, development concept, facts, conceptual connections.*

**Киришүү**

Маалымат бардык бардык илимдер үчүн жалпы компонент болуп саналат. Ал илимдин мазмунун жана мүнөзүн өз ара байланыштырып турат. Информатикада окутулуучу информациялык процесстер дээрлик бардык предметтик облустарда көрүнүктүү орунду ээлейт. Ошондуктан информатика окуутупроцессинде предмет аралык байланыштардын интеграциялоочу предмет катары сыпатталат [1].

Окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн азыр интеграцияланган сабактарды колдонуу зарыл болуп калды. Аларды иштеп чыгууда мугалим кайсы класста, кайсы убакта тигил же бул тема окуулуп жатканын, билими пландаштырылган окуу материалын үйрөнүү үчүн зарыл экендигин так билиши керек [2].

Курстун структурасынын элементтеринин ички байланыштары бир предметтин алкагында же болбосо, ар түрдүү предметтердин алкагында жайгашышы мүмкүн. Ошого байланыштуу предметтин ичиндеги же предметтер аралык байланыш болуп айырмаланат;

Предметтер аралык байланыш бул башынан эле педагогикалык категория катары предметтердин маанилүү негиздерин бириктирүүчү функцияны аткарат. Алсак, информатикадагы интеграция каражаты болуп маалыматтык-коммуникациялык технологиялар эсептелинет жана ал бүгүнкү билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан инновациялык процесстерди ишке ашырууга, жогорку билимдүү, интелектуалдык деңгээли бийик кесипкөй инсандарды даярдоого, билим берүү ыкмаларын байытып, окутуунун сапатын жогорулатууга көмөктөшөт [3].

Математика менен информатиканы интеграциялоо окуучулардын эсептөө жана өлчөө, эсептөө, графикалык, эксперименталдык, долбоорлоо, прикладдык жана эмгек ишмердүүлүгүндө көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет. Ооба, ошол эле учурда ар кандай предметтер боюнча мугалимдер окуучуларга көндүмдөрдүн жалпы түзүлүшүнө, аткарылуучу иш-аракеттердин ырааттуулугуна, көндүмдөрдүн калыптануу жана өнүктүрүү этаптарына жараша бирдиктүү талаптарды коюшу керек. Аларга аракеттердин үлгүсүн көрсөтүү, анын колдонулушун түшүнүү жана татаал тапшырмаларды аткарууда аны бириктирүү кирет.

Программалоону үйрөнүү үчүн формулалар менен иштөө көндүмдөрү жана негизги элементардык функцияларды үйрөнүү үчүн аппаратты билүү зарыл. Mathcad менен иштөөдө дифференциалдык эсептөөнүн элементтери колдонулат [4].

Биз, бул макалада, математика жана информатика предметтерин окутууда предметтер аралык байланыштарды ишке ашырууга мүмкүн болгон жана информатика менен синтез жүргүзүү максатка ылайыктуу болгон, методикалык багыттагы темаларын тандап алдык [5]:

| Математика курсунун негизги мазмундук линиялары | Дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү курстун темалары | |
|---|---|---|
| | Математика | Информатика |
| Сандар жана эсептөөлөр | Рационалдык сандардын үстүнөн жүргүзүлгөн амалдар | 1.Калькулятордун жардамы менен компьютерде эсептөөлөр<br>2.Excel таблицалары менен иштөө, математикалык эсептөөлөр<br>3.Математикалык текстти киргизүү, Word программасында формула редактору менен иштөө<br>4.Mathcadди супер калькулятор катары колдонуу |
| Теңдемелер жана теңсиздиктер | 1.Рационал жана трансценденттик теңдемелер жана теңсиздиктер<br>2. Теңдемелердин жана теңсиздиктердин системалары | 1.Excel жана Mathcad программаларында теңдемелерди сандык чечүү<br>2.Mathcad тилинде сызыктуу эмес теңдемелерди чыгаруу<br>3.Excel жана Mathcad программаларында теңсиздикти чечүү<br>4.Excel жана Mathcad программаларында теңдемелердин жана теңсиздиктердин системаларын чечүү |
| Функциялар жана алардын касиеттери | 1.элементардык функциялар жана алардын касиеттери<br>2.Графикалык функциялар<br>3.Функциянын туундусу<br>4.Интегралдык | 1.Paint аркылуу функциялардын графиктерин түзүү<br>2.Excelде функциялардын жөнөкөй графиктерин түзүү<br>3.Word жана Excelде таблицалоо функциялары<br>4.Интервал өзгөрмө. 4.Mathcadда функцияны көрсөтүү ыкмалары<br>5.Mathcad тилинде функциянын графиктерин түзүү<br>6.Mathcad тилинде интегралдык жана туундуларды эсептөө |
| Геометриялык фигуралар жана телолор | 1.Геометриялык фигуралардын касиеттери (үч бурчтук, тегерек, көп бурчтуктар)<br>2.Геометриялык нерселердин касиеттери (призма, пирамида, тегерек нерселер) | 1.Геометриялык фигураларды куруу Paint zhana Word<br>2.Paint программасы сында геометриялык композицияларды тузу<br>3.Excelде геометриялык модели<br>4.Mathcad тилиндеги геометриялык амалдар. Mathcad тилинде программалоо |

| | | |
|---|---|---|
| Геометриялык чоңдуктар | 1.Аянттарды, сегменттердин узундуктарын, бурчтарды, көлөмдөрдү эсептөө | 1.Paint программасында геометриялык операцияларды моделдөө Excel жана 2.Mathcad программаларында математикалык эсептөөлөр |
| Вектордук анализ | 1.Тегиздиктеги жана мейкиндиктеги тик бурчтуу координаттар системасы<br>2. Векторлор боюнча аракеттер | 1.Paint жана Word программаларында вектордук графика<br>2. Mathcad тилинде математикалык моделдерди жана программалоону үйрөнүү. |

Бул темаларды окутуп, үйрөтүүдө, мисалы, MathCAD математикалык пакети информатика жана математика боюнча интеграцияланган сабактар үчүн универсалдуу программалык чөйрө болуп саналат. Андагы чечимдерди форматтоо блокноттогу маселелерди чечүүгө эң окшош. “Практикалык иш” папкасында кесиптик ишиңизде орнотуу жана колдонуу үчүн MathCAD математикалык программалык пакети сунушталат, ал эми “өз алдынча иш” папкасында колдонуучу колдонмосу бар.

MathCAD программасын колдонуу менен информатика жана математика боюнча «Функцияларды изилдөө жана графиктерди түзүү» темасы боюнча интеграцияланган сабактын планын карап көрөлү. Мындай сабактардын усулдук максаттары, математикалык көз караштан алганда төмөнкүдөй натыйжага ээ болобуз [6]:

1.Функцияларды изилдөө жана алардын графиктерин түзүү маселелери боюнча билимдерди кеңейтүү жана тереңдетүү;

2.Методикалык материал менен иштөөдө өз алдынчалыкты өнүктүрүү;

3.Маселелерди чечүүнүн математикалык ыкмаларынын бирдиктүүлүгүн түшүнүү (моделдөө, алгоритмдөө);

4.Математикалык фактыларды көрсөтүүнүн бир формасынан экинчисине өтүү көндүмдөрүн калыптандыруу, бул сапатты жогорулатууга жардам берет

5. Билимди өздөштүрүү.

Информатика илиминин көз карашынан алганда төмөндөгүдөй жыйынтыктарды алабыз [7]:

1. Программалык чөйрөнүн графикалык модулунун негизги мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө;

2. Маалыматтардын түрүн өзгөртүү боюнча студенттердин билимин консолидациялоо;

3. Окуучулардын компьютердик сабаттуулугунун кээ бир элементтерин калыптандыруу (графикалык интерфейске талаптарды эске алуу менен программаны жазуу жана долбоорлоо) [8].

**Колдонулган адабияттар**


1. Лошкарева Н.А. О понятии и видах межпредметных связей Н.А., Педагогика. – М., 1972. - №6-С.48-56
2. Федорова В.Н., Кирюшкин Д.М. Межпредметные связи – М педагогика, 1989
3. Бабаев Д.Б., Төрөгулова Р.А Физика жана информатика дисциплиналарын предмет аралык байланыштын негизинде окутуу, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин жарчысы атайын чыгарылышы(S) 2020-жыл

4. Бабаев Д.Б., Матисаков Ж.К. Современные педагогические технологии, используемые в обучении. Извести ВУЗов Кыргызстана. 2014. №3. С. 249-251
5. Торогулова Р. А. Способы формирования профессиональной компетентности обучающихся на уроках информатики с применением инновационных технологий. Известия Кыргызского Государственного Технического Университета Им. И.Раззакова 2017 №2 (42) стр.234-239. (https://elibrary.ru/item.asp?id=30274082)
6. Төрөгулова Р. А. Табигый-математикалык предметтерин окутууда студенттердин МКТ-компетентүүлүгүн калыптандыруунун адаптивдүү жолдору Наука и новые технологии Кыргызстана № 5 2022-жыл 46-49-беттери (https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48535320)
7. Скворцов, С. А. (2015). "Заманбап мектептеги предметтер аралык байланыштар: практика жана методология." Новосибирск: Издательство НГТУ.
8. Торогулова Р. А. Бабаев Д.Б., Субанов Б.А., Использование информационных и коммуникативных технологий в учебном процессе вуза.

* * *

***ИНФОРМАТИКА***
***ИНФОРМАТИКА***
***INFORMATICS***

***Айтбай кызы Айгул, Айтбаева Аксана Таалайбековна***

# ИНТЕРНЕТТИН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН ЖАШТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (ОШМУНУН ЖАНА ОШТУНУН СТУДЕНТТЕРИНИН МИСАЛЫНДА)”

***Айтбай кызы Айгул, Айтбаева Аксана Таалайбековна***

# «ВЛИЯНИЕ ИНТЕРНЕТА И СОЦИАЛЬНЫХ СЕТЕЙ НА МОЛОДЕЖЬ (НА ПРИМЕРЕ СТУДЕНТОВ ОШГУ И ОШТУ)»

***Aitbay kyzy Aigul, Aitbaeva Aksana Taalaibekovna***

# “THE INFLUENCE OF THE INTERNET AND SOCIAL NETWORKS ON YOUTH (ON THE EXAMPLE OF STUDENTS OF OSH STATE UNIVERSITY AND OSHTU)”

*УДК 37.091.322.7*

***Аннотация:*** *макалада интернеттин жана социалдык тармактардын жаштарга тийгизген таасирлери каралган. Учурда жаштардын басымдуу бөлүгү социалдык тармактарга сүңгүп кирип, “виртуалдыкка көз карандылыктын” калыптануу мүмкүнчүлүгүн сезбей бараткандай. Ушул багытта эки чоң университеттин студенттеринен сурамжылоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар көрсөтүлдү.*

*Изилдөөлөр азыркы этапта Кыргызстанда мамлекеттик жаштар саясатынын алкагында жаштардын бош убактысын уюштуруу боюнча уюмдардын жана мекемелердин ишин жакшыртууга багытталган чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтүп турат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *ТикТок, ВКонтакте, Одноклассникиге, Facebook, Мой Мир, MySpace,Twitter,Фото өлкө,ICQ, маалымат-коммуникациялык инновациялар, онлайн аукциондор, виртуалдык жашоо, коммуникативдик.*

***Аннотация:*** *в статье рассматривается влияние Интернета и социальных сетей на молодежь. В настоящее время большинство молодых людей погружаются в социальные сети и не ощущают возможности «виртуальной зависимости». В этом направлении был проведен опрос студентов двух крупных вузов и представлены результаты.*

*Исследования показывают необходимость принятия мер, направленных на совершенствование работы организаций и учреждений по организации досуга молодежи в рамках государственной молодежной политики Кыргызстана на современном этапе.*

***Ключевые слова:*** *TikTok, ВКонтакте, Одноклассники, Facebook, Мой Мир, MySpace, Twitter, Фотострана, ICQ, информационно-коммуникационные инновации, интернет-аукционы, виртуальная жизнь, коммуникативный.*

***Annotation:*** *The research shows the necessity of taking measures directed to improving the work of the organisation and institutions about organizing youth leisure within the youth state policy framework of Kyrgyzstan in the modern stage. Research shows the need to take measures aimed at improving the work of organizations and institutions for organizing youth leisure within the framework of the state youth policy of Kyrgyzstan at the present stage.*

***Keywords:*** *TikTok, VKontakte, Odnoklassniki, Facebook, My World, MySpace, Twitter, Photo Country, ICQ, information and communication innovations, online auctions, virtual life, communicative.*

Заманбап коом - бул жогорку технологиялардын өнүккөн коому. Учурда интернет тармагы бүткүл дүйнөнү жана адам жашоосунун бардык чөйрөлөрүн камтыды. Интернет-дүкөндөр үйдөн чыкпастан эле сатып алууларды жасоого, онлайн берүүлөр телеберүүлөрдү, жаңылыктар программаларын ж.б. көрүүгө мүмкүндүк берет. Маалымат алмашуу, жумуш издөө, алып-сатуу, адамдардын ортосундагы баарлашуу, эс алуу азыркы күндө виртуалдык дүйнөгө өтүп жатат. Башкача айтканда интернет тармагы адам баласынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтти. Интернеттин коом үчүн негизги функциясы коммуникативдик.

Социалдык тармактар заманбап шарттарда жаш муундарга таасир этүүчү күчтүү курал болуп калды. Социализациянын үй-бүлө, мектеп, достор,теңтуштар сыяктуу классикалык институттары экинчи планга өтүп калган. Жаштар үчүн иллюзордук, виртуалдык дүйнө күндөн-күнгө жагымдуу болуп баратат. Бул сиздин сезимдериңиз, тажрыйбаңыз жөнүндө сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, ошондой эле башка адамдардын жеке маалыматына жетүү мүмкүнчүлүгүн берип жатат. Ага сүңгүп кирип, алар “виртуалдыкка көз карандылыктын” калыптануу мүмкүнчүлүгү бар экендигин ойлонушпайт. Чыныгы көйгөйлөрдөн качып, виртуалдык дүйнөгө өткөн жаштар аны түшүнбөстөн, аны реалдуулуктун бир бөлүгү катары кабыл ала башташты.

Интернеттин жана социалдык тармактардын жаштарга тийгизген таасирин билүү максатында сурамжылоо жүргүздүк.

Интернет эмне берет?

Сурамжылоого ОшТУдан (100) жана ОшМУдан (100) студент (Жалпы 200) катышты. Жалпы сурамжылоого катышкандардын 21% пайызы гана басылмаларды системалуу түрдө окуй турганын, 40%ы- "убакты менен", 27%ы электрондук басылмаларды жактырарын, 12%ы- "окууга убактысы жок" экенин көрсөттү. Ошол эле учурда респонденттердин баары (100%) интернетти тигил же бул максатта колдонушаарын жана «азыркы шарттарда интернеттин жардамысыз ийгиликтүү окуу (иштөө) мүмкүн эмес» деп белгилешти. Адатта респонденттер интернетте 5-6 сааттан ашык убакыт өткөрүшөөрүн 7%, 3-5 сааттан көп убакыт колдоноорун 20%, 1-3 саат пайдаланаарын 53% көрсөттү.

Жаштар эмне үчүн интернетти колдонушат? Бул суроонун айланасында төмөнкү жооптор алынды: "байланыш (социалдык тармактар)" - 96%, "окуу (иш) үчүн маалымат издөө" - 19%, "онлайн оюндар" - 31%, "өлкөдөгү окуялар тууралуу маалымат издөө, дүйнө" - 11% , "эс алуу жөнүндө" - 24%, "спорт жөнүндө" - 32%, "файлдарды (музыка, кино ж.б.) жүктөө" - 79%, "максатсыз" (жөн эле адат үчүн бардык сайтты кыдыруу) - 6 %. Сурамжылоого катышкан студенттердин эң аз бөлүгү сынактар, стипендиялар, гранттар боюнча маалыматтарга кызыгышат. Студенттер арасынан 5% гана бул маалыматты интернеттен окуйм деп жооп беришкен. Жооптун маалыматтары көрсөткөндөй, жаштар үчүн Интернет – бул жаштар издөө үчүн колдонгон көңүл ачуучу мүнөздөгү маалыматты алуу ыкмасы.

Социалдык түйүндөрдүн колдонуучуларынын эң активдүү аудиториясы дал ушул жаштар, реалдуу байланышка караганда виртуалдык баарлашууга артыкчылык беришет. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, учурда ВКонтакте социалдык тармагына күн сайын 30 миллион, Одноклассникиге 22 миллион, Facebook тармактык порталына 13 миллион, ТикТок тармагына 40-50 миллион адам кирет [3, с. 40]. Респонденттердин 96% социалдык түйүндөрдө катталган, ал эми 4%ы учурда интернетке туруктуу кире албагандыктан гана каттоодон өткөн эмес. Жаштар ТикТок – 94%, Вконтакте – 76%, Одноклассники – 84%, Мой

Мир – 68%, Facebook – 56%, MySpace – 8% сыяктуу социалдык тармактарды жактырышат. Ошондой эле жооп варианты катары тармактык байланыштар "Twitter" - 36%, "Фото өлкө" - 12%, "ICQ" - 6% ж.б. деп аталды. Ошол эле учурда респонденттердин көбүнүн, белгилүү болгондой, бир нече интернет тармактарында өздөрүнүн "профилдери" бар. Көбүнчө соцтармактарды сурамжылоого катышкан студенттердин 96%ы"үйдө ", бирок ошол эле учурда 28%ы"сабакта деле социалдык тармакка кирүү" мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбайт, ал эми 19%ы" үйгө бара жаткан жолдо» колдонушаарын белгилешкен. Соцтармак кызыктуу болуп, "онлайн режиминде көп убакыт өткөргөндүктөн, алар маанилүү иштерди аткарууга убактысы жок экендигин " - 14%ы "көбүнчө", 38%ы "кээде", 29%ы "сейрек" жана 19%ы гана " эч качан» деп көрсөтүшкөн. Интернетте көп убакыт өткөргөндүктөн, окуудагы жана жумуштагы ийгилик азая турганы баарыбызга маалым.

Жаштардын социалдык тармактарда убактысын көп өткөрүүнүн себептерин респонденттер төмөнкүчө түшүндүрүшөт:

- ➢ жаштардын басымдуу бөлүгү (86%) социалдык тармактарга "өздөрүн кызыктырган темалар боюнча достору менен баарлашуу" үчүн барышат деп жооп беришкен;
- ➢ бирок ошол эле учурда алар тармакта олуттуу эч нерсе талкуулабай турганын белгилешкен.

Талкууланган темалардын арасында: “адамдар ортосундагы мамиле” – 82%, “жыныс ортосундагы мамиле” – 76%, “мода” – 38%, “университеттеги, жумуштагы көйгөйлөр” – 46%, “окуу жайындагы, коомдогу саясий жана социалдык көйгөйлөр” 28%, “экономикалык көйгөйлөр” 18%ы (бир нече жоопторго уруксат берилген) талкууланат. Студенттердин 31%ы үчүн социалдык тармактардагы тиркемелер, тактап айтканда, "оюндар" жагымдуу. 12%ы үчүн социалдык тармактарда жаңы адамдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Респонденттердин көпчүлүгү (84%) социалдык тармактардын оң жагы катары “башка колдонуучулардын файлдарын, сүрөттөрүн, видеолорун көрүү мүмкүнчүлүгүн” белгилешкен. Бул маалыматтар социалдык тармактарды жаштар көйгөйлөрүн чечүү үчүн эмес, көңүл ачуу үчүн колдонорун айгинелейт.

Бирок жаштар социалдык тармактардын жашоосундагы ордун кандай баалайт?

Сурамжылоого катышкан студенттердин 28%ы социалдык тармактарды "маалымат-коммуникациялык инновацияларды алып келүүчү активдүү коомдук күч" деп эсептесе, 56%ы "социалдык тармактар аларга онлайн кат алышууга мүмкүнчүлүк берет", 18%ы "социалдык тармактагы сайттар өзүн-өзү ишке ашыруу", респонденттердин 16%ы социалдык тармакты артык көрүшөт, анткени "социалдык тармактарда реалдуу баарлашуудан качууга мүмкүн болбогон конвенциялар жок".

Сурамжылоодо жаштардын аң-сезиминдеги карама-каршы тенденциялар да аныкталган. Социалдык тармактардын жакшы жактарын белгилеп, респонденттердин 41%ы аларды дүйнө жүзү боюнча жамандык, баңгизат, “жаман” тенденция деп эсептешет (50%ы андай деп эсептешпейт, 9%ы жооп берүү кыйынга турду). 36%ы социалдык тармактар реалдуу жашоодогу аракеттерге таасирин тийгизерин белгилешти (48%ы таасир этпейт, 16%ы жооп берүү кыйынга турду). “Виртуалдык байланыш реалдуу байланышты алмаштырып жатабы” деген суроого респонденттердин 86%ы “виртуалдык байланыш реалдуу байланышты алмаштырбайт”, 14%ы “жаңы технологиялардын өнүгүшү виртуалдык байланыштын үстөмдүгүнө алып келет” деп жооп беришкен.

Виртуалдык дүйнө жаштар үчүн коркунучтуубу?

Ооба, балким виртуалдык дүйнө кызыктыр. Бул реалдуу көйгөйлөрдөн жашырууга мүмкүндүк берет, анда биз маектешибизди таап, аны менен ички дүйнөбүздү бөлүшө алабыз. Бирок, биздин оюбузча, эң негизги көйгөй – азыркы жаштардын толугу менен интернетке көз каранды болуп баратканында. Мындай көз карандылыктын бир нече түрү бар. Биринчиден, компьютер менен иштөөгө болгон көз карандылык (мисалы, оюндар, программалоо жана башка иштер); экинчиден, WWW боюнча компульсивдүү навигация, алыскы маалымат базаларында маалыматтарды издөө; үчүнчүдөн, интернет, онлайн аукциондор, электрондук сатып алуулар аркылуу кумар оюндарына патологиялык кошулуу; төртүнчүдөн, интернеттин социалдык тиркемелеринен, б.а. чаттарда, топтук оюндарда жана телеконференцияларда баарлашуудан көз карандылык; бешинчиден, «киберсекске» көз карандылык (Интернеттеги порнографиялык сайттардан, чаттарда же «чоңдор үчүн» жабык топтордо сексуалдык темаларды талкуулоо) [1].

Эң кеңири тараган, биздин оюбузча, онлайн байланышка көз карандылык. Көптөр ансыз жашоосун элестете алышпайт. Онлайн кат алышуу аркылуу баарлашкан жаштар жеке баарлашууну унутуп коюшат. Убакыттын өтүшү менен сайтта туруктуу болуу үчүн патологиялык муктаждык пайда болот. Жаштарды мындай көз карандылыкка эмне түртүүдө? Психологдор заманбап коомдо "элдин арасында жалгыздык" сыяктуу көйгөй бар экенин белгилешет: адам, командада болуу менен дагы эле жалгыз бойдон калууда, убактысынын көбүн компьютер менен жалгыз өткөрөт жана бул, албетте, инсандын жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнө өз изин калтырат [2]. Интернет көз карандылык, чынында, реалдуу көйгөйлөрдөн качуу болуп саналат. Өзүн-өзү ишенбөөчүлүк, баарлашуудагы кыйынчылыктар, жашоодо болгон нерсеге канааттанбоо, өзүн-өзү төмөн баалоо, комплекстер жаштарды виртуалдык дүйнөгө түртөт, бул реалдуулуктан качууга жана маанилүү сезүүгө мүмкүндүк берет. Интернетке көз карандылык жаштардын физикалык жана психологиялык ден соолугуна терс таасирин тийгизет.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы этапта Кыргызстанда мамлекеттик жаштар саясатынын алкагында жаштардын бош убактысын уюштуруу боюнча уюмдардын жана мекемелердин ишин жакшыртууга багытталган чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтүп турат. Заманбап шарттарда компьютердик көз карандылыктын тобокелдигин алдын алуу үчүн профилактикалык иш-чаралар талап кылынат, анткени көптөгөн жаштарда социалдык тармактарды, Интернет оюндарын, ISQ жана башка тармактык ресурстарды көзөмөлсүз колдонуунун жаман адаттарына каршы туруу көндүмдөрү жок; ошондой эле адамдын ден соолугуна баалуулук мамилесин калыптандыруу боюнча чаралар, жаштардын маалыматтык маданиятын калыптандыруу зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Войскунский А.Е., Актуальные проблемы зависимости от интернета // Психологический журнал. — 2004. — № 1.
2. В паутине социальных сетей. [Электронный ресурс] — Режим доступа. — URL: http://www.inetomaniya.ru/psixologiya-problemy/v-pautine-socialnyx-setej/
3. Шумакова Е.В. Воспитательное пространство социальных сетей интернета // Профессиональное образование. Столица. — 2011. — № 6. — С. 39—40.


*    *    *

***Осмонова Н.Т. Абдималикова Г.А.***

# ИНФОРМАТИКАДА ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ - ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ КАТАРЫНДА

***Осмонова Н.Т. Абдималикова Г.А.***

# ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ В ИНФОРМАТИКЕ-КАК ТВОРЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ ОБУЧАЮЩИХСЯ

***Osmonova N.T. Abdimalikova G. A.***

# RESEARCH ACTIVITY IN INFORMATION SCIENCE - AS CREATIVE DEVELOPMENT OF STUDENTS

*УДК 001.891*

***Аннотация:*** *Мамлекеттик билим берүү стандартында окуучулардын алган билимдерин турмушта колдоно билүү жөндөмүн калыптандыруу маселесине озгөчө көнүл бурулган. Ошондуктан, окутуунун максаттарын ишке ашырууда окуучулардын изилдөө иштерин уюштуруу маселеси актуалдуу болуп саналат. Макалада информатика предметинен окуучулардын изилдөө иштерин уюштурууну практикалык колдонуунун мисалдары берилген. Информатикада изилдөөнү уюштуруунун этаптары ирети менен баяндалган. Талдоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй изилдөө иштери окутуунун бардык деңгээлдеринде, ар бир сабакта уюштурулса, окуучуларды активдүү изденүүгө, мугалим менен окуучунун биргелешип иш алып баруусуна, сабакка болгон кызыгуусун арттырып, мотивациясын жогорулатууга шарт түзөт. Изилдөө иштерин уюштурууда мугалимдин ролу окуучулардын өз алдынча, таанып–билүүчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууда турат. Окуучулар активдүү изденүү процессинде бири-бири менен карым катнаш түзүү аркылуу, коммуникативдик компетенциялары калыптанат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Мамлекеттик билим берүү стандарты, компетенттүүлүк, окуучулардын илимий-изденүүчүлүк ишмердүүлүгү, изилдөө иштери, долбоор, проблема, информатика, компьютер, клавиатура,текст, кроссворд.*

***Аннотация:*** *В государственном образовательном стандарте особое внимание уделяется вопросу формирования умений учащихся использовать полученные знания в жизни. Поэтому вопрос организации исследовательской деятельности обучающихся в реализации образовательных целей является актуальным. В статье представлены примеры практического использования организации исследовательской работы обучающихся по предмету «Информатика». По порядку описаны этапы организации исследований в области информатики. Результаты анализа показывают, что если организовать исследовательскую работу на всех уровнях образования, на каждом уроке, это позволит учащимся активно искать, работать совместно между учителем и учеником, повысить их интерес к уроку, повысить мотивацию. Роль преподавателя в организации исследовательской работы заключается в организации самостоятельной, познавательной, творческой деятельности учащихся. Обучающиеся развивают свою коммуникативную компетентность, создавая взаимоотношения друг с другом в процессе активного исследования..*

***Ключевые слова:*** *Государственный образовательный стандарт, компетентность, исследовательская деятельность обучающихся, исследовательская работа, проект, задача, информатика, компьютер, клавиатура, текст, кроссворд*

***Annotation:*** *The state educational standard pays special attention to the issue of the formation of students' skills to use the acquired knowledge in life. Therefore, the issue of organizing the research activities of students in the implementation of educational goals is relevant. The article presents examples of practical use of the organization of research work of students on the subject of "Computer Science". The stages of organizing research in the field of computer science are described in order. The results of the analysis show that if you organize research work at all levels of education, at each lesson, it will allow students to actively search, work together between teacher and student, increase their interest in the lesson, increase motivation. The role of a teacher in organizing research work is to organize independent, cognitive, and creative activities of students. Students develop their communicative competence by creating relationships with each other in the process of active research.*

***Keywords:*** *State educational standard, competence, research activity of students, research work, project, task, computer science, computer, keyboard, text, crossword*

Мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленген заманбап мамлекеттик билим берүү саясатынын артыкчылыктары негизги компетенттүүлүктө камтылган. Анда "негизги компетенттүүлүк-коомдун, мамлекеттин, жеке инсандын кесиптик буйрутмасына (заказына) шайкеш келген, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген, көп функционалдуу, предметтик билимден жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы" деп көрсөтүлөт[1]. Азыркы күндө мектеп алдында универсалдуу билим берүү ишмердүүлүгүн, анын ичинде окуучулардын илимий-изденүүчүлүк ишмердүүлүгүн уюштуруу аркылуу калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жолдорун издөөнүн кечиктирилгис милдети турат. Бул маселени чечүү "Долбоор – практикалык же теориялык мааниге ээ болгон маселени чечүүдө алына турган натыйжага багытталган, окуучулардын өз алдынча же топтун ичиндеги ишмердүүлүгүн талап кылып, алардын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоция жана баалуулук) жана жүрүм-турумдук иш-аракеттерин уюштурууну камсыздаган педагогикалык технология"[1] аркылуу ишке ашырыла тургандыгы талашсыз. Мына ушул себептен заманбап мектепте окуучулардын илимий ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана илимий-теориялык жактан негиздөө зарыл болуп саналат. [2]

Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, мектеп окуучуларынын арасында илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун психологиялык негиздери В.И.Андреевдин, П.Я.Гальпериндин, А.В.Леонтовичтин жана башкалардын эмгектеринде каралган. Теориялык база катары: -окуучулардын илимий-изилдөө иштерин уюштуруу концепциясы Н.Г.Алексеев, А. С. Обухов, М. М. Фирсова ж. б.; - орто мектептердин окуучуларынын изилдөөчүлүк активдүүлүгүнүн теориялык жоболору А. В. Леонтович, А. Н. Поддьяков, А. и. Савенков ж. б. тарабынан изилденген. Окумуштуулар тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөргө саресеп салсак, изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизинде окутуу – билимди жигердүү өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берээрин айгинелейт.

Информатика предмети мектеп программасында пайда болгондон тартып азыркы күнгө чейин өзгөчө предмет статусуна ээ болуп келе жатат. Ушунчалык күтүүсүз жана динамикалык өнүккөн, өспүрүмдөрдүн кеңири таралган кызыгуусун пайда кылган башка мектеп предмети жок. Ал эми биз жашап жаткан коомдо технологиялардын өнүгүшү - предметтин зарыл жана суроо-талапка ээ экендигин айгинелейт. Натыйжада информатика мугалимине сабак учурунда да, кошумча билим берүүнүн алкагында да башка предметтик мугалимдерге караганда окуучулардын кызыгуусун сактап калуу кыйыныраак болуп калат.

Информатика сабагында окуучулар мектеп программасынан сыртка чыккан, өз алдынча жыйнаган маалыматтары, өзүн кызыктырган маселелер жөнүндө суроолорду көп беришет. Информатика мугалими окуучуларды информатика жаатындагы изилдөө иштерине тартуу аркылуу өспүрүмдүн кызыгуусун жана энергиясын билим берүү багытына бура алат. Конкурстарга жана конференцияларга катышуу менен мындай иш-чаралар информатикага болгон кызыгуусу артылган окуучулардын потенциалын ачууга, аларды кызыктырган багытта өзүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Мында изилдөө тапшырмалары окутуунун бардык деңгээлдеринде колдонулууга тийиш. Окуучулардын изилдөөчүлүк боюнча потенциалын өнүктүрүү системалуу жана үзгүлтүксүз процесс болуп саналат, анткени изилдөөчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу баланын мектепте окуусунун башталышы менен түзүлөт.

Информатика сабактарында компьютерлерди колдонуу окуучуларга түрдүү тармактардагы (математика, физика, экономика ж.б.) маселелерди чечүүдө изилдөө иштерин жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, алар тапшырманы түзүп, анын чечимин таап, алынган натыйжага баа берүүгө үйрөнүшөт.

Орто мектептин Информатика курсун окууда изилдөөчүлүк иш-аракетти практикалык колдонууну аныктоо максатында предметтик мугалимдин практикалык тажрыйбасына кайрылалы. Орто мектепте информатиканы окутуунун мезгилинде б.а. 5-класстан 9-класска чейин изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө сунушталган айрым тапшырмаларды талдап көрөлү.

5-класста "Компьютер жана ПК" мазмундук тилкесинде изилдөө иштери үчүн төмөнкү тапшырмаларды колдонууга болот:

1) "ЭЭМдин жаралуу тарыхы " темасы боюнча изилдөө долбоору.

Долбоорду аткаруу учурунда окуучулар ар кандай булактардан алынган маалыматтарды жана адабияттарды талдашат, анализдешет, ойлоп табылган эсептөө каражаттарынын аракетинин тездигин салыштырышат. Изилдеп, жетишкендиктердин мисалынан улам эсептөө техникасын өнүктүрүүнүн андан аркы этаптары жөнүндө божомолдорду айтууга, болжолдоого аракет кылуу керек.

2) “ЭЭМдин архитектурасы, түзүмү, иштөө принциптери, кошумча каражаттары” темасын окутууда "Терминологиялык сөздүк түзүү" тапшырмасы компьютердин түзүлүштөрүн үйрөнүү учурунда аткарылат. Тапшырманын максаты-түшүнүктөргө аныктама берүү жөндөмүн калыптандыруу. Балдар өз иштерин чыгармачылык менен уюштура алышат.

3) Ушул эле теманы окутууда, "Эң зарыл тамга " изилдөө долбоорун алалы. Мындай тапшырманы окуучулар абдан сүйүп аткарышат. Мугалим окуучулардын топторуна 3-4 сүйлөмдөн турган ар кандай тексттерди бере алат. Ар кандай текст бөлүгүндө алфавиттин А дан Яга чейинки тамгалардын санын эсептөө керек. Алар канча жолу кездешти (мисалы, "А" тамгасы канча жолу, "Ж" тамгасы канча жолу) жана ошол тамгалардын клавиатуранын баскычында жайгашкан ордуна көңүл буруу талап кылынат. Тамгалардын санын эсептөө менен, балдар белгилүү бир жыйынтык чыгарышат. Мугалим компьютердин клавиатурасында тамгалар алфавит тартибинде эмес экенин көрсөтөт. Анда кандай? Балдар мини-эксперименттин натыйжаларын баалоодо, эң көп кездешкен белгилер клавиатуранын борборунда деп божомолдошот. Жана чындыгында эле, колдун манжаларынын белгилүү бир символго карата "жоопкерчилик аймагы" бар экендигин үйрөнүшөт.

7-класста "Тексттик информацияны компьютерге киргизүү" темасын окутуу учурунда окуучуларга чакан изилдөө жүргүзүү тапшырмасы берилет. Балдар "ОНЛАЙН" деген сөздү Word Pad тексттик процессорунда теришет жана кезек-кезеги менен ар кандай: RTF файлы, тексттик документ, Unicode тексттик документ форматтарда компьютерге сакташат. Ар бир файлдын касиеттерин изилдеп, көлөмүн салыштырып, айырмачылыктар эмнеден пайда болгонун түшүндүрүүгө аракет жасашат. Окуучулар ар кандай гипотезаларды сунуш кылышат. Суроонун жообун алар "Тексттик процессор" темасында жаңы материалды өздөштүрүүдөн алышат.

Окуучуларды Excel электрондук таблицалардын негиздери менен тааныштыруу сабактарында "Кроссворд" долбоорун аткаруу сунушталат. Долбоордун үстүндө иштөө процессинде окуучулар таблицаларды стандарттуу эмес кырдаалдарда колдонууну үйрөнүшөт жана бул жөн гана формулалар, функциялар, таблицалар гана эмес, оюн дагы экендигине ынанышат. Жыйынтыгында долбоордун ар бир катышуучусу өзүнүн кроссвордун түзүп, башкалардын түзгөн кроссворддорун чечүү үстүндө иштейт. Бул долбоорду иштеп чыгуу учурунда негизгинен: электрондук таблицада кроссворд түзүү мүмкүнбү? таблицалык маалыматтар кайда колдонулат? маалыматты таблица түрүндө берүүгө болобу? тексттик маалыматты таблицага кантип айландырса болот? деген сыяктуу бир катар маселелерди чечишет. Бул долбоорду өткөрүү планы бир нече этапты камтыйт: - буга чейинки белгилүү болгон билимди актуалдаштыруу ("Excel электрондук таблицалар " темасы боюнча баштапкы билимин текшерүү); -даярдоо (теманы тандоо, суроолорду иштеп чыгуу жана кроссворддун көрүнүшүн ойлоп табуу); - иштеп чыгуу (кроссворддун өзүн түзүү);- тестирлөө (бул этапта кроссворддордун иштөө жөндөмдүүлүгү текшерилет); - долбоорду коргоо (даяр кроссворд).

Долбоордун жүрүшүндө мугалимдин ролу окуучулардын өз алдынча, таанып – билүүчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууда турат. Алар мугалимден же классташтарынан жардам сурашы мүмкүн. Анын үстүнө, жардам берген окуучу бул нерседен ага кайрылган окуучудан кем эмес жардам алат, анткени анын билими жолдошуна түшүндүрүү аркылуу бекемделет.

Ошентип, Информатика мугалимдеринин практикалык тажрыйбасын талдоо төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келет:

- ✓ изилдөө методикаларын түзүү боюнча жумушчу учурлар мүмкүн болушунча ар бир сабакта өткөрүлүшү керек;
- ✓ окутуунун инсанга багытталган жана проблемалуу методдорун колдонуу артык, анткени алар даяр түрдө билим бербейт, тескерисинче, балдарды активдүү изденүүгө мажбурлайт, аларды ой жүгүртүүгө жана өзүнүн анча чоң эмес ачылыштарын жасоого мажбурлайт [4];
- ✓ изилдөөчүлүк багыттагы тапшырмаларды окутуунун бардык деңгээлдеринде колдонуу сунушталат;
- ✓ окуу-изилдөө тапшырмалары "мугалим – окуучу" биргелешип изилдөө ишин жүргүзүүгө, изилдөөнүн талаптарын конкреттештирүү аркылуу методикалык колдоо көрсөтүүгө шарттарды камсыз кылат;
- ✓ окуу процессинде изилдөө ишмердүүлүгүн активдүү колдонуу окуучулардын информатика сабагын үйрөнүүгө болгон мотивациясын жогорулатууга өбөлгө түзөт. [4].

Мындай долбоорлор бир нече предметтер боюнча дароо баа алууга мүмкүндүк берет. Алар окуучуларга алган билимдеринин практикалык бааларын даана көрсөтүп турат [5].

Мектеп окуучуларынын окуу-изилдөө иштерин активдештирүү иштин бул түрүнө карата оң мамилени калыптандыруусуз мүмкүн эмес. Окуучулардын чыгармачыл өнүгүү деңгээли канчалык жогору болсо, анын жалпы психикалык өнүгүү деңгээли ошончолук жогору болот, анын натыйжалуулугу ошончолук жогору болот”[3]. Ошондуктан заманбап педагогдун алдына койгон милдеттеринин бири-окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү болуп саналат.

**Адабияттар**


1. КР жалпы билим берүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн «ИНФОРМАТИКА» предметинин предметтик стандарты. Бишкек 2019
2. Леонтович А. В. Исследовательская деятельность учащихся: Сб. ст. М., 2003.
3. Дереклеева Н.И. Мастер класс по развитию творческих способностей учащихся. “5 за знания” 2008.
4. Шкура А.Н., Зверева Л. Г. Исследовательская деятельность в общеобразовательной школе в процессе освоения курса «Информатика и ИКТ» Наука и школа 2019 №3.
5. Темирова З. А. Проектно-исследовательская деятельность учащихся на уроках информатики–URL: https://ko pilkaurokov.ru/informatika/meropriyatia /proiektno_ issliedovatiel_skaia_dieiat iel_nost_uchashchikhsia_na_urokakh_informat (2019).


* * *

***АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕРИ***
***СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВННЫЕ НАУКИ***
***AGRICULTURAL SCIENCES***

***Нурманбаев М.Ж., Мамырбаева А.Э., Номанжанова А.А.,***

## АЛМА МӨМӨ ЖЕГИЧИ *(LASPEYRESIA POMONELLA)* ЖАНА АНЫ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ

***Нурманбаев М.Ж., Мамырбаева А.Э.,Номанжанова А.А.***

## ЯБЛОННАЯ ПЛОДОЖОРКА *(LASPEYRESIA POMONELLA)*И МЕТОДЫ БОРЬБЫ С НЕЙ

***Nurmanbaev M.Zh., Mamyrbayeva A.E., Nomanzhanova A.A.***

## LASPEYRESIA POMONELLA AND METHODS TO COMBAT IT

*УДК 632.7.04/.08*

***Аннотация:*** *Макалада алма мөмө жегичинин биологиясы жана аны менен күрөшүүнүн ар түрдүү ыкмалары каралган. Бул зыянкечти изилдөө айыл-чарба кызматкерлери, бак өстүрүүчү багбандар жана изилдөөчүлөр үчүн өтө маанилүү, анткени зыянкечтин табиятын, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн жана натыйжалуу күрөшүү ыкмаларын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.*

***Өзөк сөздөр:*** *алма мөмө жегичи, күрөшүү ыкмалары: агротехникалык, физико-механикалык, биологиялык, элдик ыкмалар.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются биология яблонной плодожорки и различные методы борьбы с ней. Исследование данного вредителя имеет важное значение для сельскохозяйственных работников, садоводов и исследователей, так как позволяет более глубоко понять его природу, особенности поведения и способы эффективного контроля.*

***Ключевые слова:*** *яблонная плодожорка, методы борьбы: агротехнические, физико-механические, биологические, народные методы.*

***Abstract:*** *The article considering the biology of the codling moth and various methods of combating Laspeyresia pomonella. The study of this pest is important for agricultural workers, gardeners and researchers, as it allows for a deeper understanding of its nature, behavioral characteristics and methods of effective control.*

***Key words:*** *Laspeyresia pomonella, control methods: agro technical, physical-mechanical, folk methods.*

Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында (КР Президентинин жарлыгы, 12.10.2021-ж., №434), айыл чарбасын өнүктүрүүдө атаандаштык сапаттуу продукцияларды өндүрүү жана тышкы рынокторго экспорттоо зарылдыгы айтылган [1]. Айыл чарба продукциясын өнүктүрүүнүн катарына мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн аянттарын кеңейтүү, андан зор сапаттуу түшүм алуу, алынган продукцияларды элдин керектөөсүнө колдонуу жана сыртка экспортоо жана киреше алуу да кирет. Сапаттуу түшүм алууга ар кандай факторлор таасир этип турат, алардын катарына алманын мөмөлөрүн жабыркатып, чарбалык жана экономикалык залал келтирүүчү зыянкеч - алманын мөмө жегичин (*Laspeyresia pomonella*) киргизүүгө болот. Бул зыянкечтин санын жөнгө салуу учурдун актуалдуу маселелеринин бири.

**Изилдөөнүн максаты.** Жалал-Абад областынын шартында алма мөмө жегичинин биологиялык өрчүү өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү жана алар менен күрөшүүнүн агротехникалык, физико-механикалык, биологиялык, элдик ыкмалар колдонуу жана жайылтуу.

**Изилдөөнүн объектиси.** Стационардык изилдөөлөр УИАнын Жалал-Абад илимий борборунун “Ак-Терек”, “Долоно”, “Жарадар” тажрыйба пунктарында жүргүзүлдү. Деңиз деңгээлинен 1600-1750 м бийиктикте жайгашкан. Мээлүүн климаттык алкак. Бул жерде алманын, алмуруттун ар түрдүү сортторуна сыноо иштери жүргүзүлүп келет. Тажрыйба пунктарында алма мөмө куртуна каршы күрөшүүдө элдик ыкмаларды: кармоочу капастарды, кармоочу куурчаларды, кайнатмаларды даярдоо, чачуу жана өзүбүздүн жекече тажрыйбалар ишке ашырылды.

**Морфологиясы жана биологиясы**

Алма мөмө жегичи (*Laspeyresia pomonella*) - систематикалык жактан кабырчык канаттар түркүмүнө (Tortricidae), жалбырак ороочулар тукумуна, мөмө жегичтер уруусуна мүнөздүү. Жер шаарында кеңири таралган түр.

**Морфологиясы.** Алма мөмө жегичинин көпөлөктөрү түнкүсүн учушат. Жетилген көпөлөгү канатын жайган учурда, орточо 15-20 мм, денесинин узундугу 10 мм жетет. Алдыңкы жуп канаттары кара тактуу, боз-күрөң түстө. Эркек особдорунун алдыңкы канаттарында кара тилкеси бар, ал тилкелер анын жынысын аныктоодо чоң мүмкүнчүлүк берет. Кыймылсыз тынч турган абалында канатттары капкактай бүктөлгөн [2].

Жумурткасынын формасы тегерек, тегизделген. Диаметри 1 мм чейин. Түсү жашымтыл-агыш түстө болуп тунук, жылмакай [3].

Личинкасы узунунан 18-20 мм чейин өсөт. Үстү жана каптал жактары ачык-кызгылт, алды жагы саргыч-агыш түстө. Башы жана алдыңкы көкүрөк калканчасы күрөң түстө болуп, бир канча күңгүрт мрамор сүрөттөрү менен. Курсак буттарынын саны 25-35, бир катмарлуу кырка тырмактарчалар менен жабдылган, аналдык тырмакчалардын саны 15-25 [4].

Куурчакчанын көрүнүшү экологиялык шарттарга жараша ар кандай түстө болушу мүмкүн, адатта куурчагы 9-12 мм жетип, саргыч-күрөң, же жашымтыл түстө болуп, топурактын чөйрөсүнө ыңгайланып анчалык байкалбайт.

Алма мөмө жегичинин морфологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү, анын биологиясын, экологиясын жана зыяндуулугун изилдөөдө зор мааниге ээ.

**Биологиясы.** Алма мөмө жегичи Кыргызстандын аймагында эң кеңири таралган жана олуттуу зыян келтирүүчү курт-кумурскалардын катарына кирет.

Адабий маалыматтар боюнча [5] өрчүүсү Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө жана Кыргызстандын түштүк областарында 3 муун, Ысык-Көл өрөөнүндө 2 муун, Нарын областынын райондорунда 1 муунда өтөрү айтылат. Жалал-Абад облусунун шартында анын биологиясы жана экологиясы боюнча маалыматтар дээрлик аз, үстүрттөн айтылып кеткен.

2022-2024-жылдары биз тарабынан алма мөмө куртунун биологиясын изилдөө УИАнын Жалал-Абад илимий борборунун тажрыйба пунктарында жүргүзүлдү. Илимий тажрыйбалык пунктар – деңиз деңгээлинен 1600 - 1750 м бийиктикте жайгашып, климаты жаанчыл, абанын суткалык температурасы жазгысын 5-13 $^{o}$С, жайкысын 12-18 $^{o}$С түзүп алма мөмө жегичи 2 муунда, ал эми дениз деңгээлинен 763 м бийиктикте жайгашкан Жалал-Абад шаарында жана ага жакын жагашкан айыл жерлеринде 3 муун берери аныкталды.

Зыянкечтин гусеницасы дарактын кабык астында, сөңгөк жаракаларында, жерге түшкөн жалбырак астында кышташып, жазда куурчакчага айланышат. Куурчакчадан чыккан көпөлөктөрдүн учуусу төмөнкү зоналарда май айынын I-декадасынан, ал эми жаңгак-мөмө токой зоналарында майдын II-декадасынан баштап август айынын акырына чейин созулат. Ургаачы көпөлөгү жалбырактарга жана жаш мөмөлөргө жумурткаларын туушат. Жумурткадан чыккан гусеницалары мөмөнү кемирип, кирген тешиктерин таарындылары менен жаап алышат. Мөмөнүн ичинде алар урук жайгашкан камераларга жол салып, алгач уруктар менен азыктанышат. Гусеницалары жашоосунун мезгилинде 1-2, кээде 3 мөмөнү жабыркатканга үлгүрүшөт. Жабыркаган мөмөлөр саргайып, соолуп жерге түшүшөт. Гусеницалар мөмөдө азыктанып бүткөндөн кийин, кайрадан дарактын сөңгөктөрүнө өтүшүп, жибек сымал калың кокондорго оронуп диапаузага киришет жана кыштап чыгышат.

**Күрөшүү иш-чаралары жана ыкмалары**

Мөмө-жемиш бактарындагы зыянкечтер менен күрөшүүдө ошол түрдүн сандык көрсөткүчүнө, биологиялык өзгөчөлүгүнө, зыян келтирүүсүнө жана жабыркатуу мүнөзүнө жараша төмөнкүдөй иш чараларды жүргүзүү сунушталат: *агротехникалык, физико-механикалык, биологиялык, химиялык элдик ыкмалар.*

**Агротехникалык иш-чаралар** мөмө-жемиш бактарынын туруктуулугун жогорулатуу жана зыянкечтердин массалык көбөйүүсүн алдын алууга багытталган. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бак өстүрүүчү жайды туура тандоо;
- көчөт эгилген аянтчанын топурагын өз убагында жумшартып туруу;
- мөмө-жемиш дарактарынын аралыгын туура отургузуу;
- зыянкечтерге жана ооруларга туруктуу сортторду, формаларды тандоо;

- ооруга чалдыкпаган, зыянкечтерден жабыркабаган таза уруктарды пайдалануу;
- мөмө-жемиш бактарында мал жайууга тыюу салуу;
- мөмө-жемиш бактарында өрттүн болбошун алдын алуу;
- кургап калган дарактардын бутактарын, шактарын кесип алып, алма бактарынан өз учурунда тазалап чыгаруу;;
- механикалык жабыркоодон пайда болгон жаракаларды жана жарааттарды шыбап жашыруу.

Мындай иш чаралар мөмөнүн жакшы өсүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүү менен бирге ар кандай зыянкечтерге жана оору козгогучтарга карата туруктуулугун арттырат.

**Физикалык-механикалык иш-чаралар** мөмө дарактарындагы зыянкечтерди кол менен механикалык жок кылууга негизделген.

***Эски кабыктарды тазалоо.*** Алма дарагынын сөңгөктөрүнүн эски кабыктарын кырып, тазалоо иштерин бир жылда эки жолу – жазында жана күзүндө жүргүзүү керек. Тазалоонун негизинде кабык астында жашынып, кыштап чыккан кокконду гусеницалардан арылууга болот. Тазаланып алынган кабыктын кырындыларын мөмө-жемиш багынан сырткары жерде өртөп салуу керек.

***Жерге түшкөн мөмөлөрдү чогултуу.*** Алма мөмө курту менен күрөшүүдө, жабыркап жерге түшкөн мөмөлөрдү мезгил-мезгили менен чогултуп туруу зыянкечтерден арылууга бир топ жардам берет. Алма дарагын акырындык менен силкип, жерге түшкөн курту бар мөмөлөрдү, гусеница мөмөдөн чыгып кеткиче, чогултуу зарыл. Бул иш-чара мөмө менен кошо жерге түшкөн гусеницалардын алма дарагына кайрадан чабуул коюп, зыяндуулугун улантуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

***Мөмө дарактарынын аралыгына гүлдүү өсүмдүктөрдү отургузуу.*** Гүлдүү өсүмдүктөр өзүнүн кооздугу менен ар кандай курт-кумурскаларды өзүнө тартып турат, алардын арасында алма мөмө жегичинин душмандары – энтомофагдар болушу мүмкүн. Энтомофаг курт-кумурскалар зыянкечтин жумурткалары, гусеницалары же көпөлөктөрү менен азыктанып санын жөнгө салып турат.

***Кармоочу куурчаларды колдонуу.*** Жабыркаган мөмө менен кошо жерге түшкөн гусеницалар кайрадан артка кайтып мөмөлөрдү жабыркатпас үчүн кармоочу жабышкак клей куурчаларды коюуу керек. Кармоочу жабышкак куурчалар кадимки эле үй чымындарга колдонуучу жабышкак лента кагаз сыяктуу. Лентаны алманын сөңгөгүнө (жыгачына) тегерете ороп коюлат. Жерден жогору көтөрүлгөн гусеницалар кармоочу куурчага чейин барып, андан ары тосмодон өтө албай клейге жабышып өлүшөт. Кармоочу куурчаларды мезгил-мезгили менен жаңылап туруу зарыл. Бул профилактикалык иш-чара абдан эфективдүү, жеңил жана чыгымсыз.

***Көпөлөктөр үчүн кармагычтарды (ловушка) жайгаштыруу***. Күрөшүүнүн бул жолу алма мөмө жегичинин көпөлөктөрүнүн санын кыскартуу үчүн колдонулат. Көпөлөк кармагычтарды даярдоо үчүн 100 грамм кургатылган алманын кагына 2 литр суу куюп жарым саат кайнатылат. Кайнатмага 200 грамм кум шекер жана 20 грамм ачытксы (дрож) кошулуп сироп даярдалат. Сироп көбүктөнүп ачып чыккандан соң, аларды идиштерге куюп, алма дарагына илип коёбуз. Сироптун аромат жыты көпөлөктөрдү суктандырып өзүнө тартат, учуп келген көпөлөктөр даярдалган кошулмага конгондо ага жабышып, учуп кете албай кармалышат. Күрөшүүнүн бул жолу жөнөкөй жана көп чыгымдарды талап кылбайт.

***Мөмө дарактарын актоо.*** Жаш дарактар сырткы таасир этүүлөргө сезгич келишет

жана коргоону талап кылат. Актоонун негизинде дарак сөңгөктөрү күн нурларынан күйүп калуудан корголот. Дарактарды актоо температуранын жана нымдуулуктун кескин өзгөрүшүнөн сөңгөктөрдө жараканын пайда болушунан сактайт. Кабыктарда жаракалардын пайда болушу зыянкечтердин калкалануучу жайы, ар кандай вирустук, бактериалык жана козу карын оорулардын таралуу булагы болуп калат.

**Биологиялык ыкма** өсүмдүктөрдү зыянкечтерден коргоодо тирүү организмдерди колдонуп, күрөшүүгө негизделген. Кайсы гана иш-чара болбосун зыянкечтин фенологиясын, анын жырткычтарынын, мителеринин же оору козгогучтарынын фенологиясын так билүүнү талап кылат [6].

Зыянкеч организмдерге каршы күрөшүүдө тирүү организмдер өздөрү же алардын тиричилик продуктылары колдонулат, башкача айтканда мите жана жырткыч энтомофагдар, микробиологиялык препараттар ж.б. Буларды биологиялык күрөшүүнүн агенттери деп аташат. Бул агенттерди колдонуунун негизинде зыянкечтердин жана оорулардын саны кыскарат жана алардын зыян келтирүүсү төмөндөйт. Бул ыкма ишеничтүү жана айлана-чөйрөгө жаныбарларга, адамдарга эч зыяны жок.

Мите энтомофаг курт-кумурскаларга жаргак канаттар жана кош канаттар түркүмүнүн өкүлдөрү кирет. Шакек курттар классынын өкүлдөрүнөн нематоддор көп кездешет. Жашоо образы боюнча булар ички жана сырткы мителер деп бөлүнүшөт.

Жырткыч энтомофагдарга ар кандай топтогу жаныбарлардын түрлөрү: жөргөмүштөр, кенелер, бакалар, канаттуулар, сүт эмүүчүлөр жана айрым курт-кумурскалардын өздөрү кирет. Өзгөчө коңуздар, торчо канаттар жана чымындар түркүмүнүн өкүлдөрү көп кездешет.

Алма багын өстүрүп көбөйтүүдө, анын ар кандай ооруларга, зыянкечтерге, табигаттын катаал шарттарына туруктуу болгон формаларына жана сортторуна өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Зыянкечтер менен күрөшүүнүн дагы бир биологиялык ыкмасы – айыл-чарба өсүмдүктөрүнө жана жаныбарларына зыян келтирүүчү микрофлоранын өрчүшүн азайтуучу жана басуучу биологиялык каражаттарды колдонуу болуп саналат.

Биологиялык ыкма айлан-чөйрө жана адамдар үчүн коопсузураак, жердин деградациясын азайтат, кыртыштын сапатын жакшыртат, пестициддердин сууларга жана абага өтүшүнө жол бербейт, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жардам берет, органикалык продуктуларды өндүрүү үчүн зарыл, ошондуктан алардын колдонулушу адамдын ден соолугун сактоого жана коргоого өбөлгө түзөт.

Зыянкечтердин санын жөнгө салууда (азайтууда) алар менен тамактануучу энтомофагдарды, башкача айтканда мите жана жырткыч курт-кумурскаларды пайдалнуу керек. Азыркы учурда энтомофагдарды багып, өстүрүүчү лабораториялар өнүгө баштады. Алсак, Жалал-Абад шаарындагы Токой коргоо станциясынын лабораториясында токой зыянкечтерине каршы күрөшүү үчүн жырткыч коңуз красотел пахучий *(Calosoma sucophanta)* өстүрүлөт жана токойлорго коё берилет. Бул коңуз өзүнүн сейректиги жана пайдалуулугу менен өзгөчөлөнүп, айрым СНГ республикаларында Кызыл Китепке киргизилген. Ушул эле Токой коргоо лабораторияда жупсуз жибек көпөлөгүнө *(Lumantria dispar L.)* каршы ВИРИН-ЭНШ (К) препараты иштелип чыгат [7, 56].

Мөмө бактарында бакалардын, кескелдириктердин, жаачылардын болушу жакшы нерсе, анткени алар зыянкечтер менен азыктанып, санын жөнгө салып турушат. Мындай пайдалуу жаныбарлар абдан көп, мисалы энтомофаг курт-кумурскалардан – алтын көз, эл кайда көчөт, трихограммалар, чабармандар кеңири тараган. Адабий маалыматтар боюнча [8]

бүгүнкү күндө зыянкечтерге каршы күрөшүүдө эң эффективдүү энтомофагдардан болуп алтын көздөр жана трихограммалар эсептелет. Жыл ичинде алтынкөздүн личинкалары жырткычтык менен зыянкечтердин 76 түрү, кенелердин 11 түрүнүн жумурткалары менен тамактанышат. Жетилген алтынкөздөр зыянкечтер жашынган жерлерди таап, жумурткаларын ошол жерге туушат. Трихограммалардын жашоо тиричилиги митечилик менен өтөт, алар өздөрүнүн жумурткаларын башка курт-кумурскалардын жумурткаларына тууп, алардын өрчүшүнө тоскоолдук кылышат.

**Элдик ыкмалар жана аларды жайылтуу.** Химиялык препараттардын экологиялык зыяндуу экендиги баарыбызга маалым. Ошондуктан, биз өз изилдөөбүздө алманын зыянкечтерине каршы күрөшүүдө Кыргызстандын аймагында өскөн жапайы жана маданий чөп өсүмдүктөрдүн чийки же кургатылган түрлөрүнөн кайнатмаларды, тунутмаларды жана эритмелерди даярдап, алма бактарында (пробалык аянттарда) чачып көрдүк (1-таблица).

Кадимики эрменден (*Artemisia vulgaris*) даярдалган тундурмаларды биринчи жолку чачуу 10-12-майда, экинчи чачуу 29-30-майда, үчүнчүсү 27-29-июндарда жүргүзүлдү.

1-таблица

**Зыянкечтер менен күрөшүүдө колдонулуучу айрым өсүмдүк кайнатмаларын жана тунутмаларын даярдоо жолдору**

| Өсүмдүктүн аталышы | Зыянкечтердин аталышы | Эритмение даярдоо технологиясы |
|---|---|---|
| Кадимки эрмен | Алманын мөмө жегичи | 1 кг кургатылган, же 2 кг чийки эрмен чөп 10 литр сууда кайнатылат. Кайнатманы 2 суткадай тунутуп, кайрадан 30 минут кайнатып чыпкадан өткөргөндөн кийин суу кошулат. |
| Картошканын сабагы, жалбырагы (ботва) | Желелүү кенелер, өсүмдүк биттери (тля), канталаа (клоп) | 50 л сууга 10 кг картошканын чийки сабагын (ботвасын) кайнатып, тундурулат. Тундурманы чыпкадан өткөргөндөн кийин чачууга даяр. |
| Ачуу калемпир | Алманын мөмө жегичи, өсүмдүк биттери (тля) | 10 литр сууга 1 кг чийки же кургатылган калемпир мөмөсү керектклет. Калемпир 1 саат басаң отто кайнатылат. Эритмени тундуруп идиштерге куюп карангы жана салкын жерде көпкө сактоого болот. |

Андан сырткары май-июнь айларында алма бактарына самындын эритмесин чачып, жакшы эффект берерине ынандык. Эритмени даярдоо бир баш самынды сүргүчтөн (тёрка) өткөрүп, 10 литр жылуу сууда ээритилди. Эритмени чачаар алдында дагы 25-30 литр суу кошуп чыпкадан өткөрүлүп чачылды.

Зыянкечке каршы күрөшүүдө эң маанилүү нерсе көпөлөктөрдүн жумуртка таштоо мезгилин так билүү зарыл. Учуп чыккан көпөлөктөр мөмөнүн бетине жумуркаларын тууп, андан чыккан гусеницалар мөмө ичине кирип кете элек мезгилде, даярдалган эритмени колдонуу керек. Көпөлөктөрдүн учуу динамикасын көзөмөлдөө үчүн аттрактанттык кармагычтар жакшы жардам берет. Ал эми генерациялардын алмашуусун аныктоодо алманын сөңгөктөрүнө кармагыч куурчаларды колдонуу ийгилик жаратат.

**КОРУТУНДУ**

Алманын мөмө жегичи Жалал-Абад областынын аймагында негизги жана кеңири таралган айыл-чарба зыянкечи болуп кала берет. Бул зыянкеч массалык түрдө көбөйгөндө мөмөлөрдүн товардык сапатын төмөндөтүүгө, түшүмдүн коромжу болушуна алып келет жана аларга көзөмөл жүргүзүүдө кошумча чыгмдардын сарпталышын талап кылынат.

Зыянкечтин популяциясын натыйжалуу башкаруу үчүн комплекстүү иш-чараларды жүргүзүү зарыл: зыянкечтерге мониторинг жүргүзүү, зыянкечтин көбөйүүсүнүн алдын алуу, күрөшүү иш-чараларды өз мөөнөтүндө жүргүзүү, анын ичинде бак өстүрүү аянттарын, көчөттөрдү туура тандоо жана отургузуу, сугат иштерин өз учурунда жүргүзүү эсептелет. Мындай иш-чаралар зыянкечтин массалык көбөйүүсүн төмөндөтөт жана түшүмдүн коромжу болушун азайтууга мүмкүндүк берет.

Бак өстүрүүчү багбандар жана айыл-чарба кызматкерлери алма бактарынын зыянкечтери, оорулары менен күрөшүүдө алардын биологиялык өрчүү өзгөчөлүктөрүн билүүсү зарыл, даары каражаттарын туура тандоо жана туура колдонуу боюнча билимин өркүндөтүү маанилүү. Зыянкечтер жөнүндө билимди өркүндөтүү зыяндуулуктун таасирин азайтууга жана түшүмдү сактоого жардам берет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Чыналиев М., Тургунбаев К. Развития садоводства в Кыргызстане на 2024-2028 годы. Презентация проекта программы. 2024.
2. Савковский П.П. Атлас вредителей плодовых и ягодных культур, К. “Урожай”, 1990. – с. 90.
3. Васильев В.П. Вредители сельскохозяйственных культур и лесных насаждений: В 3-т./ Под общ. Ред. В.П. Васильева. – 2-е изд. 1973.
4. Великань В.С. Определитель вредных и полезных насекомых и клещей плодовых и ягодных культур в СССр. /В.С. Великань, А.М. Гегечкори, В.Б. Голу: Сост. Л.М. Копанева. – Колос. Ленинградское отделение, 1984. – 288 с., ил.
5. Таир Эсенали уулу. Алманын зыянкечтери, күрөшүү жолдору //Алманын зыянкечтери, күрөшүү жолдору » MANAS TV (mediamanas.kg).
6. Добровольский Б.В. Фенология насекомых. Изддательство “высшая школа” М., 1969. С. 128.
7. Нурманбаев М.Ж., Кенжебаев С.К., Алмазбек к Д., Номанжанова А.А. Жаңгак-мөмө токойлорунун негизги зыянкечтеринин динамикасы. (текст) /М.Ж.Нурманбаев// ЖАМУнун жарчысы.-2023. №3. – С 56-68.
8. Зыянкечтер менен күрөшүүнүн биологиялык ыкмалары. “Жашыл экономика жана Кыргыз республикасында жеке секторду туруктуу өнүктүрүү” кыргыз-герман GIZ долбоор алкагынын баяндамасы. Автор anarkan-kg.


* * *

***Эгембердиева Алтынай Дуйшоевна, Дамирова А.Б.***

# ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДЫН ПАЙДА БОЛУУСУНДА ӨСҮМДҮКТӨРДҮН МААНИСИ (КЫРГЫЗСТАН)

***Эгембердиева Алтынай Дуйшоевна, Дамирова А.Б.***

# ЗНАЧЕНИЕ РАСТЕНИЙ В ВОЗНИКНОВЕНИИ СТИХИЙНЫХ БЕДСТВИЙ (КЫРГЫЗСТАН)

***Egemberdieva A.D., Damirova A.B.***

# THE IMPORTANCE OF PLANTS IN THE OCCUPATION OF NATURAL DISASTERS (KYRGYZSTAN)

*УДК 502.1*

***Аннотация.*** *Макалада Кыргыз Республикасындагы табигый кырсыктар жана алардын алдын алууда өсүмдүктөрдүн мааниси каралды. Табигый кырсыктар учурда өлкөбүзгө олуттуу зыян алып келери айтылып, жыл сайын бардык аймактарда дарыялардын катуу ташкындоосу, жер титирөөлөр жана нөшөрлөгөн жаан-чачындардын натыйжасында селдин пайда болуу себептери берилген. Маселен, жер көчкү, селдердин жүрүшү адамдардын жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалана албагандыгынан келип чыгат, мал чарбачылыгын өнүктүрүү өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгүнүн, санынын кескин азайышына алып келүүдө. Жайыттардын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү, малдын санынын жылдан-жылга тез өсүшү жайыттарга кошумча оорчулукту жараткандыгы белгиленет. Жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу багытында мал чарбачылыгын өнүктүрүүнү көзөмөлгө албасак, бул өлкөбүздүн экосистемасына олуттуу зыян келтирип, экономикабыздын начарлашына, табигый кырсыктардын болушуна алып келүү ыктымалдуулугу берилген.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жер ресурстары, эрозия, сел, жер көчкү, жайыттар, табигый кырсыктар, дары өсүмдүктөр, отоо чөптөр, мал чарбачылыгы.*

***Аннотация.*** *В статье рассмотрены стихийные бедствия в Кыргызской Республике и значение растений в их предотвращении. По сообщениям в настоящее время стихийные бедствия наносят значительный ущерб, ежегодно во всех регионах происходят наводнения в результате сильных разливов рек, землетрясений и обильных дождей. К примеру, оползни и наводнения вызваны неэффективным использованием людьми земельных ресурсов, а развитие животноводства приводит к уничтожению растительного разнообразия. Потеря продуктивности пастбищ и быстрый рост поголовья животных из года в год создали дополнительную нагрузку на пастбища. Если не контролировать деятельность по развитию животноводства в области рационального использования земельных ресурсов, это нанесет серьезный ущерб экосистеме нашей страны, ухудшению состояния нашей экономики, возникновению стихийных бедствий.*

***Ключевые слова:*** *земельные ресурсы, эрозия, наводнения, оползни, пастбища, стихийные бедствия, лекарственные растения, сорняки, животноводство.*

***Annotation:*** *In the article discusses natural disasters in the Kyrgyz Republic and the importance of plants in their prevention. According to reports, natural disasters currently cause significant damage, with floods occurring annually in all regions due to heavy river floods, earthquakes, and abundant rainfall. For example, landslides and floods are caused by the inefficient*

*use of land resources by humans, and the development of animal husbandry leads to the destruction of plant diversity.*

*The loss of pasture productivity and the rapid growth of animal populations year after year have created an additional burden on pastures. If the activities for the development of animal husbandry in the rational use of land resources are not controlled, this will cause serious damage to the ecosystem of our country, worsen the state of our economy, and lead to the occurrence of natural disasters.*

***Key words:*** *land resources, erosion, floods, landslides, pastures, natural disasters, medicinal plants, weeds, livestock.*

Кыргыз Республикасынын аймагы жогорку сейсмикалык, татаал геологиялык түзүлүшү боюнча татаал, тоо кыркалары жана ойдуңдары менен алмашылып турган рельефи менен мүнөздөлөт. Коркунучтуу жаратылыш процесстери жана кубулуштары кеңири өнүккөн жана көбүнчө өзгөчө кырдаалдарга алып келет.

Жер көчкү процесстеринин активдешүүсүнөн улам келип чыккан өзгөчө кырдаалдар атайын маалыматтарда катталган, алар жалпы катталгандардын 8,76%ын түзөт. Жер көчкүдөн улам өзгөчө кырдаалдардын саны эң көп Ош (48,8%) жана Жалал-Абад (31,4%) облустары болуп эсептелет. Чүй, Баткен жана Нарын облустарында алардын саны 7,0дөн 5,3%ке чейинки көрсөткүчтү түзөт, бул жер көчкүлөрдүн зоналык бөлүштүрүлүшүнө жана аймактардын жер көчкү коркунучунун даражасына шайкеш келет.

Сел жана суу ташкындары жана ага байланыштуу суулардын жээк эрозиясы катталгандардын 29,65%ы өзгөчө кырдаалдарды пайда кылат. Алардын эң көп саны Жалал-Абад (35,5%), Ош (22,4%), Баткен (21,5%) облустарында байкалат. Талас, Чүй, Ысык-Көл, Нарын облустарында 4 пайыздан 6,4 пайызга чейин болот [6.24].

Кыргызстандын аймагындагы жер көчкүлөр турак жайлардын жана калктуу конуштардын инфраструктурасынын бузулушуна гана алып келбестен, тоолуу курулуштардын капчыгайларында алыс жайгашкан жер көчкүлөр дарыялардын нугун бузуп, сел жүрүү коркунучун жаратат. Жер көчкү процесстеринен жабыркаган жердин жалпы аянты республиканын аймагынын 7,5%ке жакынын түзөт. Жер көчкү коркунучу бар аймактарда жайгашкан 600гө жакын калктуу конуштар бар. Алар жылдан-жылга экологиялык коопсуздукту жаратат. Жалал-Абад облусунун аймагындагы эң активдүү жер көчкү Падыша-Ата, Кек-Арт, Майлуу-Суу, Кара-Үңкүр, Кара-Суу батыш, Чаңгет, Ит-Агар, Сумсар жана Чаткал дарыяларынын бассейндеринеги аймактарда болот.



Көп жылдык байкоолордун анализи боюнча Кыргызстандын калкы жана чарбалык объектилери үчүн эң кооптуу болуп төмөнкүлөр саналат: жер титирөө, сел жана суу ташкындары, жер көчкү, кар көчкү, жазгы үшүк [2.100].

*1-сүрөт. Жалал-Абад облусунда үйдү жер көчкү басып калган.*

Айыл жеринде жашаган Кыргыз Республикасынын калкынын 60%дан ашыгы жаратылыш ресурстарын жашоонун булагы катары пайдаланууга түздөн-түз көз каранды жана аларга күчтүү таасирин тийгизет. Негизги жаратылыш ресурсу өлкөнүн аймагынын 40%ын жана Кыргыз Республикасынын бардык айыл чарба жерлеринин 86%ин түзгөн тоо жайыттары болуп саналат. Жайыттардын жалпы аянты 9 миллион гектардан ашык, анын ичинде кышкы жайыт (2,1 миллион гектар), жайкы жайыт (4,1 миллион гектар) жана жазгы/күзгү жайыт (3,0 миллион гектар) бар [4.52].

Айылдын жайыттарына сансыз малдын багуу өзгөчө түштүктө жана токойлуу аймактарда жогору болуп бара жатат. Бийик тоолуу жайыттарда малды системасыз жана ченемсиз багуу тоо шалбааларынын баалуу чөптөрүнүн көп түрдүүлүгү жоголуп, түрдүү отоо чөптөрүнө алмашылышына алып келүүдө.

Жайыттардагы мал жандыктарынын көп колдонгон негизги чөп өсүмдүктөрү

Өсүмдүктөрдүн таралуусу, түрдүк курамынын азайышы жер кыртыштын катмарынын өзгөрүшү менен эрозиянын пайда болушуна шарт түзөт.



Жайыттарда эрозия процесстеринин пайда болушуна малдын саны жөнгө салынбаган жайлоолор бир топ шарт түзүп, жайыттардын деградациясынын кеңири өнүгүшүнө алып келүүдө. Табигый чөптүү жерлердин чөп бактарынын бузулушу менен кыртыштын сууну кармоо жөндөмдүүлүгү жоголот, бул топурак катмарынын жуулушуна шарт түзөт.

Жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу жана алардын экологиялык тең салмактуулугун сактоо үчүн жергиликтүү калк жайыттардын оптималдуу сыйымдуулугу жана ботаникалык курамынын өзгөрүүлөрү жөнүндө маалыматтарга ээ болуу зарыл. Жайыттарды калыбына келтирүү жана сарамжалдуу колдонуу иш-чаралары терс таасирдүү факторлорду жоюуга, ал эми оң таасир берүүчү факторлорду колдоого жана көбөйтүүгө багытталуусу шарт [7.48].

Кыргызстандагы курч экологиялык кырдаалдын негизги себеби жайлоодогу малдын көптүгү менен гана эмес, жыл бою жайыттарды пайдалануусу түрдүү табигый кырсыктардын болушуна алып келүүдө.

Калк жашаган аймактарга жакын бардык жерлерде (2-сүрөт Барпы айылы Жалал-Абад областы) малдардын санынын көптүгү, адырларды үзгүлтүксүз пайдалануунун натыйжасында майда чөптүү талаалардын сырткы көрүнүшүнүн өзгөрүшү байкалууда: чөптүн бийиктиги жана өсүмдүк каптоосунун азыктануу баалуулугу төмөндөп, чөлгө айлануу жана жайыттар жегенге жарамсыз жана уулуу жана отоо чөптөр менен алмашылган. Жайыттардын тик, жантык беттери малдын туяк издеринин натыйжасында көп сандаган жалгыз аяк жолдорго айланып, жыйынтыгында жайыт эрозиясы пайда болууда [5.32].

*2-сүрөт. Барпы айылына жакынкы адырладын көрүнүшү Жалал-Абад областы*

Табигый чөптүү жерлердин чөп өсүмдүктөрүнүн азайышы менен жер кыртышынын сууну сиңирүү жана суу кармоо жөндөмдүүлүгү жоголот (тебелениши, ныкланышы жана структуралык агрегаттарынын бузулушу пайда болот), бул анын жуулушуна шарт түзөт .

Акыркы жылдары майда малдын саны ири мүйүздүү малдарга караганда көбөйгөн. Майда мал үчүн алыскы жайыттар жеткиликтүү болбогондуктан аларды жакынкы айылдын жайыттарында кармашат, бул жайыттардагы чөп өсүмдүктөрүнүн жок болушна алып келет.

Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жоготуу бул мал чарбачылыгы кирешенин негизги булагы болгон айыл жергесиндеги калктын социалдык-экономикалык жашоосуна коркунуч туудурат. Жайыттардагы климаттын өзгөрүшү, жер көчкү, сел, отоо чөптөрдүн жайылышы ж.б. сыяктуу бир катар табигый кырсыктарга дуушар болот.

Мындан тышкары малдын санынын тез өсүп жатышы жайыттарга кошумча оорчулук жаратууда. Жайыттарды сактоо боюнча аткарылып жаткан иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу менен тиешелүү чечимдерди кабыл алып, жайыттардын деградациясынын азыркы деңгээлине баа берүү үчүн илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

1-таблица

**Кыргызстанда жайыттаган малдын түрү жана саны**

| **Малдын түрү** | **2021** | **2022** | **2022-2021 карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | | | +,- | |
| Ири мүйүздүү мал | 1 750 467 | 1783469 | 33 002 | |
| Койлор жана эчкилер | 6 278 104 | 6200961 | -77 143 | |
| Жылкылар | 547 253 | 533979 | -13 274 | |
| Төөлөр | 261 | 250 | -11 | |

2-таблица

**2022-жылдын аягына карата аймактар боюнча малдын негизги түрлөрүнүн саны**

| **Региондор** | **Ири мүйүздүү мал** | | **Койлор жана эчкилер** | | **Жылкылар** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КР боюнча | 1786469 | 100 | 6200961 | 100 | 533,979 | 100 |
| Баткен облусу | 144851 | 8,1 | 415756 | 6,7 | 6763 | 1,3 |
| Жалал-Абад облусу | 371686 | 20,8 | 1374060 | 22,2 | 86611 | 16,2 |
| Ысык-Көл облусу | 272647 | 15,3 | 917653 | 14,8 | 94258 | 17,7 |
| Нарын облусу | 207043 | 11,6 | 1127887 | 18,2 | 142493 | 26,7 |
| Ош облусу | 397288 | 22,3 | 1121452 | 18,1 | 98572 | 18,5 |
| Талас облусу | 69101 | 3,9 | 565146 | 9,1 | 28604 | 5,4 |
| Чүй облусу | 314181 | 17,6 | 660049 | 10,6 | 75931 | 14,2 |
| Бишкеке шаары | 383 | 0,0 | 1650 | 0,0 | 211 | 0,0 |
| Ош шаары | 5691 | 0,3 | 17198 | 0,3 | 424 | 0,1 |
| Өзгөчө эсеп | 598 | 0,0 | 110 | 0,0 | 112 | 0,0 |

Ири мүйүздүү малдардын эң чоң үлүшү Ош облусунун чарбаларында (жалпы санынын 22,3 пайызы), Жалал-Абад (20,8 пайыз), Чүй (17,6 пайыз) жана Ысык-Көл (15,3 пайыз), койлор жана эчкилер - Жалал-Абад облусунун чарбаларында (22,2 пайыз), Нарын (18,2 пайыз), Ош (18,1 пайыз) жана Ысык-Көл (14,8 пайыз), жылкылар - Нарын облусунун чарбаларында (26,7 пайыз), Ош (18,5 пайыз), Ысык-Көл (17,7 пайыз), Жалал-Абад (16,2 пайыз) жана Чүй (14,2 пайыз) облустарынын чарбаларында карамалат [3.5б].

Демек, бул процесстин тынымсыз кайталанышы өз убагында көзөмөлдөнбөшү, тиешелүү иш-чаралардын кабыл алынбашы айыл чарба жерлеринин деградациясынын көбөйүшүнө алып келип жатат. Жердин сапатынын начарлашы жана анын структурасынын өзгөрүшү айыл чарба эмгегинин рентабелсиздигине жана айыл тургундарынын өз жеринен көчүп кетишине, алардын ички же тышкы мигрант статусуна өтүшүнө алып келүүдө.

Жер-өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылган негизги жаратылыш ресурстарынын бири. Жер ресурстарын экологиялык жактан туура жана тең салмактуу пайдалануу жана коргоо үчүн жерди пайдалануунун оптималдуу структурасын калыптандыруу, ар түрдүү чарбалык иштердин жерге тийгизген терс таасирин минималдаштыруу, жерлерди жана кыртыштарды пайдаланууну жана коргоону ченемдик-укуктук жана методикалык камсыздоону жакшыртуу зарыл. Бул багытта бир каттар ишкана, мекеме, башкармалыктар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, жергиликтүү ишкерлерге маалымат берүү менен адистер өз тажрыйбаларын жайылтып келишет (Жалал-Абад айылдык кенеш берүү борбору) (3-сүрөт)

Жайыттарды сарамжалдуу пайдаланууда төмөнкү иш-чаралар сунушталат:

-жайыт которуштуруу системасын сактоо;

-жайыт ресурстарын эсепке алуу менен малдын санын жөнгө салуу;

- бир жылдык жана көп жылдык чөптөрдү өстүрүү;

-адырларды, жайыттарды сугаруу үчүн сугат системаларын колдонууну практикага киргизүү ж.б.

Ошондой эле малдын продуктуу породаларын көбөйтүү менен малдын санын кыскартуу, чабандарды кирешенин башка тармактарына - экотуризмге, айыл туризмине багыттоо зарыл. Мал чарба продукциясын кайра иштетүүгө мүмкүнчүлүк берип башка жандуу иштерден акча табуу менен камсыздап, малдын санын азайтууга алып келүү керек.

## ЖЫЙЫНТЫКТОО

Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну көзөмөлгө албасак экосистемага орду толгус зыян келтиришибиз мүмкүн, бул калктын кирешелеринин кыскарышына жана калктын жакырчылыгынын өсүшүнө, экономикалык абалдын андан ары начарлашына, табигый кырстыктардын көбөйүшүнө алып келет.

Тоолуу өлкө экендигибизди эске алуу менен андагы экологиялык коомдоштуктар (жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү) жогорку сезгичтикке ээ экендигин унутпашыбыз керек.



*3-сүрөт. Корук[illegible]*

Жайыттарды пайдаланууда жайыт которуштуруу системасын сактоо, ресурстарын эсепке алуу, малдын санын жөнгө салуу, адырларды, жайыттарды сугаруу үчүн сугат системаларын колдонууну практикага киргизүү керек.

Жергиликтүү башкармалыктардын жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу боюнча алып барган иштерин көзөмөлдөп, учурдагы абалына илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу керек.

Табигый кырсыктардын алдын алууда өсүмдүктөр катмарынын маанисин белгилөө менен алардын көп түрдүүлүгүн сактоо багытындагы (көчөттөрдү отургузуу, көпжылдык чөп өсүмдүктөрүнүн уруктарын себүү) иш-чараларды уюштуруу керек.

**Колдонулган адабияттар**

1. Выходцев ИВ. «Растительность пастбищ и сенокосов Кирг.ССР» Изд. АН КИРГ. ССР Фрунзе 1956г.
2. Дыйканов К.А., Эгембердиева А.Д. Экологические проблемы окружающей среды Жалалабадской области. Всетник ЖАГУ 2005/3 100 стр.
3. Кыргыз Республикасындагы малга жана үй канаттууларын кайра эсептөөнүн жыйынтыгы. Бишкек 2023ж 5 бет.
4. Методические указание по мониторингу земель сельскохозяйственного назначения Кыргызской Республики.Бишкек.1999.
5. Национальный доклад о состоянии окружающей среды Кыргызской Республики за 2006-2011 годы. Госагентство окружающей среды и лесного хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики. Бишкек, 2012.
6. Опасные природные процессы в Кыргызской Республике. Бишкек 2015. стр 34.
7. Түлөбаев А.З., Салыков Р, Исаев А.Т., Аскарбек Гүлназ. Жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу. Бишкек 2016 ж.

* * *

***Нурдинов Ш. Ш., Кадырова Ш. А., Баатырбек кызы Айтурган***

**ТАЛ ЖАНА ТЕРЕК ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ЖАЛБЫРАК ЖЕЧҮ ЗЫЯНКЕЧТЕРИНИН ТҮРДҮК КУРАМЫ ЖАНА ЗЫЯНКЕЧТИГИ**

***Нурдинов Ш. Ш., Кадырова Ш. А., Баатырбек кызы Айтурган,***

**ВИДОВОЙ СОСТАВ И ВРЕДИТЕЛИ ЛИСТОЕДОВ ИВЫ И ТОПОЛЯ**

***Nurdinov Sh.Sh., Kadyrova Sh. A., Baatyrbek kyzy Aiturgan***

**SPECIES COMPOSITION AND PESTS OF WILLOW AND POPLAR LEAF BEETLES**

*УДК: 59 ББК 28.6/ Н-90*

***Аннотация:****Учурдагы тал жана терек өсүмдүктөрүнүн абалы күндөн күнгө курт - кумурскалар тарабынан жабыркоого көп учурап жатат. Ошондуктан зыянкечтердин түрдүк катарын аныктоо менен алардын биологиясын тактап алсак, алар менен күрөшүү жолу жана убагы такталып калат. Бул да болсо өлкөбүздүн кооздугун, экологиясын сактап калуунун бир жолу. Айрыкча шаарларды жана шаарчаларды жашылдандырууда, өрөөндөрдө талаа тилкелерин уюштурууда, токойлорду өстүрүүдө эбегейсиз мааниси чоң.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Тал, терек, жалбырак, зыянкеч, жашылдандыруу, дарак, климат, түркүмү, курт-кумурска, күрөшүү.*

***Аннотация:*** *Текущее состояние ивовых и тополевых растений делает их все более уязвимыми для ежедневных повреждений насекомыми. Вот почему, когда мы уточняем биологию вредителей, определяя их видовые ряды, способ и время борьбы с ними становятся более конкретными. Это также способ сохранить красоту и экологию нашей страны. Он имеет огромное значение, особенно при озеленении городов и поселков, организации полевых полос в долинах, выращивании лесов.*

***Ключевые слова:*** *ива, тополь, лист, вредитель, ландшафтный дизайн, дерево, климат, род, насекомое, борьба.*

***Annotation:*** *The current state of willow and poplar plants makes them increasingly vulnerable to daily insect damage. That is why, when we clarify the biology of pests by defining their species ranges, the method and time of combating them become more specific. It is also a way to preserve the beauty and ecology of our country. It is of great importance, especially in the greening of cities and towns, the organization of field.*

***Keywords:*** *willow, poplar, leaf, pest, landscape design, tree, climate, genus, insect, struggle.strips in valleys, and the cultivation of forests.*

Кыргызстандын токой породаларынын ичинен тал көчөттөрү биринчи орунда турат. Республиканын аймагында талдын 31 түрү белгилүү (К. Ибраимова, 1963ж.). Талдар дарак жана бадал түрлөрүнүн чөйрөсүндө кеңири таралган, анын курамдык бөлүгү катары дарак өсүмдүктөрүнүн көптөгөн жасалма жана табигый топторуна кирет. Алар түздүктөн, өрөөндөрдөн бийик тоолорго чейин тараган. Талдын көптөгөн түрлөрү табигый шарттарда дарыялардын жайылмаларында жана өрөөндөрдө өсөт, тоолорго чейин жетет, ал жерде тоо боорунда да, капчыгайларда да өсөт. Кургак климаты менен мүнөздөлгөн Кыргызстанда тал көчөттөрү чоң мааниге ээ. Айрыкча шаарларды жана шаарчаларды жашылдандырууда, өрөөндөрдө талаа тилкелерин уюштурууда, токойлорду өстүрүүдө эбегейсиз мааниси чоң. Ошондой эле суу ташкындарында жана тоо боорлорунда талдын табигый калың катмарын сактоо маанилүү. Талдын көпчүлүк түрлөрү тез өсүүгө жөндөмдүү, биологиялык

туруктуулукка ээ, тамыр системасынын ыңгайланышы, оңой тамырлашуу жана вегетативдик жогорку тенденция сыяктуу сапаттар менен мүнөздөлөт. Зыяндуу курт-кумурскалардын таасири алдында бардык талдардын табигый жана жасалма көчөттөрүнүн экономикалык баалуулугу жана мааниси төмөндөп баратат. Ошондуктан, талдын зыянкеч курт - кумурскаларын изилдөө жана күрөшүү олуттуу кызыгууну жаратат. Жогоруда келтирилген баяндамадан Кыргызстандын түштүгүндөгү талдын зыянкечтерин атайын изилдөө иштери жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгү көрүнүп турат. Бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандын түштүгүндөгү талдын зыянкечтери жөнүндө маалыматтар толук эмес, ар кандай адабий булактарда чачыранды жана түрлөрдүн курамынын жалпы тизмеси жана аны талдоо жок. Адабий маалыматтарды талдоонун жана өздүк изилдөөлөрдүн негизинде учурда тал зыянкечтеринин 163 түрү табылган. Зыянкечтердин таралышы кандайдыр бир деңгээлде тал өскөн жерлердин мүнөзүнө жараша болот, аларды үч топко бөлүүгө болот:

1) жасалма токой өстүрүү;

2) тоо дарыяларынын жээктериндеги табигый жайылма токойлор.

3) тоо боорунда өскөн талдар.

Талдын зыянкечтери өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүндө болот, убак-убактысы боюнча жалбырак зыянкечтерине, сөңгөк жана бутактарына, генеративдик органдарга жана тамыр зыянкечтерине бөлүнөт.

Кыргызстандын токойлорунун дарак өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери жөнүндө алгачкы маалыматтар Тянь-Шань тоо кыркаларын изилдөөчү-саякатчылардын зоологиялык коллекцияларынан 19чу жана 20-кылымдын башында негизделген адабияттарда камтылган (Н. Г. Ершов (1874), Е. Грум-Гржимайло (1890ж.) ж. б.). Белгилүү саякатчы Петр Петрович Семенов Борбордук Азиянын системалык изилдөөнүн негиздөөчүсү болгон. 1856-1857-жылдары 19-кылымда П. П. Семенов кол жеткис Тянь-Шандын тоо системасына иш сапарына аттанып терең изилдөөлөрдү жүргүзөт. Андан кийин Петр Петрович Семеновдун жетекчилиги астында жергиликтүү аймактын географиялык сөздүгү түзүлүп, ага сейрек кездешүүчү курт-кумурскалардын коллекциясынан 700 миңге жакын түрлөрүн киргизген. Бул коллекцияны жана жазууларды СНГнын ИАнын зоологиялык музейинен көрүүгө болот.

Жалбырак жечү коңуздар (Coleóptera, Chrysomelidae) катуу канаттуулар уруусун түзүп дүйнөлүк фаунада 50000ге чейинки түрдү камтыйт. [Дубешко, Медведев, 1989]. Жалбырак жечү коңуздар Жалал-Абад областынын бардык ландшафттык зоналарында көп тараган, ошол эле учурда алар биогеоценоздо маанилүү ролду ойношот, биринчилик катардагы консументтер. Мындан сырткары, жалбырак жегичтердин өрчүүсүнүн бардык фазалары (жумурткадан жетилген имагого чейин) ар кандай жаныбарлардын тамактануу чынжырына кирет. Бул уруунун көптөгөн түрлөрү айыл чарба жана токой өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери болуп саналат. Жалбырак жечү зыянкечтердин санын чектөө боюнча натыйжалуу иш-чаралар, алардын биология жана экологиясын ар тараптуу изилдөөлөр менен гана аныктоого мүмкүн. Ушул максатта, бул топтогу курт-кумурскалар боюнча потенциалдуу зыянкечтерди аныктоого багытталган комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.Талдын жабыркаган көлөмүн жана баскычтуулугун эске алып курт-кумурскалардын негизги төмөнкү түрлөрүн атасак болот: Aphrophorasalicis Deg., Aphissaliceti Kalt., Cicadellaviridis L. Diaspidiotusslavonicus Green., Diaspidiotusturanicus Borchs., Chionaspispolypora Borchs., Gassypariasalicicola Borchs, Lepidosaphesulmi L., Acanthosomaforcipatum Reut. - Rhaphi-gaste r brevispinus Korv., Agelasticaainiorientalis Baly., Melanomasaliceti, Wse., M. populi L., Plagioderaversicolora Laich., Halticatamaricis Schrank., Obereaoculata L., Saperdapopulnea L.,

Aeolesthessarta Sols., Chlorophanuscaudatus Fahr., Chlorophanusnotabilis Fst., Euuraatra Jur., Melanagromyzakirgizica E. Rohd. - Holm., Leucomasalicis L. Phalerabucephala L.' Ocneriadispar L., Malacasomaparallela Sigr., Cosmiafulvago L., Porthesiakargalica Moore. VanessaantiopaL., Vanessaxanthomelas Esp.

Массалык түрдө көбөйүү жылдарына туш келип калганда, алардын зыяндуу иш-аракеттери олуттуу байкалып, дарактардын өсүшүнө жана өрчүшүнө терс таасирин тийгизет. Калган зыянкеч курт-кумурскалар мындай учурда экинчи баскычтагы болуп таасири каралбай калат. Бирок, кээ бирлерининин массалык көбөйүүнүн мезгил-мезгили менен чыгышы мүмкүн экендиги жокко чыгарылбайт. Көптөгөн курт-кумурскалардын түрлөрү активдүү түрдө жашоо тиричилигин өткөргөн үчүн көзгө тез байкалып турушат, себеби алар дайыма кыймылдуу басышат, секирет, сүзөт жана башка абалда жолугуп калат. Бирок кээ бир түрлөрү түнкүсүн активдүү болгондуктан, кээлери бекинип жашагандыктан алар жөнүндө маалымат табуу кыйынга турат. Ошондуктан аларды изилдөө үчүн атайын ыкмаларды колдонушат. Фенологиялык байкоолордун эң негизгиси курт-кумурсканы көргөн күндүн гана датасы эмес, ошол кумурсканын кайсы өрчүү фазасында же стадиясында экенин да аныктоо. Ар бир өрчүү фазасындагы макулуктардын канча экземпляр экенин да көрсөтүү керек. Эң негизгиси курт-кумурскалардын пайда болгон убагы, личинка мезгили, учуп чыгуусу жана массалык түрдө учуусу андан кийин жоголо баштаган мезгилине чейин байкоо жүргүзүү зарыл. Себеби дегенде мындай маалыматтарды чогултуп алгандан кийин курт-кумурскалардын тараган жерине жараша, датасына карап аларга каршы иш-чараларды өткөрүү графиги түзүлөт.

Чыгыш жалбырак жечү зыянкечи - **Agelastica alni orientalis Baly**. Систематикалык катары боюнча катуу канаттуулар же коңуздар – Coleoptera отрядына кирет, жалбырак жечүүлөр - chrysomelidae уруусу. Зыян келтирген өсүмдүктөрү - Мажнүн тал, талдын түрлөрү, теректер, кээ бир учурда бадам, алма, жана кайыңдын жалбырактарына зыян келтиришет. Таралуусу -Кыргызстан, Өзбекистан жана Түштүк – Чыгыш Казакстанда, ошондой эле Кытай менен Монголияда). [8,79]

Сүрөт. *Талдын жалбырактарынын жабыркашы*



Талдын бутактарынын жалбырактарында пайда болгон мүнөздүү спиральдуу галлдардын ичинде жашайт. Галлдар ачык жашыл, кээде кызгылт, кээде ак түс менен байкалат. Галлдын өрчүшү апрелдин аягынан июндун ортосуна чейин болот. Ургаачылары

жетилген мезгилге жеткенде спиральдар кургап, тармал боюнча жарылып, алардан канаттары бар ургаачылары учуп чыгат. Ошентип, жалбырактардын көбүнчө жабыркашы июнь айынын аягында туура келет.

Түрдүк курамын морфологиялык белгилери боюнча, ошондой эле жабыркоолордун мүнөзү боюнча каралды. Зыяндуулуктун интенсивдүүлүгүн жалбырак жегичтердин личинкаларынын келтирген зыяндуулугун жалбырактын жабыркаган бөлүгүнүн аянты боюнча аныктадык. Жабыркоо индекси 5 баллдык шкала боюнча аныкталды: 1 балл-начар жабыркоо, жалбырактын бетинин 5% чейин бузулган; 2 балл - байкаларлык бузулуу, жалбырактын 6 дан 25% га чейин бузулган; 3 балл - орточо жабыркоо -жалбырактардын 26дан 50% га чейин бузулган; 4 балл – күчтүү жабыркоо, жалбырактардын 51ден 75% га чейин бузулган; 5 балл – өтө күчтүү жабыркоо, жалбырактардын 75% дан ашыгы жабыркаган.

Жыйынтыктап айтканда Ноокен районунун тал жана теректерде кездешкен Чыгыш жалбырак жечүүсүн зыянкечи көбүрөөк изилденди. Алар негизинен эрте жазгы жана жазгы топтордогу фитофагдардын тобун түзөт. Алардын өрчүшү дарак өсүмдүктөрүнүн сок жүрүү кыймылынын башталышы менен ишке аша баштайт, бул учурда бүчүр жана жаш жалбырактар жабыркай баштайт. Чыгыш жалбырак жечү зыянкечи олигофагтарга кирет. Жалбырак коңуздары, бардык коңуздар сыяктуу, толук метаморфоз менен өрчүүчү курт-кумурскаларга кирет. Биз аны тал - теректен гана таптык. Бул өсүмдүктөр үчүн санитардык чараларды колдонбосо, өз убагында профилактикалык иштерди өткөрбөсө олуттуу жабыркоолорго алып келиши абзел.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Гершун, М.С., Махновский, И. К., Клейнер Б. Д. Вредители и болезни лесных насаждений и борьба с ним [Текст] / М.С. Гершун, Б.Д. КлейнерГосиздат УзССР, Ташкент 1954.-47с.

2. Гершун, М.С. Лесные вредители Узбекистана [Текст] / М.С. Гершун // Гослесбумиздат. Узю.-1951.-111с.

3. Лопатин, И.К., Куленова, К.З.Жуки листоеды Казакстана[Текст] / И.К. Лопатин, К.З. Куленова // Алма-Ата - 1986.-87с.

4. Махновский, И.К. Вредители защитных лесных насаждений Средней Азии [Текст] / И.К. Махновский // Ташкент.-1955.-186с.

5. Махновский, И.К. "Вредные животные Средней Азии" [Текст] / И.К. Махновский // Ташкент.-1949.-59с.

6. Романенко,К.Е. Вредители защитных лесонасаждений Киргизии. Ф.-1981.-С.90-97

7. Нурдинов Ш. Ш. Тал өсүмдүктөрүнүн жалбырак жечү зыянкечтеринин биологиясы жана алар менен күрөшүүнүн алдын алуу жолу. ЖАМУнун жарчысы 2023ж.78-82б.

* * *

***ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР***
***ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECONOMIC SCIENCES***

***Абдразакова Гулмира Абдыжапаровна***

# ЧАРБА ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖАҢЫ ШАРТТАРЫНДА ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСТУК ӨНҮГҮҮ ФОНДУНУН АЙЫЛ-ЧАРБА, КАЙРА ИШТЕТҮҮ ТАРМАГЫНЫН СУБЪЕКТТЕРИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН НАТЫЙЖАЛУУ КАРЖЫЛООНУ БАШКАРУУНУН АБАЛЫН БААЛОО

***Абдразакова Гульмира Абдыжапаровна***

# ОЦЕНКА СОСТОЯНИЯ УПРАВЛЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОГО ФИНАНСИРОВАНИЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СУБЪЕКТОВ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОЙ, ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ОТРАСЛЕЙ ФОНДА РАЗВИТИЯ ДЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ В НОВЫХ УСЛОВИЯХ ХОЗЯЙСТВОВАНИЯ

***Abdrazakova Gulmira Abdyzhaparovna***

# ASSESSMENT OF THE STATE OF MANAGEMENT OF EFFECTIVE FINANCING OF THE ACTIVITIES OF SUBJECTS OF AGRICULTURAL, PROCESSING INDUSTRIES OF THE JALAL-ABAD REGION DEVELOPMENT FUND IN NEW BUSINESS CONDITIONS

*УДК:332.143.*

***Аннотация:*** *Бул макалада Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облусунун экономикасына тийгизген таасирин жана колдоосун талдоо жана баалоо, ошондой эле муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоо механизмдерин өркүндөтүү.*

*Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустунун социалдык-экономикалык өнүгүүнүн экономикалык-уюштуруу жолдорунун изилдөө, жана Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустук социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн практикасын талдоодо,Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун муниципалдык деңгээлдеги иш-чараларын баалоо жана өнүктүрүү механизмин өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыкты.*

***Негизги сөздөр:*** *өнүгүү фонду, социалдык-экономика абал, өнөр жай, инновация, каржылоо, мамлекеттик колдоо.*

***Аннотация:*** *В данной статье анализ и оценка влияния и поддержки экономики Джалал-Абадской области со стороны Фонда развития Джалал-Абадской области, а также совершенствование механизмов подготовки программ социально-экономического развития на муниципальном уровне.*

*При исследовании экономико-организационных путей социально-экономического развития Джалал-Абадской области Фондом развития Джалал-Абадской области и анализе практики социально-экономического развития Джалал-Абадской областью Фондом развития Джалал-Абадской областью разработаны предложения по совершенствованию механизма оценки и развития деятельности Фонда развития Джалал-Абадской области на муниципальном уровне.*

***Ключевые слова:*** *Фонд развития, социально-экономический статус, промышленность, инновации, финансирование, государственная поддержка.*

***Abstract:*** *This article analyzes and evaluates the impact and support of the Jalal-Abad region economy by the Jalal-Abad Region Development Fund, as well as improving the mechanisms for preparing socio-economic development programs at the municipal level.*

*During the study of economic and organizational ways of socio-economic development of the Jalal-Abad region by the Jalal-Abad Region Development Fund and the analysis of the practice of socio-economic development of the Jalal-Abad region by the Jalal-Abad Region Development Fund, proposals have been developed to improve the mechanism for evaluating and developing the activities of the Jalal-Abad Region Development Fund at the municipal level.*

***Keywords:*** *Development Fund, socio-economic status, industry, innovation, financing, government support.*

Жалал-Абад облустук өнүгүү фонду кайра иштетүү тармагынын туруктуу өнүгүшү облустук экономиканын жашоого жөндөмдүүлүгүн жана өлкө калкынын жыргалчылыгынын өсүшүн аныктоодо чон салым кошууда. Жалал-Абад облустук өнүгүү фонду аркылуу жакынкы келечекте азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүн биздин коомдун ар кандай социалдык катмарларынын муктаждыктарын жана талаптарын толук канааттандыруу үчүн керектүү көлөмгө жеткирүү милдети аткарылууда. Бүгүнкү күндө Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун жардамы менен Жалал-Абад облустунда кайра иштетүү өнөр жайы инновациялык технологияларды жана жабдуулардын заманбап түрлөрүн пайдаланууда, ошондой эле өнөр жайдын көптөгөн тармактарында жаңы заманбап ишканалар ишке киргизилүүдө, техникалык кайра жабдуу жана иштеп жаткан өндүрүштүк-техникалык базаны реконструкциялоо иштери жүргүзүлүүдө.

Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жана 2018-2023-жылдарга айыл чарбасын өнүктүрүү жана айыл чарба продукцияларынын рынокторун жөнгө салуу боюнча Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун программасынын иш-чараларын жүзөгө ашыруу кайра иштетүү өнөр жайынын чийки зат базасын кыйла чыңдоого жана соода түйүндөрүнө жөнөтүлүп жаткан тамак-аш азыктарынын көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берди. Бул сунушталган илимий негизделген сарамжалдуу керектөө стандарттарын эске алуу менен тамак-аш азыктарын керектөөнүн көбөйүшүн камсыз кылды. Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун колдоосунда өндүрүлүп жаткан продукциялардын ассортиментин кеңейтүүдө жана алардын сапатын жогорулатууда, заманбап түрдө таңгакталган продукция чыгарууда оң тенденциялар байкалат.

Ошол эле учурда, Жалал-Абад облусунун кошуна Анжиян, Наманган облустары менен кошуна экономикалык биримдигине кириши жана ага байланыштуу тобокелдиктер улуттук тамак-аш өндүрүүчүлөрүнүн алдына атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу максаттарын коёт. Мына ушундай шартта, материалдык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, энергия ресурстарын сарптоону азайтуу, өндүрүштү уюштурууну жакшыртуу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, продукцияны керектөөчүгө жеткирүүнүн заманбап инфратүзүмүн жана логистикасын түзүү максатында өнөр жайды кеңири модернизациялоону жүзөгө ашыруу милдеттери алдыңкы планга чыгат.

Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун колдоосу менен Жалал-Абад облусу экономикасында өндүрүш индекси өнүгүүнүн динамикасын жана инвестициялык климатты мүнөздөгөн негизги критерийлердин бири катары кабыл алынган, бул бизнестин ишмердик

жигердүүлүгүнүн барометри болуу менен өнөр жайдын тышкы рыноктун шарттарына адаптациялануу деңгээлин көрсөтөт. Бул көрсөткүч акыркы жылдары салыштырмалуу төмөн бойдон калууда. Мындай жагдай калктын кирешесинин төмөндөөсүнүн айынан келип чыккан суроо-талаптын төмөндөөсү менен байланышкан. Бул Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун колдоосунда Жалал-Абад облусундагы экономикасы үчүн кайра иштетүү тармагынын маанилүүлүгүн жана экономикада болуп жаткан апааттык жараяндардын бардык көрүнүштөрүнө өзүнүн туруктуу экендигин дагы бир жолу тастыктап турат. Индекстин 2022-жылы төмөндөшү экономикалык өсүштүн басаңдашын көрсөтөт жана калктын колдо болгон кирешесинин анча көп эмес өсүшүнө байланыштуу азык-түлүк рыногунда керектөө суроо-талабынын төмөндөшү менен байланышкан бир катар көйгөйлөрдүн бар экендигин көрсөтөт. Өнөр жай өндүрүшүнүн индекси кирешенин өсүшү менен келечекте мурунку маанисин калыбына келтирет. 2022-жылдагы чекене соода жүгүртүүнүн түзүмүндө азык-түлүк товарларынын салыштырмалуу салмагы болжолдуу 37,8%ды түздү.

**1-таблица – Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустунун кайра иштетүү тармагынын 2019-2022-жылдардагы иштөөсүнүн негизги каржылык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
| **Өздүк өндүрүштөгү жүктөлүп жөнөтүлгөн товарлардын, өздүк күч менен аткарылган жумуштардын жана көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү, миң. сом** | 1486 | 1729 | 2143 | 2656 | 2822 | 3117 | 3555 |
| **Өндүрүштүн өткөн жылга саоыштырмалуу индекси, % менен** | 106,6 | 107,3 | | 101,9 | 99,4 | 105,4 | 101,0 |
| **Сальдолоштурулган каржылык натыйжа, миң. сом** | 64,18 | 83,45 | 102,02 | 101,47 | 151,7 | 174,4 | 147 |
| **Сатылган товарлардын, продукциялардын (жумуштардын, кызматтардын) рентабелдүүлүгү,%** | 7,9 | 8,8 | 9,3 | 9,8 | 12,1 | 12,2 | 8,1 |
| **Кыргызстандын бюджеттик тутумуна келип түшкөн төлөмдөр, тыс.сом** | 165,2 | 226,2 | 294,7 | 324,6 | 358,6 | 476,6 | 532,8 |
| **Жылдын башында бар болгон негизги фонддор, сом** | 444248 | 516018 | 601070 | 698560 | 829326 | 919747 | 1056819 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Негизги капиталга болгон инвести-циялар, тыс.сом** | 112.6 | 128.0 | 169,9 | 194,0 | 159,0 | 142,2 | 147,1 |
| **Азык-түлүк товарлары менен жүргүзүлгөн чекене сооданын жүгүртүүсү, тыс.сом** | 3217,6 | 3947,4 | 4891,3 | 6344,6 | 7062,4 | 8004,8 | 9121 |
| **Азык-түлүк товарлары менен жүргүзүлгөн чекене сооданын жүгүртүүсүнүн чекене соода жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы, %** | 45,7 | 45,3 | 45,0 | 45,6 | 48,9 | 48,9 | 47,8 |
| **Кайра иштетүү тармагынын зыяндуу ишканаларынын ишканалардын жалпы санындагы салыштырмалуу салмагы, %** | 39,1 | 37,2 | 30,2 | 27,0 | 24,6 | 24,9 | 26,1 |

*Булагы: Автор аркылуу Улуттук Статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде даярдалды.*

2019-жылы кайра иштетүү өнөр жай ишканалары тарабынан учурдагы баада 3555 миллион сом суммасында продукция (жумуш, кызмат) жөнөтүлдү. 2018-жылы 174,4 миллион сом же 2017-жылга салыштырмалуу 15% көп киреше берген ишканалардын иши 476,6 миллион сомду, Кыргызстандын бюджеттик тутумуна которууга мүмкүндүк берип, 32,9% дык өсүүнү көрсөттү. Бул учурдагы рентабелдүүлүктүн орточо деңгээли 12,2% ды түзгөн.

Кайра иштетүү өнөр жайы улуттук жана чет өлкөлүк бизнес үчүн инвестициялык жактан жагымдуу бойдон калууда, муну 2013-2019-жылдар аралыгында өнөр жайды модернизациялоого салынган 905,7 млн. сомдук инвестициялык салымдардын көлөмүнүн динамикасы тастыктайт.

Инвестицияларды тартуу сыра иштетүү жана тамеки өнөр жайы, чай, кофе, ширелер жана суусундуктар, жарым-жартылай фабрикаттардын өндүрүшүн түп-тамырынан бери жаңыртууга мүмкүндүк берди, кондитердик өнөр жайын өнүктүрүүдө көп иштер жасалды. Акыркы он жылдын ичинде май жана май өнөр жайында бирдиктүү кубаттуулуктагы заманбап заводдор ишке киргизилди, сүт жана сыр өндүрүүчү заводдор курулду.

Жаңы ишканалардын курулушу менен тең катарда Россиянын жана Казакстандын ишкерлери менен биргеликте жабдуулардын заманбап түрлөрүн орнотуу менен иштеп жаткан ишканаларды техникалык жактан кайра жабдуу жүргүзүлүүдө. Бирок, кант, ун тартуу жана нан бышыруу тармактарындагы өндүрүштүк базанын жаңылануу темпи азырынча ачык экономиканын талаптарына жооп бербейт, бул ушул тармактардын ишканаларында

өндүрүлгөн продукциялардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин төмөндөтөт. Айлана-чөйрөнү коргоо объектилерин куруу процесси жай жүрүп жатат, бул келечекте ишканалардын ишин татаалдаштырат, ал эми абага жаман заттарды чыгаруу жана агынды сууларды агызууга жаңы, бир топ катаал талаптарды киргизүү өндүрүштүн рентабелдүүлүгүнүн төмөндөшүнө же бир кыйла радикалдуу вариантта караганда ишканалардын жабылышына алып келет. Андыктан тамак-аш азыктарын өндүрүү менен алектенген бизнес каржы агымдарын жөнгө салып, алардын бир бөлүгүн ишканалардын өнөр жай зоналарындагы айлана-чөйрөнү жакшыртууга багыттоосу керек.

Ата мекендик тамак-аш азыктарын өндүрүү көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, өлкө айыл чарба продукцияларынын жана азык-түлүктүн айрым түрлөрү боюнча жогорку импорттук көз карандылыкта калууда. 2019-жылы Кыргызстандатамак-ашжетишсиздигиненпайдаланылганэтазыктарынын 24%ы сырттаналыныпкелинген. Жалпысырттаналыныпкелингеназык-оокатпродуктыларыжанатоварлары36,4 млн АКШ долларына ташылып киргизилген. Калкты сапаттуу жана коопсуз тамак-аш менен камсыз кылуу - бул ар бир элдин ден-соолугун коргоонун жана чыңдоонун ажырагыс шарты жана өбөлгөсү.

Адамдын ден-соолугунун абалы жалпысынан алганда түздөн-түз тамактануунун сапатынан жана жекече алганда анын айрым компоненттеринен көз каранды. Тамактануу белгилүү патологиялык абалдардын болжол менен 80% нын пайда болуусунда, өнүгүшүндө жана жүрүшүндө олуттуу мааниге ээ. Келип чыгуусунда негизги ролду тамактануу фактору ойногон оорулардын ичинен 61%ын жүрөк-кан тамыр оорулары, 32%ын жаңы өсүндүлөр, 5%ын II типтеги кант диабети (инсулинге көз каранды эмес) түзөт. Ашказан, ичеги-карын, боор жана өт жолдорунун, эндокриндик патологиялардын, таяныч-кыймыл аппаратынын ооруларынын, кариестин пайда болушунда жана өнүгүшүндө тамактануу өтө маанилүү. Бул ооруларды дарылоого кеткен чыгымдар, эмгекке жарамдуулуктун жоголушунун ордун толтуруу өлкөнүн ички дүң продуктусунун олуттуу төмөндөшүнө алып келет. Азык-түлүктүн негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана калктын реалдуу кирешелеринин өсүшү жан башына азык-түлүктү керектөө деңгээлин туура тамактануу боюнча медициналык илим тарабынан сунуш кылынган деңгээлине азырынча алып келе элек (2.2-таблица).

**2-таблица. Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустунун кайра иштетүү тармагынын 2019-2022-жылдардагы продукциясына болгон облустун жашоочуларынын тамак-аш продуктыларына болгон керектөөнүн рационалдуу нормалары**

| | **Керектөөнүн рационалдуу нормалары *** | **Жылдар** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019 | 2020 | 2021 | 2022-жылда 2021-жылга карата, % менен | 2022-жылда рационалдык нормага карата % менен |
| **Эт жана эт продукттары (этке кайра эсептегенде)** | 70-75 | 66 | 67 | 69 | 103.0 | 92,0-98,6 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сүт жана сүт продукттары (сүткө кайра эсептегенде)** | 320-340 | 243 | 246 | 247 | 100,4 | 72,6-77,2 |
| **Жумуртка жана жумурткадан жасалган продукттар — даана** | 260 | 254 | 262 | 269 | 102,7 | 103,5 |
| **Балык жана балык продукттары** | 18-22 | 14,6 | 15,0 | 15,5 | 103,3 | 70,5-86,1 |
| **Кант** | 24-28 | 40 | 37 | 39 | 105,4 | 139,3-162,5 |
| **Өсүмдүк майы** | 10-12 | 12,7 | 13,1 | 13,4 | 102,3 | 111,7-134,0 |
| **Картофель** | 95-100 | 111 | 113 | 104 | 92,0 | 104,0-109,5 |
| **Жашылчалар жана азык-түлүктүк бакча өсүмдүктөрү** | 120-140 | 100 | 103 | 101 | 98,1 | 72,1-84,2 |
| **Мөмө-жемиштер** | 90-100 | 54 | 56 | 58 | 103,6 | 58,0-64,4 |
| **Нан продукттары (унга кайра эсептелген нан жана макарон азыктары, ун, акшак жана буурчактар)** | 95-105 | 120 | 119 | 119 | 100 | 113,3-125,3 |

*Булагы: Автор аркылуу Улуттук Статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде даярдалды.*

Ошентип, 2022-жылы Жалал-Абад облустук калктын жан башына орточо керектөө эт жана эт продукттары боюнча 69 килограммды (нормасы 70-75 кг), сүт жана сүт азыктары 247 килограммды (нормасы 320-340 кг), жашылчажана бакча өсүмдүктөрү 101 килограммды (нормасы 120-140 кг), мөмө-жемиштер 58 килограммды (нормасы 90-100 кг) түздү. Белгилей кетүүчү жагдай, эң татаал кырдаал сүт азыктарын керектөө жаатында калууда. Бул продукциянын ушул түрүн керектөөнү көбөйтүү мүмкүнчүлүгүнөн жана бул үчүн калктан керектүү каражаттын болушу менен гана эмес, эмгектин мүнөзүнүн өзгөрүшүнө, керектөөчүлөрдүн каалоолорунун өзгөрүшүнө жана ширелерди жана башка алкоголсуз ичимдиктерди көп өлчөмдө ичүүгө айрыкча жаштардын кызыгуусун төмөндөшүнөн продукциянын ушул түрлөрүнө адамдардын кызыгуусунун төмөндөшү менен да байланыштуу. Бул жааттагы мындай кырдаалды массалык маалымат каражаттарында, мезгилдүү басылмаларда жана мектеп мекемелеринде сүт азыктарынын пайдалуулугун активдүү пропагандалоо менен гана өзгөртүүгө болот. Ички финансылык ресурстардын чектелүү шарттарында, бюджеттин тартыштыгынын жана төлөм балансынын кескин өсүшүндө, ошондой эле өнүккөн банктык жана финансылык-ортомчулук системалардын

жоктугунда тышкы экономикалык жардамды тартуунун эсебинен кризистен тез арада чыгуу боюнча шашылыш чаралар көрүлдү.[2,41]

Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун жардамында жана каржылоосунда агроөнөр жай комплексинин бардык тармактарын өнүктүрүүнүн келечектүү иш-чараларын жүзөгө ашыруунун натыйжасында, Жалал-Абад облустунун калкынын азык-түлүк менен камсыз болушун эсептөө көрсөткөндөй, келечектеги божомолду эске алуу менен, эгерде азыркы жеткирүү тенденциясы сакталып турса, анда өздүк өндүрүштүн эсебинен көптөгөн продукцияларга болгон муктаждыкты толук канааттандыруу мүмкүн нерсе.

**3-таблица – Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун жардамы менен Жалал-Абад облустук калкынын 2023-жылдагы азык-түлүк менен камсыз болуусунун божомолу жана ташып кирүүнүн, ташып чыгуунун зарыл болгон балансы(мин.т).**

| Негизги тамак-аш азыктары | Божомол боюнча керектөөнүн зарыл болгон фонду | Анын ичинде өздүк өндүрүү-нүн эсебинен камсыз-доо | Рационал-дуу нормалар боюнча керектөө-нүн зарыл болгон фонду | Зарыл болгон ташып кирүү | | Зарыл болгон ташып чыгаруу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Божо-мол боюн-ча | Рацио-налдуу норма-лар боюн-ча | |
| **Эт жана эт продукттары** | 167,3 | 131,8 | 404,6 | 35,5 | 272,8 | - |
| **Сүт жана сүт продукттары** | 745,4 | 502,4 | 1949,3 | 243,0 | 1440,9 | - |
| **Жумуртка (млн.даана)** | 585,4 | 419,1 | 1342,5 | 166,3 | 923,4 | - |
| **Балык жана балык продукттары** | 11,0 | 0,6 | 78,5 | 10,4 | 77,9 | - |
| **Өсүмдүк майы** | 96,9 | 31,7 | 80,3 | 65,2 | 48,6 | - |
| **Нан жана нан продукттары** | 1092,9 | 1044,8 | 809,2 | 48,1 | - | **235,6-** |
| **Жашылчалар жана бакча өсүмдүктөрү** | 774,2 | 1086,2 | 827,6 | - | - | **253,4** |
| **Мөмө-жемиштер** | 174,7 | 209,9 | 453,6 | - | 243,1 | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Картофель** | **356,8** | **443,5** | **416,8** | **-** | **-** | **60,0** |

*Булагы: Автор аркылуу Улуттук Статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде даярдалды.*

Болжолдуу маалыматтар таблицасынан 2023-жылы 2110 жана 1785 миң тоннадан ашык көлөмдө дан жана картошка өндүрүү калктын азык-түлүккө болгон муктаждыгын канааттандырат; 2023-2035-жылдар аралыгында республикага тоют дан үчүн 10,5 миллион тонна, б.а. жылына орто эсеп менен 50,0 миң тонна дан алынып келиниши керек, ал эми азык-түлүк эмес максаттар үчүн 26,8 миң тонна картошка алынып келинүүсү зарыл [ ].

Белгилей кетчү нерсе, Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун каржылоосу менен өндүрүлгөн тамак-аш азыктары керектөөчүгө жеткирүү керек. Бул ролду, жогоруда белгиленгендей, инфраструктура ойнойт.

Изилдөөнүн жыйынтыгында бир катар тыянактарды жана практикалык сунуштарды беребиз:

Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустунун айыл-чарба, агроөнөр жай тармактарын колдоо багытындагы иш-чаранын экономикалык-уюштуруу аспектилери өнүктүрүү программаларын иштеп чыгып жана ишке ашырууну чукул арада чечүү керек.

Жалал-Абад облустук өнүгүү фондунун Жалал-Абад облустунун айыл-чарба, агроөнөр жай тармактарын колдоо багытындагы иш-чаранын экономикалык-уюштуруу аспектилери өнүгүү принциптерине негизделиши керек, алар төмөнкүлөрдү камтышы керек: 1) адамдын жашоосунун сапатын прогрессивдүү жакшыртуу; 2) шаардын/айыл аймагынын экономикасын өнүктүрүү; 3) социалдык адилеттүүлүк жана жарандардын аярлуу катмарын коргоо принциптерин камсыз кылуу; 4) бүтүндөй өлкөнүн жана анын региондорунун экологиясын жана биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо.

Жалпысынан аймактык башкаруунун бардык деңгээлдеринде өнүктүрүү программаларын даярдоо жана ишке ашыруу процесстерин институтташтыруу өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн бирдиктүү системасын камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү керек.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Джумабаев К.Ж., Мурсабекова Г.Т. Нормативно – правовая основа и региональные особенности поведения сельскохозяйственной переписи в Кыргызстане. «Экономика и статистика»- Бишкек,2002., №3, - С .65-70.
2. Жороева А.М., Экономика и управление: проблемы, решения, // Текст, Журнал 2019 Том 5 №1 Стр. 41-45.
3. Статистический сборник. Посевные площади, валовой сбор и урожайность сельскохозяйственных культур во всех категориях хозяйств Жалал-Абадской области за 2010 2020 гг. – Жалал-Абад. 2021 г. 250 с.
4. Закон о государственном прогнозировании социально-экономического развития Кыргызской Республики №61 от 20.02.2009 г.
5. https://www.stat.kg/ru/


* * *

***Ажиматова Наргиза Мырзакабыловна, Токтобаев И.А., Татипбаева Т.Б.***

# ИШКАНАНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ДОЛБООРУНУН ТОБОКЕЛДИКТЕРИ

***Ажиматова Н. М., Токтобаев И.А., Татипбаева Т.Б.***

# РИСКИ ИНВЕСТИЦИОННОГО ПРОЕКТА ОРГАНИЗАЦИИ

***Azhimatova N. M., Toktobaev I.A., Tatipbaeva T.B.***

# RISKS OF THE COMPANY'S INVESTMENT PROJECT

*УДК 330.322.54*

***Аннотация:*** *Долбоордун тобокелдиктери деп, эреже катары, белгисиздиктин таасири астында пайда болгон долбоордун натыйжалуулугунун акыркы көрсөткүчтөрүнүн күтүлгөн начарлашы түшүнүлөт. Сандык жактан алганда, тобокелдик, адатта, долбоордун сандык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү катары аныкталат: таза учурдагы нарк (NPV), кирешенин ички нормасы (IRR) жана өзүн актоо мөөнөтү (PT). Азыркы учурда инвестициялык долбоорлордун долбоордук тобокелдигинин бирдиктүү классификациясы жок. Бирок, биз дээрлик бардык долбоорлорго мүнөздүү төмөнкүдөй негизги тобокелдиктерди аныктай алабыз: маркетингдик тобокелдик, долбоордун графигин аткарбоо тобокелдиги, долбоордун бюджетинен ашып кетүү коркунучу, ошондой эле жалпы экономикалык тобокелдиктер. Тобокелдиктерди талдоо максаттары инвестициялык долбоордун натыйжалуулугуна ишенимдүү критерийлерди алуу жана инвестициялык чечимдин негиздүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *финансы, маркетинг, сырьё, тобокелдик, долбоор, экономика, инвестор, инфляция жана валюта.*

***Аннотация:*** *Под рисками проекта принято понимать ожидаемое ухудшение конечных показателей эффективности проекта, вызванное влиянием неопределенности. Количественно риск обычно определяют как изменение количественных показателей проекта: чистой приведенной стоимости (NPV), внутренней нормы доходности (IRR) и срока окупаемости (PT). В настоящее время не существует единой классификации проектного риска инвестиционных проектов. Однако можно выделить следующие основные риски, общие практически для всех проектов: маркетинговый риск, риск невыполнения графика проекта, риск превышения бюджета проекта, а также общеэкономические риски. Целью анализа рисков является получение надежных критериев эффективности инвестиционного проекта и повышение обоснованности инвестиционного решения.*

***Ключевые слова:*** *финансы, маркетинг, сырье, риск, проект, экономика, инвестор, инфляция и валюта.*

***Abstract:*** *Project risks are usually understood as the expected deterioration in the final performance indicators of the project caused by the influence of uncertainty. Risk is usually quantified as changes in the quantitative indicators of a project: net present value (NPV), internal rate of return (IRR) and payback period (PT). Currently, there is no unified classification of project risk of investment projects. However, the following main risks can be identified, common to almost all projects: marketing risk, the risk of failure to meet the project schedule, the risk of exceeding the project budget, as well as general economic risks. The purpose of risk analysis is to obtain reliable criteria for the effectiveness of an investment project and to improve the validity of the investment decision.*

***Key words:*** *finance, marketing, raw materials, risk, project, economy, investor, inflation and currency.*

Инвестициялык процесстер өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндө алдыңкы ролду ойнойт, бул ар кандай инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга түздөн-түз байланыштуу. Инвестициялык долбоорлоонун маанилүү компоненттеринин бири инвестициялык сунуштарды даярдоо процессинде, инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун талдоодо, ошондой эле долбоорду ишке ашыруу процессинде тобокелдик факторлорун жана белгисиздикти эске алуу болуп саналат. Инвестициялык долбоорлорду талдоодо, көп учурда белгисиздик учуру пайда болот, анткени сиз дээрлик ар дайым баалоого тийиш болгон бардык акча агымдары келечектеги мезгилдерге тиешелүү экендиги менен күрөшүүгө туура келет. Демек, алар болжолдуу жана ыктымалдуу мүнөзгө ээ болуп, келечектеги натыйжаларды аныктоо өтө кыйынга турат. Бул белгисиздик көптөгөн экономикалык жана экономикалык эмес факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Алардын негизгилерине дүйнөлүк жана аймактык кризистер, рынок конъюнктурасынын ар кандай термелүүлөрү, инфляция, валюта курсу, ошондой эле ар кандай табигый-климаттык факторлор кирет. Бул факторлордун баары негизинен инвестордун каалоосуна жана аракетине эч кандай көз каранды эмес жана так баа берүү кыйын.

Бул белгисиздик конкреттүү инвестициялык долбоорго салынган каражаттар өзүн актай албай, болжолдонгон натыйжаларга жетишилбей калышы менен байланышкан инвестициялык тобокелдиктердин пайда болушуна алып келет.

Ошондуктан, кандайдыр бир долбоорго каражаттарды инвестициялоо жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн, биринчи кезекте, бул инвестициялык долбоорду ишке ашыруу менен коштолгон тобокелдиктерди аныктоо жана олуттуу каржылык жоготууларды болтурбоо үчүн алардын көлөмүн баалоо жана аларды алгылыктуу болгон менен инвестор үчүн алгылыктуу маани салыштыруу максатка ылайыктуу. Эгерде тобокелдиктин көлөмү инвестор үчүн кабыл алынгыс болуп чыкса, анда ал долбоорго инвестиция салуудан баш тартууга туура келиши мүмкүн.

Бирок инвестициялык долбоорду ишке ашырууда анын тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо гана эмес, бул долбоордук тобокелдиктерди башкаруу боюнча чараларды пландаштыруу да маанилүү, бул инвестициялык долбоордун тобокелдиктерин башкаруу. Ошентип, тобокелдик окуясынын пайда болушун алдын ала айтуу жана тобокелдик даражасын азайтуу үчүн өз убагында чараларды көрүү менен башкарууга болот.

Ошентип, инвестициялык долбоордун тобокелдиктерин эффективдүү башкаруусуз аны ийгиликтүү ишке ашыруу мүмкүн эместиги жана бул ишке инвестициялоо боюнча кабыл алынган чечимдин тууралыгына ишенүү менен шартталган.

Бул макалада инвестициялык долбоорлордун тобокелдиктерин баалоонун жана башкаруунун теориялык жана практикалык негиздерин комплекстүү талдоо болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюга болот:

 Инвестициялык долбоорлордун тобокелдиктеринин маңызын жана аларды баалоо ыкмаларын ачуу

 Инвестициялык долбоорлордун тобокелдиктерин башкаруунун ар кандай ыкмаларын аныктоо

 Компаниянын ишмердүүлүгүн жана ал демилгелеген инвестициялык долбоорду талдоо

- Инвестициялык долбоордун натыйжалуулугун баалоо
- Инвестициялык долбоорду ишке ашырууда тобокелдиктерди баалоонун жана башкаруунун практикалык ыкмаларын изилдөө
- Ишканада башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Негизги мыйзам актысы катары «Капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык ишмердүүлүк жөнүндө» мыйзамдар колдонулган.

Ар бир чарба жүргүзүүчү субъект кандайдыр бир инвестициялык долбоорду ишке ашырууну чечүүдө терс кесепеттер менен жоготуулардын ыктымалдуулугун азайтуу үчүн бардык мүмкүн болгон тобокелдиктерге комплекстүү талдоо жүргүзүүсү зарыл. Биринчиден, тобокелдиктин сапаттык талдоосун жүргүзүү керек, башкача айтканда, берилген инвестициялык долбоорду ишке ашыруу менен коштолгон мүмкүн болуучу долбоордук тобокелдиктерди изилдөө, тобокелдиктин ар бир түрүнүн деңгээлине таасир этүүчү себептерди жана факторлорду изилдөө, ошондой эле бардык мүмкүн болуучу кесепеттерди аныктоо, аныкталган тобокелдиктерди ишке ашыруу.

Инвестициялык долбоордун тобокелдигин сапаттык талдоонун негизги ыкмаларына төмөнкүлөр кирет:

- Чыгымдардын ылайыктуулугун талдоо
- Аналогия ыкмасы
- Эксперттик баа берүү ыкмасы

Сапаттык талдоо жол-жобосу сандык анализге - инвестициялык долбоордун тобокелдигине чыгымдарды баалоого, ошондой эле инвестициялык долбоордун натыйжалуулугунун критерийлеринин жүрүм-турумуна тобокелдик факторлорунун таасирин сандык өлчөөгө алып келет. Сандык анализдин ыкмаларына төмөнкүлөр кирет:

- Статистикалык ыкма
- Сезимталдуулукту талдоо
- Туруктуулукту текшерүү ыкмасы
- Сценарий ыкмасы
- Чечим дарагынын ыкмасы
- Монте-Карло ыкмасы

Инвестициялык тобокелдикти баалоонун бардык моделдерин талдап чыгып, биз инвестициялык долбоордун тобокелдигин толук талдоо жана баалоого мүмкүндүк берүүчү универсалдуу ыкма жок деген тыянак чыгарууга болот, анткени каралып жаткан ыкмалардын ар биринин өзүнүн артыкчылыктары жана кемчиликтери бар.

Сапаттык жана сандык талдоо жүргүзүүдөн кийин инвестициялык долбоордун тобокелдиктерин башкаруу боюнча чараларды иштеп чыгуу, ошону менен аларды ишке ашыруунун бардык мүмкүн болгон терс кесепеттерин азайтуу маанилүү. Ошентип, конкреттүү долбоордук тобокелдиктерди ишке ашыруу менен байланышкан мүмкүн болуучу жоготууларды кыскартууга багытталган тобокелдиктерди тескөө жол-жобосу тобокелдиктерди башкаруу ыкмаларынын белгилүү бир топтомун тандоого алып келиши керек, алардын ичинен негизгилери:

- Камсыздандыруу
- Диверсификация
- Өзүн-өзү камсыздандыруу же резервдик фонддор
- Хеджирлөө

Долбоордун чыгашасыз талдоосу да жүргүзүлдү, анын натыйжасында инвестициялык долбоор аны ишке ашыруу шарттарындагы мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө туруктуу деп табылды, анткени киреше зыянсыздануу чекитинен олуттуу ашып кетет, бул инвестициялык долбоорго мүнөздүү тобокелдик деңгээли төмөнкү көрсөткүчтү көрсөтөт.

Долбоордун инвестициялык жагымдуулугун аныктоо үчүн капиталдык салымдардын эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү да эсептелген, алар долбоордун өзүн өзү актоо мөөнөтү кыска, кирешенин жогорку деңгээли жана таза учурдагы наркы менен мүнөздөлөөрүн көрсөтөт.

Ишкананы түзүү боюнча инвестициялык долбоордун тобокелдиктерин баалоодо эксперттик баа берүү жана сезимталдыкты талдоо ыкмасы сыяктуу ыкмалар колдонулган. Баалоонун жыйынтыгында долбоордун жалпы тобокелдигинин ишке ашыруу ыктымалдуулугу төмөн экени аныкталды, ошондой эле эң олуттуу тобокелдиктер технологиялык тобокелдиктер, анын ичинде негизги сырьену жана материалдарды берүүчүлөрдүн тобокелдиктери болуп санала тургандыгы аныкталды. сапатсыз сырье менен камсыз кылуу, ошондой эле маркетинг жана финансылык тобокелдиктер. Бир параметрлүү сезгичтиктин анализин жүргүзүү процессинде инвестициялык долбоордун таза учурдагы наркы ( NPV ) даяр продукцияга болгон баанын деңгээлинин өзгөрүшүнө, ал эми азыраак деңгээлде персоналдын чыгымдарынын өзгөрүшүнө жана кредиттер боюнча пайыздар көбүрөөк экени аныкталган.

Тобокелдиктерди тескөө жол-жобосун толук ишке ашыруу үчүн, ошондой эле бул инвестициялык долбоордун бардык аныкталган тобокелдиктерин башкаруу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарыл болгон. Фьючерстик контракттарды сатып алуу жолу менен тобокелдиктерди хеджирлөө, каражаттарды резервдөө, жабдууларды жана курулуш материалдарын жеткирүү келишимдеринде бааларды бекитүү, ошондой эле бул инвестициялык долбоордун тобокелдиктерин төмөндөтүү боюнча ар кандай уюштуруу чаралары сыяктуу башкаруу ыкмалары колдонулган.

«Энергострой» ишканасын түзүү боюнча инвестициялык долбоордун тобокелдиктерди башкаруу системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн анын тобокелдиктерди башкаруунун колдонуудагы ыкмаларын төмөнкүдөй негизги чаралар менен толуктоого болот:

 сатууну жана жеткирүүлөрдү диверсификациялоо, иштин түрлөрүн жана бизнес багыттарын диверсификациялоо

 долбоордук компаниянын мүлкүн, курулуш тобокелдиктерин, жүктөрдү, материалдарды жана жабдууларды жеткирүүнүн үзгүлтүккө учурашы тобокелдиктерин камсыздандыруу, кесиптик жана жарандык жоопкерчиликти камсыздандыруу

 долбоордун алкагында тобокелдиктерди башкаруу кызматын түзүү, ага бул инвестициялык долбоордун тобокелдигин минималдаштыруу боюнча чараларды уюштуруу боюнча бардык ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилет.

 долбоордун аяктоо кепилдиги, берилген кредиттин кайтарылышынын кепилдиги, курулуш-монтаждоо иштерине жана жабдууларды жеткирүүгө келишимдин талаптагыдай аткарылышынын кепилдиги.

Ошентип, инвестициялык долбоорду ишке ашыруу процессинде тобокелдиктердин келип чыгышынан жана аларды ишке ашыруудан келип чыккан бардык мүмкүн болуучу кесепеттерден жана жоготуулардан максималдуу коргоо үчүн долбоордук тобокелдиктерди баалоонун жана башкаруунун ар кандай ыкмаларын натыйжалуу айкалыштыруу маанилүү.

**Колдонулган булактар**

1. Инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун баалоо боюнча методикалык сунуштар. М.: Экономика, 2020.
2. Грачева М.В., Секерина А.Б. Инвестициялык долбоордун тобокелдигин башкаруу – М.: Биримдик-Дана, 2019. – 544 б .
3. Шапкин А.С., Шапкин В.А. Экономикалык жана финансылык тобокелдиктер. М.: «Дашков и К» басма жана соода корпорациясы, 2018 - 544 б.
4. Жороева А.М., Абышов И.С.,Калиев А.С.,Государственное регулирование и развития сельскохозяйственных формирований и их инвестиционный // Текст Журнал Горизонты Экономики 3 (83), 2024 стр. 63-70
4. Экономикалык теория: Окуу китеби / Ред. Мусакожоева. - Б :, 2011.
5. Экономикалык китепкана - http://economy-lib.com/problemy-razvitiya innovatsionnoy-konkurentosposobnoy-ekonomiki-i-ee-uchetno-informatsionnoe-obespechenie#ixzz5IrqkULPG
6. www.economy.gov.ru
7. www.minfin.ru


* * *

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

**Каримов Кахрамон Садыкович**

**АНАЛИЗ ТРУДОВ ПО ИСТОРИИ КАЗАХСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ТУРКЕСТАНЕ**

***Karimov Kakhramon SADIKOVICH***

***ANALYSIS OF WORKS ON THE HISTORY OF KAZAKH ACTIVITY IN TURKESTAN***

**Аннотация.** В данной статье основное место занимают рукописи, каменные произведения, материаловедческие исследования, мемуары, рукописи, сборники законов, шариата, фикха, морали, мемуары и памятные вещи, хранящиеся в фонде Государственного литературного музея имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. выявлены также вопросы эффективного использования персидских языковых источников.

**Ключевые слова:** мемуары, рукописи, законы, сборники по шариату, фикху, этикету, мемуары и мемуары, рукопись, гравюры, материалы.

**Annotation.** In this article, the main place in the fund of the State Museum of Literature named after Alisher Navoi of the Academy of Sciences of the Republic of Uzbekistan is given to the issues of manuscript, stonework, materials research, memoir, manuscripts, laws, collections on Sharia, fiqh, etiquette, memory and memorization, texts on the background in the writing of chigatoy (old Uzbek)

**Keywords:** memoir, manuscripts, laws, Sharia, fiqh, etiquette collections, memorabilia and memorabilia, manuscript, stonework, materials.

В фонде Государственного литературного музея имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан хранятся рукописи, летописи, материалы, которые способствуют исследованию источников, отражающих историческую действительность, а не саму

историческую действительность. Среди этих источников мемуары, рукописи, законы, сборники шариата, фикха, этикета, мемуары и мемуары также занимают центральное место. Прежде всего, они являются первоисточниками. При подготовке исследования исследователями очень важно эффективно использовать имеющиеся на заднем плане тексты чигатайского (староузбекского) письма, а также источники на персидском языке. Эти источники имеют непосредственное отношение к вопросу, закрепляют детализацию событий, отраженных в архивных документах, проясняют суть вопроса.

Так как документы и материалы в архиве велики по объему и объему, то в зависимости от их структуры и содержания административно-хозяйственный период Российской империи анализировался с выделением в группу историко-правовых и социально-нотариальных источников.

Историко-правовые источники имперского периода делятся на три категории в зависимости от характера их возникновения:

А документы и материалы, касающиеся деятельности судей;

- нормативные акты и материалы органов исполнительной власти;

- делятся на делопроизводственные документы.

Маджуд казилик документы суда были опубликованы в печати, а затем переведены на английский и французский языки. Это не подлинная или юридическая копия документов. Оказывается, образцы деловой документации, служившие пособием для составителей различных видов документов, переписывались в виде образцов таких документов в своих сборниках. Можно сказать, что должность казначея и его распорядок сохранились до наших дней.

“Yangi hukmlar” (ینگی حوکلار) считается небольшая статья о социальном положении на землях покоренного русскими казахского народа. В этой статье говорится, что читателям запрещено поститься во время Рамадана[1].

“Kayfiyati muslimin” (کیفیت موسلمین)- источник, датируемый примерно восемнадцатым веком. Написано черными чернилами на Коканд-бумаге в объеме 15 строк. В произведении, написанном на тюркском языке, расы представлены последовательно. В работе сделана попытка дать оценку социальным настроениям жителей края[2].

Произведение религиозно-догматического содержания под названием “Diniy risola” (دینی ریساله) написано в прозе. В произведении, написанном в виде двух столбцов на насталикском письме, рассматриваются религиозно-нравственные вопросы[3].

Сборник различных надписей и документов под названием “Turli hujjatlar” (حوختها). Этот источник, быстро переписанный в письме насталика на Кокандскую бумагу, содержит генеалогические данные, документы о пожертвованиях, предложения о совместной работе и посвящения[4].

“Nikoh hujjati” (حوخت نکاح) источник, однако, указывает на образец, процедуры, процедуры, необходимые для заключения брака в соответствии с мусульманским обычаем. Эта рукопись является историческим источником XIX века[5].

В трактате “Xat va vasifalar majmuasi” (جظ و وشيقه لار مخمدعشى) приводятся примеры различных документов, таких как место мужа и жены в финансовом обеспечении семьи, письмо об освобождении от осуждения, а также документы о браке и разводе[6].

“Yer o‘lchash to‘g‘risida risola” (دساله مسافه) баруфак в своем трактате под названием Основы измерения Земли, описывает процедуры измерения прямой, плоской и неровной земли, определения ее поверхности, сторон, границ.

Исторический справочник девятнадцатого века под названием “To‘plam” (مجموعت) содержит руководство по соблюдению правил шариата, комментарии к ним, рассказы о событиях и историях[8].

Среди источников, хранящихся в этом фонде, немало источников, содержащих документы, связанные с земельно-имущественными и жилищно-хозяйственными сделками[9].

Трактат мир Абдуллы шаха под названием “Usuli din bayoni” (در بيان اصول دين) представляет собой серию справочных комментариев к восьми основам религии ислама. Данный ресурс напечатан на Кокандской бумаге размером 12x26 см в виде насталикского письма[10].

Трактат “Qozi daftari” (قاضى دفترى) представляет собой сборник, отсортированный по различным трудам и фетвам по науке фикха, собранным по личной инициативе неизвестного Кази. Эта рукопись датируется девятнадцатым веком и является одним из важных источников для нашей исследовательской работы[11].

Трактат под названием “Meroz huquqiga oid risolalar to‘plami” (جامع الر سايل فى الفر ايض) был написан по вопросам наследования от мусульманского права. Этот трактат состоит из трех частей, расположенных в последовательном порядке[12].

В трактате п“Mashru’ va g‘ayri mashru’ navblar bayoni” (بيان انواع المشر و غير المشر و عات)” повествование о Машру и нири Машру " (يبيان انواع المشر و عاتر المشر و ير) дается описание повествования об ахкомах шариата, об обязательствах, ваджибах, Сунне, мустахабах, хараме, макрухе, мубахе[13].

Из информации в работах, представленных выше, видно, что основным вопросом является местное самоуправление, земельно-имущественные отношения и колониальные порядки, включенные в законы. Описанный русскими востоковедами феодальный способ производства, господствовавший в среднеазиатских условиях дольше, чем в западных странах, характеризовался тем же основным экономическим законом и теми же характерными чертами, которые представляли структурные факторы этого общества. Но эти обстоятельства, эти особенности, в том числе формы прикрепления крестьян к Земле, ее феодальная зависимость, особенно правовое оформление этой зависимости, вопрос о роли феодального государства в этом вопросе в среднеазиатских условиях еще очень слабо развиты.

**Список использованной литературы:**

1. Yangi hukmlar (ينگى حوكلار). Qozon. Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. 1913. № 401/III. 2 лист.
2. Kayfiyati muslimin (كيفيت موسلمين). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XVIII. № 615. 23 лист.
3. “Diniy risola” (دينى ريساله). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. 1149/1736. № 756. 374 лист.

4. “Turli hujjatlar” (حوختها). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XIX-XX. № 358/X. 2 лист.
5. “Nikoh hujjati” (حوخت نكاح). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XIX. № 353/III. 1 лист.
6. “Xat va vasifalar majmuasi” (جظ و وشيقه لار مخمدعشى) Qo‘qon. Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. 1897. № 358/VI. 5 лист.
7. “Yer o‘lchash to‘g‘risida risola” (دساله مسافه). Qo‘qon. Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XIX-XX. № 407/VIII. 5 лист.
8. “To‘plam” (مخموعت). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XIX-XX. № 710/III. 21 лист.
9. “Hujjat” (حجت). Государственный литературный музей имени Алишера Навои академии наук Республики Узбекистан. XIX. № 313/II. 2 лист.


* * *

***Сабиров Камчыбек Аскарович***

## КЫРГЫЗ – ЖУНГАР СОГУШУНУН ЖҮРҮШҮНДӨГҮ КУРАЛ – ЖАРАКТЫН ОРДУ

***Сабиров Камчыбек Аскарович***

## РОЛЬ ОРУЖИЕ В ХОДЕ КЫРГЫЗСКО-ЖУНГАРСКОЙ ВОЙНЕ

***Sabirov Kamchybek Askarovich***

## ROLE OF WEAPONG THE KYRGYZ-ZHUNGAR WAR

*УДК: 37.013*

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз – Жунгар согушунун жүрүшүндө бир эле күчтүү идеология эмес, андагы курал жарактар да эң негизги орунда болгондугуна маани берип, окуу куралдарына жазуу маанилүү экендиги тууралуу айтылат. Жунгарлардын баскынчылык саясатында курал жарактарга маани берилип, согуштук аракеттерде Казак, Кыргыз, Өзбек жоокерлери аргасыз чегинүүгө баргандыгы боюнча жазылат. Туткунга түшкөн жоокердин ок атуучу куралды жасай билиши жунгарлардын чек araларын кеңейтүүгө шарттар түзүлгөндүгү айтылат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Согуш, феодалдык бытырандылык, курал жарак, стратегия, тактика, саясат, идеология, мамлекет, каолиция, экспанция, техника, технология.*

***Аннотация:*** *В данной статье подчеркивается тот факт, что во время Кыргызско-Джунгарской войны главное место в ней занимала не только сильная идеология, но и оружие, о чем важно писать в учебниках. В вторженческой политике джунгар большое значение придавалось оружию, а казахские, киргизские и узбекские солдаты были выйнуждены отступать во время военных действий. Говорится, что умение пленного солдата изготовливать огнестрельное оружие создало условия для расширения границ джунгар.*

***Ключевые слова:*** *Война, феодальная раздробленность, вооружение, стратегия, тактика, политика, идеология, государство, коалиция, экспансия, техника, технология.*

***Annotation:*** *This article emphasizes the fact that during tge Kyrgyz-Dzhungar War, the main plase in it was occupied not by a strong ideolofy, but also by weapons, which is important to write about in textbooks. In the Dzungar invasion*

*policy, great importance was attached to weapons, and Kazakh, Kygyz and Uzbek soldiers were forced to retreat during hostilities. It is said that the captive soldiers ability were to make firearms created the conditions for the expansion of the Dzungar bolders.*

***Key words:*** *War, feudal fragmentation, weapons, strategy, tactics, politiks, ideology, state, coalition, expansion, technigue, technology.*

Мамлекеттин сакталып турушу, мамлекеттик бийликтин ички жана тышкы саясатынын тууралыгынан жана техника ошондой эле технологиялык жетишкендиктерден терең көз каранды экендиги маалым.

Кыргызстан мамлекети өзүнүн эгемендүү мезгилиндеги ички жана тышкы саясатында көрө билбестиктин, тажрыйбасыздыктын натыйжасында көптөгөн кыйынчылыктарга, адашууларга, колундагы нерсени алдырып жиберүүгө, утулуп калууларга, жок болуп кетүү коркунучуна дуушар болгон.

Ошол көйгөйлөрдүн ичинен эң негизги көйгөйлдүн бири аскердик абал болгон. Сырткы душмандардан коргонуу үчүн армиябыздын акыбалы көңүл чөгөөрлүк деңгээлде эле.

Ошол көйгөйлөрдүн ичинде эң бир негизги көйгөйдүн бири аскердик абал болгон. Сырткы абалдардан коргонуу үчүн армиябыздын акыбалы көңүл чөгөөрлүк деңгээлде эле. Мени кызыктырган нерсе Моголистан мамлекетинин мезгилинде Мухаммед Хайдардын айтуусу боюнча токой арстандары эсептелген, күчтүү Манас идеологиясы болгон кыргыздар эмне себептен жунгарлардын доорунда алардан жеңиүүгө учураганы кызыктырды да, жуңгарлардын колдонгон курал жарактарын иликтөөгө аракеттендим. Бир эле кыргыздар эмес казактар, өзбектер да алардын чабуулуна туруштук бере албай, чамындыга айланган учурлары көп болгон. Жунгарлардын ийгилигинин сыры, алардын ок атуучу куралдарда экендиги тарых боюнча тарых китептеринде кенен чагылдырылбагандыгы иликтенүүчү **көйгөйлөрдүн** бири болуп эсептелет.

Жунгар деген элдер кимдер болгон. Бул боюнча интернеттеги маалыматтарда мындай берилет: “**Жунгар хандыгы** – 1635–1758-ж. өкүм сүргөн батыш моңголдордун мамлекети. Моңгол тилинде «жунгар» – «сол кол», ал эми «барунгар» – «оң кол» дегенди түшүндүрүп, бул аталыш саясий бирикмени туюнткан.[1. **https://ky.wikipedia.org/wiki/ Жунгур хандыгы]**

Кыргызстандын соңку тарыхында болуп өткөн кайгылуу Баткен окуялары, жоокерлерибиздин күчтүү Манас идеологиясына негизделген мекенчилдик аракеттерине карабастан, согушта жарытылуу ийгиликтер болбой жатты. Бул тууралуу ошол учурдагы маалыматтар мындай деп жазышкан: “Республиканын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан... Мында республиканын куралдуу күчтөрүндөгү кемчиликтер, аскердик техниканын, курал-жарактын жетишсиздиги жана башка айкын көрүндү”.[2. https://ky.wikipedia.org/wiki Баткен окуясы]

Кийинки учурларда коңшу тажик туугандардын кара санатайлык менен кол салууларында да курал жарак, техника маселеси кендирди кескендиги маалым. Бул тууралуу президент Садыр Жапаров – “... Манас атабыздын урпактары катары духу күчтүү чек

арачыларыбыз берген антына бекем туруп, кынтыксыз кызмат өтөп жаткандыгында эч кимдин шеги жок. Ошентсе дагы бүгүнкү замандын чакырыктары менен коркунучтарына тийиштүү жооп кайтарууга заманбап техникалардын болушу дагы өтө маанилүү фактор болуп саналат. Мына ошондуктан чек арачыларыбызды заманбап техника жана жаңы технологиялар менен камсыз кылууну улантып жатабыз", — деп айткан.[3. https://sputnik.kg/20220325/chpu-sadyr-zhaparov-tehnika-tapshyruu].

Деги согуш деген эмне? Ага кандай жооп берсек болот. Туштундүрмө сөздүктөргө ылайык согуш деген – "Согуш – мамлекеттердин же таптардын ортосунда белгилүү бир саясий же экономикалык максатка жетүү үчүн болгон куралдуу күрөш; таптар менен мамлекеттердин саясатынын зомбулук «куралдары» менен улантылышы.[4. https://ky.wikipedia.org/wiki. Согуш]

Ошондуктан, согуштун жыйынтыгы ар дайым күчтүү идеологиядан, стратегия жанан тактикадан, эң негизгиси алдыңкы технологиялык согуштук техникалардан көз каранды болот. Баткендеги чек арада согуштун токтошуна биздин жоокерлердин мамлекет тарабынан камкордуктун куч алышына, алдыңкы техникалык курал жарак менен камсыз болушу себеп болду. Тез аранын ичинде азыркы эң алдыңкы согуштук куралдарды сатып алынды. Бул тууралуу президент С. Жапаров Коопсуздук кеңешинде сүйлөгөн сөзүндө –"Акыркы 30 жыл ичинде биринчи жолу чек арабызды жана биздин жарандарыбызды коргоо үчүн зарыл болгон заманбап куралдарды өзүбүз сатып алдык. Бул бир гана "Байрактар" учкучсуз учуучу аппараттары эмес, башкалары да бар. Анын ичинде биз өнөктөш жана союздаштарыбыздан Борбор Азияда азырынча андай аналогдору болбогон курал-жарактардын жаңы түрлөрүн сатып алдык..."-деп айтты.[5.https://eltr.kg/prezident-koopsuzduk-ke%D2%A3eshinin-zhyjynynda-kuralduu- -maselelerin-belgiledi].

Мамлекет жетекчилеринин күчтүү аракеттеринин натыйжасында согуштун жүрүшү, андагы саясый кырдал башка нукка бурулду жана согушта курал жарактын орду, философиялык мааниси өзгөчө экендиги билинди.

Тарыхта Кыргыз – Жунгар согушун жазууда да курал жарактын орду маанилүү орунду ээлеген, бирок ал тууралуу анча деле тарых китептеринде белгилене бербейт. Маселен Ө. Осмоновдун "Кыргызстандын тарыхы" китебинде калмактар тууралуу жакшы маалыматтар берилип, бирок курал жарак жөнүндө кыскача гана – "1718-1720-жылдары Жунгар баскынчылары Ысык-Көл, Чүй, жана Талас жергесине кол салган. Кыргыздар калмак баскынчыларына катуу каршылык көрсөткөн. Бирок саны жагынан артыкчылык кылып, замбирек, мылтык менен куралданып, согуш өнөрүнө жакшы үйрөтүлгөн кыргыздарды канга бөлөп, Түндүк Кыргызстандын көп жерин басып алган"-деп жазылат.[6.192-б). Ушундай эле көрүнүш 7-класска арналган "Кыргызстандын тарыхы" окуу куралында да байкалат.

Л. Бобровдун иликтөөсүнө ылайык жунгарлардын куралдануусу Орто Азия мусулман соодагерлерине жана сибирлик княздарга байланыштуу болуп чыгат. Жунгарлардын согуштун башталышында казактардан жана кыргыздардан өзгөчөлүгү куралга терең маани бергендигинде. Жуңгарлар куралды орустардан эле эмес, Хива хандыгынан жана Бухара эмирлигинен алып турушкан. Куралды жакшыртуу менен кыргыздар менен казактардын шорун катырган, азапка салган. Казактар менен кыргыздар бирдиктүү борбоштурулган мамлекет кура алышпагандыктан жунгарларга салыштырмалуу ок атуучу курал жагынан чабал болушкан: "Во второй половине XVII в. начались массовые по ставки оружия из Средней Азии и России. Обойти ограничения, наложенные русским правительством на продажу оружия кочевникам, джунгарам удалось благодаря посредничеству среднеазиатских

мусульманских купцов и сибирских «князцов». В Москве и других городах России торговцы явно, а чаще тайно, закупали оружие, а затем вместе с торговыми караванами скрытно переправляли его в Джунгарию.[7.Журнал Наука.Статья].

Окуу куралдарынын максаты окуучуларды мамлекеттин, коомдун кызыкчылыгына ылайыктап тарбиялоо болуп саналып, мамлекеттин идеологиясынын стандарттарынан четтеп кете албайт. Э. Мамбетакунов тарбиялоонун максаты тууралуу: “Окуу китебиндеги окуу материалдары окуучуларда кызыгууну пайда кылышы керек. Окуу предметинин окуучу тарабынан өздөштүрүүсү китептеги материалдын мотивди түзүүдөгү таасирине көз каранды болот”.[8.185-б]-деп жазат.

Демек, Кыргыз-Жуңгар согушу тууралуу жазганда балдарда политехникалык билимге кызыгууну пайда кыла турган мотивди башкача айтканда, курал-жарак тууралуу баса белгилеп, окуучулардын аң-сезиминин түпкүрүндө (подсознание) техникалык багытка оогон окуучуларды жаратуу, мекенибиздин келечеги үчүн абдан керектүү болуп жаткан кадрларды тарбиялаган болор элек.

Тарых илимдеринин доктору Л. Бобровдун айтуусунда жунгарлардын согуштагы ийгилиги Полтава салгылашуусунда колго түшкөн шведдик аскер кызматкери Юхан Густав Ренатка терең байланыштуу жагы бар экендигин мындай деп айтат: “Последний и заключительный этап джунгарских военных реформ связан с появлением артиллерии. В 1726 году в Джунгарском ханстве в районе Иссык-Куля был построен первый завод по производству пушек. Организовать его работу было поручено сержанту шведской армии Йохану Густаву Ренату, который был взят в плен русскими солдатами под Полтавой, а затем переправлен в Тобольск. В 1716 году он был вторично взят в плен, на этот раз джунгарами. Сержанту обещали свободу и щедрую награду в обмен на организацию пушечного производства в Ойратии (Джунгарии). Для обучения пушечному мастерству ему были даны 20 оружейников и 200 рабочих, а несколько тысяч человек назначено на подсобные работы.

Заложенные шведом основы артиллерийского производства давали свои плоды на протяжении еще полутора десятков лет. По сведениям самих джунгар, легкие орудия, перевозимые на верблюдах, в начале 40-х годов XVIII века исчислялись тысячами, а тяжелые орудия и мортиры — десятками”.[7.]

Жыйынтыктап айтканда Кыргыз-Жунгар согушу геосаясый мааниси бар согуш болгон. Натыйжада Кыргызстандын азыркы аймагы Кытай, Россия жана кошуна башка өлкөлөр менен чек аралары калыптана баштады. Борбордук Азияда азыркы саясый, маданий аймактык ландшафынын түзулүшүнө шарт түздү.

Бул согуш тууралуу окууда жоокерлердин патриоттуулугуна, баатырлыгына гана басым жасабастан, ошол эле учурда китепти жазууда, курал – жаракка басым жасоо маанилүү себеби, окуучу китептен маалдымат эле албастан, экинчи жагы андан тарбияланат, кесиптик багыт алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. *https://ky.wikipedia.org/wiki/ Жунгур хандыгы).*
2. https://ky.wikipedia.org/wiki Баткен окуясы.
3. https://sputnik.kg/20220325/chpu-sadyr-zhaparov-tehnika-tapshyruu
4. https://ky.wikipedia.org/wiki. Согуш

5. https://eltr.kg/prezident-koopsuzduk-ke%D2%A3eshinin-zhyjynynda-kuralduu- -maselelerin-belgiledi

6. Ө. Осмонов. Кыргызстандын тарыхы. Б., 2019

7. Л Бобров. Журнал Наука, История и Современность. Статья “Джунгарское ханство – последняя кочевая империя” №13., 2007

8. Э. Мамбетакунов. Педагогиканын негиздери. Б., 2019

* * *

***Туманов Бекзат***

## ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ЕВРОПАДАГЫ ТАРБИЯ БЕРҮҮ ЖАНА МЕКТЕП

***Туманов Бекзат***

## ОБРАЗОВАНИЕ И ШКОЛА В СРЕДНЕВЕКОВОЙ ЕВРОПЕ

***Tymanov Bekzat***

## EDUCATION AND SKHOOL IN MEDIEVAL EUROPE

*УДК: 37. 013*

***Аннотация:*** *Бул макалада орто кылымдагы Европадагы тарбия берүүнү жана мекетепти карап, диний билимди светтик билимге салыштыруу менен анализдейт. Орто кылымдагы Европадагы окуу процессиндеги окутуу усулдарын карап, азыркы усулдарга салыштырат. Окутуунун негизги стратегиялык максатын жана анын натыйжасында окуучунун ээ болгон билимин карап чыгат. Окуучу менен мугалимдин ортосундагы мамилелерди карайт, бала укуктарына маани берет. Мектептерде окуучулар үчүн түзүлгөн шарттар менен тааныштырып, канчалык деңгээлде талапка жооп берээри тууралу иликтейт.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Билим берүү, дүйнөгө болгон көз караш, тарбия, окутуу, усул, догма, салттуу усул, интерактивдүү усул, билим берүү стандарттары, тактика, стратегия.*

***Аннотация:*** *В этой статье расматривается образование и школьное образование в средневековой Европе и анализируется религиозное образование, сравнивая его со светским образованием. В нём расматриваются методы преподавания в процессе обучения в средневековой Европе и сравниваются их современными методами. Рассматривается основная стратегическая цель обучения и знания, полученные студентом в результате. Оценивается отношения между учеником и учителем и придает большое значение правам ребенка. Оценивается отношения между учеником и учителем и придает большое значение правам ребенка. Расматривает взаимоотношения ученика и учителя, придает значение правам ребенка. Знакомит с условиями, созданными для учащихся в школах, и иследует, насколько они соответствуют рпдъявляемым требованиям.*

***Ключевые слова:*** *Образование, мировоззрение, воспитание, обучение, метод, догма, традиционный метод, интерактивный меиод, образовательные стандарты, тактика, стратегия.*

***Annotation:*** *This article examines education and schooling in medieval Europe and analyzes religious education, comparing it with secular education.*

*It examines teaching-learning methods in medieval Europe and compares them with modern methods. The main strategis goal of training and the knowledge gained by the student as a result*

*are considered. Values the relationship between student and teacher and places great emphasis on the child. Introduces the conditions created for students in schools and examines how well they meet the reguirements.*

***Key words:*** *Education, worldview, upbrining, training, method, dogma, traditional method, interactive method, educational standards, tactics, strategy.*

Коом улам алга жылган сайын адам баласы кыйла тажрыйбага ээ болду, баштагы катасын эми кайталабаса керек деген ойдо болгонубуз менен тээ илгери болгон ырайымсыз согуштар дагы деле болуп жатат. Жаштарды тарбиялоо кыйла жеңилдейт дейин десек, түмөн түйшүк жаратууда. Билим берүү жалаң светтик багытта болуп калат деген менен, окуучуларга диний билим берүү жана диний билимге умтулгандар козу карындай жайнап жайылууда. Бул маселе бүгүнкү күндө **эң актуалдуу маселелердин бири** экендиги көрүнүп калды. Мага ушул теманы Орто кылымдын мисалында карап чыгуу кызыктырды.

Орто кылым дегенде Европа тарыхында V-XV кылымдарды камтыган мезгилди түшүнөбүз. Ал доордун качан башталганын, ой – жүгүртүүсүн, философиясын, илимин, искусствосун, мектепти М. Рахимова: “Антикалык байыркы дүйнөгө мүнөздүү болгон кул ээлөөчүлүк түзүлүш бузулгандан кийин, 476-ж. кулдардын жана колониялардын көтөрүлүштөрүнөн начарлаган Батыш Рим империясы варварлардын соккусунан кулангандан кийин Батыш Европада феодалдык түзүлүш орногон. Мындагы үстөмдүк кылуучу катмар крепостной укуктун негизивде бардык жерге ээлик кылышкан ак сөөк феодалдар жана дин кызматчылары болушкан. Көп сандагы социалдык топ - дыйкандар да болушкан. Алардан кийинчерээк жаңы  катмарлар - кол өнөрчүлөр жана көпөстөр бөлүнүп чыккап. Феодалдык коомдун идеологиясынын тиреги болуп философияны, илимди, искусствону жана мектепти монополиялаштырып алгап чиркөө эсептелген”.[1.59-б]-деп мүнөздөйт.

В. Миронова да бул ойду улап, орто кылымды төмөндөгүдөй мүнөздөйт: “В Средние века формируется новое воззрение на природу. Последняя не есть теперь нечто самостоятельное, как это по большей части было в античности. Учение о божественном всемогуществе лишает природу самостоятельности, поскольку Бог не только творит природу, но и может действовать вопреки естественному ходу вещей, т. е. творить чудеса. В христианском вероучении внутренне связаны между собой догмат о творении, вера в чудо и убеждение в том, что природа «сама для себя недостаточна» (выражение Августина) и что человек призван быть ее господином, «повелевать стихиями». В силу всего этого в Средние века меняется отношение к природе. Во-первых, она перестает быть важнейшим предметом познания, как это было в античности (за исключением некоторых учений, например софистов, Сократа и др.); основное внимание теперь сосредоточивается на познании Бога и человеческой души”.[2. 64-б].

Г. Токоева Орто кылымдагы ой жүгүртүү боюнча боюнча: “Орто кылымдагы философия менен логика – теологиянын кызматкери болуп калган. Бул мезгилдеги ойчулдарды илимий проблемалар жана реалдуу милдеттер толкундатпастан, жалган проблемалар кызыктырат”[3.69-б]-деп айтат.

О. Лобанова орто кылымдагы тарбиянын толук түрдө чиркөөдөн, динден көз каранды болуп калганын мындайча баяндайт: “ Становление феодального строя было ускорено завоеванием варварами Римской империи. В прежних владениях Рима и новых государствах Европы распространяется христианство. В этот период на смену античной культуре приходит

новая культура, имевшая сильную религиозно-феодальную направленность. Для Раннего Средневековья характерна полная зависимость от церкви практики и теории воспитания. В основе воспитания и образования лежало религиозно-аскетическое мировоззрение. В христианском учении был сформулирован идеал человека, который сводился к воспитанию самоотречения, смирения, милосердия, взаимопомощи и подчинения власти Божьей. Само обучение и образование рассматривались как богоугодное дело"[4.24-б].

И. Хайруллиндин иликтеген эмгегин карасак деле орто кылымдагы мектептерде диний окуу негизги орунда болуп, илимий ой жүгүртүү четке кагылганын көрөбүз: "Средневековое образование как утверждение религиозной морали, идеологии, культуры включало целостную систему школьного образования. В раннем Средневековье *школы обычно существовали при приходах,* как подготовка священника низшего ранга, и особенно *при монастырях.* Католическая церковь уделяла большое внимание распространению монашества, созданию монастырей и школ при них, как внешних, так и внутренних. Монастыри имели библиотеки, в которых были книги, главным образом, на латинском языке"[5.15-б].

Баланын тарбиялануусунда жана билим алуусунда негизги нерсе бул анын чөйрөсү. Чөйрө деген эмне экендиги тууралуу Э. Мамбетакунов мындай деп жазат: "Чөйрө – инсандын өнүгүүсүндөгү аны курчап турган чыныгы жаратылыштык жана социалдык дүйнө. Чөйрө георграфиялык, социалдык, мектептик, үй-бүлөлүк жана башка болуп бөлүнөт.

Социалдык чөйрөнү адатта – эң жакынкы чөйрөгө ата-эне, үй-бүлөдөгү туугандары, достору кирет. Инсандын өнүгүүсүнө, өзгөчө балалык куругында эң жакынкы социалдык чөйрөнүн тийгизген таасири зор. Себеби инсандын эң негизги касиеттери, сапаттары, мүнөздөрү, эң жакынкы социалдык чөйрөнүн таасири менен пайда болдот"[6.66-б].

Орто кылымда баланын социалдык чөйрөсү толук түрдө диний ой жүгүрткөн чөйрө болгон. Натыйжада балдардын билими да динийй ой жүгүртүүдөн алыс кете алган эмес. Христианчылыктагы: "Жаратуучу, тааныттуучу бир гана кудай, анын кудуретисиз эч нерсе болушу мүмкүн эмес" – деген аныктамага каршы чыгуу өлүмгө тете иш болгон. Мындай ойду айткандарды диний сот – инквизиция күтүп турган.

Кыргызстандын аймагында светтик билим алуу менен катар, динийй окуу жайлар, секталар да улам барган сайын көбөйүп баратат. Адамдардын чөнтөгүндөгү байлыгы ошол тарапка кетүүдө, кайрымдуулук кылынууда.

Кыргызстандагы диний уюмдар, окуу жайлар, конфессиялар тууралуу иликтеген Г. Алыбаева өзүнүн эмгегинде: "1990-жылдары динге ишенгендердин көпчүлүк бөлүгү эки конфессияны: суннит исламынын ханафий мазхабын жана православ христианчылыгын тутунгандар эле. Концепциядагы маалыматтарга таянсак, 1990-жылы Кыргызстанда 39 мечит болсо, 2014-жылы өлкөдө 2362 мечит катталган жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын түзүмүнө кирген 81 ислам окуу жайы бар. Өлкөдө христиан уюмдарынын саны да өсүүдө, алардын саны 2014-жылы 378ге жеткен экен. 1991-жылы Кыргызстанда 29-чиркөө коому болсо, азыркы мезгилде 49 чиркөө коому жана 1 аялдар монастры иштейт. Өлкөдө башка христиандык диний уюмдардын ияинен расмий түрдө: 4 католиктик, 50 баптистик, 20 лютерандык, 56 элүүнчүлөр, 31 жетинчи күндүн адвентистери, 38 присвитериан, 43 харизматикалык, 41 Иегова күбөлөрү, 18 башка христиандык уюм, 26 чет элдик протестанттык миссия бар экени маалым, дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынан ошондой эле 1 еврей жамааты, 1 буддисттик, 12 бахаи динынын жамааты каттоодон өткөн экен. Алты миллион эли бар Кыргызстан үчүн бул баш айландырган ар

кандай агымдардын пайда болушу кооптонууну жаратпай койбойт. Анысы аз келгенсип, чет өлкодөгү диний окуу жайларынын айрым бүтүрүүчүлөрү окуусун аяктагандан кийин ошол өлкөнүн идеологиясын, маданиятын, сырткы келбетин, кийимин, жада калса жүрүм-турумун өлкө ичине жайылтып, аны таңуулап жатышат"[7. Интернет ресурс]-деп элинин келечеги үчүн тынчсыздануусун билдирет.

Орто кылым окмуштуулардын айтымында "караңгылык доору" болуп эсептелет. Анткени окуучуларга илимий билим берүү такыр эле токтоп, жалаң гана диний билим берүү бологон.

Д. Латышина өзүнүн иликтөөсүндө орто кылымдардагы билимдүүлүктүн ушунчалык артка кеткенин: "Религия имела место и в античном мире, но там она была тесно связана с мифологией; в Средневековье церковь приобрела *авторитарный характер*, объявила себя исключительной. Все это привело к разрушению богатейшей античной культуры и науки, к упадку школьного дела, воцарению неграмотности и невежества. Даже многие короли и их окружение были не только необразованными, но элементарно неграмотными"[8.17-б]-деп жазат.

Орто кылымда окутуу кандай болгондугун М. Рахимова: "Орто кылымдын башталышындагы педагогика бүтүндөй авторитардык болгон, эстетикалык тарбия берүү дээрлик унутулуп калган"[1.63-б]–деп белгилеген.

Азыркы педагогикалык процессибизди илимий иликтөөлөрдүн негизинде жана тынымсыз идеологиялык көз салып карап туруунун натыжасында жүргүзүүбүз керек, себеби жакында эле Манас эпосун бурмалап жазып, китеп кылып чыгарып жиберишти. Эгерде ал окуучулардын колуна таркап, окутууга мажбурланган болгон болгондо жаңы муундун жан дүйнөсүнүн өзгөргөнүн байкаар элек.

Окуу процесси татаал процесс жана ал кылдаттыкты талап кылат. Бул боюнча Э Мамбетакунов мындай деп жазат: "Педагогикалык процесс бир эле убакытта индвиддин физиологиялык, психикалык, социалдык, руханий өнүгүүсүн камтыган бирдиктүү процесс. Ал сөзсүз түрдө аныкталган багытка багытталып, мүмкун болушунча башкарылууга тийиш. Педагогикалык процесс – пландалган, алдын-ала аныкталган жана белгилүү жыйынтыкка жетиүүчү процесс" [6.102-б].

Жыйынтыктаган сөз катары, биздеги диний фанатизмдин жайылышы өлкөнүн келечеги үчүн кооптуу көрүнүш болуп эсептелет. Аны эми токтотуу, ооздуктоо кеч болуп баратат. Светтик бийлик Орто кылымдагыдай өз ордун бошотуп беришине, диний мамлекетке айланышыбызга ченелүү гана убакыттар бар, эгерде мамлекеттик билим берүү туура чара көрө албаса жакын ортодо диний мамлекетке айланат. Анткени бийликтин жагорку бутактарында улам барган сайын дин менен илимди ажырата албаган кадрлар көбөйүүдө. Илгертен коомдук процесс ушинтип жүрүп отурган. Мамлекетти куруучулар бул эл. Кыргызстандын негизги эли мусулмандар, диний мамлекетти курууга чакырык тез эле өз жемишин бериши шексиз. Дин тарыхын окутуу сабагы да тарыхчылардын илимий окутуусунан чыгып, теология факультетин бүтүргөндөрдүн энчисине тийди. Теология факультетин аяктагандар дин тарыхын диний гана түшүнөт, илимий талдоого мүмкүнчүлүгү жок.

Өткөн доорго саресеп салуу менен келечекке ишенимдүү таштоого болот. Өткөндөгүнүн тажрыйбасна таянуу менен окуучуларга таза акыл эстеги светтик билим менен камсыз кылуу учур талабы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. М. Рахимова. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. Б., 2009.
2. В. Миронов. Философия. Учебник. М., 2005
3. Г. Токоева. Философиянын тарыхы. Окуу куралы. Жалал-Абад, 1995.
4. О. Лобанова. История педагогики и образовании. Красноярск-Лесосибирск, 2013
5. И. Хайруллин. История образования и педагогической мысли. Казань, 2014.
6. Э. Мамбетакунов. Педагогиканын негиздери. Б., 2019.
7. http://kutbilim.kg Г. Алыбаева. Кыргызстанда дин таануу сабагына каржы жок.
8. Д. Латышина. История педагогики и образования. М., 2016.

*  *  *

**Бакивалиева Калима, Турдубаева Мастура**

**КЫЛЫМ КАРЫТКАН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНАН**

**Бакивалиева Калима, Турдубаева Мастура**

**ИСТОРИЯ ДЛИНОЙ СОСТАВЛЯЮЩАЯ ВЕКА**

**Bakivalieva Kalima, Turdubayeva Mastura**

**HISTORY WITH LENGTH OFCENTURIES**

*УДК -94 (574)*

***Аннотация:*** Кыргызстанды изилдөө үчүн алынган тема көп тараптуу жана актуалдуу.Бул маселе боюнча бир нече кандидаттык жана докторлук эмгектер корголгон. Мисалы, Б.Жамгырчинов, С.Ильясов, А.Хасанов, С.Табышалиев, К Усонбаев, К.Нурбеков жана көптөгөн мекендештерибиз кыргыздардын тарыхы жана мамлекеттүүлүгү жөнүндө маанилүү илимий эмгектерди жазышкан.

***Түйүндүү сөздөр:*** Цивилизация, империя, летопись, фактылар, тоталитардык, идеология, трагедия, коллектевдештирүү, индустриялаштыруу, эмиграция, держава.

***Аннотация:*** *Тема, взятая автором на исследование, в истории Кыргызстана многосторонняя и актуальная. По этому вопросу было защищено несколько кандидатских и докторских научных работ, на основе которых были написаны огромные монографии. Например, Б.Жамгырчинов, С.Ильясов, А.Хасанов, С.Табышалиев, К.Усонбаев, К.Нурбеков и многие другие наши соотечественники написалы важные научные турды об истории кыргызов, о государсттвенности Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** Цивилизация, империя, летопись, факты, тоталитарный, идеология, трагедия, коллективизация, индустриализация, эмиграция, держава.

***Annotation:*** *The Subjtct,taking author on study, in histories Kyrgyzstana many-sided and actual. On this guestijns was protected several candidates and doctoral scientijic work, on base which were written enoemous monographs. For instance: B.Zhamgyrchinov, S.Iliyasov, A Hasanov, S.Tabyshaliev, K.Usonbaev, K.Nurbekov and many other our compatriots have writlen the important scientijic works about histories kirghiz, about gosydarstvennosti Kyrgyzstan*.

***Keywords:*** civilization, empire, chronicle, data, totalitarian, ideology, collectivization, industrialization, immigration, power.

Азыркы кыргыздардын илимий пикирине ылайык, Кыргыздар Борбордук Азия тарыхындагы эң байыркы эл болуп саналат. Бирок, Кыргызстандын тарыхы эки кылымдан бери изилденип жатканына карабастан, анын айрым маанилүү маселелери дагы эле түшүнүксүз жана карама-каршылыктуу бойдон калууда.

Кыргыз элинин этностук өнүгүүсүнүн башаты, анын этностук өнүгүү стадиясы, башкача айтканда, Борбордук Азиянын цивилизациялуу борборлору менен өз ара мамилелери, ар кандай социалдык-экономикалык өнүгүүнүн этникалык топтору менен өз ара мамилелери али да болсо жакшы изилдене элек. "Кыргыз тануу" аталышы адабий маданиятты, археологиялык изилдөөлөрдү, этнологияны, антропологияны жана фольклордук материалдарды ар тараптан изилдебестен пайда болгон эмес.

Мындан тышкары, 1930-жылдары советтик тоталитардык идеологиянын компетентсиз кийлигишүүсү кыргыз элинин алгачкы орто кылымдардагы этникалык тарыхын бурмалаган.

Совет доорунда кыргыз тили жаатында жаңы жетишкендиктер пайда болуп, кыргыз элинин этникалык тарыхында бир нече маанилүү буйрук жана башкаруу идеологиялары пайда болгон.Мындан тышкары, Иргиз Энесайдын этносаясий өнүгүү этабы азыркы кыргыздардын арасында этногенетикалык Шакьямуни жок болгон 1990-жылдарга чейин уланган.

Алгачкы орто кылымдардагы кыргыз элинин этникалык тегин, этносаясий тарыхын жана маданиятын тактамайынча азыркы кыргыз элинин ким экендигин жана тегин аныктоо мүмкүн эмес. Ассирия, Тарых

Илимдеги учурдагы абалды изилдөө, өнүгүү этабын талдоо, кыргызстандыктарды энеликке жана тең укуктуулукка тартуу Кыргызстандын олуттуу көйгөйлөрүнүн бири экенин танууга болбойт.

Изилдөөнүн географиялык жана хронологиялык алкагы. Бул теманы изилдөө чөйрөсү Борбордук Азиядагы Кетчири аймагын камтыйт. 460-жылы Чыгыш Түркстандан Түштүк Сибирге кыргыздардын көчүп келиши орто кылымдагы кыргыздардын жана алардын алгачкы тарыхындагы бурулуш учур болгон. Тарыхта 19-кылымдын аягында Энесайдан Тениртоого өтүү болгон. Бул максатта бул темада Чыгыш Түркстан, Түштүк Сибирь, Забайкалья, Монголиядагы кыргыз элдеринин этносаясий алкактары чагылдырылган.

Теманын изилдениш денгээли. XVIII-к. экинчи жарымынан тарта кыргыз эли тарыхый изилденүү тармагына тартылгандан баштап, энесайлык жана теңиртоолук кыргыздардын байланышы туурасындагы маселе илимий иликтөөлөрдүн дайыма маңызын түзүп келет.

Кыргыздардын тарыхын адеп изилдеп баштаган окумуштуулар Г.Ф.Миллер, Е.И.Фишер, И.Г.Георги жана А.И.Левшин энесайлык кыргыздардын соңку орто кылымдар мезгилинде Теңир-Тоого көчүп келгендигин белгилешкен.

Ал эми белгилуу синолог Н.Я.Бичуриндин пикири боюнча кыргыздардын байыркы мекени Чыгыш Туркстан менен Тенир-Тоо чөлкөму болгон. [1, 102]

Негизинен этнографиялык маалыматтарга басым жасаган Н.А.Аристовдун көз карашы жогорку топтогу окумуштуулардын пикирине окшошуп кетет. Н.А. Аристовдун изилдеелеру боюнча, кыргыздардын теги усун этносунан келип чыккан. [2,156]

Ал эми, немец окумуштуусу В.В. Шот4, академик Радлов5, Г.Е. Грумм-Гржимайлонун6 кыргыз проблемасы боюнча жактаган кез караштары жалпы жолунан бирдей. Алар бир эле кезде энесайлык жана теңиртоолук кыргыздардын жалпылыгын белгилешип, энесайлык кыргыздардын бир белугунун IX-кылымдын орто ченинде Чыгыш Туркстанга кечуп келгендигин айтышкан.

Европа, Азия элдеринин байыркы тарыхын изилдеп, өзүнүн күчтүү жөндөмү, таланты жана билими менен дүйнөнү дүңгүрөткөн тарыхчы В.В.Бартольд “Борбордук Азияда жашаган элдердин ичинен тарыхта аты эрте учураган эл-бул кыргыздар” - деп биздин ата-бабаларыбыздын татаал тагдырын, узак жана чаташкан, бирок өтө даңктуу тарыхын чагылдырган эмгегин жазып, кыргыздын байыркы мезгилде ким экендигин узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына таанытат.

Кыргыз деген ат чыгыш жылнаамаларында гана кездешпестен, байыркы дүйнөлүк цивилизациянын чордону болгон Рим империясынын летописи жазылган грек жазууларында да “Херхис” деген ат кезиге тургандыгы тарыхый булактардан белгилүү. Кыргыз деген аттын байыркы Грек, Византия булактарында кездешиши, элдердин чыгыштан Батышка, б.а. байыркы кыргыз жеринен башталган аргасыз жер которуусу менен байланышкан. Анткени б.з.ч. III-II кылымдарда гунндардын кысым жортуулу астында эл Батышка сүрүлүп, кичи

Азияга чейин дүргүп барышат. Кыргыздар жөнүндө маалымат Византиядан ары Римге жетет да жылнаамаларында сакталып, бүгүнкү күндө бизге жетип отурат. Андан кийин кыргыз деген эстеликтеринде, Махмуд Кашкаринин сөздүгүндо, монгол жазма эстеликтеринде, түрк элдеринин жазмаларында да кездешет.

“Кыр-кырлыгы кайыңдардын бетинде,

Белги жокпу, кыргыз балта чаппаган.

Өзөн жокпу, жылга жокпу, сай жокпу,

Кыргын болуп кыргыз сөөгү жатпаган.[1]

- деген ушул тархый трагедияга жык толгон ыр саптарында айтылгандай, кыргыздар эчендеген алаамат тозокторду башынан кечирип буту сынса канжыгага, колу сынса

чылбыр тизгинине чырмап алып, ат жалына өбөктөп, каны чачылып, сөөгү шалактаса да Кыргыз деген аты доорлорду арытып. Кылымдар кыйырын карытып, Гунндардын, Усундардын, Уйгурлардын, Монголдордун жунгар калмактардын кыргынына туруштук берип, жоголуп кетпей, жоюлуп калбай Ала-Тоо аймагын медер тутуп мекендеп келди.

Элибиздин чайпалып, бирок төгүлбөй, чачылып, бирок бөлүнбөй уюткулуу улуу журт катары сакталып калышы ар бир кыргыздын жүрөк толтосун тепчип, төөнөп өткөн мамлекеттүүлүк жөнүндөгү улуттук улуу идея менен байланышкан.

Улуттук мамлекеттүүлүк идеясы тарых жолунда IX кылымдагы Улуу каганат мезгилиндегидей бирде жалындап күйсө, бирде кыйла басаңдап отуруп, алдыда кездешкен бардык тоскоолдуктарды жеңип чыкса да, акыркы биздин күндөргө чейин толугу менне жетти. 1991-жылдын 31 августунда тарыхый маанидеги улуу окуя болуп өтүп, көз каранды эмес мамлекет, улуттардын дүйнөлүк шериктештигинин тең куктуу мүчөсү катары Кыргыз Республикасы түзүлдү. Бул кыргыз элинин улуттук аң-сезиминде жыйырма эки кылым бою жашаган улуу ой-мүүдөөсүнүн орундалышы болду. [3]

Тарых-бул бир караганда жөпжөнөкөй көрүнгөн менен ар кыл учур, ар кандай кырдаал-шарттарда алда нече сапар кездешип жүрөбөйбүзбү. Ал кабыл алганга жеңил, айтканга элпек, ооз илеби менен шыдыр кеткен көндүм сөз. Ал көптөгөн түшүнүктөргө тиешелүү, чечмелеп бере турган сөз экендиги анык: адам тарыхы, эл тарыхы, жер тарыхы, мекен тарыхы, жеке тарыхы, коомдун тарыхы, бейпил күндүн тарыхы, бейжай күндүн тарыхы ж.б.у.с.

Арийне, деген менентарыхтын тарыхы болот тура. Ошондуктан биз улуу же ыйык тарых, азаптуу же кубанычтуу тарых, оор же унутулгус тарых же азыркы тарых деген түшүнүктөрдү турмушубузда далай ирет колдонобуз.

Тарых дегенди, анын т түпкү маани-маңызын арт жакта калган ар бир доор, түзүлүш, эл же өлкөнүн өмүрү, тагдыр таржымалы деп кабыл алсак туура болчудай. Байыркы Римдин кызыл тил чечен жана жазуучусу Марк Туллий Цицерон деле: “Тарых деген бул заманалар күбөсү, чындыктын нуру. Акыл-эстин жашоосу, өткөн күндөрдүн жарчысы” –деп бекеринен айтпаса керек.

“Өткөн тарыхы болбогон ар бир элдин бүгүнкүсү да, келечеги да болбойт жана болууга мүмкүн эмес. Өткөн чакка этият мамиле жасоо-кыргыздардын улуттук мүнөзүнө өзгөчө таандык көрүнүш. Алар атам замандан бери өздөрүнүн бабаларын аздектеп, аларды жок дегенде жети атасына чейин эсине сактап келишкен”. [2]

Кыргыз тарыхы, анын милдеттүүлүгү жөнүндө мурдагы советтик доордо жашап жана эмгектенип келишкен. Б.Жамгырчиев, С.Ильясов, А.Хасанов, С.Табышалиев, К.Усонбаев, К.Нурбеков сыяктуу улуу муундагы биздин Ата-Мекендик аттуу баштуу окумуштуулар да өз маалында кыйла маанилүү жана салмактуу эмгектерин жазып калтырып кетишкен.

Алардын көпчүлүгү бүгүн да өздөрүнүн түпкү сапаттарын жоготпостон, илимий баалуу булактар катары өмүр сүрүүгө акылуу. Ошондой болсо да алардын көпчүлүгү тоталитардык, башкаруучулук заманда, коммунисттик идеологиянын талабында жазылгандыгына байланыштуу айрым тарыхый фактыларды бурмалоого туура келгендигин жашырууга болбойт. Улуу Манас дастаны өз элинин түпкү кызыкчылыгы үчүн күч-кубатын да өмүрүн да эч аябастан күрөшүүнүн зарылдыгын айгинелеп, улуттук улуулукка үндөп турган жалындуу чакырык болуп эсептелет.

Калкыбыздын азыркы жана болочок муундарына калтырып кеткен ыйык ыйык мурастарын көздүн карегиндей сактоо жана андан ары байытуунун максаттары, милдеттери эгемен мамлекетибизди чыңдоо жана колдоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Кыргыздардын түркүн баскынчылар менен кандуу кагылыштары, алардын көчүп-конүп, жер оодарыштыруу жагдайларындагы көрүнүштөр, өздөрү ээлик кылып турган аймактардын чеги менен курал күчү менен кеңейтүүсү, Кыргыз өлкөсүнүн түптөлүшү, Энисей баяны, Барсбек, кыргыздардын Улуу жортуул, Кыргыз улуу державасынын түзүлүшү жана ал кулагандан кийиинки доор, Караханид каганатынын тагдыры накта илимий далилдер менен жаңыча көз караште изилденүүдө.

Ал эми кыргыз тарыхында орчундуу орунду ээлеп турган маселелер, тактап айтканда, падышалык Орусия империясынын биздин Теңир-Тоого келиши, өнүккөн империалисттик державалар тарабынан дүйнөнү кайра башынан бөлүштүрүү маалында Борбордук Азиянын ээлеп турган орду, кыргыздардын орус мамлекетине кошулушу, бул багытта Атаке Батыр Тынай бий уулунун, Жантай Карабековдун, Шабдан баатырдын эмгеги, 1916-кандуу жылдардагы ак падышачылыкка каршы трагедиялык жалпы элдик козголоң, падышачылык жергебизде 60 жыл өкүм сүрүп, акыр түбү кулаган соң, жаңы совет бийлигинин орношу, мамлекеттүүлүгүздүн кайрадан жанданышы, анын башында туруп каргашага жараша Сталиндик кандуу ур-токмоктун курмандыгына чалдыгышкан элибиздин мыкты ишмер уулдары: Абдыкерим Садыков, Юсуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов,

Эркинбек Эсенаманов жана ушул улуу инсандар өңдүү кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын бекемдеп, кышын кайрадан кынагандардын арасында эң бийик орундардын бирине татыктуу болгон айтылуу Искак Разаков болгон.

Соңку жылдарда Ата Мекендик тарыхка болгон кызыгуулар улам күч алып, ага арналган ар кандай илимий эмгектер, изилдөөлөр, монографиялар, макалалар, поэзиялык, драматургиялык чыгармалар байма-бай басылып чыгып жатат. Бул ишке тек гана адис, кесипкөй тарыхчылар гана эмес философтор, филологдор, акын-жазуучулар, журналисттер, билим кызматкерлери, ал тургай катардагы ардагерлер да өз салымын кошуп жаткандыгы жакшы жана жагымдуу саамалык.

Анткени, мамлекеттүүлүк идеясы жана кыргыз элинин карт тарыхы бабалардын баскан жолу келечек жаш муундардын боюна сиңип, алардын духун, рухун, париоттук сезимин ойготуп, аң-сезимине өзгөрүүлөрдү жаратуусуна өбөлгө болуусу керек.

Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүк идеясы ар бир кыргыздын жүрөк толтосун тепчип өтүп, жүлүнү аркылуу жүрүп турган идея болушу керек. Элибиздин мамлекеттүүлүгүн түптөгөн байыркы жана андан кийинки кылымдарда жашап өткөн баатыр бабаларыбыздын даңктуу өмүрү менен эбегейсиз эркиндиктерин чагылдырган бир канча китептер жарык көрдү. Алардын айрымдарынын айкелдери борборубузга жана өз мекендерине тургузулду. Мисалы: Барсбек, Ормон, Шабдан, Байтик, Балбай баатыр, Алай ханышасына арналган.

чыгармалар басылып гана чыкпастан, алар жөнүндө пьесалар театр сахналарында коюлууда. [1]

Мамлекеттүүлүк жылына арналган бир нече китептер басмадан жарык көрдү. Алсак, алар профессорлор А.Асанканов жана О.Осмоновдордун редакциясы астында басылып чыккан “Тарых энциклопедиясы”, Пекин университетинин бүтүрүүчүсү, кытай тилинин билерманы А.Саспаев түзүп чыккан 55 миң сөздөн турган “Кытай-кыргызча сөздүк”, элибиздин күжүрмөн уулдарына арналган “Улуу инсандар” сериясы, белгилүү журналист-публицист К.Сыдыкованын “Кыргыз тарыхы” аттуу китеби жана башкалар.

Биздин тарых таануу илимибиздин жаңы барагын ачып, “Биз ким элек, ким болдук” – деген суроого ар тараптуу, татыктуу жана толук жооп берүү адистер, окутуучулар, студенттер, аспиранттар үчүн гана эмес, элин-жерин кадырлаган, алардын сүйгөн жана аны менен сыймыктанган кыргызстандык ар бир жаран ар бир атуул үчүн да өтө зарыл жана пайдалуу. .[4]

“Мамлекеттүүлүк – бул, баарыдан мурда, адамдардын аң-сезиминде кылымдап уялап келген улуттук улуу идея”. Кыргыз эли тарыхта үч жолу мамлекет курганына карабай (б.а., б.з.ч. II кылым, X кылым, XX кылымдын аягы) ушул улуттук улуу идеябызды айта албай келгенбиз. Кыргыз элинин тарыхын тактап, өз ордуна коюуга жасалган аракет, тарыхтын изи менен биздин байыркы Ата Журтубуз, ата-бабаларыбыз жашаган Хакасияга, Минусинск ойдуңуна, Монголия, Кыргыз Нурга чейин сапар тартып, тарых изденүү – бул улуу патриоттуулуктун чыныгы көрүнүшү. Элдин тарыхы - элдин духу.

Рух жардылыгынан жаман эч нерсе жок. Курсак бүгүн ачса, эртең тоет, кийим бүгүн тозсо, эртең жыртылат, бүтөлөт. [3]

Алдыда жаңы дүйнө дух болуп, ал бөксөрсө, төгүлсө, жоголсо, жардыланса ал толбойт. Кыргыздын духу анын тарыхында. Чолпон-Атадагы Курултайда биздеги басмачылык кыймылды коллективдештирүү, индустриялаштыруу, эмиграция, Рахманисулхан, согуш туткундары: Азамат Алтай, Толомуш Жакып уулу жөнүндөгү маселелерди кайрадан тактап чыгуу керек болгон. Кыргыз мамалекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын жогорку деңгээлинде белгилениши кыргыз элинин тарыхына, маданиятына кызмат кылуунун эң бийик үлгүсү болуп калууда, ошондой эле саясий чечимдин, атуулдук ар-намыстын да үлгүсү болууда.

Мындан 2200 жыл илгери пайдубалы түптөлгөн Кыргыз мамлекеттүүлүгү мындан ары да жашоосун кыйшаюсуз уланта бермекчи. Анын келечеги кең, тагдыры жарык, мүмкүнчүлүктөрү зор.

Ушул жагдайда ар жылы 31-августа, көз карандысыздыгыбызды белгилеп келүүдөбүз. Азыркы жашап жаткан жана болочок муундардын алдында Кыргызстанды дүйнө элдеринин коомчулугунда татыктуу орун ээлеп туруучу гүлдөп-өнүккөн өлкөгө айландыруу милдети турат. Ооба, мындай асыл милдеттин сөзсүз аткарыла тургандыгына биз толук ишенебиз.

**Адабияттар:**

1. Бичурин Н.Я. Описание Чжунгарии и Восточного Туркестана в древнем и нынешнем состоянии. - Стр., 1829.
2. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей, и сведения об их численности. // Живая старина. — 1896. -Вып.3-4,- Б.278
3. Кыргыз тарыхынын энциклопедиясы.
4. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана “Манас” элдик эпосу.-Б.,2002.-23-25-бб.
5. Өмүрбков Т.Н., Чоро тегин Т.К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы (XIX к. Башы 1917-ж.), 1998-ж.

***Курманалиева Гүлнуркан Жакыпбековна, Чодошева Тынаргүл Маматалиевна***

**ТЕНТИ АДЫШЕВАНЫН "КЫЛЫ ҮЗҮЛГӨН КОМУЗУМ" ЭСКЕРҮҮСҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

***Курманалиева Гүлнуркан ЖакыпбековнаЧодошева Тынаргүл Маматалиевна***

**ОСОБЕННОСТЬ МЕМУАРОВ ТЕНТИ АДЫШЕВОЙ "СЛОМАНЫ НИТИ КОМУЗА"**

**Kurmanalieva Gulnurkan Jakypbekovna, Chodosheva Tynargul Mamatalievna,**

**FEATURES OF TENTI ADYSHEVA'S MEMORIES "BROKEN THREADS OF KOMUZ"**

*УДК 82.94*

***Аннотация:*** *Макаланын негизги өзөктүү темасы жөнүндө айтчу болсок, үч кыл комуз — үч адам, үч тагдыр. Өзгөчө эки тагдыр. Эки тагдыр, бул Тенти Адышеванын эки турмушунда кездешкен эки жолдошу, өзүнүкү — үчүнчү тагдыр болуп, эскерүү баянында окшоштук жактары жөнүндө каралган. Биринчиси— белгилүү акын Жоомарт Бөкөнбаев. Экинчиси — белгилүү окумуштуу Муса Адышев. Автор булардын адамдык сапатын өз-өзүнчө жогору баалап берген. Экөө тең кыргыздын бийик интеллигент уулдары экенине басым жасаган. Экинчиден, экөөнүн тең трагедиялуу тагдыры, ошол эле кезде өзүнүн да трагедиялуу тагдыры сүрөттөлөт. Ошондуктан бул эскерме "Кылы үзүлгөн комузум" деп аталат. Мында адам тагдыры аянычтуу берилген. Ошону менен бирге чыгарманын кийинки муун үчүн, тарых үчүн таанып билүүчүлүк жагы да баалуу.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мемуар, эскерме, жанр, философия, партия, совет, реквием, сюжет, үч кыл комуз.*

***Аннотация:*** *Если говорить об основной теме статьи, то здесь три струны – три человека, три судьбы. Особенно две судьбы. Две судьбы, это два товарища Тенти Адышевой, встретившиеся в двух жизнях, а ее собственная – третья судьба, и о сходстве идет речь в мемуарах. Первый – известный поэт Джоомарт Боконбаев. Второй – известный учёный Муса Адышев. Автор высоко оценил их человеческие качества. Он подчеркнул, что они оба — высокоинтеллектуальные сыновья кыргызов. Во-вторых, описывается трагическая судьба их обоих, а вместе с тем и его собственная трагическая судьба. Поэтому эта заметка называется «Кылы үзүлгөн комузум». В данном случае судьба человека представлена жалко. В то же время познавательная сторона произведения ценна для следующего поколения и для истории.*

***Ключевые слова:*** *мемуары, памятка, жанр, философия, партия, советский, реквием, сюжет, три ниточки комуза.*

***Abstract:*** *If we talk about the main topic of the article, then there are three strings - three people, three destinies. Especially two destinies. Two destinies are two comrades of Tenti Adysheva, who met in two lives, and her own is the third fate, and the similarities are discussed in the memoirs. The first is the famous poet Djoomart Bokonbaev. The second is the famous scientist Musa Adyshev. The author highly appreciated their human qualities. He emphasized that they are both highly intelligent sons of Kyrgyz. Secondly, the tragic fate of both of them is described, and at the same time his own tragic fate. Therefore, this note is called "Kyly uzulgon komuzum". In this case, the fate of man is presented pitifully. At the same time, the educational side of the work is valuable for the next generation and for history.*

***Keywords:*** *a memoir, memo, genre, philosophy, party, soviet, requiem, plot, three strings of komuz.*

Адам өзү жөнүндө жазуу оңой-олтоң иш эместей. Акындын өмүр жолу эл турмушунан обочолонуп калган жекече турмуш эмес. Акын өз өмүр жолу жөнүндө сөз улаганда өмүр өткөргөн эл, жери, жашаган шарты, кандай шартта поэзия жолуна өткөнүн, кандай шартта ыр өнөрүнүн адамы болгонун чөйрөсүндөгү турмушка байланыштырбай айта албайт..

Бул эскерме-баян адегенде эле (Адам, мезгил, тагдыр) деп үч философиялык ой-толгоо менен башталат. Ар бир адамдын ичинде айтылбай турган сыр, ачылбай турган табышмак болуп, ачылбаган катылуу сыр бойдон өзү менен чогуу кетсе керек... Эми ошол “акыркы жашоосуна” чейин адам эмне болгон адам, кандай жашоо өтөдү, кандай из калтырды артына? Мунун жообу – эл ичинде, өмүр тарыхында, аркада калтырган мурасында. Адамдын өмүрүн, ишин баалоодо ар кандай чен-өлчөмдөр болоор, ошентсе да баарыга тиешелүү, уңгулуу бир талаптардын да бар экени чын. Ал – Эл жана Адам, Мезгил жана Тагдыр маселеси. Элдин сынынан, мезгилдин талабынан ар ким эле дадил өтө бербейт. Жеке дараметтен артылып жалпынын кудуретине өскөн жан – элдин тагдырына өзөктөшкөн жан. Мындай адамды, адатта, артына үлгү-сабак калтырган деп эсептешет.

Кыргыздын улуу, коомдогу кайталангыс орду бар Тенти Адышева партиялык-советтик кызматта иштеп, анан ошол эле учурда ыр-поэмаларды жазып, жыйнактарын чыгарып, кыргыз элине акын катары таанылган. Акыркы өмүр жылдарында "Кылы үзүлгөн комузум" деген чыгармасын кара сөз түрүндө 1983-жылы жазып чыкты. Бул анын эң акыркы чыгармасы болуп эсептелип, жазылган кезден бир жыл өтпөй автор каза таап, чыгарма жарыкка чыкпай кол жазма түрүндө калып кеткен. Биринчи басылышы 1987-жылы бир томдугуна киргизилсе, экинчи басылышы 2003-жылга таандык, кийин дагы аларга кирбей калган айрым жерлери кошулуп, азыркы күнгө чейин үч жолу басылып жарыкка чыкты. Автордун уулу, академик Кулубек Бөкөнбаевдин жана анын жубайы профессор Ишенгүл Болжурованын демилгеси жана колдоосу менен 2015-жылы "Турар" басмасынан бул чыгарма мурда кыскарган жерлери кошулуп, 269 бет көлөмүндө кайра басылды. "Мага, менин жеке өзүм үчүн кыйла татаал болгон аталган кол жазманы кайрадан дыкат окуп чыгып, аны басып чыгаруу милдети жүктөлгөн эле. Бир гана менин кымбаттуу улуу энекемдин алдындагы уулдук парзым, окурмандардын ыраазычылыгы жана өзүмдүн үй-бүлөмдүн көрсөткөн таасирдүү колдоосу ушул ишти жүзөгө ашырууга шыктандырганын атайлап белгилеп кетишим кажет", – дейт Кулубек Бөкөнбаев бул басылма туурасында. [4]

Тенти Адышева чанда адамга берилчү өзгөчө шык-жөндөмгө ээ инсан болгон. Анын бир салаасы – ыр, экинчи салаасы – адабиятчы болгон.

Чыгарманын жанры тууралуу ар түрдүү пикирлер айтылып келет. Акын Эрнис Турсунов аны реквием-баян десе, акындын чыгармаларынын бир томдук жыйнагына жазган баш сөзүндө адабиятчы-академик Абдыганы Эркебаев “Кылы үзүлгөн комузумду” “эч ким айтып же жазып бере албай турган документ” деп, анын жанрын адабий эскерүү да, адабий изилдөө да деп койсок туура болчудай деп айтты. Чыгарманын

жанрында документалдык повесть, мемуар, эскерүү, роман-мемуар деген ж.б. пикирлер бар.

Чыгармада Тенти Жунушалиеванын (Адышева анын кийинки күйөөсүнөн алган фамилиясы) ата-теги, балалыгы, окуу жылдары, студенттик курагы, Жоомарт Бөкөнбаев менен таанышуусу, кыргыздын кыраан акынына баш кошуп аны менен бирге өткөргөн күндөрү, автокырсыктан каза болгон жубайын жоктогон трагедиясы, кыргыздын таанымал геолог окумуштуусу Муса Адышев менен экинчи турмуш куруусу жөнүндө баяндоолор негизги өзөк окуя болгон. Мына ошол кыргыздын эки мыкты адамынын образын ачып берип жатып, өзүнүн акындык бактысы да, традегиясы да, тагдыры да чагылдырылат.

Макаланын негизги өзөктүү темасы жөнүндө айтчу болсок, үч кыл комуз — үч адам, үч тагдыр. Өзгөчө эки тагдыр. Эки тагдыр, бул анын эки турмушунда кездешкен эки жолдошу, өзүнүкү — үчүнчү тагдыр. Биринчиси— белгилүү акын Жоомарт Бөкөнбаев. Экинчиси — белгилүү окумуштуу Муса Адышев. Автор булардын адамдык сапатын өз-өзүнчө жогору баалап берген. Экөө тең кыргыздын бийик интеллигент уулдары экенине басым жасаган. Экинчиден, экөөнүн тең трагедиялуу тагдыры, ошол эле кезде өзүнүн трагедиялуу тагдыры сүрөттөлөт. Ошондуктан бул эскерме "Кылы үзүлгөн комузум" деп аталат. Мында адам тагдыры аянычтуу берилген. Ошону менен бирге чыгарманын кийинки муун үчүн, тарых үчүн таанып билүүчүлүк жагы да баалуу.

Акын Эрнис Турсунов бул чыгарманы "Кутуйдун "Жөнөтүлбөгөн каттар", Этель Лилиан Войничтин "Сайгак" романы сыяктуу колдон түшпөй окула турган, кайра-кайра басыла турган кымбат чыгарма" деп эсептейт.

Бул чыгарма (баяндоонун элестүүлүгү, тилинин көркөмдүгү, айрым жерлерде чыныгы поэзиянын деңгээлине көтөрүлүшү, зарыл учурларда философиялык жалпылоолорго умутулушу аны ушундай атоого мүмкүндүк берет) эскерүүнүн мүнөзүнө жараша хронологиялык тартипте жазылган. 1-4-б.]

Биз чыгарма менен тааныша баштаганда эле автордун ата-теги, чөйрөсүндөгү адамдар менен тааныша баштайбыз. Көрсө, балдары токтобой, аркама-арка чарчай берип, айласы куруган ата-энеси: “Тентип эле элдин арасында аман жүрсө болду”, - деп эң кичине наристесинин атын Тенти койгон экен. Ата-энеси: “Тогуз уулга бербейбиз”, - дешип, кызын эркекче кийиндиришип, эркек мүнөз кылып тарбиялашыптыр.

Автордун эскерүүсү боюнча, азан чакырып коюлган өз аты Сайракан экен.

Толкуган сүйүнүчтүн биринчи илеби басаңдаган соң, “туулганына кубанбай, турарына кубан” - дегендей сезим менен ырымдап, айылындагы көп балалуу аялга көтөртүп, тогуз үйдөн өткөрүп, эң акыркы үйгө келгенде атасы тогуз буюмдун башын (кой баш болуу, аягы топчу, ийне) алып барып, курун мойнуна салып, алаканы жайып, “сатып” алган болот. Үйүнө келген соң түлөө өткөрүп, “тентип эле эл арасында аман жүрсө болду”, - деген максат менен экинчи жолу Тенти аты ыйгарылат. [1-233-б.]

Өмүр жолу-турмуш жолу алдыда... ал узун да, кыска да... Тенти Адышеванын өзү кашага алып (Адам, мезгил, тагдыр) белгилеген тайгак ашуу жолдору башталат...

Автор балалык доорун бирде таттуу, бирде ачуу өткөрөт. Кызыгы анын он бир жашында 1931-жылы Фрунзе шаарына келип медтехникумга окууга киришинен башталат. Анткени ал мезгил татаал да, катаал да мезгил эле, болгондо да өткөөл мезгил

эле. Бул тууралуу акындын өзү: “Чынында эле ошол мезгил карама - каршылыктар күчөп турган татаал учур эле... Эскилик тырмышып артка тартып турса, жаңылык кубаттуу күч менен мойнуна салып алдыга сүйрөп жаткан эки доордун талашуу күндөрү болчу”.

Доорлор тогошуп, мезгил күч сынап турган мына ушул чакта жаш муундарга дүйнөнү айра таанууга, турмуштун ак-карасын ажырата билүүгө үйрөткөн таалимчилердин ролу зор болгону талашсыз.

“Кылы үзүлгөн комузумда” Ж.Бөкөнбаевге кеңири орун берилген. Аны менен өткөргөн беш жыл Т.Адышеванын өмүрүндөгү эң эле жаркын, эң эле бактылуу жылдар болгону түшүнүктүү. Ал эскерүүсүндө: “Мен Жоомарттын гана үйүнө барбастан, советтик кыргыз адабиятын курган залкар адабий ишмер, нукура таланттардын үй-бүлөсүнө, башкача айтканда, кыргыз көркөм адабиятынын, маданиятынын, искусствосунун үй-бүлөсүнө кошулдум” –деп Т.Адышеванын өзүнүн өмүр жолу тууралуу башталган баян кыргыз адабияты менен искусствосун кошо камтып кеткен.

Жоомартты табуусу, кайра эле көп узабай жоготуу, тагдырдын жазымышындагы өзү айткан үч кыл комуздун бир кылынын үзүлүп кетүүсү...

Жакшы күндөрдү эскерсең жаның сергийт.

Оор күндөрдү эскерсең алың куруйт, - деп эки сабы менен жүрөгүндөгү болгон сырын ачып берет. Жоомартка турмушка чыккандагы эстен чыккыс сонун көз ирмемдер, адабияттын улуу залкар, таланттары менен чогуу баарлашып, катышуусу, өмүр соолубачудай бактылуу күндөрүн тез эле колунан бирөө жулуп кеткендей, эң оор жоготуу катары сүрөттөөгө болот...

Тенти Адышева 34 жашында экинчи жолу үй-бүлө куруп, белгилүү илимпоз, академик Муса Адышевге турмушка чыккан. Жетим балдар үйүндө чоңойгон Муса Адышев табиятынан кең пейил, айкөл инсан эле.

Үч балага өз атасындай мамиле кылып, татыктуу тарбия берген. Ал Тенти Адышева менен бирге Жоомарт Бөкөнбаевдин ар бир беш жылдыгын жогорку деңгээлде өткөрүп, балдардын өз атасын унутпоосуна да чоң салым кошкон. Улуу инсандар бир балалуу болушкан. Муса Адышев 1979-жылы инфарктан улам каза болгон. Тенти Адышева эки жолдошу менен болгон жашоосун "Кылы үзүлгөн комузум" эскерме-баянында кеңири сүрөттөгөн.

“Кылы үзүлгөн комузум” эскермесинде Адышеванын адабиятка жана көркөм чыгармачылыкка карата көз караштары, кыргыздын алгачкы муундагы акын - жазуучуларынын, көркөм өнөр кызматкерлеринин жана илимпоздорунун,1930-60-жылдардагы интеллектуалдык маданий турмушунун калыптануу мезгили жөнүндө баяндалат. “Ардак Белгиси” ордени жана медалдар менен сыйланган.

Тенти Адышеванын калемине таандык “Кылы үзүлгөн комузум” кыргыз адабиятындагы мемуардык чыгармалардын сап башында турат. Акын бул эмгегинде жеке өмүр жолун жазуу аркылуу ошол кездеги кыргыз адабияты менен искусствосун мыкты сүрөттөгөн.

– Сыр сандыктын оозун эми гана ачкансыдым, көздөрү өтүп кеткен эки асылым: Жоомарт менен Муса жөнүндө “Кылы үзүлгөн комузум” деген романды жазып жатам, - деген эле.

– Алар жөнүндө эң жакшы билген сиз жазбаганда ким жазат, жазыңыз, же ыйды токтотуп, кайрат кылып, ойлоруңузду топтоп, ажалдан өч алыңыз, өзүңүздү да бир сооротқондой болосуз, - деп кубаттаган элем. Ошол романды жазып бүтүп, аягына чекит коё электе шум ажал эжени да күтүүсүздөн шаштырып алып кетти. [3].

– Комуздун үчүнчү кылы да үзүлдү, – деди уулу Кулубек, эже түбөлүк жайына коюлуп жатканда. Эки атам Жоомарт менен Муса комуздун эки кылы болсо, апам үчүнчү кылы болчу,- деди муңкана. Ошондо касканактаган калың элден муңканбаган, ыйлабаган жанды көрбөдүм. Анан калса ал бардыгыбызга тең мээрман эжедей, күйүмдүү энедей эмес беле. Артында баарыбыз эженин сөздөрүнө каныш, канбай умсунуп, өкүттө кала бердик. [3]

Акындыгына адамдыгы шайкеш келген ак жаркын жан эле да. Ошол адамдык жаркын дүйнөсүн, көкүрөк китебин жазып бүтө элек эле да. Эжени сүйлөтүп коюп эле уюп угуп отургуң келчү. Ошондо эжени акыркы сапарына узатып жатканда, денеси жерге коюлуп баратканда ободо эженин өз үнү менен адамдарга кайрылуу иретинде жазган ыры жаңырып турду. Коштошуп жаткансып анан калса чоң адамга, чоң тагдыр туш болобу дейм. Чыңгыз агабыз айткандай эже “татаал тагдыр күткөн акын”. Тенти эже өзү да айтаар эле: “Тагдыр мени көк мелжиген асманга көтөрүп барып, кайра жерге эки ирет күп эткизип таштап жиберди”,- деп. Кыргыздын эки бирдей тоодой залкар уулдарынын: Жоомарт Бөкөнбаев менен Адышев Мусанын каалап сүйгөн жары болуш жана алардан күтүүсүздөн мезгилсиз ажырап калышты көтөргөн жүрөк да улуу жүрөк экен. Эженин ошол тоодой жоготуусу, көлдөй көз жашы жөн төгүлбөй эчен бир жүрөктү өйүгөн, сезимди козгогон ыр саптарына айланган:

Өмүрдү сүргөнүм жок кыйноодомун,<br>
Ыржайып күлгөн менен ыйлоодомун.<br>
Өлүм менен өмүрдүн талашында,<br>
Тагдырдын терисине сыйбоодомун.<br>
Жашоонун парзы беле, шарты беле,<br>
Чиркин ай, жарык күндү кыйбоодомун! - деп ыйда туулган саптар дагы муңайып ыйлап тургансыйт.

Тенти Адышева адабиятка өз үнү, өз ажары менен келди. Калемдештер ортосундагы айрым бир күнүлүштүккө каршы туруп, минтип айтар эле: “Ар бир жалбырак өз үнүндө шыбырайт, ар бир жылдыз өз алдынча жаркырайт” дегендей, ар бир акындын өз үнү, өз деңгээли, өз көз карашы, өз тагдыры, өз көйгөйү бар. Дүйнөдө канча адам болсо, ошончо өңү-түсү болгондой эле акындар да ошондой, талашып-тартыша турган эч нерсе жок. Баарыбыз түрдүү үндө сайрап келип, бир адабияттын симфониясын түзөбүз”,- деп калуучу. [3].

Эскермеден биз ошондой эле И.К.Ахунбаев, М.М.Адышев, Б.М.Юнусалиев, М.Рыскулов, Б.Бейшеналиева сыяктуу чоң окумуштууларды жана искусство ишмерлерин жолуктурабыз, дегеле өткөн кылымдын отузунчу-кыркынчы жылдарындагы кыргыз коомундагы руханий, психологиялык кырдаал, чыгармачыл интеллигенциянын турмушу жөнүндө кыйла кеңири түшүнүк алабыз. Кыскасы, “Кылы үзүлгөн комузум” эскерме баяны кыргыз адабиятынын, маданиятынын тарыхын билүүгө ынтызар болгондор үчүн кызыктуу булак катары кызмат өтөп берээрине күмөн жок.

Жыйынтыгында окурман улуттук адабияттын каймактары болгон Жоомарт Бөкөнбаев, Мукай Элебаев, Аалы Токомбаев, Жусуп Турусбеков, Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек

Маликов, Алыкул Осмонов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Гапар Айтиевдин өз ара мамилелери, жай турмушу тууралуу маалымат ала алган. Ошол эле учурда китепте Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги оор кырдаал да камтылган. [2-79-б.]

Жогоруда белгиленгендей, Тенти Адышеванын "Кылы үзүлгөн комузум" - деп аталган эскерүү-баяны өз-өзүнчө, келки-келки түрдө адабий иликтөөлөрдүн обьектилерине айланган. Бирок чыгарманы жанрдык жактан бир бүтүндүккө бириктирип, тематикалык жактан өзөктөш көркөм туундулар катары кош катар коюп изилдөөгө алуу али да болсо толук жана ар тараптуу колго алынбай келе жаткандыгын, өзгөчө бир терең маанилүү илимий проблема боюнча калып келе жаткандыгын дагы бир жолу баса белгилеп кеткибиз келет.

**Адабияттар:**

1. Адышева Т. Кылы үзүлгөн комузум. Китепте: Т. Адышева. Чыгармалар жыйнагынын бир томдугу. — Фрунзе: «Кыргызстан», 1987. — 255-бет.
2. Азыркы кыргыз адабияты Бишкек "Бийиктик-плюс"-2015.
3. "Кыргыз туусу", 30.12.2010-ж. Гүлсайра МОМУНОВА, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, А.Осмонов, А.Токомбаев, Түгөлбай-Ата атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты.
4. К.Артыкбаев. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Фрунзе "Мектеп",1982.
5. Интернет булактары.

**_ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ_**
**_ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ_**
**_PEDAGOGICAL SCIENCES_**

***Ураимов К.М., Мажидова А.Ч.***

# САБАТТУУЛУККА ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ОКУТУУ КАРАЖАТТАРЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Ураимов К.М. ,Мажидова А.Ч.***

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ СРЕДСТВ ОБУЧЕНИЯ ГРАМОТЕ

***Uraimov K.M. Ph.D., Mazhidova A.***

# PEDAGOGICAL CONDITIONS OF TEACHING AIDS IN TEACHING LITERACY

*УДК: 37.091.3*

**Аннотация:** Бул макалада сабаттуулукка үйрөтүү жана сабаттуулук бул кеңири түшүнүк аны тамга таанытып, китеп окутуп жаза билүүгө жетиштирүү менен гана чектөөгө туура эмес экендиги жөнүндө сөз болот. Берилген сунуштар грамматикалык баскычтын эң алгачкы гана баскычы экендиги белгиленген. Сабаттуулук деген терминдин келип чыгышы жогоркулар менен түзмө-түз байланышта экендиги, аны грек тилинен которгондо “окуйм жана жаза билүү” деген сөздөн келип чыккандыгы айтылат. Кыргыз педагогикасында сабаттуулук оозеки жана жазма тилде максатка жараша пайдалана билгендиги белгиленген. Сабаттуулук элдин маданий деңгээлинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири экендиги айтылган. Сабатка үйрөтүү мектепте биринчи ишке ашырылат. Мектепте биринчи класста ишке ашырылган мектеп босогосун биринчи аттаган баланын алгач кошо алганы ары түйшүктүү, ары талыкпас эмгекти талап кылган, бирок кызыктуу абдан зарыл билим дүйнө дарбазасы - Алиппе окуу китеби экендиги айтылган.

**Түйүндүү сөздөр:** Кошумча сабактар, техникалык каражаттар, интерактивдүү усулдар, логика, санарип, эксперимент.

**Аннотация:** В этой статье обучение грамоте и грамотность это широкое понятие не следует ограничивать только введением буквы и обучением книгам, чтобы они могли писать.это говорит о том, что это так. Отмечается, что предложенные предложения являются только самой ранней стадией грамматической стадии. Считается, что происхождение термина грамотность буквально связано с высшим, что в переводе с греческого означает “умение читать и писать". В Кыргызской педагогике установлено, что грамотность-это умение целенаправленно пользоваться устной и письменной речью. Было сказано, что грамотность является одним из важнейших показателей культурного уровня людей. Обучение грамоте впервые осуществляется в школе. Было сказано, что ребенок, впервые переступивший школьный порог, реализованный в школе в первом классе, первым смог добавить к этому трудоемкое, требующее дальнейшей кропотливой работы, но интересное очень необходимое знание - это врата в мир-учебник Азбуке.

**Ключевые слова**: Допалнительные уроки, технические инструменты, интерактивные методы, логика, санарип, эксперимент.

**Annotation.** In this article, literacy and literacy education is a broad concept that should not be limited to just introducing letters and teaching books so that they can write.this suggests that this is the case. It is noted that the proposed sentences are only the earliest stage of the

grammatical stage. It is believed that the origin of the term literacy is literally connected with higher, which means “the ability to read and write" in Greek. In Kyrgyz pedagogy, it has been established that literacy is the ability to purposefully use oral and written speech. It was said that literacy is one of the most important indicators of people's cultural level. Literacy is taught at school for the first time. It was said that the child who crossed the school threshold for the first time, realized at school in the first grade, was the first to be able to add to this time-consuming, requiring further painstaking work, but interesting, very necessary knowledge - this is the gateway to the world- the ABC textbook.

**Key words:** Additional lessons, technical means, interactive methods, logic, digital, experiment.

Сабаттуулукка үйрөтүүнүн негизги милдеттери:

• Балдарды угууга, окууга, жазууга, сүйлөөгө үйрөтүү кыргыз тили, адабияты жөнүндө алгачкы маалыматтарды берүү;

• Оозеки жана жазуу кебин активдештирүү;

• Баланы интелектуалдык жана таанып билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүп, окууга позитивдүү мамиле түзүү;

• Окууну жана жазууна натыйжалуу окутуу үчүн зарыл болгон психофизиологиялык функцияларды иштеп чыгуу.

Сабаттуулукка үйрөтүү методологиясынын илимий негиздери.

1) Психологиялык негиздери тыбышты угууну өнүктүрүү.

2) Лингвистикалык негизги тыбышты угуу, тамганы жазуу ошондой эле муундап окуу принциби.

3) Педагогикалык негиздери окутуунун мазмуну жана методдорун камтыйт. [5]

Биринчи класстын окуучуларынын окууга жана жазууга ийгиликтүү үйрөтүү үчүн балдардын тыбыштарды уга билүүсүн өнүктүрүү талап кылынат. Сөз ичиндеги жеке тыбыштарды угуу жана сөздөрдүн айтылышы менен талдоо жүргүзө билүү жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналат. (Д. Элконин)

Алиппе китеби сабаттуулукка үйрөтүүдөгү китептердин бири болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө Б.Кубаталиева, А.Абдыканова, М.Асаналиевалардын авторлугунда түзүлгөн китепти окуп келишет. Бул китеп аркылуу сабаттуулукка үйрөтүү 3 этап менен жүргүзүлөт.

1) Алиппеге чейинки мезгил.

2) Алиппе мезгили.

3) Алиппеден кийинки мезгил.

1) Альфавит менен таанышуу, тамгалардын аталышын таануу жана алардын графикалык сүрөтүн үйрөтүүдөн турат. Бул процесс тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү сыяктуу эле окууга 3 баскычтуу үйрөтүүнүн бири болуп эсептелет. Алиппеге чейинки мезгил окуганды үйрөтүүнүн даярдык баскычы. Бул процессте окуучулар тил, сөз, муун, тыбыш, тамга, басым тууралуу билимге ээ болушат. Бул схема муунду сөздү жана сүйлөмдү жөнөкөй структуралаштырууга жардам берет. Анын алдында тыбыштык кабыл алуу тыбыштарды айырмалоо билгичтиги боюнча көнүгүүлөр болот. Окуучуларды тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү боюнча башталгыч баскычта тыбыштар андан кийин аларды белгилеген тамгалар окутулат. Алиппеге чейинки мезгил адатта 3-4 жумада окуу жана жазуу сабактарына катарлаш жүргүзүлөт. Биринчи окуу сабагында окуучулар тыбыштар менен таанышат, сөздөрдү бөлүп карашат. Андан соң аны басма тамга менен айкалыштырышат жана окушат.

Кийинки ушул эле тамганын жазуу варианты менен таанышышып чыгышат. Ар бир беттеги тыбыштардын белгилүү тизмегин пайдаланат. Бала ар башка тыбышты айырмалап үйрөнгөндөн баштап сүйлөй баштайт. Бул тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын таанып билүүгө түрткү болот. [4, 45] Тилдин түзүлүшүн тыбыштык курамын билүү окууга үйрөтүүнүн биринчи баскычында маанилүү роль ойнойт. Тыбыштык кабыл алуу тыбыштык курамды айырмалай билүү жөндөмү болуп эсептелет. Тыбыштык кабыл алуу тыбыштарды так айтуунун сөздүн туура муундук түзүлүшүн өздөштүрүүнүн кепилдиги болуп эсептелет. Муну ишке ашырууда атайын көнүгүүлөр колдонулат.Мугалим суроолорду берет, сөздө канча муун бар? Тыбыштык талдоонун ырааты боюнча басым кайсы муунга коюлат? Үн менен басымдуу тыбышты бөлүү анын сөздөгү ордун аныктоо. Сөздө канча тыбыш бар дегенде сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштардын санын аныктайт. Тыбышты кабыл алууну кантип өнүктүрүү керек? Мында ар кандай рифмалаштырылган тексттер, карточкалар менен иштөөлөрдү жүргүзсө болот.Кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча ар кандай көнүүгүлөр бар. Мисалы: тыбыштарды тууроо мында мугалим окуучуларга ары кантип ызылдайт деген суроону берет. Окуучулар аарынын ызылдаганын туурап беришет. [1, 78]

2) Алиппе мезгили. Бул баскычта окуучулар альфавиттин баарын, тыбыштын жана тамгалардын туура маанилештиги тамганын жана анын графикалык сүрөтүн айкалышын үйрөнүшөт. Алиппе мезгилинде текстти окуй алуу процесси, чечмелеп окуй алуу жазылган текстти ошол эле учурда графикалык символдорун тамгаларды, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, тексттерди оозеки кепте колдонулушун түшүнө башташат. Окуучулар окуй алууну өздөштүргөндөн кийин алар муундарды окууну үйрөнүшөт. Биринчи кыска окшош андан соң татаалыраак эки же андан көп муундан турган сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, чоң эмес текстти окушат.

3) Алиппеден кийинки мезгилде окууну өркүндөтүүнүн жана аны автоматизимге жеткирүүдөн турат. Бул баскычта окуучулар бардык тыбыштарды эркин тез жана туура айтышып бардык тамгаларды билиши зарыл. Муундарды таанып жана алардын арасынан басым менен айтылган муундарды бөлүп көрсөтүшү керек. Негизги орфоэпиялык нормаларды сактоо менен муундарды окушуп, логикалык басымды жана тынымды жасоо менен интонотцияны сакташып сөздөрдү түшүнүп аларды угуу жана көрүү менен кабыл алышып окуганды түшүнүшү керек. Алгач тыбыштарды угушат андан кийин тыбыштарды жана тамгаларды айкалыштырышат, тамга менен жазылган тыбыштарды муундарга бириктирет жана сөздөрдү окушат. [7]

Сабаттуулук мезгилинде окуучунун ой жүгүртүүсүн өркүндөтүп алардын эне тилине болгон сүйүүсүн кыргыз тилин билүүгө болгон кызыгуусун ойготуу алардын тилди үйрөнүүгө сүйлөө ишмердүүлүгүн байкоо тыбыштардын талдай билүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу керек.Бул маселелерди чечүүдө тилдик материалдарды талдоонун ар кандай түрлөрү чоң мааниге ээ. Алар мазмуну, көлөмү жана ишке ашыруунун ыкмасы боюнча айырмаланат. Окуу китептери жана окутуу технологиясы окуу процессин психологиялык жактан ыңгайлуу кылып баланын өзүн толук түшүнүүсүнө жардам бериши керек.

Билим берүү процессинин ийгиликтүүлүгү көбүн эсе окутууда колдонулуучу усулдарына көз каранды болот. Окутуу усулдары окутуучулар менен окуучулардын билим берүү максаттарына жетүүгө багытталган биргелешкен ишмердүүлүгүнүн жолдору. Ал эми дидактикада окутуу ыкмасы жана окутуу эрежеси түшүнүктөрү кеңири тараган. Окутуу ыкмасы окутуу усулунун курамдык бөлүгүнүн же айрым бир жагы башкача айтканда усул деген жалпы түшүнүккө карата жекече түшүнүк болуп саналат. Бул эки түшүнүктүн чектери

кыймылдуу жана өзгөрмөлүү келет.Айрым учурларда усул педагогикалык милдетти чечүүнүн өз алдынча жолу катары болсо башка учурларда жеке бир нерсеге арналган маанидеги ыкма болуп саналат. Усул өзүнө бир нече ыкмаларды камтыйт. Ыкмалар окутуучу менен окуучулардын иштөө усулдарынын бөтөнчөлүгүн акыктайт. Алардын ишмердүүлүлүгүнө жекече мүнөз берет. Ал эми окутуу эрежеси окутуу процессиндеги типтүү педагогикалык кырдаалда эмне кылуу керектиги тууралуу конкреттүү көрсөтмө. Эреже ыкманын сүрөттөөнүн нормативдүү модели болуп кызмат кылат. Белгилүү бир милдетти чечүүнүн эрежелер системасы. Бул усулдун нормативдүү сүрөттөөчү модели болуп калат. Окутуу усулу тарыхый категория өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли жана өндүрүштүк мамилелердин мүнөзү педагогикалык процесстин максаттарына, мазмунуна каражаттарына таасир көрсөтөт. Алардын өзгөрүшү менен кошо окутуу усулдары да өзгөрөт. Мектептер уюштурулган учурдан тартып сүйлөө усулдары пайда болгон. Мугалим окуучуларга даяр маалыматты берип, алар муну өздөштүрүшкөн. Жазуу андан кийин китеп басып чыгаруу пайда болгондон тартып билимди белги формасында топтоп, өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү пайда болгондон тартып, билимди белги формасында топтоп өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү пайда болгон. Китептер болсо ар түрдүүчө пайдаланылган. Орто кылымдагы мектептте окутуулар негизинен диний мазмундагы текстти пайдаланышында окутуунун догматикалык усулу пайда болгон. Анын бир топ өркүндөтүлгөн түрү суроо коюга жана даяр жоопту берүү менен байланышкан. Ушул ачылыштар менен ойлоп табуулардын доорунда сүйлөө усулдары окуучуларга билим берүүнүн бирден-бир жолу болгон. Маанисин акырындык менен жогото баштайт. Окутуу процессине органикалык түрдө байкоо жүргүзүү, эксперимент, өз алдынча иштөө, көнүгүү сыяктуу баланын активдүүлүгүн, аң-сезимдүүлүгүн, демилгелүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган усулдар киргизилип көрсөтмөлүү окутуу усулдары жайылтыла баштайт. Окутуу усулдарын классификациялоо окутуу усулдарынын бирдиктүү классификациясы жок. Окутуу усулдарын топторго жана топчолорго бөлүштүрүүнүн негизинде окутуу процессинин белгилерин айрым жактарын окшоштуктары менен байланыштырып келишет. Окутуу усулдарын бир топ жайылтылган үч классификациясын карап көрөлү.

1. Окутуу усулдарын дидактикалык максат боюнча классификациялоо.
2. Окутуу усулдарын билимдер булагы боюнча классификациялоо.
3. Окутуу усулдарын окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзү боюнча классификациялоо.

1. Окутуу усулдарынын дидактикалык максат боюнча классификациялоо бул топторго бөлүштүрүүнүн критерийи катары окутуу максаттары катары каралат. Мындай критерий көбүн эсе окутуучунун окутуу максаттарына жетүү боюнча ишмердүүлүгүн чагылдырып турат. Бул классификациялоодо окутуунун төмөндөгүдөй усулдарын бөлүп карашат. Билимдерди билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу усулу.Билимдерге ээ болуу усулу билимдерди колдонуу усулу.

2. Окутуу усулдарын билимдер булагы боюнча классификациялоо. Билимдердин үч булагы бар: Сөз көрсөтмөлүүлүк, практика сүйлөө усулдары, окутуу усулдарынын темасында борбордук орунду ээлейт. Себеби алар сүйлөшүү, аңгемелешүү, дисскуция, китеп менен иштөө кирет. Айтып берүү бул материалды монолог түрүндө, ыраттуу сүрөттөө менен баяндоо. Түшүндүрүү бул үйрөнүлүүчү объектинин айрым түшүнүктөрдүн, кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн маңыздуу касиеттерин түшүндүрүү. Классификация боюнча экинчи топту көрсөтмөлүү усулдар түзөт. Окутуунун көрсөтмөлүү усулдарына окуу

материалын өздөштүрүү окутуу процессинде пайдаланылуучу көрсөтмө куралдардан, схемалардан, таблицалардан, сүрөттөрдөн, техникалык каражаттардан олуттуу көз каранды болгон усулдар. Булар демонстрациялоо иллюстрациялоо усулдары өз ара бири-бирин толуктап таасирин күчөтүп тыгыз байланышта пайдаланылат. Демонстрациялоо усулу негизинен үйрөнүлүп жаткан кубулуштардын диномикасын ачы берүү үчүн кызмат кылат. Бирок, предметтин тышкы көрүнүшү анын ички түзүлүшү менен тааныштыруу үчүн да колдонулат. Иллюстрациялоо усулу предметтерди, процесстерди жана кубулуштарды плакаттардын, карточкалардын, фото сүрөттөрдүн, схемалардын жардамында символдук сүрөттөө түрүндө көрсөтүүнү көздөйт. Окутуунун практикалык ишмердүүлүгүнө негизделген. Көнүгүүлөр окуу акыл же практикалык иш-аракеттерине ээ болуу үчүн же алардын сапатын жогорулатуу үчүн аларды көп жолу аткаруу. Көнүгүүлөр оозеки жазуу графикалык жана окуу эмгектик болуп айырмаланат. Лабораториялык жумуштар окучууларды билим менен гана камсыздабастан, аларда практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

3. Окутуу усулдарын окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн деңгээли. Бул классификациялоо боюнча төмөнкүдөй окутуу усулдарын бөлүп көрсөтүшөт. Түшүндүрүү усулу, иллюстрациялоо усулу, репродуктивдүү усулу, проблемалуу баяндоо усулу, изилдөө усулу. [3, 89]

Интерактивдүү методдор мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланыштарды камсыз кылат.

Ошондой эле окуу процессиндеги окуучулардын өз алдынча таанып

билүү ишмердүүлүгүн жана биргелешип иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт. Натыйжада окуучулар:

▪ Түгөйү менен жана топто иштей билүү
▪ Проблеманы көрүп жана чече билүү
▪ Бирге иштөөдө толеранттуулуктуу көрсөтө билүү
▪ Бири-бирин угуу, сыйлоо жана башка сапаттарга ээ болушат

Интерективдүү окутуу-бул, биринчи кезекте, окутуу процессинде окутуучу менен окуучунун ортосундагы өз ара аракеттенишүүсү да , окуучулалдын бири-бири менен өз аракеттенишүүсү да орун алган диалогдук окутуу. Интерактивдүү методдор компетенцияларды калыптандырууга жана аныкталган окутуу натыйжаларына жетишүүгө билимдерди алууга, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө болот. Интерактивдүү методдор окутуу натыйжаларына жетишүүгө жана компетенциялардын калыптанышына өбөлгө болот. [4, 130]

- Уюштуруучулук жана иш көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзөт.
- Сынчыл ой жүгүртүү, салыштыруу, талдоо көндүмдөрүн калыптандырат.
- Жаңы идеяларды жарата билүү билгичтиктерин калыптандырат. [1, 121]

Сабатка үйрөтүү броюнча окумуштуу С.С. Сакиева өзүнүн "Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы курсу боюнча окуу куралы" деген эмгегинде окуу жана жазуу сабаттуулугунун иллимий-теориялык негиздерин жана практикалык маселелерин талдоого алган. Анда белгиленгендей сабатка үйрөтүүнүн методикасы, сабатка үйрөтүү методикасынын илимий негиздери, окуу жана жазуунун механизмдери, окуу жана жазууга үйрөтүүнүн алгачкы көндүмдөрү, сабатка үйрөтүүнүн методикасы, заманбап тыбыштык анализ-синтез методу, туура жазууга үйрөтүүнүн илимий негиздери, графика, жазуу кебинин элементтери, сабатка үйрөтүүнүн окуу пособиялары, сабатка үйрөтүүдөгү сабактар, алардын

өзгөчөлүктөрү сыяктуу орчундуу маселелер каралган. Аталган эмгекте сабаттуулукка үйрөтүү маселелерин төмөндөгүдөй баскычтагы усулдардын негизинде өнүктүрүү зарылгына токтолгон:

Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Тилдин теориясын окуп-үйрөнүү – бул кенже мектеп жашындагы балдардын сөзүн өстүрүүнүн каражаты катары каралган. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн тагырак айтканда фонетика, лексика, сөз айкашы, грамматиканы окутуунун илимий негиздерин жана методун окуп-үйрөнүү. Тилдик түшүнүктөрдү калыптандыруу. Тилдик түшүнүктөрдү калыптандыруучу сабактарды жүргүзүү.

Туура жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Орфографиялык машыгууга калыптандыруу методикасынын илимий методикалык негиздери. Кенже мектеп жашындагы балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Орфографиялык көндүмдөргө калыптандыруучу көнүгүүлөрдүн системасы. Жазуу жумуштарын үйрөтүүнүн жолдору. Орфографиялык каталар менен иштөөнүн системасы. Орфографиялык каталар менен иштөөдөгү сабактар, алардын системасы. Кенже мектеп жашындагы балдардын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү методикасы. Окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн илимий негиздери.

Сөз өстүрүүнүн методикасы; лексикалык, грамматикалык, салыштырмалуу, текстти жазуу жана оозеки айтып берүү. Кеп маданияты жана риториканын негизи. Окуучунун жазуу ишмердүүлүгүн уюштуруу методикасы. Окуучунун жазуу жумуштарынын жанры. Окуучунун кептеги каталарынын үстүндө иштөө методикасы.

Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана методикасы. Адабий билим берүү жана кенже мектеп жашындагы балдардын адабий билим берүүсүн өнүктүрүү. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу (туура, шар, сезимдүү, көркөм) – окуучунун окуу ишмердүүлүгүн жогорулатуунун каражаты. Көркөм чыгарманын жанрын окутуунун илимий негиздери. Илимий таанып-билүүчү тексттер менен иштөө. Адабий окуу сабагы. [7,10]

Окумуштуу аталган эмгегинде сабатка үйрөтүүнүн бир нече милдеттерин аныктайт.

Башталгыч мектепте сабаттуулукка үйрөтүүнүн методикасынын негизги багыттарынын, окуу принциптеринин, окутуу методдорунун реализацияланышына жана адабий окуу, кыргыз тили сабагынын комплекстүү талаптарына карата төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

1. Эне тилин окутуу методикасынын илимий-теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдери боюнча квалификациялык билимдерге ээ кылуу жана татыктуу даярдоо;

2. Адабий окууда, кыргыз тилинде кенже мектеп жашындагы окуучулардын кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоого, туура, катасыз сүйлөө маданиятын калыптандыруу боюнча кесиптик компетенттик билимдерин, маданиятын камсыз кылуу;

3. Эне тилин окутуунун методикасынын дидактикалык принцип принциптерин, методдорун компетенттүү өздөштүрүүгө жетишүү;

4. Эне тилин окутуунун методикалык, педагогикалык, психологиялык негиздери боюнча билимдерин арттыруу;

5. Адабий окуу, кыргыз тили сабагы жана анын этаптык максаттарын (билим берүүчү, тарбиялоочу, өнүктүрүүчү) функцияларынын ияларынын компоненттерин, типтерин өздөштүрүү менен адистик билимдерин тереңдетүү;

6. Адабий окуу, кыргыз тили сабагында инсанга багытта багыттап окутуунун методдорун ишке ашыруу менен кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

7. Окуучулардын адабий окуу, кыргыз тили аркылуу таанып-билүүчүлүгүн, рухий байлыгын, чечендигин, төкмөлүгүн өстүрүү менен тарбиялоо маданиятын өстүрүү.

8. Программалык материалдарды адистик ишмердүүлүк, компетенттүүлүк менен ишке ашырууда окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын компетенттүү пайдаланып, сапаттуу билим берүү талап кылынат. [7,8]

Жогорудагы сабаттуулукка үйрөтүү маселелери бүгүн да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Өзүбүздүн илимий иликтөө ишибизде окуучулардын сабаттуулугуна анализ жасап, аларды ар кайсы илимий булактардан жыйнаган адабияттар жана газета-журналдардагы маалыматтар менен салыштырдык. Жыйынтыгында билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн окуучулардын чыгармачыл жөндөмүн ачып, заманбап технологияларды, методикалык инновациялык информацияларды колдонууну жандандыруу жана аны ишке ашыруу зарылдыгын байкадык. Анткени, жаны технологиялар адамдын акыл эмгегинин натыйжасында бүткүл дүйнө жүзүнө кеңири таралып, ага болгон суроо талаптын өсүшүнө түрткү болууда. Жаны технологияларда жаралып жаткан байланыш каражаттар аркылуу жаш муундардын арасында кеңири таралып, көпчүлүктүн кызыгуусун жаратууда.

Окуучулардын сабаттуулугунун өнүгүшүнө билим берүүнүн сапаты түздөн-түз таасир тийгизет. Окуучулардын жакшы өздөштүрүүчү педагогдун компотенттүүлүгүнө байланыштуу мугалим окуучулардын ар бирине өз алдынча мамиле жасап, билим берүү процессине ата-энелерди тарта алса, балдарды кызыктыруучу ыкмаларды колдонсо, класстан тышкаркы иштерди уюштурса, баланын ой жүгүртүүсү, сабакка болгон кызыгуусу артып, сабаттуу балдар тарбияланып чыгарына келечекте ишеним зор.

**Колдонулган адабиятар**


1. Абдураимова З. Мугалим сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы. Ош-2023

2. Башталгыч классынын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча класстан тышкаркы иш-чаралар. USAIDдин “Бирге окуйбуз” долбоорунун колдонмосу. – 2016.

3. Б.Исаков, А.Смаилова, А.Алетта “Башталгыч. класстын окуучуларын окутуу жана тарбиялоодо инновациялык 90 ыкма”

4. Муратов А. Акматов .К “ Окутуунун жаңы технологиялары –Бишкек, 2017.

5. Рысбаев С. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги. -Б., - 2014

6. Рысбаев С.К Кыргыз балдар фальклорунун педагогикасы. –Б., -2014

7. С.С.Сакиева Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы курсу боюнча окуу куралы / Ж-Абад. мам. ун-т. – Жалал-Абад, 2015.

8. https://youtu.be/DPsDmKwam9U?si=4COKtZJ6qlqRTzKx

9. https://youtube.com/watch?v=kRI_POfdcWA&feature=shared


* * *

***Осмонова Нургүл Таштановна, Сапарбек кызы Аймончок***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕРДИН ОРДУ

***Осмоновой Нургүл Таштановна, Сапарбек кызы Аймончок***

# РОЛЬ МОБИЛЬНЫХ ПРИЛОЖЕНИЙ В ОБРАЗОВАНИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

***Osmonova Nurgul Tashtanovna, Saparbek kyzy Aimonchok***

# THE ROLE OF MOBILE APPLICATIONS IN THE EDUCATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК 37.013*

***Аннотация:*** *Бул макалада бүгүнкү күндөгү мобилдик тиркемелердин билим берүүдөгү орду, алардын пайдасы жана зыяны, учурдагы мобилдик тиркемелердин билим берүү тармагында колдонулушу изилденип, мобилдик тиркемелер бүгүнкү күндө жашообуздун дээрлик 80 пайызын ээлеп, анын ичинде билим берүү тармагы да четте калган эместиги белгилүү болду. Демек, байланыш каражаттарына жана маалыматка ыкчам жетүүгө көз карандылык өсүп жаткан билим берүү мейкиндигинде мобилдик тиркемелерди колдонуунун актуалдуулугу билим берүү куралы катары ар тараптуу пайдалануу үчүн, анын ичинде кошумча билим берүүнү уюштуруу үчүн мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу, аларды билим берүүдө колдонуу талап кылынат – деген жыйынтыкка келдик. Эгер мобилдик байланыштын жана мобилдик тиркемелердин пайдалуусун ала алсак анда биз жеңишке жеткен болобуз.*

***Түйүндүү сөздөр.*** *мобилдик тиркеме, билим берүү тармагы, интерактивдүү окутуу, окуу процесси, тиркеме, технология, жасалма интеллект*

***Аннотация:*** *В этой статье исследуется роль современных мобильных приложений в образовании, их польза и вред, а также использование современных мобильных приложений в образовании, и становится ясно, что мобильные приложения сегодня занимают почти 80 процентов нашей жизни, включая образование, которое не является исключением. Следовательно, актуальность использования мобильных приложений в образовательном пространстве, где растет зависимость от средств связи и оперативного доступа к информации, заключается в том, что для их всестороннего использования в качестве образовательного инструмента, в том числе для организации дополнительного образования, требуется разработка мобильных приложений, их применение в образовании. Если мы сможем воспользоваться преимуществами мобильной связи и мобильных приложений, мы победим.*

***Ключевые слова:*** *мобильное приложение, образовательная сеть, интерактивное обучение, учебный процесс, приложение, технология, искусственный интеллект*

***Annotation:*** *This article explores the role of modern mobile applications in education, their benefits and harms, as well as the use of modern mobile applications in education, and it becomes clear that mobile applications today occupy almost 80 percent of our lives, including education, which is no exception. Therefore, the relevance of using mobile applications in the educational space, where dependence on means of communication and operational access to information is growing, lies in the fact that their comprehensive use as an educational tool, including for the organization of additional education, requires the development of mobile applications and their*

*application in education. If we can take advantage of mobile communications and mobile apps, we will win.*
***Key words:*** *mobile application, educational network, interactive learning, learning process, application, technology, artificial intelligence*

**Киришүү**

Азыркы дүйнөдө билим берүү коомдун калыптанышында жана өнүгүшүндө негизги ролду ойнойт жана анын технологиялык өнүгүү менен байланышы барган сайын тыгыз жана ажырагыс болуп баратат. Билим берүүнүн маанилүүлүгүн жана анын технологиялык өнүгүү менен байланышын кененирээк карап чыгалы:

Билим берүү ар бир өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнүн негизги элементи болуп саналат. Ар кандай тармактардагы жогорку квалификациялуу адистер инновациянын жана экономикалык өсүштүн кыймылдаткыч күчү. Технологиялык инновация жаңы билимди жана көндүмдөрдү талап кылат жана анын калыптанышына жана жайылышына билим берүү себеп болот.[1]

Билим берүү коомдун маданий жана социалдык капиталын калыптандырууда маанилүү ролду ойнойт. Ал кругозордун кеңейишине, критикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө жана өзгөрүп жаткан жашоо шарттарына көнүү жөндөмүнө өбөлгө түзөт. Технология, өз кезегинде, билим берүү тажрыйбасын байытуу жана маданий ар түрдүүлүктү жайылтуу аркылуу изилдөө, баарлашуу жана чыгармачылык үчүн жаңы куралдарды берет.

Сапаттуу билим дүйнөлүк эмгек рынокторунда жана инновацияларда атаандашууга жөндөмдүү улуттук кадрлар ресурстарын камсыз кылат. Технологиялык жетишкендиктер, айрыкча интернет жана мобилдик технологиялар билимди жеткиликтүү жана ийкемдүү кылды. Бул ар кандай социалдык топтордогу жана географиялык аймактардагы адамдарга убактысына жана жерине карабастан билим алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул билим берүүнү демократиялаштырууга жана санариптик теңсиздикти кыскартууга өбөлгө түзөт.

Билим берүү коомдун инновациялык потенциалын стимулдайт жана технология бул процесске олуттуу салым кошот. Жасалма интеллект, интерактивдүү окутуу платформалары жана виртуалдык реалдуулук сыяктуу инновациялык билим берүү ыкмалары жана технологиялары окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет жана жаңы билимдерди, көндүмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшөт.[2]

Мобилдик аппараттар көптөгөн адамдардын күнүмдүк жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп калган учурда, тиркемелерди колдонуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга көмөк көрсөтөт. Мобилдик тиркемелер аркылуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жакшыртуучу жолдорду карап көрөлү:

**Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү**: мобилдик тиркемелер билим берүүнү жеткиликтүү кылат, анткени ал студенттерге, окуучуларга окуу материалдарын жана билим берүү ресурстарын каалаган убакта, каалаган жерден алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул аралыкка, физикалык чектөөлөргө же башка жагдайларга байланыштуу салттуу сабактарга бара албаган студенттер жана окуучулар үчүн өзгөчө маанилүү.

**Окууну жекелештирүү**: мобилдик тиркемелер жекелештирилген окутуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Алар окуу материалдарын жана тапшырмаларды ар бир окуучунун жеке муктаждыктарына жана билим деңгээлине ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет. Ошентип, студенттер өз темптери менен жана өзгөчө билим берүү муктаждыктарына жараша үйрөнө алышат.

**Интерактивдүү окутуу**: мобилдик тиркемелер көбүнчө оюндар, викториналар, визуализациялар жана мультимедиа сыяктуу интерактивдүү окутуу ыкмаларын сунуштайт. Бул окууну кызыктуу жана натыйжалуу кылат, анткени ал окуучулардын шыктануусун жана кызыгуусун жаратат.

**Окуу процессин натыйжалуу башкаруу:** мобилдик тиркемелер билим берүү мекемелеринин окутуучулары жана администраторлору үчүн пайдалуу болушу мүмкүн, бул аларга окуу процессин натыйжалуу башкарууга, студенттердин ишин көзөмөлдөөгө, тапшырмаларды түзүүгө, тестирлөө ж. б. мүмкүнчүлүк берет. [3]

Билим берүү үчүн мобилдик тиркемелер ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт, анын ичинде окуу материалдарына каалаган убакта жана каалаган жерден кирүү, окууну жекелештирүү, билимди бөлүшүү жана башкалар. Алар 21-кылымдын критикалык ой жүгүртүү, баарлашуу жана кызматташуу сыяктуу көндүмдөрүн жайылтышат.

Мобилдик аппараттар, эреже катары, өз ээлеринин менчиги болгондуктан, күнү бою алардын жанында болот, ошондуктан окуу, методикалык, уюштуруучулук жана башкаруу маалыматтарынын ыкчамдыгы жана жеткиликтүүлүгү абдан жогору. Тиркеменин жардамы менен билим берүү мекемесиндеги окуялардан кабардар болуп, актуалдуу маалыматтарды тез арада алууга болот.

Жалпысынан, мобилдик тиркемелер билим берүүгө инновацияларды киргизип, аны ийкемдүү, жеткиликтүү жана интерактивдүү кылат. Алар студенттерге да, окуучуларга да, мугалимдерге да жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, жигердүү окууга түрткү берип, билим берүүнүн сапатын жогорулатышат.

Кыргызстанда билим берүү бир катар кыйынчылыктарга туш болууда, анын ичинде ресурстардын жетишсиздиги, алыскы райондордо билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги жана тез өзгөрүп жаткан дүйнөгө ыңгайлашуу зарылдыгы. Технология, анын ичинде мобилдик тиркемелер, бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн күчтүү курал боло алат деп ишенем.[4]

Бардык артыкчылыктарга карабастан, Кыргызстандын билим берүүсүнө мобилдик тиркемелерди киргизүү интернетке жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги, педагогдорду технологияларды колдонууга жетишсиз даярдоо жана сапаттуу билим берүү контенттерин иштеп чыгуу зарылдыгы сыяктуу бир катар кыйынчылыктарга туш болууда. Бирок, тиешелүү стратегияларды иштеп чыгуу жана иштеп чыгуучулар менен кызматташуу бул тоскоолдуктарды жеңүүгө жардам берет деген ишеничтебиз.[5]

**Корутунду:**

Мобилдик технологиялар окутуунун натыйжаларын баалоо процессин тездетет, окутуучуларга, окуп жаткандарга, окуп жаткандардын ата-энелерине окуу процессинде кайтарым байланышты камсыз кылуу менен жетишкен ийгиликтерин ыкчам байкоого мүмкүндүк берет.Окуп жаткандардын маалыматтык маданиятын жогорулатууга, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, өз ишмердүүлүгүндө өз алдынча башкаруу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ошентип, билим берүү жана технологиялык жетишкендиктер бири-бири менен тыгыз байланышта жана бири-бирин байытып, заманбап коомду өнүктүрүүдө жана ага даярданууда негизги ролду ойнойт.

Демек, байланыш каражаттарына жана маалыматка ыкчам жетүүгө көз карандылык өсүп жаткан билим берүү мейкиндигинде мобилдик тиркемелерди колдонуунун актуалдуулугу билим берүү куралы катары ар тараптуу пайдалануу үчүн, анын ичинде

кошумча билим берүүнү уюштуруу үчүн мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу талап кылынат.

**Адабияттар:**


1. В.Ю.Белаш, Д.С. Максим, Д.О.Лаврентьев. Об использовании мобильных приложений в образовательном процессе
2. https://antitreningi.ru/info/e-learning/10-prichin-ispolzovat-mobilnye-prilozheniya/
3. https://zaochnik.ru/blog/rol-obrazovanija-v-razvitii-obschestva-i-zhizni-sovremennogo-cheloveka/
4. https://www.stat.kg/media/files/e09102a5-3e9e-4819-b572-288a67e861f4.docx
5. (2019). Официальный сайт Министерства образования и науки КР. http://www.edu.gov.kg/ru/legislation/


* * *

***Алыбаев К.С., Талантбек кызы Айданек***

***ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИНДЕГИ ФОРМАЛДУУЛУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ***

***Алыбаев К.С. Айданек,Талантбек кызы***

***ФОРМАЛЬНОСТИ В ОБРАЗОВАНИИ СТУДЕНТОВ И ПУТИ ИХ ИСКЛЮЧЕНИЯ***

***Alybaev K.S. Aidanek,Talantbek kyzy***

***FORMALITIES IN STUDENTS' EDUCATION AND WAYS OF ELIMINATING THEM***

*УДК:517.968.73*

***Аннотация:*** *Педагогикалык теория жана практикада формализмдин алдын алуу маселеси козголуп,формализмди жоюунун жолдору каралды. Мыкты педагогикалык тажрыйбаларды колдонуунун маңызын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө жаңы идеялардын, ыкмалардын жана технологиялардын практикада эң жогорку берилген булактарды колдонуу менен натыйжага жетүүгө аракет кылуу каралды. Ар кандай педагог-окумуштуулардын формализмдин алдын алууга кылган аракеттерин карап көрөлү.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Формалдуу эмес билим берүү,окуучулар үчүн,формалдуу эмес окутуу,көйгөйлөр,негизги элементтер,математикада,мугалим.*

***Аннотация:*** *Поднята проблема предотвращения формализма в педагогической теории и практике, рассмотрены пути устранения формализма. Рассмотрено изучение сущности и особенностей использования лучших педагогических практик с целью достижения результатов, используя на практике лучшие источники новых идей, методов и технологий. Давайте посмотрим на усилия различных педагогов-ученых по предотвращению формализма.*

***Ключевые слова:*** *неформальное образование, для учащихся, неформальное обучение, проблемы, базовые элементы, по математике, учитель.*

***Abstract:*** *The issue of preventing formalism in pedagogical theory and practice was raised, ways to eliminate formalism were considered. The study of the essence and characteristics of the use of best pedagogical practices was considered in the practice of trying to achieve results using*

*the highest available sources of new ideas, methods and technologies. Let's look at the efforts of various pedagogues-scientists to prevent formalism.*

***Keywords:*** *non-formal education, for students, non-formal learning, problems, basic elements, in mathematics, teacher.*

***Киришүү***

Формалдуу эмес билим берүү балдарга формалдуу билим берүү программасы боюнча окуган өзүлөрүнүн курдаштарынан өнүгүүсү жагынан артта калбай, мүмкүнчүлүк берген окутуунун формасы болуп эсептелинет. Формалдуу эмес билим берүү мугалимге убакытты чыгармачылык менен пайдаланууга жана класста иштөө үчүн тапшырмаларды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Формалдуу эмес окутуудагы инклюзивдүү метод балдар арасында ар түрдүүлүктү таанууну жана алардын жекечелигин эске алуу менен инсанга багытталган окутуу аркылуу окутууну камсыз кылууну билдирет.(1. 5-6 б)

**Формалдуу эмес окутуу:**

- ийкемдүү түзүлүшү;
- кең маалыматтык толтуруу;
- практикалык тапшырмалар.

улардын жардамы менен программаны аткаруусу бар сапаттуу окуу планынын керектүү экендигин тастыктайт. Окуу планы белгилүү курактагы балдарды кызыктырган, социалдык кубулуштарга негизделген окутуунун максаттарын сабактардын жардамы менен ишке ашыруу болуп эсептелинет.

Азыркы учурда балдарга багытталган окутуунун программаларын иштеп чыгууга аракет кылуу эң маанилүү маселелердин бири бойдон калууда. Азыркы учурда мектептерде балдардын билим сапатын текшерүү үчүн кандайдыр бир жаш өзгөчөлүгүнө карап тесттер берилип, ошол тесттин жыйынтыгы менен окуучунун билим сапаты аныкталууда. Мектеп окуучулары үчүн баа маанилүү болууда, жана ошол баа алуу үчүн түшүнүп кабыл алуунун ордуна окуучулар жаттап алууну жолго салышкан. Формалдуу эмес окутууну жөнгө салуу менен билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө болот. Формалдуу эмес сабактарга барган балдар, белгилүү куракта окууну баштаган жана окуу сабактарына дайыма барган өзүлөрүнүн курдаштарын өнүгүүсүндө «кууп жетүүгө» мүмкүнчүлүк алышты.(2.6-7 б)

Ошондой эле обочолонгон формалдуу эмес окутуу баланын кийинки өнүгүүсүнө дайыма эле мүмкүнчүлүк бере бербейт, ошондуктан формалдуу эмес окутуу формалдуу окутууга интеграцияланышы керектигин көрсөтүп турат. Формалдуу эмес окутуу мектепке дайыма барбаган балдарга окуунун, жазуунун жана математиканын негизин өздөштүрүүгө жардам берет.

Бүгүн окуу пландарынын реформаларынын алкагында, көбүрөөк көңүл академиялык эркиндикке жана класстагы мугалимдин көз карансыздыгына бурулуп жатат. Формалдуу эмес сабактар – бул мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгү, окуу мазмунуна жана тапшырмаларына байланышкан идеяларды ишке ашыруу аркылуу сабактын максатына жетүү.

Окутуунун натыйжалуулугу төмөнкү факторлордон улам көтөрүлөт:

- Өзүнчө атайын окуу программаларынын жоктугу.
- Мугалим өзү сабактардагы иш-чараларды пландаштырат.
- Бул класстарда сабактардын убакыттык созулушуна чек коюлган эмес, мугалим формалдык класстагыдай убакытка чектелбейт.

• Аткарып жаткан тапшырмалар бир сабактан көбүрөөк созулушу мүмкүн.

• Формалдуу эмес класста сабактын мазмунун мугалим аныктайт.

• Окутуунун методикасы, окутууда пайдаланылган методдор жана стратегиялар ар түрдүү жана интерактивдүү жана көпчүлүгү формалдык класстарга караганда көбүрөөк натыйжалуу.

• Формалдуу эмес класстагы сабак толугу менен традициялык сабактан айырмаланат, себеби ал балага, анын көйгөйлөрү менен бурулган.

• Упайларда баа берүүнүн жоктугу баланы психологиялык чыңалуудан жана басымдуулуктан бошотот.

Формалдуу эмес окутуунун максаты – окуучулардын активдүүлүгүн көбөйтүү. Эгер окуучулар мектеп аларга кубанычтуу жана аларды окутууда активдүү катышууга мотивдештирүүгө бардык нерселерди жасайт деп ойлоно баштаса, өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу жетишилет. Бул тапшырмалардын мазмуну бир гана ар тараптуу болбостон, ал балдарды тынчсыздандырган күнүмкү көйгөйлөр менен байланышта болушу керек деген фактыны түшүнүүгө түрткү берет.

**Формалдуу эмес окутуу үчүн ылайыктуураак жана натыйжалуураак болгон окуу программасынын негизги элементтери:**

•Бардык окуучулар үчүн, алар ээ боло турган баалуулуктар жана көндүмдөр, билимдерди камтуу менен, формулировкаланган максат жана милдеттердин кең айланасы.

•Окуучулардын ар түрдүүлүгүнө, күнүмдүк турмушта дайыма кездешкен көйгөйлөрүнө жана суроолоруна ылайык келген ийкемдүү түзүлүш.

• Окутуунун мазмуну окуучулардын реалдуу коомдук көйгөйлөрү, орчундуу суроолору менен байланышкан билимдерге, көндүмдөргө жана баалуулуктарга ылайык келиши керек.

• Тапшырмалардын түрлөрү жана талкуулоо тематикалуу боюнча балдардын иштери менен байланышкан болушу керек,ал класстагы аудиториядан жана мектептин чегинен чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Мына ошентип, формалдуу эмес билим берүүнү улантып жаткан мугалимдер, формалдуу окутуу боюнча балдар окуган предметтин окуу программасы менен байланышкан тапшырмалардын түрлөрүн пландаштырышы керек. Бирок, окуу планынын интерпретациясы тапшырма аркылуу жүргүзүлөт, тапшырмалар окуучуларга алган билимдерин кайталап бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Мисалы: математика боюнча тапшырма жана башка так илимдер ар түрдүү контекстерде окуучуларга бизди курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар ар түрдүү жаратылыш кубулуштары жөнүндө ой толгоо үчүн материал алышат. Окуучулар жаңы билимди күнүмдүк турмуштагы көйгөйлөр менен бириктирсе абдан маанилүү. Сабактарда мектеп жана үй-бүлөлүк турмуштан статистикалык маалыматтарды пайдаланууга дагы болот.

Мисалы:«Математика үйдө»,«Математика саякатта» ж.б.

Төмөнкү түшүнүктөрдү өтүү учурунда: классификация, ченөө, салыштыруу, корутунду ж.б. прикладдык материалдарды пайдалануу менен, мугалим көп мисалдарды келтириши керек. Балдардын көңүлүн предметтик түшүнүктөрдүн өзөктүү учурларына кармап калуу үчүн, мугалимге балдарга тааныш предметтер менен пайдалануу керек.

**Предмет:** *Математика*

**Тема:** Бөлчөктөр



| Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| Кадимки бөлчөктөр жөнүндө түшүнүк. Дурус жана буруш бөлчөктөр жөнүндө маалыматка ээ болушат. | Бөлчөктөрдү жазып жана окуй алса,буруш жана дурус бөлчөктөрдү ажырата билсе. |
| Бөлчөктөрдү турмушта пайдаланууга үйрөнүшөт. | Өтүлгөндөрдү кунумдук жашоосунда пайдалана алса. |
| Ар бир ой, ар бир сөз маанилүү экендигин билишет ынтымактуулукка адилеттүүлүкко тарбияланышат. | Топтордо,жуптарда иштей алса,бири-бири сыйлап уга билсе. |




Бул бөлчөктү окууда окуучулар бөлчөктүн аламы менен бөлүмү жөнүндө маалымат алышат жана туура окууну үйрөнүшөт. Биз бул бөлчөктү ($\frac{3}{8}$) сегизден үч деп окуйбуз,демек бул фигуранын сегизден үч ($\frac{3}{8}$) бөлүгү кызыл менен боелгон.

Бул теманы окутуп-үйрөтүүдө окуучуларга түшүнүктүү болуп, формалдуу болбоосу үчүн ар түрдүү кызыктуу оюндарды да ойнотсок болот. Ага мисал катары төмөндөгү оюнду карап көрсөк :

**Керектүү материалдар:** Ар бир окуучу үчүн калем сап жана кагаз 4 адамдан турган ар бир топ үчүн 8 карточка. Ар бир карточкада бирден бөлчөк сан жазылган: $\frac{1}{2}$; $\frac{1}{3}$; $\frac{2}{3}$; $\frac{2}{4}$; $\frac{3}{2}$; $\frac{3}{4}$; $\frac{4}{3}$; $\frac{5}{4}$;.

***Убакыт:*** 10 мүнөт

**Иштин баскычтары:**

1. Окуучулар ар бир топко бөлүнүүдө 4 кө чейин санашат: 1 - окуучу, 2 - окуучу, 3-окуучу, 4–окуучу. 1–окуучу 8 карточканы аралаштырат жана ар бир окуучуга бирден берет. Окуучулар кимде эң чоң бөлчөктүк сан менен карточка экендигин аныкташы керек. Мындан окуучулар упай алышат.

2. Оюн улантылат, бирок азыр 2-окуучу карточкаларды аралаштырат жана тарататат; андан кийин 3 жана 4 – окуучулар. Аягында топтогу жеңүүчү жарыяланат.

3. Мугалим оюн учурунда бул тапшырманы аткара албаган окуучуларга бөлчөктөрдү салыштырууга жардам берет. Сабактын аягында мугалим бөлчөктөрдү салыштыруунун ар түрдүү жолдору тууралуу айтып берет.

***Күтүлүүчү натыйжа***: Бул жумуш бүткөндөн кийин окуучулар:

-бөлчөктүн маанисин түшүн дүрүп бере алышат.

- эки бөлчөктү салыштыруу көндүмүн бекемдей алышат
- өзүнүн чечимин далилдей алышат
- коммуникативдик көндүмүн өнүктүрө алышат. (4.10-11 б)

Өйдөдө келтирилген мисалда көрсөтүлгөндөй, мындай тапшырмалар интерактивдүү, кызыктуу жана татаал эмес көнүгүүлөр аркылуу аткарылат, алар окутуунун предметинин максатына жетүүгө жардам берет. Сабакты окуучуда белгилүү предметтер боюнча өзөктүү билимдер калыптанса, токтотсо болот.

- Балдарда кабыл алуунун ар түрдүү тибин жана бул мугалим тарабынан колдоону талап кылат.

- Окуучуга багытталган окутуунун методикасы, активдүү, интерактивдүү жана рефлексивдүү болуп эсептелинет жана окуучулук катышуу жана мугалимдик лидерлик жана колдоо аркылуу ишке ашат.

**Формалдуу эмес билим берүүнүн методдору жана ыкмалары**

Формалдуу эмес билим берүүдө окутуу интерактивдүү болушу керек. Окутуунун бул формасы негизги мүнөздөмөсү боюнча айырмаланат. Ушундай окутуунун өзөктүү максаты – материалды ийгиликтүү өздөштүрүү. Бул дагы класстагы окуучуга багытталган бардык методикалардын негизги мүнөздөмөсү болуп эсептелинет. Сунушталган таблица эң белгилүү жана пайдаланылган балдарга багытталган тапшырмалар менен иштөө методдорун чагылдырат:

**Топтук иштин методдору:**

*Талкуу, кичи топтордо иштөө, эксперт топтору, ролдук оюндар, моделдештирүү.*

**Изилдөө иштин методдору:**

*Көйгөйдү чечүү, издөө , долбоор, көйгөйдүн талдоосу , байкоо жүр-гүзүү, эксперимент (5.26-27б)*М.Н.Скаткина жана А.Я. Хинчиндин көз караштарынын негизинде,«билимдин формалдуулугун» мындайча түшүнөбүз: бул таанып-билүүнүн ыкмасы, мында курчап турган дүйнөдөгү нерселердин жана кубулуштардын маңызы мазмуну боюнча эмес, формасы боюнча көрүнөт, ал эми билим маалыматтык натыйжа катары каралбайт. Формализмди пайда кылуучу себептердин көрсөткүчү абдан ар түрдүү. Формализм педагогикалык кубулуштарга гана эмес, социалдык, кесиптик жана адеп-ахлактыкка да байланыштуу (6).

Билим берүү милдеттери бүтүндөй окуу процессинен өтүп, анда формализмди жеңүү үчүн ар кандай функцияларды аткарат: алар окуучуларды активдештирет жана шыктандырат, аларды окуу иш-аракеттерине тартууга шыктандырат, окуу процессинин жүрүшүн сактап, натыйжаларды аныктоонун куралы болуп саналат.(7)

Формализмдин алдын алуу процессин ишке ашырууга көмөктөшүүчү милдеттердин төмөнкүдөй түрлөрү аныкталган (8):

- далилдөөчү тапшырмалар окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана иш-аракетти сын көз менен кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө, ошондой эле алардын иш-аракетинин мотивдерин түшүнүүгө олуттуу таасирин тийгизет;

- каталарды табуу боюнча тапшырмалар аң-сезимдин калыптанышына өбөлгө түзөт, анткени тапшырмаларды кылдат талдоо ой жүгүртүүдө ката кетирүү ыктымалдыгын азайтат;

- изилдөө жардамынын элементтерин камтыган тапшырмалар жана көнүгүүлөр стереотиптерден жана түшүнбөстүктүн белгиси болушу мүмкүн болгон чечимдердин аң-сезимсиз кайталанышынан качуу математикалык абстракциялардын мазмунун, алардын табиятын түшүнүүгө жана ушуга ылайык аларды башкарууга мүмкүндүк берет.

Системалуу мамиленин алкагында формалдуулуктун алдын алуу или-мий дүйнө таанымды өнүктүрүүнүн төмөнкү формалары негизделиши керек :

- мектеп окуучуларына жаңы материалды окутуу билим берүү милдеттерин жана көйгөйлүү кырдаалдарды кароого негизделиши керек, алардын чечилиши аларды белгилүү

билимдер бул маселелерди биротоло чечүү үчүн жетишсиз экендигин так түшүнүүгө алып келет;

- математикалык түшүнүктөрдү жана методдорду өз ара байланышта жана өнүктүрүүдө өздөштүрүү керек деген көз караштарды калыптандыруу зарыл;

- практикалык прикладдык маселелерди чечүүдө түшүнүктөрдүн келип чыгышын жана калыптанган түшүнүктөрдү жана ыкмаларды колдонууну көрсөтүү зарыл;

- мектеп окуучуларынын арасында адамдардын технологиялык, өндүрүштүк жана социалдык иш-аракеттери математикадагы жаңы идеялардын жана маселелердин пайда болушуна түрткү боло алат деген түшүнүктү калыптандыруу;

## КОРУТУНДУ

Ошентип, теориялык изилдөө жана эксперименталдык сыноо окуу-тарбия процессин уюштуруунун тандалган методдорун, формаларын жана каражаттарын колдонуунун негизинде түзүлгөн милдеттердин системасын пайдалануу, анын натыйжаларын математикалык жактан иштетүү иштелип чыккан тапшырмалар системасынын жана методикалык камсыздоонун натыйжалуулугун көрсөтөт. Сунуш кылынган тапшырмалар системасын окуу процессине киргизүүнү сунуштайбыз, анткени алар изилденүүчү материалды түшүнүүгө жана кайра ой жүгүртүүгө, чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө жана көйгөйдү чечүүнүн жолун өз алдынча издөөгө, бар билимди керектүү учурда колдонууга, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө маанилүү болуп саналат.

Окуучулардын билим алуусундагы формалдуулуктарды жоюу үчүн ар түрдүү кызыктуу сабактарды өтүү менен бирге билим алуудагы тоскоолдуктарды жеңүүгө болот. Формалдуу билим алуу балдардын келечектеги ката кетирүүлөрүнө алып келүүсү толук ыктымал. Билим формалдуу болуп калбоосу үчүн окуучуларды ата-энелер жана мугалимдер тарабынан колдоо жана түшүнүү талап кылынат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.
2. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.
3. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.
4. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.
5. Албана Маркья Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: “Maxprint”, – 2013.
6. Некрылов С.С., Г.А.Рахманкулова // Азыркы табият таануунун жетишкендиктери. 2014. № 8. С. 90 - 91.
7. Балл Г.А. Тарбиялык милдеттердин теориясы: Психологиялык-педагогикалык аспект: монография. М.: Педагогика, 1990. 184 б.
8. Саранцев Г.И.Математиканы окутуудагы көнүгүүлөр. М.: Билим, 1995.240 б.

*   *   *

*Досматова Л. А. окутуучу*

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ ТАРБИЯЧЫЛАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАСЫН УЮШТУРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МОНИТОРИНГИ

*Досматова Л. А. окутуучу преподаватель*

# МОНИТОРИНГ ОБРАЗОВАНИЯ ПРИ ОРГАНИЗАЦИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ БУДУЩИХ ПЕДАГОГОВ

*Dosmatova L. A. teacher*

# MONITORING OF EDUCATION IN THE ORGANIZATION OF PEDAGOGICAL PRACTICE OF FUTURE TEACHERS

*УДК 378.146*

***Аннотация.*** *Макалада мектепке чейинки билим берүүнүн келечектеги тарбиячыларынын педагогикалык практикасын уюштуруунун каражаты катары, билим берүү мониторингин колдонуусу б.а. педагогикалык билим берүүгө сүңгүп кирүүнү, ишке ашыруу жана ой жүгүртүүнү рефлексияны камтыган этаптуу, процесс катары берилүүсү каралиан.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Мектепке чейинки, билим берүү, тарбиячы, кадрларды даярдоо, педагогикалык практика, мониторинг, рефлексия.*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается использование образовательного мониторинга как средства организации педагогической практики будущих воспитателей дошкольного образования. А. педагогическое образование должно быть представлено как поэтапный процесс, включающий погружение, реализацию и размышление о рефлексии.*

***Ключевые слова:*** *дошкольное учреждение, образование, воспитатель, подготовка кадров, педагогическая практика, мониторинг, рефлексия.*

***Annotation.*** *The article discusses the use of educational monitoring as a means of organizing the pedagogical practice of future preschool educators. A. pedagogical education should be presented as a step-by-step process, including immersion, implementation and reflection on reflection.*

***Keywords****: preschool institution, education, educator, staff training, pedagogical practice, monitoring, reflection.*

Мектепке чейинки билим берүүнүн сапатына карата заманбап талаптар бул чөйрөдө педагогикалык кадрларды даярдоону камсыз кылуучу мекемелерге да түздөн-түз таасирин тийгизет, себеби кесиптик педагогикалык билим берүү рефлексивдүү жана чыгармачыл жөндөмгө ээ компетенттүү адисти калыптандырууга багытталган. Теориялык окутуунун алкагында өздөштүрүлгөн б.а. калыптанган психологопедагогикалык билимин, келечектеги болочок тарбиячылар педагогикалык практикадагы иш-аракеттердин реалдуу шарттарынын негизинде иш жүзүндө жүзөөгө ашыруусу менен шартталат жана сыналат. Ошентип, "мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жетекчиси — тарбиячы" позициясы менен "практика жетекчиси — практикант студент" субъективдүү модели ортосунда окшоштук параллель жүргүзүлөт десек болот.

Негизинен педагогикалык практиканы уюштуруунун өзү үч этапты камтыйт: ишмердикке сүңгүп кирүү, ишке ашыруу жана рефлексия (ой жүгүртүү). Бала бакча билим берүү мекемесиндеги жумуш атмосферасына келечектеги тарбиячылардын сүңгүп кирүүсү практика базасына барганга чейин, ЖОЖдо уюштурулган практикага жөнөөр алдындагы

конференциясынын алкагында жүргүзүлүүсү шарт. Мындай иш-чаранын максаты тарбиялануучу балдар жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары менен практиканттын өз ара аракеттенүү менен шартталган педагогикалык иш-чараларын жана анын айрым элементтерин ишке ашыруу үчүн педагогикалык жана психологиялык иш-чараларын даярдоо программасын иштеп чыгуу жана уюштуруу учурларын тактоо максатында, практиканын максаты жана милдеттери менен таанышуу болуп эсептелет. Келечектеги адистерде балалыктын өзбаалулук концепциясына карата педагогикалык позициясын калыптандыруу өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, ал "эң оболу мектепке чейинки балалык мезгилде абдан интенсивдүү өнүгүп жаткан психикалык функцияларды өнүктүрүүгө б.а. баланын өзүн-өзү өнүктүрүүгө аракеттенүүсүнө басым жасоого күч-аракеттерди жумшоону билдирет" [1, 8-б.].

Бул мектепке чейинки билим берүү процессин (же анын айрым элементтерин) түзүп иштеп чыгууда, жоопкерчиликтүү мамиле кылуусун сезүүсү керек, себеби: ар бир баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон педагогикалык шарттарды түзүү жана аны ишке ашырып аткарууну түшүнүү жоопкерчилиги артыоат.

Студенттердин педагогикалык практикасын уюштуруунун экинчи этабы педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруу болуп саналат, бул иш мерчеми мазмундук курамы менен коштолот. Келечектеги педагог тарбиячы адистердин практикасынын негизги максаты, тарбиячынын балдар менен өз ара аракеттенүүсүн, балдардын иш-аракеттеринин негизги жана көмөкчү процесстердин бардык түрлөрүн уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө, анализдөө, б.а. тарбиячынын ишине байкоо жүргүзүү. Анын натыйжасын колдонуу менен билим берүү процессин же анын айрым элементтерин өз алдынча уюштуруу, өткөрүү жөндөмдүүлүк көндүмүн калыптануусу көздөлөт.

Практика программасын өздөштүрүү деңгээли бизди мектепке чейинки билим берүүнүн сапатынын критерийлерин аныктоо көйгөйүнө бурат, алар педагогикалык практиканы ишке ашыруу этабынын система түзүүчү элементи болуп саналат.

Мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук нормативдик документтердин талаптары билим берүү процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана сапатын изилдөөдө негизги багыт болуп саналат. Мектепке чейинки билим берүүнүн сапатынын критерийлери күтүлүүчү натыйжаларды так белгилеп, көйгөйлүү жерлерин аныктоого мүмкүндүк берип, келечектеги адистердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууну камсыз кылышы керек. Мектепке чейинки билим берүүнүн сапатынын оптималдуу параметрлерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоодо төмөнкү талаптарды кармануу абзел: толуктугу, системалуулугу, комплекстүүлүгү, функционалдуулугу, объективдүүлүгү [2, 86-б.]..

Критерийлер терең изилденген жана мектепке чейинки билим берүүнүн сапатынын деңгээлин, иштин ар кандай түрлөрүнө, негизги жана жардамчы процесстерге бөлүнгөн тарбиялоо-билим берүү процессинин системасын адекваттуу чагылдыра алган окутуу жана тарбиялоо процессинин феноменин белгилеши керек. Бул билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө механизмин, б.а. "Билим берүү максаттарын, милдеттерин жана аларды чечүү каражаттарын оптималдуу тандоо максатында педагогикалык процесстин абалын, өнүгүшүн үзгүлтүксүз илимий-прогноздук көзөмөлдөө процессин" профессор А. С. Белкина билим берүү мониторинги деп, аныктама келтирген: [3, 12-б.].

Бул маселенин негизги аспектилери, тактап айтканда билим берүү мониторинги Россия, Белоруссия окумуштууларынын: В. А. Караковский, Н. Л. Селиванова, П. В. Степанов, И. В. Никишина, З. И. Васильева, А. А. Орлов ж. б. эмгектеринде чагылдырылган [4].

Билим берүү мониторингинин компоненттери катары маалыматты, ага баа берүүнү, жаңы сапаттык абалга которуу боюнча чечимдерди иштеп чыгууну аныктайт. Ар бир процесс динамикалык абалда экенин, аны баалоого комплекстүү мамиле кылууну талап кылаарын эске алуу керек. Ошондуктан маалыматты чогултуу жана аны анализдик баалоо этабы өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ээ экендигин дайыма эске алуу керек: Эң оболу билим берүүнүн сапатын бирдиктүү элесин түзүүгө мүмкүндүк берген жеткиликтүү маалыматтар топтомун топтоо жана анализдеп изилдөө зарыл. Бул мониторингтин критерийлерин белгилүү бир топтомун бөлүп көрсөтүүгө болоорун шарттайт. Жогоруда белгиленгендердин негизинде баарыбызда “Мониторингтин критерийлери эмнени чагылдырылууга тийиш ? ” суроосу пайда болушу мүмкүн, мисалы: мектепке чейинки билим берүү боюнча окуу программасынын милдеттерин ишке ашыруунун натыйжалуулугун, балдардын ишмердүүлүгүнү уюштуруу түрүн формаларын оптималдуу тандоо, тарбиялануучулардын жетишүү натыйжалардын негизинде колдонулган ыкма, усулдардын туура жана сабаттуу аныктоо.

Илимий-методикалык адабияттарда билим берүү мониторингинин эки негизги түрүн айырмалоо: натыйжаларды жана процессти контролдоо - кеңири таралган.

Натыйжаларды контролдоо - пландалгандан эмне жасалганын же жасалбаганы, эмнеге жетишти же жетише албаганын аныктоого мүмкүндүк берет.

Процессти контролдоо иш-аракеттердин нормасынан четтөөлөр болгонун, белгилүү процесс үчүн иштин формалары, каражаттары жана методдорун туура тандалганын, айрым иш аракетти аткарууга убакыттын канчалык рационалдуу экени, анын убакыт чендик параметрлери туура аныкталганын аныктоого мүмкүндүк берет.

Процессти контролдоону уюштуруу натыйжаларды контролдоого караганда алда канча татаал процесс экенин айтпаса деле түшүнүктүү. Окуучулардын педагогикалык көндүмдөргө ээ болуу шарттарында билим берүү мониторингинин негизине процесске багыт коюу максатка ылайыктуу, бул мектепке чейинки билим берүү мекемесинде билим берүү процессинин элементтерин аныктоого, талдоого жана коррекциялоого мүмкүндүк берет.

Мониторингдин структурасы-бул өз ара байланышкан элементтердин иреттелген жыйындысы, алардын ортосунда сызыктуу жана функционалдык байланыштар түрүндө уюштуруу мамилелери түзүлөт [5]. Мониторинг процессин жалпы ишке ашыруу циклдуу жүрөт. Мониторинг системасынын бардык компоненттери өз ара байланышкан жана ар бир компонент мурункусунун тийиштүү уландысы болуп саналат, буга чейин жетишилген натыйжаларга таянат.

Келечектеги тарбиячылар болгон студенттер билим берүү мониторингинин принцибине жана портфолиосуна негизделген күндөлүк жүргүзүшү керек. Мындай күндөлүк жүргүзүү, отчеттуулуктун формасы келечектеги тарбиячынын педагогикалык ишке баштапкы позициясынан өзүн-өзү уюштуруу, контролдоо жана өз алдынча көзкарандысыз иш алып барууга киришин камсыз кылуу менен келечектеги педагогдордун жеке жоопкерчилигин калыптандырууну, чыгармачылык активдүүлүгүн ишке ашырууну камсыз кылат.

Педагогикалык практиканы уюштуруунун рефлекциялык этабы педагогикалык практиканы аяктоонун натыйжалары боюнча жыйынтыктоочу конференция болуп саналат.

Жыйынтыктоочу конференцияда практикант-студенттер практика өтөө боюнча өз ой-пикирлери менен бөлүшүп, практика өтүүдө пайда болгон айрым кыйынчылыктарды талкуулашат, талкуунун шарттарында аларды чечүүнүн оптималдуу жолдорун издешет, мүмкүнчүлүк болсо чечүү жолун табышат. Конференцияда педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын баалоо жана студенттердин өз ара салыштырмалуу өзүн-өзү баалоо чөйрөсүн камсыздап чагылдырылат.

**Корутунду**

Ошентип, билим берүү мониторинги педагогикалык практиканы уюштуруунун каражаты катары келечектеги тарбиячыны өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн рефлексивдүү талдоо кырдаалына аралаштырып, өзүн-өзү баалоо чөйрөсүн камсыздап чагылдыруучу чөйрөнү камсыз кылат. Мектепке чейинки билим берүүнүн сапатынын критерийлеринин негизинде түзүлгөн келечектеги тарбиячылардын рефлексивдүүлүгү педагогикалык позициянын калыптанышын, тандалган кесиптин маанисин жана баалуулугун аныктоону камсыз болуусун шарттайт.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. Панько Е.А. Детство как самооценка. - Минск: Минск. обл. институт развития образования, 2009. — 69 с.

2. Никишина И.В. Диагностическая и методическая работа в дошкольных образовательных учреждениях - М.: учитель 2009-160 с.

3. Белкин А. С., Жаворонков В. Д., Силина С. Н. Педагогический мониторинг образовательного процесса. - Шадринск: Исет, 1998. — 47 с.

4. Селиванова Н.Л. Инновационные ответы на современные вызовы воспитанию (читая В.А. Караковского) // Отечественная и зарубежная педагогика. 2017. Т.2, №1 (36). С.16-25

5. Степанов П.В. Диагностика и мониторинг процесса воспитания в школе / П.В. Степанов, Д.В. Григорьев, И.В. Кулешова. - М.: Академия: АПКиПРО, 2003. - 82 с.

*   *   *

***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна, Маратбеков Эламан Маратбекович***

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ КЭЭ БИР ИШ КАГАЗДАРЫН КОЛДОНУУДА КАНДАЙ ЫҢАЙЛУУЛУКТАРДЫ ТҮЗҮП АЛЫШЫБЫЗ ШАРТ

***Ыкыбал Капаровна Жолдошбаева, Маратбеков Еламан Маратбекович***

# НЕОБХОДИМОСТЬ СОЗДАНИЯ НЕКОТОРЫХ УДОБСТВ В ИСПОЛЬЗОВАНИИ ДОКУМЕНТОВ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

***Zholdoshbaeva Ykybal Kaparovna, Maratbekov Elaman Maratbekovich***

# IT IS NECESSARY TO CREATE SOME CONVENIENCE IN THE USE OF CERTAIN DOCUMENTS IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

*УДК: 811.111*

***Аннотация.*** *Өзүңүздөр билгендей ЖОЖдордо иш кагаздары аябай арбын кээде нормадан тышкаркы да иш кагаздарды жолуктурууга болот.Бирок ошого карабастан ар бирине көңүл буруп аткарып иш жүзүнө ашырууга аракет кылып келебиз.Негизинен иш кагаздарындагы кээ бир сөздөрдү түп нускасын таап которууга туура келет.Котормо мезгилинде айрым иш кагаздарындагы сөздөр негизги түп нускасында котормону талап кылбай бирок түшүнүктү маанисин берип калган учурларды да кездештирүүгө болотОшого байланыштуу айрыкча ЖОЖдордо иш кагаздарынын стилдери да өзгөрдү жана көбөйдү.Натыйжада ар бир окутуучу өзүнө ылайык эстеткичтерди түзүп алуу жагдайлары келип чыгууда.*

***Аннотация***. *Как известно, в вузах очень много документов, иногда можно встретить документы, выходящие за рамки нормы. Но, несмотря на это, мы стараемся применять каждый из них на практике. Основная оригинальная версия не требует перевода, но придает смысл понятию. В связи с этим стили документов, особенно в университетах, изменились и увеличились.*

***Annotation.*** *As you know, universities have a lot of documents, and sometimes you can find documents that go beyond the norm. But despite this, we try to put each of them into practice. You can also find cases where. The main original version does not require translation, but gives meaning to the concept. Due to this, document styles, especially in universities, have changed and increased.*

***Түйүндүү сөздөр сөздөр:*** *академиялык саат,план,критерий,модуль,рейтинг, шкала, модель, практика, аттестация, семестр, факт, собеседование, тема, кафедра, декан, активный, график, диграмма, таблица, столбец, стили, норматив, стилистика, грамматика, память , мобильность.*

***Ключевые слова:*** *академический час, план, критерий, модуль, рейтинг, шкала, модель, практика, аттестация, семестр, факт, собеседование, тема, кафедра, декан, активный, график, диграмма, таблица, столбец, стили, норматив, стилистика, грамматика, память , мобильность*

***Key words:*** *academic hour, plan, criterion, module, rating, scale, model, practice, certification, semester, fact, interview, topic, department, dean, active, graph, digram, table, column, styles, standard, stylistics, grammar, memory , mobility*

Өзүңүздөр билгендей ЖОЖдордо иш кагаздары аябай арбын кээде нормадан тышкаркы да иш кагаздарды жолуктурууга болот.Бирок ошого карабастан ар бирине көңүл буруп аткарып иш жүзүнө ашырууга аракет кылып келебиз.Негизинен иш кагаздарындагы кээ бир сөздөрдү түп нускасын таап которууга туура келет.Котормо мезгилинде айрым иш

кагаздарындагы сөздөр негизги түп нускасында котормону талап кылбай бирок түшүнүктү маанисин берип калган учурларды да кездештирүүгө болот.Мисалга алсак акдемиялык саат,план,критерий,модуль,рейтинг,шкала,модель,практика,аттестация,семестр,факт,интервью,тематика,кафедра,декан,активдүү,график,диграмма,таблица,графа,стилдер,норматив,стилистика.грамматика,памятка,мобилдүүлүк деген сөздөр. Жогорку окуу жайларындагы жоболорго ылайык ушундай аталыштагы терминдер жана сөздөр кездешет.Мындай котормолордо интернет булактарын ошондой эле жогоруда аталган котормо жаатындагы тиркемелерди пайдаланабыз.Акыркы жылдарда аккредитация текшерүү иштин сапатын жакшыртуу максатында жүргүзүлүп келе жатат.Ошого байланыштуу айрыкча ЖОЖдордо иш кагаздарынын стилдери да өзгөрдү жана көбөйду.Натыйжада ар бир окутуучу өзүнө ылайык эстеткичтерди түзүп алуу жагдайлары келип чыгууда. Айткандарыбыз куру болбош үчүн төмөндөгү памятка катары түзүлгөн таблицаны мисал катары сунуштайбыБул таблица маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын окуу планынын мисалында.

**Сааттар боюнча жалпы маалымат**

| **№** | **Аталышталары** | **Зачеттук бирдик кредит түрүндө** | **Жалпы сыйымдуулук саат түрүндө** | **Аудиториялык сааттар** | **Лекциялык** | **Практикалык** | **Лабораториялык** | **ӨАИ** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **I ГСЭ** | **Циклдин аталышы** | **Гуманитардык, социалды жана экономикалык цикл** | | | | | | |
| Б.1. Б 1.0 | **Базалык бөлүк** | 28 | 840 | 334 | 69 | 265 | - | 506 |
| Б.1.В 1.0 | **Вариативдик бөлүк** | 4 | 120 | 45 | 30 | 15 | - | 75 |
| | **Вариативдик бөлүк,студенттердин тандо курсу** | 6 | 180 | 68 | 45 | 23 | - | 112 |
| | **Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл жыйынтык** | 34 | 1020 | 402 | 114 | 288 | - | 618 |
| **II МТД** | **Математикалык жана табигый дисциплиналар цикли** | | | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.1. Б2.0 | **Базалык бөлүк** | 6 | 180 | 77 | 39 | 23 | 15 | 103 |
| Б.1.В 2.0 | **Вариативдик бөлүк** | 4 | 120 | 45 | 0 | 0 | 45 | 75 |
| | **Вариативдик бөлүк жана студенттердин тандоо курсу** | 6 | 180 | 69 | 12 | 30 | 57 | 111 |
| | **Цикл боюнча жыйынтык** | 12 | 360 | 146 | 51 | 53 | 72 | 214 |
| **III** | **Кесиптик цикл** | | | | | | | |
| Б.1. Б3.0 | **Базалык бөлүк** | 64 | 1920 | 823 | 45 | 778 | - | 1097 |
| | **Вариативдик бөлүкжана студенттердин тандоо курсу** | 98 | 2940 | 1160 | 159 | 1001 | - | 1780 |
| Б.1.В 3.3 | **Профил боюнча „Маданияттар аралык баарлашуунун теориясы жана практиаксы** | 30 | 900 | 335 | 133 | 202 | - | 565 |
| Б.1.В 3.3.1 | **Үйрөтүлүп жаткан тилдин** | 10 | 300 | 110 | 55 | 55 | - | 190 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **теориясы (модуль)** | | | | | | | |
| Б.1.В 3.3.2 | **Маданияттар аралык баарлашуу (молуль)** | 14 | 420 | 155 | 48 | 107 | - | 265 |
| Б.1.К ПВ 3.0 | **Тандоо курсу** | 28 | 840 | 315 | 26 | 289 | - | 525 |
| | **Цикл боюнча жыйынтык** | 162 | 4860 | 1983 | 204 | 1779 | - | 2877 |
| | **Баары** | 208 | 6240 | 2565 | 369 | 2120 | 72 | 3709 |
| Б.2.0 | **Практика** | 22 | 660 | 330 | | | | 330 |
| Б.3.0 | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | 10 | 300 | 150 | | | | 150 |
| | **Жалпы** | 240 | 7200 | 3045 | | | | 4189 |
| | **Сынактардын саны** | 61 | | | | | | |
| | **Жалпы жумалык жүктөм** | 30 | | | | | | |

**ПЕРЕХОДНОЙ УЧЕБНЫЙ ПЛАН (өтмө окуу планы)**

**I ГСЭ Циклдин аталышы Гуманитардык, социалды жана экономикалык цикл I курс (примерное распределение по семестрам)**

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Итоги по циклу** | 24 | 510 | 255 | 60 | 195 | - | 255 | I Семестр 16 недел | | II Семестр 16 недел | |
| | | | | | | | | | 12 | 3 | 12 | 3 |
| | | **II МТД Математикалык жана табигый дисциплиналар цикли** | | | | | | | | | | |
| | **Итоги по циклу** | 6 | 180 | 90 | 30 | 30 | 30 | 90 | 3 | Экз | 3 | Экз |
| | | **Профессиональный цикл** | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Итоги по проф циклу** | 26 | 780 | 390 | 30 | 360 | - | 390 | 3 | 1 | 3 | 1 |
| | **Итоги по циклу** | 26 | 780 | 390 | 30 | 360 | - | 390 | 13 | 3 | 13 | 3 |
| | **Итога кредитоа** | 56 | 1470 | 735 | 120 | 585 | 30 | 735 | 28 | | 28 | |
| | **Всего экзаменов** | 14 | | | | | | | | 7 | | 7 |

***Окуу план боюнча жалпы маалымат***

**Багыт:** 531100. Лингвистика

**Профиль:** Маданияттар аралык баарлашуунун теориясы жана практикасы.

**Квалификация:** Бакалавр.

**Нормативдик мөөнөтү:** 4жыл.

**Окутуунун формасы:** Күндүзгү.

**3** ООП (2019-2022-2023жж),

**2** ГОС (2015-2021-жж)

**2** Модель(2021-2023жж),

**3** Окуу план (**1** өтмө окуу план)

(1-2-курс 2022-жылдын 27.04.№9 протоколу менен ОК жыйынында каралган.

Ал эми 3-4- курстар 2020-жыл 28.08.№1 протокол менен өзгөртүү киргизилген).

**Окуу планындагы шарттуу белгилер:**

[Т] Теоретикалык окуу

[ӨП] өндүрүштүк-котормо практикасы

[Ма] мамлекеттик аттестация,жыйынтыктоочу квалификацияны даярдоо жана коргоо

[С ] сынак

[Эа ] эс алуу

[ Пп] прорфилдик практика

[М ] аралыктан текшерүү

[ Жк] жайкы семестрге каттоо

[ Оп] окуу практикасы

[Жс ] жайкы семестр

***Практикалар:***

**I Баштапкы кесиптик көндүмдөдү алуу үчүн окуу практикасы** 2-курс 4-семестр 3 жума 4 кредит ( апрель)

**II Өндүрүштүк –котормо практикасы:** 3-курс 5- 6-семестр 4,4 жума 12 кредит (ноябрь-апрель эки жолу чыгышат)

**III Профилдик практика:** 4-курс 7-семестр 4 жума 6 кредит (ноябрь)

**МА: 2-курс Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстан тарыхы, Кыргызстан географиясы** боюнча дисцтплтналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация 4-семестр 1 кредит.30 саат

**4-курс: Котормонун негизи жана маданияттар аралык баарлашуу Өлкө таануу,Биринчи чет тилинин практикалык курск профил боюнча мамлекеттик комплекстүү сынак** 8-семестр 4 кредт \ 120 саат Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоо 8-семестр 5 кредит 150 саат

Жогорудагы мисалга алынган иш кагаздары жана таблица негизинен маданияттар аралык байланыш жана лигвистика кафедрасынын мисалында алындыУшундай таризде ар бир кафедра өздорүнө ылайык даярдап алса ошол кафедра учун иш кагаздарынын памяткасы эстеткич болуп калат деген ойдомун.Ошону менен бирге бир топ иш кагаздарына ыңгайлуулук тузөт.

Негизги белгилей кетчү жагдай төмөндөгүдөй:кандайдыр бир деңгээлде интервьюга киргенде бардык маалыматтардын негизги гана эң маанилүу жактарын айтып биздин окутуучулардын ошондой эле директор, декан жана кафедра башчыларынын тигил же бул иш кагаздарынан толук малыматы бар экендигин баса белгилөө болп саналат.

**Колдонулган материалдар**

**1.** Ы.К.Жолдошбаева Окуу пландары боюнча жалпы маалымат

**2.** II курс 2022-жылдын 27.04.№9 протоколу менен ОК жыйынында каралган.

**3.** III-IV курстар 2020-жыл 28.08.№1 протокол менен өзгөртүү киргизилген.

* * *

**Молдокеримова Э.К., Орозалиева Айгерим**

## ИНФОРМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Молдокеримова Э.К., Орозалиева Айгерим**

## ФОРМИРОВАНИЕ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ ЧЕРЕЗ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР ПРЕПОДАВАНИЯ ИНФОРМАТИКИ

**Moldokerimova E.K., Orozalieva A.K.**

## FORMATION OF COMPETENCE OF STUDENTS THROUGH DIDACTIC GAMES IN TEACHING COMPUTER SCIENCE

*УДК 37.091.33*

***Аннотация***: *Бул макалада негизги билим берүүчү мектептерде информатиканы окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу жөнүндө жазылган. Маалыматтык коомдун өнүгүшүндө маалыматтардын көбөйүшү окуучулардын өз алдынчалыгын, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү, практикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууну талап кылууда. Дидактикалык оюндарды колдонуу жалпы билим берүүчү мектепте окутуунун, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ыгын, багытын көрсөтүп, окуучуга келечекте пайда болгон маселелерди ийгиликүү чече*

*турган жол таап берет. Ошондуктан, окуучунун инсан катары калыптанышына, ой пикирин, көз карашын эркин билдирүүгө алардын дилгирлигине өбөлгө түзүүдө, коомдук турмушка активдүү катыштырууда, башкалардын да оюн уга билүүдө, окуучулардын предметтик жана практикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда дидактикалык оюндарды колдонуунун мааниси өтө чоң экендиги педагогикалык, психологиялык, илимий-усулдук адабияттардан белгилүү.*

***Ачкыч сөздөр:*** *информатика, окутуу, мектеп, окуучу, технологиялар, дидактикалык оюндар, колдонуу, компетенттүүлүк, калыптандыруу, өнүктүрүү*

***Аннотация:*** *В статье написано формирование компетентности учащихся через дидактических игр преподавания информатики. Увеличение информативности в условиях развития информационного общества требует развития самостоятельности, способностей учеников, формирования практической компетентности. Использование дидактических игр в общеобразовательной школе показывает умения и направленность обучения, воспитания, развития, формирования компетенций учащихся, помогает учащемуся найти путь успешного решения проблем, возникающих в будущем. Поэтому важность использования дидактических игр в развитии учащихся как лисности, их стремления к свободному выражению своих мыслей и взглядов активного участия в общественной жизни, умения прислушиваться к мнению других, формирования предметно-практического компетенций учеников имеет большое значение по педагогическим, психологическим, научно-методическим причинам, стало известно из литературы.*

***Ключевые слова:*** *информатика, преподавания, школа, ученик, технологии, дидактические игры, применение, компетентности, формирование, развитие*

***Annotation:*** *The article describes the formation of students competence through didactic games for teaching computer science. The increase of information in the development of the information society requires the development of students independence, abilities, and the formation of practical competence. The use of didactic games in a general education school shows the skills and direction of teaching, education, development, formation of student to find a way to successfully solve problems that arise in the future. Therefore, the importance of using didactic games in the development students as individuals, their active participation in social life, the ability to listen to the opinions of subject and practical competences of students is very important for pedagogical, psychological, scientific reasons known from methodological literature.*

***Key words:*** *: computer science, teaching, school, a pupil, technologies, didactic games, subjects, competencies, formation, development.*

Учурда дүйнө жүзүндөгү жүрүп жаткан маалыматтык, социалдык, коомдук өзгөрүүлөр билим берүү системасын да кескин өзгөртүүгө мажбурлоодо. Тынымсыз өнүгүп жаткан технологиялар, маалыматтардын көбөйүшү, бизнестин өнүгүшү окуучулардын демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын, мобилдүүлүгүн, жигердүүлүгүн, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү талап кылууда.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыттарында XXI кылымдын көндүмдөрүн калыптандыруу, максат менен натыйжанын дал келишине өзгөчө көңүл буруу, билим берүү системасынын бардык баскычында бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталышы керектигине басым жасалган.

Ал эми Мамлекеттик билим берүү стандарты [4] информатиканы окутууда окуучулардын маалымат менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү, окуучунун компьютердик сабаттуулугун, маалыматтык маданияттуулугун, жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу көндүмдөрүн жана маалыматтык коомдо жашоого үйрөтүү сыяктуу компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.

Заман талабына жараша, билим берүү кызматкерлери окуучунун теориялык алган билими турмушка пайдасы тийээрин аң сезимине сиңирип, алган билимин тез жана сапаттуу колдонууга үйрөтүп, өз алдынча, демилгелүү, компетенттүү, коомго активдүү позициядагы инсанды тарбиялоосу зарыл. Окуучунун жогорудагы сапаттарын өнүктүрүүдө жана калыптандырууда дидактикалык оюндардын мааниси чоң экендиги жөнүндө белгилүү педагог, психолог окумуштуулардын эмгектеринен белгилүү.

Белгилүү педагог жана жазуучу К.Д.Ушинский дидактикалык оюндарга “усулдардын жарык берүүчүсү” деп баа берген. Ал эми Ш. А. Амонашвили: «Бала ойноп жатып нерселерди, кубулуштарды таанып билет, ар түрдүү иштердин ыкмаларын үйрөнүп, мамиле байланыштын, жүрүм-турумдун нормаларын өздөштүрөт. Оюн процессинде тиешелүү болгондордун жана анын шарттарын түзгөндөрдүн бардыгын бала өз алдынча өздөштүрүп алып, аны жаңы маалыматтар менен байытып, зарыл ыкмаларды жана көндүмдөрдү өнүктүрөт. Ошону менен бирге бала өзү үчүн актуалдуу болгон илим, билимге эле эмес, эртедир кечтир анын окуусуна, ишине, коомдук иш-аракетине керектүү болгон ыкмаларга да ээ болот» - деп, оюнда окуучунун өз алдынчалыгы өнүгө тургандыгы жөнүндө, анын келечекте инсан катары калыптанышында да оюндардын баа жеткис мааниси жөнүндө айткан.

“Информатика: базалык курсту окутуунун методикасы” китебинин автору Т.Р.Орускулов окуучуларды активдештирүү үчүн оюндарды колдонууну сунуш кылат. Ал: “Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн традициялык эмес сабактардын элементтерин киргизүү керек: мелдештерди, оюндарды киргизип, окуучуларды маселе түзүүгө, аларды чечүүгө мажбурлоо керек ... маселелерди жалпылаштырып, алардагы стандарттык эмес кырдаалдарды изилдөөгө, жоопторду анализдөөгө шарт түзүү керек.”- деген [7].

Белгилүү педагог Бекенбай Апыш “Тарбия назарияты» [2] деген эмгегинде: "Өнүгүү оюнда да, окууда да, эмгектенүүдө да жемиштүү ишке ашат. Оюн балдардын активдүү ишмердүүлүгүн камсыз кылат, аларды жашоо турмушка практикалык жактан даярдайт. Перзенттин инсан болуп жетилүүсүндөгү оюндун мааниси баа жеткис, оюндар балдардагы табигый шык, таланттарды өстүрүп, чыгармачыл жөндөмүн өркүндөтөт, объективдүү дүйнөнү таанып-билүүсү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, алардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, компетенттүүлүгүн өнүктүрөт”-деп, оюндарды окутууда, тарбиялоодо колдонууга чоң маани берген.

Эл мугалими И.Бекбоев: "Оюнсуз үйрөнүү жок... окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак жана жугумсуз болот. Ал гана эмес, жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүргөн нерсе бекемирээк сакталат" – деп, окутууда дидактикалык оюндарга артыкчылыктуу маани берүү керектигин жана окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу жугумдуу болорун белгилеген [1].

Оюндар окуучуга эмне берет? Эркиндик берет, буйрук берип окута албайсын. Оюндарда тартип эрежелердин системасы бар. Оюндар окуучунун таанып-билүү

ишмердүүлүгүн активдештирип, оптималдуу чечимдерди табууга, өз оюн эркин айтууга үйрөнөт, окуучунун практикалык компетенттүүлүгү калыптанат.

Дидактикалык оюндар окутуу максатында түзүлөт жана физикалык (сүйлөйт, жазат, угат, тартат), социалдык (пикир алмашат, суроо берет, жооп берет), таанып билүүчүлүк (толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү менен проблеманын чечимин табат) болуп бөлүнөт.

Төмөндө информатиканы окутууда окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу дидактикалык оюндарды сунуш кылабыз.

**Логикалык информатика** оюнун өткөн сабакты кайталоо жана жаңы темага өбөлгө түзүү учурунда колдонсо болот. Мугалим өткөн сабакка жана жаңы темага байланыштуу окуучуларга төмөнкүдөй логикалык суроолорду берет:

1.Субьективдик информация менен кибернетикалык информациянын айырмасы эмнеде? (Субьективдик информациялар адамга таандык маалыматтар, кибернетикалык информация символдор аркылуу берилген маалыматтар).

2. Информацияны берүүнүн тилдик формасы деген эмне? (Белгилердин, үндөрдүн ырааттуулугу).

3. Компьютер деген эмне, модель деген эмне? (Компьютер-адамдын информациялык функциясынын техникалык модели, Модель-обьекттин же кубулуштун жөнөкөйлөштүрүлгөн сүрөттөлүшү).

4. Аралыктан информация алмашуунун аталышы? Телекоммуникация.

5. Окуучунун информациялык керектөөлөрүн түздөн-түз канааттандыруучу программалар кайсылар? (Компьютердик оюндар, экранга сүрөт тартып, аны принтерден кагазга чыгаруу, компьютердин жардамы менен жолдо жүрүүнүн эрежесин үйрөнүү).

Сабактын аягында суроолорго туура, кыска, тез жооп берген окуучулар бааланат.

**Миллионер** оюну сабакты кайталоодо, бышыктоодо окуучуларды

активдештирүү менен өз алдынча изденүүгө мажбурлайт. Кадимки картага окшош кыркылып жасалган карточкага кайталоого, бышыктоого арналган төмөнкүдөй суроолор жазылат:

1.Информация деген эмне? (Адамдын сезүү органдары аркылуу кабыл алган маалыматтар).

2.Информация каякта сакталат? (Адамдын эсинде, китептерде, магниттик жазууларда).

3.Алгачкы компьютер качан, каерде пайда болгон? (1946-жылы, АКШда).

4.Алгачкы компьютер эмне кызмат кылган? (Математикалык эсептөөлөр үчүн колдонулган).

5.Башкаруунун алгоритми деген эмне? (Обьектти башкаруу командаларынын ырааттуулугу).

Оюн төмөнкүдөй тартипте өтөт: доскага бир окуучуну мугалим чакырат, ал окуучу өзүнүн билимине жараша башка окуучуну чакырат. Окуучулар бири-биринен карточканы сууруп алып, карточкага жообун жазып, кайра бири-бирине көрсөтөт. Туура жооп алса, ал карточканы алып калат. Эгерде жооп туура болбосо, карточканы ээсине кайтарып берет. Утуп алган окуучу 2-чи бир утуп алган окуучу менен ойнойт. Оюндун аягында ар бир окуучу утуп алган карточкасына жараша бааланат жана класстагы "миллионер"(эң көп карточка утуп алган окуучу) аныкталат.

**Дебат оюнун** сабактын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн колдонсо болот. Класс эки топко бөлүнүп, мугалим тарабынан төмөнкүдөй суроолор берилет:

1. Маалыматтардын типтери жөнүндө эмнелерди билесиңер? (сандар, формулалар, текстер).

2. Электрондук таблицалардын структурасын жазгыла: ... (сап, мамы, ячейка).

3. Компьютердик техниканы колдонуунун түрлөрүн атагыла: (демонстрациялоо, фронталдык лабораториялык иш, практикум).

4. Компьютердик сабаттуулуктун биринчи деңгээли менен программаларды түзө билүүчү деңгээлдин айырмасы эмнеде? (Компьютердик сабаттуулуктун биринчи деңгээли колдонуучулук деңгээл, программаларды түзө билүүчү деңгээли компьютердик сабаттуулуктун профессионалдык деңгээли).

5. Маалыматты иштетүүнүн универсалдуу машинасы деген эмне (компьютер) маалыматты жазуунун каражаты деген эмне? (тил)

Жогорудагы суроолорго туура жоопту табуу үчүн окуучулар талашып-тартышат.

**Пазл** оюнунда чакан кесинди фрагменттерден бир бүтүн картина же темага байланыштуу бир текст же закон же эреже чогултулат. Карточкада сүйлөм бүтпөй үзүлөт, уландысы кийинки карточкада болот. Мисалы, маалыматты кабыл алуу, өзгөртүү, аралыкка берүү, сактоо жана пайдалануу процесси информациялык процесс деп аталат. Бул эреже "информациялык процесс", "сактоо жана пайдалануу", "өзгөртүү", "аралыкка берүү", "маалыматты кабыл алуу" деген карточкада жазылган кесинди сөздөрдөн чогултулат.

Же мугалим сабактын темасын жазат жана окуучулар топторго бөлүнүп, Пазл-кластер түзүшөт. Башкача айтканда ар бир топ тема боюнча түшүнүктөрүн жазат: үзүндү текстерди чогултуп, закондорду, эрежелерди табышат. Тапшырманын туура аткарылгандыгына, окуучулардын активдүүлүгүнө баа коюлат. Пазл-кластерлер чогултулуп, мугалим жалпылайт.

**Кластер** (шингил, ар тараптуу ой жүгүртүүнүн ыкмасы). Сабактын билимдерди актуалдаштыруу же түшүнүү этабында колдонулат. Мугалим окуучулардан сабакта өткөн түшүнүк боюнча суроолорду түзүүнү жана жоопторду жазууну сунуштайт. Жоопторон кыска баяндама жаралат.

Бөлүмдү кайталоо сабагында **Барабан** оюну сунушталат. Оюнду өткөрүү үчүн бөлүм боюнча суроолор түзүлөт. Оюнчу окуучу барабанды айландырып, ал токтогондо стрелка көрсөткөн суроого жооп берип, оюнду улантат. Эгерде барабандын стрелкасы көрсөткөн суроого жооп бере албай калса, оюндан чыгат.

Оюнду өткөрүү үчүн мугалим алдын-ала төмөнкүдөй мазмунда суроолорду түзүп коюшу керек.

1.Эсептөө системасы деген эмне? (Сандарды жазуунун ыкмасы жана сандар менен амалдарды аткаруунун эрежелери).

2.Эмне үчүн араб системасы эсептөөнүн ондук системасы деп аталат? (Себеби, эсептөөнүн арабдык системасынын негизи 10го барабар).

3. Кибернетика деген эмне? (Гректин "башкаруу чеберчилиги" деген сөзү).

4. Программалоо деген эмне? (ЭЭМдин программалык камсыздоосун иштеп чыгуу).

5. ЭЭМ деген эмне? (Алгоритмдерди аткаруучу машина).

6. Биологиялык машина деген эмне? (Адам).

7. Компьютер маалыматтардын кандай түрлөрү менен иштейт? (Символдук, сандык, графикалык, үндүк).

8. ЭЭМдердин кандай класстары бар? (суперЭЭМ, чоңЭЭМ, миниЭЭМ, микроЭЭМ).

9. Персоналдык компьтерлер кайсы класска кирет? (МикроЭЭм классына)

10. Программалык камсыздоонун классификациясы? (Системалык, колдонмо, программалоо системалары).

Дидактикалык оюндар окуучунун ойлоосун өстүрөт, билимин тереңдетет, демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, илимий дүйнө таанымын, компьютердик сабаттуулугун, маалыматтык маданияттуулугун, жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу компетенттүүлүктөрүн калыптандырат.

Тилекке каршы, информатиканы окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу маселеси теориялык жактан дагы, практикада дагы жакшы изилдене электиги байкалды. Ошондуктан, жогоруда биз сунуштаган оюндар жана дидактикалык оюндардын мааниси жөнүндөгү маалыматтар информатика мугалимдерине окуучулардын турмуштук, предметтик, маалыматтык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда дидактикалык оюндарды колдонууга жардам берет деп ойлойбуз...

**Колдонулган адабияттар**


1. Бекбоев И. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Бишкек.:"Бийиктик", 2011.- 348 б

2. Бекембай Апыш. Тарбия назарияты.-Ош, 1996.-140 б

3. Ибрайим кызы А, Мамбетакунов У.Э., Осипова Н.Н. Мектепте информатиканы окутуу – информатик мугалимдер үчүн окуу колдонмо.-Б., 2015

4. КРнын жалпы билим берүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн "Информатика" предметинин предметтик стандарты. -Бишкек, 2019. -34 б

5. Молдокеримова Э.К., Дөөлөталиева А.С. Физика-математикалык билим берүүдө дидактикалык оюндарды колдонуу.-Б.:Техника, 2014.-140 б

6. Молдокеримова Э, Ажикулова Ү. Оюндар аркылуу окутабыз.-Жалал-Абад, 2012.-56 б.

7. Орускулов Т.Р. Информатика боюнча базалык курсту окутуунун методикасы.-Б.:Педагогика, 2003.-176 б

8. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. Информатика: Базалык курс боюнча практикалык иштер. Орто мектептердин 7-9-класстары үчүн окуу китеби.-Бишкек, 2015.-192 б


* * *

***Усенов К.Ж., Төрөгулова Р. А., Тойчуева Б.Э.***

# МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИН, ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТА ОКУТУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Усенов К.Ж., Төрөгулова Р. А., Тойчуева Б.Э.***

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА МАТЕМАТИКА И ИНФОРМАТИКА В МЕЖПРЕДМЕТНОЙ СВЯЗИ

***Usenov K.J., Torogulova R.A., Toichueva B.E.***

# PEDAGOGICAL FUNDAMENTALS OF TEACHING THE SUBJECT OFMATHEMATICS AND INFORMATICS IN INTERSUBJECT CONNECTION

УДК 37.091.33

***Аннотация.*** *Бул макалада педагогика илиминдеги, өз ара предмет аралык байланыштардын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы, окутуу процессиндеги анын ролу изилденип, анын келип чыгуусундагы алгачкы илимий гипотезалар жана аларды талдоо анализделди. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулардын эмгектеринин жыйынтыктары талданып, ал боюнча предмет аралык байланыштардын классификациясы, аларды ишке ашыруунун ыкмалары жана анын натыйжалары, билим берүү процессиндеги өз ара байланыштардын баалуулугу ачып көрсөтүлдү. Аталган көйгөйдү, математика жана информатика предметтерин окутууда колдонууда, интеграциялык процесстер аркылуу ишке ашыруу мүмкүндүгү баса белгиленди. Маселени чечүүнүн заманбап усулдары, информатика предметиндеги колдонмо программалар, аларды колдонуу сунушталды. Математика курсун окутуудагы универсалдуу математикалык методдор, прикладдык маселелерди чечүүнүн негизги этаптары жана алардын компьютердик жөндөмдөрдү өздөштүрүү үчүн абдан маанилүүлүгү жалпы жыйынтыктарда белгилеп көрсөтүлдү.*

***Түйүндүү сөздөр.*** *Предмет аралык байланыш, функция, интеграция, обьектилер,маалымат технологиялары,өнүгүү концепциясы, фактылар, концептуалдык байланыштар.*

***Аннотация.*** *В этой статье рассматривается история возникновения и развития межпредметных связей в педагогике, ее роль в процессе обучения, анализируются первые научные гипотезы о ее происхождении и их анализ. Проанализированы результаты работ ученых, проводивших научные исследования, по которым выявлена классификация межпредметных связей, методы их реализации и ее результаты, ценность взаимосвязей в образовательном процессе. Подчеркнута возможность реализации данной проблемы посредством интеграционных процессов при применении математики и информатики в преподавании предметов. Предложены современные методы решения задач, прикладные программы по предмету информатика, их применение. Универсальные математические методы преподавания курса математики, основные этапы решения прикладных задач и их важнейшее значение для овладения компьютерными навыками выделены в общих сводках.*

***Ключевые слова:****Межпредметный связь, функция, интеграция, объекты, информационные технологии, концепция развития, факты,концептуальные связи.*

***Annotation:*** *This article examines the history of the emergence and development of interdisciplinary connections in pedagogy, its role in the learning process, analyzes the first scientific hypotheses about its origin and their analysis. The article analyzes the results of the work*

*of scientists who conducted scientific research, which revealed the classification of interdisciplinary connections, methods of their implementation and its results, the value of relationships in the educational process. The possibility of implementing this problem through integration processes in the application of mathematics and computer science in teaching subjects is emphasized. Modern methods of solving problems, applied programs on the subject of computer science, and their application are proposed. Universal mathematical methods of teaching mathematics, the main stages of solving applied problems and their crucial importance for mastering computer skills are highlighted in the general summaries.*
***Key words:*** *interdisciplinary connection, function, integration, objects, information technology, development concept, facts, conceptual connections.*

**Киришүү**

Дүйнөлүк дидактиканын андан ары өнүгүү багыттарына, педагогикалык системалардагы окуу процессин активдештирүүнүн бир катар фундаменталдуу жоболоруна, алар ар кандай доорлорго таандык экенине карабастан негизденбей коюга болбойт.

Өз кезегинде, ар кайсы эпохалардын жана өлкөлөрдүн прогрессивдүү педагогдору жаратылыштын бирдиктүү сүрөттөлүшүн, дүйнө таанымдарын, чыныгы билимди аңдап-таануу процессинде окутулуучу предметтердин аралык байланыштарынын зарылдыгын жана ал жөнүндөгү методикалык жоболорду белгилешкен. Аларга, мисал катары жаңы материалды өздөштүрүүдө билимди жана билгичтиктерди өнүктүрүү үчүн, башка предметтедин, жалпы түрдүү нерселерин, идеяларын жакындаштыруу аркылуу, туугандык предметтерди түзүү, жалпыланган таанытуучу жөндөмдөрүнө басым жасоо методикаларын атоого болот.

Предмет аралык байланыш көйгөйү педагогикада жаңы эмес, анын жетишерлик узак тарыхы бар. Өз кезегинде бул багыттагы илимий негиздөөчүлөрдүн алгачкы өкүлдөрү катары Я. А. Коменскийди жана К. Д. Ушинскийдин атоого болот.

Н.К. Крупскаянын өнүктүрүү концепциялары, В. Н. Федорованын, А. В. Усованын, В. Н. Максимовалардын бул жаатагы идеялары предмет аралык байланыштын педагогикалык теориялык негиздерин түзөт.

Предмет аралык байланыштар алгач, убактылуу, алдын-ала, коштоочу жана кийинки (келечектеги) деп негизделген.

Мындай байланыштарды жүзөгө ашыруу, мурда өтүлгөн материал боюнча типтеш сабактардын билимдерин системалаштыруу, кийинки сабактагы билимдерди окуп үйрөнүүнү иликтөө процесстеринде ишке ашырылып келген.

Бирок окуу программаларынын андан ары өзгөрүшү мурда белгиленген логикалык түшүнүктөрдүн убактылуу кординациялык байланыштардын өзгөрүүсүнө алып келди. Эми предмет аралык байланыштарды түзүү билимдин мазмунун элементтерин издөө талдоо методдору катары өнүгө баштады. Предметтер ортосундагы хронологиялык байланыштар менен катар информациялык, иш жүзүндөгү, түшүнүктүү жана теориялык байланыштардын болоору белгиленген [1].

Окумуштуу, Н. С. Антоновдун философиялык түшүнүктөрүнө таянсак предмет аралык байланышты 3 түрү боюнча: курамы, ыкмасы, багыты ишке ашырууга болоорун айта алабыз.

Курамы боюнча: объектилер, фактылар, түшүнүктөр, теориялар;

Ыкмасы боюнча: логикалык, методологиялык, окутуу процессинин формалары, мазмуну боюнча ишке ашырылат;

Багыты боюнча: жалпы көндүмдөрдү жана ык-машыгууларды түзүү, окуу маселелерин чечүүдө билимдерди комплекстүү пайдалануу.

Ар кандай учурда предмет аралык байланыш, ушул үч белгини жана билимдердин жана билгичтиктердин дүйнө таанымдык комплекстерин сөзсүз өз ичине камтышы керек.

Предмет аралык байланыштардын ички структурасы эки жактуу мүнөзгө ээ.

1. Окуу материалынын ички мазмуну

2. Окутулуучу ык-машыгууларга, методдорго жараша [2].

И. Г. Батурин жана М. Н. Скаткин предмет аралык байланышты билимдердин түрлөрү боюнча аныктаган. Башкача айтканда окутууда предмет аралык байланыш жалпыланган билимдердин системасын, экинчи тутумунда интеграцияланган предметтердин жалпы предметтик ык-машыгууларынын, жөндөмүнүн системасын түзөт.

Ал эми заманбап, педагогикалык изилдөөлөргө таянсак, предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу 3 системалуу негиздерге таянат:

- Окуу предметинин маалыматтык структурасына;
- Окуу предметинин морфологиялык структурасына;
- Уюштурулуучу методологиялык процесстин элементтерине.

Иш жүзүндө окуу предметтеринин өз ара предметтик байланыштары ички циклдик жана циклдер аралык байланышы болуп бөлүнөт [2].

Предмет аралык байланыш курчап турган дүйнөнү, анын касиеттерин, кубулуштарды жана процесстердин закон ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө жардам берет жана илимдин ар түрдүү областтарынын бир бүтүндүгүнүн ортосундагы ажырымдын жоктугун түшүнүүгө жардам берет. Ошондуктан, бүгүнкү информациялык коомдо, илимдердин өз ара байланышы, бир илимдеги кайсы бир түшүнүктөрдүн экинчи илимде колдонулушу, илимдердин өнүгүүсүнүн закон ченемдүү көрүнүшү экендигин ырастайт.

Башкача айтканда предмет аралык байланыштар окутуу процессинде илимий-таанып билүүнүн мүнөздү көрсөткүчтөрүнүн бири болгон илимдердин ортосундагы байланыш катары кароого болот жана илимдердин өнүгүүсүнүн заманбап этабында илимдердин бири-бирине сүңгүп кирип кетиши менен мүнөздөлөт.

Жалпылап, предмет аралык байланыштардын илимий-таанып билүүчүлүк мүнөзүн төмөндөгүдөй чагылдырууга болот:

Курстун структурасынын элементтеринин ички байланыштары бир предметтин алкагында же болбосо, ар түрдүү предметтердин алкагында жайгашышы мүмкүн. Ошого байланыштуу предметтин ичиндеги же предметтер аралык байланыш болуп айырмаланат;

Предметтер аралык байланыш бул башынан эле педагогикалык категория катары предметтердин маанилүү негиздерин бириктирүүчү функцияны аткарат.

Мектепте билим берүү процессинде өз ара предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу аркылуу, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн бекемдөөгө жардам берет. Мисалы, предмет аралык байланыштардын натыйжасында, окуучу бир сабакта алган билимин башка предметти окуп үйрөнүүдө пайдаланат. Аралык байланыштар жөнүндөгү көз карашы билимди жана көндүмдөрдү ар кандай кырдаалдарда, билим берүү, мектептен тышкаркы, өндүрүштүк, илимий жана коомдук чөйрөдө колдоно билүүсүндө чагылдырылат. Предмет аралык байланыштар мектеп окуучуларын окутууга жана тарбиялоого комплекстуу мамиле кылуунун маанилүү шарты жана натыйжасы болуп саналат.

Жогорудагы белгиленген илимий-педагогикалык тезистерди талдоо менен, предметтердин мазмунуна туура келген аралык байланыштардын түрүн анализдеп чыктык:

1. Факыттык байланыштар, окуу программаларында кеңири чагылдырылган жана окуу практикасында, өзгөчө башталгыч жана орто класстарда активдүү колдонулат: айрым кубулуштар жана жаратылыш объекттери жөнүндө билимдерди жалпылоо максатында окуу предметтеринин ортосундагы байланыштарды фактылардын деңгээлинде комплекстүү текшерүү аркылуу ишке ашырылат.

2. Концептуалдык байланыштар, тектеш предметтер үчүн жалпы терминдерди түзүүгө багытталган.

3. Теориялык байланыштар, илимий фактылардын, түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, натыйжалардын, практикалык колдонуунун өз ара теориялык байланышын чагылдырат.

4. Философиялык байланыштар конкреттүү илимий жана дисциплина аралык философиялык байланыштарды жалпылоого, диалектикалык материализмдин алдыңкы идеяларын өздөштүрүүгө, аларды материалдык дүйнөнү таанып-билүүнүн жана өзгөртүүнүн методу катары өздөштүрүүсүнө жардам берет.

5.Идеялогиялык байланыштар мугалимдердин макулдашылган тарбиялык иштеринин жүрүшүндө табигый-гуманитардык илимдердин негиздеринин идеялык мазмуну ачылганда түзүлөт.

6. Интеграциялык байланыш, аралык байланыштарды ишке ашыруу үчүн, заманбап педагогикалык технологиянын куралдарын колдонуу менен интеграцияланган тапшырмаларды түзүү аркылуу ишке ашырылат[3].

Мына ушул предмет аралык байланыштарды ишке ашырууну талдап отуруп , биз математика предметин окутууда , заманбап каражат катары маалыматтык технологиялардын колдонууну ишке ашыруунун жолдорун талдап карап чыгууну өзүбүзгө пландадык.

Математика предметин окутууда,информатика предметтинин маалымат технологияларын жана анын программаларын, мисалы, графиктерди түзүү, электрондук таблицаларды түзүү, визуалдаштыруу программаларын жана Интернет каражаттарынын жардамы аркылуу, биз интеграцияланган сабакты же интеграцияланган тапшырмаларды түзө алабыз. Ошентип, математика сабагында биз маселелерди, теңдемелерди, функциялардын графиктерин, болжолдуу эсептөөлөрдү жүргүзө алабыз, статистикалык маалыматтарды түзө алабыз жана физикалык процесстерди моделдей алабыз[4].

Информатика курсундагы дисциплиналар аралык байланыштар, "максат катары" математика жана физика менен ишке ашырылышы, башка предметтерге салыштырмалуу оң натыйжаларды берет. Маселен, информатика сабагында физикалык же математикалык чоңдуктарга салыштырмалуу «сан» түшүнүгү киргизилет; Математика курсунан алынган билимдердин алкагында информатикада сан системасын калыптандыруу максатка ылайык; Функцияларды эсептөө алгоритмдери математикалык функция түшүнүгүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. «Программалоо» темасында математиканын «сандык методдор», «ыктимдуулук теориясы», «статистика» сыяктуу бөлүмдөрү менен информатика предметинин синтези бар.

Математика сабагында калькулятордун жардамы менен теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чечүү студенттерди информатика жана информатиканын негиздери, алгоритмдер жана программалар сыяктуу маанилүү түшүнүктөрдү кабыл алууга даярдайт[5].

«Алгебра жана анализдин башталышы» курсун окуп жатканда окуучулар универсалдуу математикалык методдорду үйрөнүшөт, прикладдык маселелерди чечүүнүн негизги этаптарын үйрөнүшөт, мунун баары компьютердик жөндөмдөрдү өздөштүрүү үчүн абдан маанилүү[6].

Мектептин геометрия курсунун аксиоматикалык түзүлүшү окуучулардын ар кандай табият таануу теориясынын логикасын түшүнүүсүнө негиз боло алат.

Жыйынтыктап айтканда:

1. Визуалдык изилдөөлөрдү, математикалык эксперименттерди жана эсептөө иштерин жүргүзүү үчүн математика сабагында колдонуу максатка ылайыктуу.
2. Математика боюнча окуу программалары информатиканы окуп жатканда эсептөө көндүмдөрүн колдонуу зарылдыгын белгилейт.
3. Компьютерди колдонуунун негизинде мектеп окуучуларында пайыздарды эсептөө, математикадан эсептөө маселелерин чыгаруу, бир нече сандын орточо арифметикалык маанисин аныктоо, функциялардын графиктерин түзө билүү жөндөмдөрү калыптанат[7].

**Колдонулган адабияттар**


9. Федорова В.Н., Кирюшкин Д.М. Межпредметные связи – М педагогика, 1989

10. Бабаев Д.Б., Төрөгулова Р.А Физика жана информатика дисциплиналарын предмет аралык байланыштын негизинде окутуу, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин жарчысы атайын чыгарылышы(S) 2020-жыл

11. Лошкарева Н.А. О понятии и видах межпредметных связей Н.А., Педагогика. – М., 1972. - №6-С.48-56

12. Бабаев Д.Б., Матисаков Ж.К. Современные педагогические технологии, используемые в обучении. Извести ВУЗов Кыргызстана. 2014. №3. С. 249-251

13. Торогулова Р. А. Способы формирования профессиональной компетентности обучающихся на уроках информатики с применением инновационных технологий. Известия Кыргызского Государственного Технического Университета Им. И.Раззакова 2017 №2 (42) стр.234-239. (https://elibrary.ru/item.asp?id=30274082)

14. Торогулова Р. А Методика обучения физике и информатике на основе межпредметных связей Паритеты, приоритеты и акценты в цифровом образовании. Сборник научных трудов в 2-х частях. Саратов, 2021 (https://elibrary.ru/item.asp?id=45565734)

15. Төрөгулова Р. А.Табигый-математикалык предметтерин окутууда студенттердин МКТ- компетентүүлүгүн калыптандыруунун адаптивдүү жолдору Наука и новые технологии Кыргызстана № 5 2022-жыл 46-49-беттери (https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48535320)


* * *

***Суранова Назигул Раимкуловна***

**ТЕКСТ - КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ**

***Суранова Назигул Раимкуловна***

**ТЕКСТ – ОСНОВНЫЕ СРЕДСТВА ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА**

**Suranova** ***Суранова Назигул Раимкуловна***

**TEXT – IT IS BASIC FACILITIES IN TEACHING KYRGYZ LANGUAGE AT THE COLLEGES**

*УДК 811.51.*

***Аннотация:*** *бул макалада кыргыз тилин окутууда тексттин практикалык жана дидактикалык зарылчылыгы жана текстти талдоо аркылуу студенттердин тилдик жана грамматикалык билимдерди өздөштүрүүлөрү каралган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *текст, тил илими, билим берүү, маданий-тарбиялык, лингвистикалык, педагогикалык, дилбаян.*

***Аннотация:*** *в данной статье рассматривается практическая и дидактическая необходимость текста в обучении кыргызскому языку и приобретение студентами лингвистических и грамматических знаний посредством анализа текста.*

***Ключевые слова:*** *текст, языкознание, образование, культурно-просветительский, лингвистический, педагогический, сочинение.*

***Abstract:*** *this article examines the practical and didactic necessity of the text in teaching the Kyrgyz language and the acquisition of linguistic and grammatical knowledge by students through text analysis.*

***Key words****: text, linguistics, education, cultural and educational, linguistic, pedagogical, composition.*

Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык аны окутуунун максаты менен мазмууну аныкталып, такталып, үйрөтүүнүн активдүү ык жолдору менен каражаттарын аныктап табууга болгон аракеттер жүргүзүлүүдө. Бул багыттагы алгылыктуу жана келечектүү иш аракеттердин ичинен кыргыз тилин окутуунун каражаттарын толуктоого, жаңылоого болгон иштерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени окутууда максатталган мазмунду үйрөтүү үчүн ага түздөн-түз салым кошуп, кызмат кылган универсалдуу каражаттарды аныктоо методика илиминдеги өтө актуалдуу маселелерден болуп калды. Албетте, кыргыз тилин башка предмет сыяктуу эле окуу мекемелеринде окутуунун негизги каражаты катары окуу китептери эсептелет. Бул аныкталып, такталып бүткөн, талаш тудурбаган, бирдиктүү корутунду катары каралат. Ошол эле учурда окуу китептеринин мазмунун аныктоодо, анда илимий теориялык, грамматикалык түшүнүктөрдөн сырткары окуучулардын аң сезими, ойлоосун жана кеп ишмердүүлүктөрүн жакшыртып, өркүндөтүүчү каражаттарды тап, колдонууга сунуш кылуу мамилеси да күн тартибине курч коюлууда. Мейли окуу китебин түзүүдө, мейли кыргыз тилин окутуу процессинде текстти колдонуу, текстти окутуу проблемасына кайрылуу аталган маселени чечүүгө, текстти окутуунун каражаты катары кароонун соңку мезгилдерде көп айтыла баштады.

Эмне үчүн текст кыргыз тилин окутуунун негизги каражаты болуш керек? Текст каражат катары кандай кызматтарды аткара алат? деген суроолорго жооп табууну талап кылат. Адегенде текст тууралуу тил илиминин берген түшүндүрмөлөрүнө токтолуу.

Көп жылдардан бери изилдеп, бул боюнча бир нече эмгектерди жазып, илимдин доктору болгон Т. Маразыков текстти төмөнкүдөй аныктама берип, түшүндүрмөлөрдү

келтирет: текст – маалымат алмашуу кызматын аткаруу үчүн түзүлгөн, өзүнчө темасы, максаты, семантика-структуралык бүтүндүгү бар сүйлөшүнүн бирдиги. Бардык эле текст:

1. Кандайдыр бир коммуникативдик максатты көздөйт;
2. Кандайдыр бир маалыматты туюндурат;
3. Салыштырмалуу аякталган түргө, манилүүлүк бүтүндүккө ээ болот;
4. Конкреттүү бир темага багышталат;
5. Басымдуу көпчүлүк учурда семантика-структуралык бирдиктерге бөлүнөт;
6. Структуралык жактан уюшулуп, семантикалык жактан интеграцияланып, биригип турат;
7. Бардык эле тексттер кайсы бир функционалдык стилдин бир түрүнө кирет. [1]

Көрсөтүлгөн тексттин негизги белгилеринен текст грамматикалык, логикалык эрежелердин негизинде түзүлүп, адамдардын сүйлөшүүсүн, баарлашуусун тейлеген орундуу курал, каражат экендиги көрүнүп турат. Албетте окумуштуу белгилеп көрсөткөн маалыматтарды, белгилерди окутуп-үйрөтүүдө колдонуу үчүн алардын ар бирине токтолуп, чечмелеп алуунун зарылдыгы бар. Ошол эле учурда кыргыз тилин окутууда тексттерди каражат катары колдонуунун технологиясын иштеп чыгууда тексттин дидактикалык табиятына кайрылуу, аны түшүнүү менен мамиле кылуу маселеси да турат. Ошондуктан тексттин лингвистикалык табиятына кеңири токтолбостон, анын окутуп үйрөтүүдөгү ролу, мааниси жана кызматы жөнүндөгү маселелерди чечип алуу биз үчүн маанилүү.

Методист – окумуштуу Ж.А. Чымановдун пикири боюнча «текст менен иштөө кандайдыр бир лингвистикалык – теориялык маселени чечүүнүн, анын кайсы бир белгисин, өзгөчөлүгүн аныктоонун обөектиси эмес, текст барыдан мурда, окучуунун угуп түшүнүсүн, окуп өздөштүрүсүн, айтып (сүйлөп) билдирүүсүн жана жазып бүрүүсүн калыптандырып, өнүктүрүүсү, дайыма иштеп, дайыма кайрылып туручу өспүрүмдүн жан жолдошу, кеңешчиси болушу шарт» [2].

Кыргыз тилин окутууда текстти колдонууга карата сунуш кылынган шартты турмушка ашыруу үчүн анын маанисиндеги, мазмунундагы таалим-тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл. Ал үчүн тексттин педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн терең өздөштүрүп, аларды окутуп үйрөтүүдө пайдалануунун максаттарын да так билүү талабы коюлат. Эгерде аталган суроолорго жооп таппай туруп тексттерди кыргыз тил сабагында колдонуу же колдонууга эч кандай натыйжа бербейт. Анткени азыркы талаптар боюнча текстти окутуу аркылуу билим берүүчүлүк тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттарды да ишке ашыруу зарыл. Ошондуктан сабакта текстти колдонууга карата коюлуп жаткан талаптарды алдын-ала аныктап, тактоо талабы коюлат. Профессор К.Д. Добаевдин изилдөөсү боюнча тандалуучу тексттер төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

«1. Билим берүүчүлүк жана маданий-тарбиялык баалуулугу.

2. Усулдук максатка ылайыктуулугу (тексттерди тандап алууга, ошондой эле усулдук аппаратка-текстти коштогон тапшырмалар менен көнүгүүлөргө карата талаптар).

3. Жеткиликтүүлүк (тексттин тилдин баяндалышына карата талаптар).

4. Азыркы адабий кыргыз тилинин ченемдеринин, ошондой эле оозеки жана жазуу кебинин ченемдеринин көз карашынан алганда элестүүлүк» [3].

Жогоруда берилген лингвистикалык жана педагогикалык илимий маалыматтардан улам, текстти кыргыз тилин окутуунун негизги каражаты катары колдонуу пайдалануу үчүн мугалим алдын-ала бир катар теориялык жана практикалык маселелерди чечип алышы керек экендиги белгилүү болот. Алардын негизгилерин белгилеп аныктоого аракет кылалы.

Кыргыз тилин окутуудагы текстти каражат катары колдонунун теориялык маселелеринин негизгилери булар:

-Текст-кеп (сүйлөшүү) бирдиги.

- Кеп бирдиги катары текст тил бирдиктеринин (тыбыш, сөз, сүйлөм) тил мыйзамдарына ылайык өз ара байланышып, биригишинин натыйжасында гана пайда болот, б.а. текст тил бирдиктеринен турат.

-Текст белгилүү бир коммуникативдик максатты көздөйт. Демек тилди окутуу - үйрөтүүдө ал пайдаланышы керек.

-Текст белгилүү бир темага арналат. Демек кыргыз тилин окутуунун максатына, темасына шайкеш келген текстти тандоо зарыл.

-Текст белгилүү бир стилде болуп, белгилүү бир функцияны аткарат. Окутууда тексттин стили жана функциясы сөзсүз эске алынышы керек. Ал эми текстти кыргыз тили сабагында колдонунун практикалык-дидактикалык маселелери катары төмөнкүлөрдү карасак болот:

-текст - көркөм окууга көнүктүрүүнүн алмаштыргыс каражаты экендиги;

-текст-окуганын кайрадан өз сөзү менен, өз түшүнүгүн айтып берүүгө үйрөтүүнүн ийкемдүү каражаты болушу;

-текст - грамматикалык тема боюнча кеңири маалымат алуунун булагы болушу;

-текстти окуп үйрөнүү, өздөштүрүү аркылуу студенттерге таасирдүү тарбия берүү мүмкүнчүлүгүнүн ачылышы;

-тексттен студенттер мазмуундук өзгөчөлүктөрүнө, кызыгууларына жараша керектүү маалыматтарды ала алышы;

-тестти окуп-үйрөнүү менен өз алдынча текст түзүүгө (дил баян, эссе, аңгеме ж.б.) жаза билүүгө үйрөнүүлөрү;

-текстке, андагы сүйлөмдөргө, сөздөргө ар түрдүү талдоолорду (фонетикалык, морфологиялык, лексикалык, грамматикалык ж.б.) жүргүзүү менен грамматикалык түшүнүктөргө ээ болушу ж.б.

Демек, колледждерде кыргыз тилин окутууда текстти пайдаланууну тилдин грамматикасын өздөштүрүүнүн эң негизги каражаты, куралы катары кароо зарыл. Текст менен тилдин грамматикасын гана окутуп өздөштүрбөстөн, тексттин мазмуунуна жараша таалим-тарбия берүү маселеси да негизги орунга коюлат.

Берилген текст боюнча иш алып баруу жогорку иш-аракеттер менен эле чектелбейт. Ал тексттин негизинде окутуучу студенттер менен аңгеме куруп, «ойлонбой сүйлөп алып уят болгон учурларыңар барбы», «тамаша айтам деп таарынтып алган адамыңар болгонбу» сыяктуу суроолордун тегерегинде талкуу уюштурса да болот.

Ошондой эле тексттеги «ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» сыяктуу тилге, сөзгө байланыштуу айтылган кыргыз тилиндеги макалдарды студенттерден айтып берүүнү өтүнөт. Кыргыз тили андай макалдарга өтө бай. Айрым мисалдарды келтирели: адам тилинен табат, адептин башы – тил, акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска, акылман тили менен, акмак муштуму менен, ары жок киши жайы жок сөз айтат, жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет, көп сөз – көмүр, аз сөз – алтын, кылыч жарасы бүтөт, сөз жарасы бүтпөйт, ой – сөздүн булагы, өнөр алды – кызыл тил, сөз сөөктөн, таяк эттен өтөт, тилдин тазалыгы – дилдин тазалыгы, эң ачуу да тил, эң таттуу да тил, эне сүтү бой өстүрөт, эне тили ой өстүрөт, адам өзүнөн таанылбайт, сөзүнөн таанылат, кепти сүйгөн көптү сүйөт, көп сүйлөгөн жеңбейт,

төп сүйлөгөн жеңет, эки сөздүү – эки жүздүү, эне тилин эссиз чанат, ширин сөздүн ширеси бар ж.б.

***Аннотация:*** *макалада англис тилин үйрөнүүдө алмаштырылгыс курал болуп эсептелинген мобилдик тиркемелердин ролу жана таасири, ийкемдүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү жөнүндө айтылат. Мобилдик тиркемелердеги оюндар жана викториналар сыяктуу интерактивдүү функциялар окуу тажрыйбасын кызыктуу жана жагымдуу кылаары сүрөттөлөт. Ошондой эле видео жана аудио көнүгүүлөр, мультимедиялык мазмун аркылуу визуалдык жана аудиовизуалдык ар кандай окуу стилдерине багытталган. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, мобилдик тиркемелерди колдонуу тил көндүмдөрүн жакшыртуу менен ишенимди жогорулатат жана окуучуларга түрткү берет. Мындан тышкары мобилдик тиркемелерди колдонуудагы көйгөйлөр жана тоскоолдуктар да айтылат. Жалпысынан, мобилдик тиркемелер англис тилин үйрөнүүдө дүйнө ыңгайлуу, кызыктуу жана натыйжалуу кылууда чоң ролду ойноору айтылат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *критикалык талдоо, илимий мамиле, эксперимент, анкета, сүйлөшүү, маектешүү, технология, таасир, мобилдик тиркеме, ишеним.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается роль и влияние мобильных приложений, которые стали незаменимыми инструментами в изучении английского языка, обеспечивая гибкость и доступность. Эти приложения предоставляют интерактивные функции, такие как игры и викторины, что делает процесс обучения увлекательным и приятным. Они также ориентированы на различные стили обучения, такие как визуальное и аудиовизуальное, с помощью мультимедийного контента, такого как видео и аудио упражнения. Исследования показывают, что использование мобильных приложений улучшает языковые навыки, повышает уверенность в себе и мотивирует учащихся. Кроме того, они устраняют барьеры на пути к образованию, поскольку доступны каждому, у кого есть смартфон. Однако проблемы остаются, в том числе качество контента приложений и неравный доступ к технологиям. В целом, мобильные приложения играют решающую роль в том, чтобы сделать изучение английского языка удобным, увлекательным и эффективным для людей по всему миру.*

***Ключевые слова:*** *критический анализ, научный подход, эксперимент, анкетирование, беседа, интервью, технология, влияние, мобильное приложени, уверенность*

***Annotation:*** *The article deals with the role and impact of mobile apps that have become essential tools in learning English, offering flexibility and accessibility. These apps provide interactive features like games and quizzes, making learning engaging and enjoyable. They also cater to different learning styles, such as visual and auditory, through multimedia content like videos and audio exercises. Studies show that using mobile apps improves language skills, boosts confidence, and motivates learners. Additionally, they break down barriers to education by being affordable and available to anyone with a smartphone. However, challenges remain, including the quality of app content and unequal access to technology. Overall, mobile apps play a crucial role in making English learning convenient, fun, and effective for people worldwide.*

***Key words****: critical analysis, scientifically, experiment, questionnaire, conversation, interview, technology, influence, mobile apps, confidence*

The effectiveness of the use of information and computer technologies in the educational process, the influence of information and computer technologies on the motivation to study. The process of learning AI as an integral system. The subject of the study. The use of new computer technologies in English lessons at school.

The **purpose** of this article is to describe on the basis of theoretical studies of computer technologies and their practical application in English lessons to prove that they increase the motivation to learn English among students.

Information technologies of training are all technologies using special technical means (audio, film, video). When computers became widely used in the educational process, the term "new information technology of learning" appeared. But some researchers emphasize that it is possible to talk about a new information technology of teaching only if it satisfies the basic principles of pedagogical technology (preliminary design, reproducibility, integrity, etc.), solves problems that have not been theoretically or practically solved before, and if the means of transmitting information to the student is computer and information technology.

The main goal of the educational collectives is to create conditions for the identificcation and development of the abilities of each child, the formation of a personality with solid basic knowledge and able to adapt to the conditions of modern life. Informatization of education should be considered as one of the important means of achieving this goal. This means solving a number of sequential tasks: technical equipment, creation of didactic tools, development of new learning technologies, etc., which determine the stages of the modernization process.

1. According to E.S. Polat, the task of the teacher is to create conditions for practical language acquisition for each student, to choose such teaching methods that would allow each student to show their activity, their creativity. The task of the teacher is to activate the cognitive work of the student in the process of teaching foreign languages. [3 p.16]

Modern pedagogical technologies such as collaborative learning, project methodology, introduction of new computer technologies, online resources can help to implement a personality—oriented approach to learning, provide individualization and differentiation of learning taking into account the capabilities of children, their level of learning, predispositions, etc.

Forms of working with computer training programs in foreign language lessons include:

- vocabulary study;
- practicing pronunciation;
- teaching dialogic and monologue speech;
- learning to write;
- working out grammatical phenomena.

V.A. Efremenko says: "The development of information technologies and telecommunications creates the basis for the implementation of scientific and educational programs at a qualitatively new level. The creation of high-speed telecommunications and the development of real-time technologies makes it possible to implement models of a distributed educational environment based on remote access technologies to information resources and computer means of communication. " [6, p.18]

Thus, the **relevance** of this article can be argued by the importance of the problem and at the same time its insufficient development for use in school conditions.

Computer technologies contribute to increasing the motivation of studying and improving the knowledge and culture of students, and under certain conditions can be effectively used in the educational process. In this paper, we will focus in detail on such an aspect as the use of information technology to increase the motivation of students to study AI.

Modernity imposes increasingly high requirements for teaching practical command of a foreign language in everyday communication and professional sphere. Ways to improve the effectiveness of general education are being developed, large funds are being invested in the development and implementation of new information and communication technologies (ICT).

Teachers try to apply new modern technologies in their work. Teachers use various additional electronic manuals and programs, but this does not always fit directly into the textbook. This problem was dealt with by experienced teachers: E.S. Polat, N.A. Koltova, E.I. Pasov.

E.N. Passov believes: "The use of open information systems designed to introduce the entire array of information currently available to society in its specific sphere helps to improve the mechanisms of managing the social structure, promotes humanization and democratization of society, increases the level of well-being of its members. The processes taking place in connection with the informatization of society contribute not only to the acceleration of scientific and technological progress, the intellectualization of all types of human work, but also to the creation of a qualitatively new information environment of society, ensuring the formation of the creative potential of the individual." [6 p. 33.]

Thanks to the use of a computer in the educational process, a cozy psychological environment is organized in the classroom, since the computer does not contribute to increasing tension and does not accompany the educational process with positive or negative comments. This is an important criterion for the formation of a student's individuality.

Free Printables for Teachers website (www.mes-english.com ) contains a large number of colorful pictures on the topics: "Animals", "Vegetables", "Fruits", "House", "School", "City", "Weather", "Sports", "Hobbies", "Insects", "Health", "Nature", "Tools", as well as grammar cards: "Degrees of comparison of adjectives", "Irregular verbs", "Question words", "Prepositions", cards with phonetic icons and ready-to-print board games: "School Day", "Big City", "Bingo", "Grammar Casino", "Treasure Island", "Baseball" and many others. For younger students, you can use numerous coloring pages that help not only to learn color, but also vocabulary on topics.

English 101 Grammar website (http://lessons.englishgrammar101.com ) will help in preparing for grammar lessons, in the preparation of tests and control papers. For each rule, a series of training exercises is offered.

Sites forTeachers Portal (http://www.sitesforteachers.com ) offers 1140 links to web pages where you can find materials for students with different levels of language proficiency.

Some Kyrgyz schools have language labs equipped with computers with Internet access. In this case, foreign language teachers can use Internet resources directly in the classroom. However, it should be remembered that a computer does not replace a school textbook, but only complements

it, making the lesson more interesting, informative, motivating students to actively participate in the learning process. The use of Internet technologies increases the effectiveness of the lesson if the material is selected in accordance with the objectives of the lesson, the level of language proficiency of students, their age and interests. Students should have basic computer skills, and the teacher should be able to clearly formulate tasks. Then the pace of the lesson will be high enough, and it will take no more than 10-15 minutes to complete tasks on the computer, which corresponds to the "Sanitary and epidemiological rules and regulations".

On the Internet you can find a large number of sites designed specifically for those who study English. The presented materials can be used both in the classroom and for independent work at home.

On the Learn English website (http://learnenglish .britishcouncil.org/ru) authentic audio and video materials, reading texts, games, tests for students of different ages with different levels of language proficiency are presented. The materials can be used at any stage of the lesson. For example, texts are suitable for teaching search reading skills in grades 9-11. Various topics, a small amount of texts and a fairly simple vocabulary allow you to select stories for work in the classroom that correspond to the topic and goals set by the teacher. After each text, students can perform a small (no more than 10 questions) text comprehension test (answer questions, choose one answer out of four, determine whether the statement corresponds to the text, and so on), and immediately check the correctness of the answers and get an independent assessment. There is also a virtual community on this site where people from different countries have the opportunity to communicate in real time.

In this blog, we'll discuss the biggest pros and cons of using Quizlet to make your decision a little easier. However, before we jump in it's important to answer one other question -- what exactly is Quizlet?

In Quizlet, information is organized into "study sets" that users like teachers or students add to their accounts.

When using Quizlet, students log in and choose the appropriate study set for the concepts they need to review. These can be created by a teacher or generated by other users. Because of the flexibility and customization available, Quizlet can be used in any grade level and any type of class. That means whether you're a middle school career readiness teacher or a high school health science teacher, Quizlet can help your students study. Now that you have an idea of what Quizlet is and how it works, let's get into the benefits it provides to you and your students! Overall, Quizlet can be a great tool for you and your students for three reasons:

1. You can easily differentiate review for your students
2. You can incorporate collaboration and teamwork into your classes
3. Students have another way to prepare for tests

**Quizlet has seven standard study modes that help students review in the way that works best for them:**

1. **Flashcards** – *A quick way to review terms and definitions, just like paper-based flashcards*
2. **Learn** – *A personalized study mode based on how well you know information in a study set*
3. **Write** – *A fill-in-the-blank style study tool*
4. **Spell** – *A study mode that dictates a term or definition that you must correctly type*

5. **Test** – *An easy way to quiz yourself on how well you know information in a study set*
6. **Match** – *A time-based game where the student must match terms and definitions*
7. **Gravity** – *A level-based game where the student must answer correctly before being hit by an asteroid*

One of the main requirements for teaching foreign languages using computers and Internet resources is the creation of interaction in the classroom, which commonly called interactivity in the methodology. Interactivity is "the unification, coordination and complementarity of efforts of a communicative goal and a result by means of speech." By teaching an authentic language, the Internet helps in the formation of conversational skills, as well as in teaching vocabulary and grammar, providing genuine interest and, consequently, efficiency. Interactivity not only creates real life situations, but also forces students to respond adequately to them through a foreign language.

In conclusion, it should be said that the use of information technologies in the educational process should not exclude traditional teaching methods, but should be harmoniously combined with them at every stage of training (familiarization, training, application and control). The use of a computer allows not only to increase the efficiency of studying the material, but also to increase motivation to learn English language.

**Reference**

2. Champaner, G. Educational computer systems / G. Champaner // Higher education in Russia-2012 — No. 3 — pp. 95-96.
3. Dusheina T.V. “Project methodology in foreign language lessons". IYASH, 2010, No. 5
4. Efremenko, V.A. Application of information technologies in foreign language lessons / V.A. Efremenko // Foreign languages at school. — 2010. — No. 8. — S. 18.
5. Passov, E.I. The purpose of teaching a foreign language at the present stage of development of society // E.I. Passov. V.P. Kuzovlev V.S. Korostelev. - 2013. — IYASH. — No. 6 — p.33.
6. Polat, E.S. Internet in foreign language lessons. / E.S. Polat // Foreign languages at school. - 2010. — No. 3.- p.16.

* * *

***Жусупова Аида Абдуллажановна*, Кымбатбек кызы Гулпери**

## Ф.И. ТЮТЧЕВДИН ЛИРИКАСЫНДАГЫ МЕТАФОРА: ТАЛДОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨ

***Жусупова Аида Абдуллажановна*, Кымбатбек кызы Гулпери**

## МЕТАФОРА В ЛИРИКЕ Ф.И. ТЮТЧЕВА: ИССЛЕДОВАНИЕ И АНАЛИЗ

**Zhusupova Aida Abdullazhanovna, Kymbatbek kyzy Gulperi**

## METAPHOR IN F.I.'S LYRICS TYUTCHEV: RESEARCH AND ANALYSIS

*УДК:594. 341. (043.3)*

***Аннотация:*** *Макалада 19-кылымдын белгилүү орус акындарынын бири Ф. И. Тютчевдин лирикасындагы метафоранын колдонулушун изилдөө каралган. Автор Тютчевдин поэзиясындагы метафоралык образдардын ролун жана маанисин, анын чыгармаларында өзгөчө лирикалык дүйнөнүн таанымына тийгизген таасирин талдоого алган. Изилдөөнүн жүрүшүндө автор Тютчевдин лирикасындагы метафоранын түрдүү аспектилерине, анын ичинде анын эмоционалдык жана рационалдык байланышына, ошондой эле жалпы адабий аң-сезимде акындын образынын калыптанышына метафоранын тийгизген таасирине токтолгон.*

***Негизги сөздөр:*** *метафора, поэзия, лирика, интерпретация, акын, образ, когнитивдик лингвистика, контекст, көркөм адабият.*

***Аннотация:*** *Статья представляет собой исследование использования метафоры в лирике Федора Ивановича Тютчева - одного из ключевых русских поэтов XIX века. Автор анализирует роль и значение метафорических образов в поэзии Тютчева, а также их влияние на формирование особого лирического мира в его произведениях. В ходе исследования автор обращается к различным аспектам метафоры в лирике Тютчева, включая ее связь с эмоциональным и рациональным, а также влияние метафоры на формирование образа поэта в коллективном литературном сознании.*

***Ключевые слова:*** *метафора, поэзия, лирика, интерпретация, поэт, образ, когнитивная лингвистика, контекст, художественная литература.*

***Annotation:*** *The article is a study of the use of metaphor in the lyrics of Fyodor Ivanovich Tyutchev, one of the key Russian poets of the 19th century. The author analyzes the role and significance of metaphorical images in Tyutchev's poetry, as well as their influence on the formation of a special lyrical world in his works. In the course of the study, the author addresses various aspects of metaphor in Tyutchev's lyrics, including its connection with the emotional and rational, as well as the influence of metaphor on the formation of the poet's image in the collective literary consciousness.*

***Key words:*** *metaphor, poetry, lyrics, interpretation, poet, image, cognitive linguistics, context, fiction.*

Термин «метафора» имеет несколько значений. "Метафора" в художественной литературе представляет собой употребление слова или фразы вместо другого на основе их общего значения, или скрытого сравнения. В изобразительном искусстве "метафора" проявляется через замещение ожидаемого визуального элемента неожиданным, но со скрытым сходством.

Метафора – это мощный инструмент, используемый в литературе для передачи сложных концепций и эмоций. Этот литературный прием уже с давних времен применялся поэтами для создания образности и эмоциональной насыщенности текстов.

Первые примеры метафор в литературе можно найти в древних текстах различных культур. В древнегреческой поэзии метафоры использовались для описания богов, героев и природы. Для античных поэтов метафора была важным средством выразительности, которое позволяло создавать яркие образы и передавать сложные эмоциональные состояния.

Греческое слово μεταφορά означает «перенесение». Его ввел Аристотель в «Поэтике» — трактате о драме 335 года до нашей эры. https://www.culture.ru/s/slovo-dnya/metafora/

Н.Д. Арутюнова в своей работе «Метафора и дискурс» отмечает следующее: Интерес к метафоре способствовал взаимодействию названных, направлений научной мысли, их идейной консолидации, следствием которой стало формирование когнитивной науки, занятой исследованием разных сторон человеческого сознания. "В ее основе - предположение о том, что человеческие когнитивные структуры (восприятие, язык, мышление, память, действие) неразрывно связаны между собой в рамках одной общей задачи - осуществления процессов усвоения, переработки и трансформации знания, которые, собственно, и определяют сущность человеческого разума". [1,32с.]

В русской литературе одним из первых проблему языковых средств выразительности и художественный образ рассматривал М.В. Ломоносов. В своей работе "Риторика" (1748) ученый говорил о метафорах, называя их "речениями", например: "невозмутимый человек" вместо "хладнокровного", "каменное сердце" вместо "несострадательное", "мрачное море", "луга улыбаются", "волнами бурлит песок" вместо "волнами мутится", "небо цветется звездами" вместо "небо светится".

По утверждению Е.С. Богдановой в работе «Метафора в художественном тексте: Функции, восприятие, интерпретация» в когнитивной лингвистике метафора получила новое определение: под ней понимается непросто перенос значения, троп, средство создания образности текста, а ментальная операция,

участвующая в концептуализации и категоризации опыта человека и устанавливающая соотношение между языком и мыслительными процессами. В русле когнитивистики метафора рассматривается как смысло- и текстопорождающий механизм. [Богданова, Е. С. Метафора в художественном тексте: функции, восприятие, интерпретация // Вестник Рязанского государственного университета им. С. А. Есенина. 2016. № 3 (52). С. 1 – 10.]

С ростом культуры и литературы метафоры стали широко применяться в поэзии средневековья и Возрождения. В работах Шекспира, Данте, Петрарки и других известных поэтов можно найти многочисленные примеры метафор, использованных для описания чувств, природы, общественных явлений и других аспектов жизни.

С развитием литературы метафоры стали использоваться все более широко и разнообразно. В современной литературе метафоры применяются для передачи сложных концепций, абстрактных понятий и философских идей.

Метафоры играют важную роль в поэзии, так как они помогают создавать образность, передавать эмоциональную насыщенность и вызывать у читателя определенные ассоциации и чувства. Метафоры также способствуют обогащению языка, расширяя его возможности для передачи сложных мыслей и образов.

Кроме того, метафоры помогают поэтам выразить тонкие нюансы и оттенки своих чувств и мыслей, делая их тексты более глубокими и проникновенными. Использование метафор позволяет поэтам создавать уникальные и запоминающиеся образы, которые остаются в памяти читателей надолго.

В контексте русской литературы XIX века метафора получила особое значение, служа ключевым инструментом для передачи сложных эмоций, размышлений о природе и человеческой судьбе. Тютчев как поэт-метафорист создал множество образов, используя метафоры, чтобы раскрыть фундаментальные темы, такие как любовь, время, природа, и философские размышления.

Федор Иванович Тютчев - выдающийся русский поэт XIX века, чья лирика пронизана сложной символикой и метафорическими образами. Метафора играет ключевую роль в поэзии Тютчева, позволяя ему выразить свои мысли и эмоции, а также создавать уникальные образы, с которыми читатели могут идентифицироваться.

Поэт обращает внимание на своеобразие метафорических образов, их влияние на ритм и смысл стихотворений, а также их эстетическое значение и внутреннюю связь с темами, поднимаемыми в лирике Тютчева.

Стихотворение «Люблю грозу в начале мая …» начинается с восторженного восклицания поэта, автор описал свои эмоции в отношении живой и неистовой жизни природы. Его восхищение и вдохновение отображается в его описании весенней грозы. Это симфония возрожденной природы: раскаты грома, шум воды, птичьи голоса. Метафоры (перлы дождевые, солнце нити золотит), олицетворения (всё вторит весело громам) и сравнения (гром, как бы резвяся и играя, грохочет) использованы для создания более яркого и выразительного стихотворения. Дождевые капли автор ассоциирует с перлами, используя устаревшее значение жемчуга, от древнерусского языка перл означало жемчуг, что придает лирическому тексту образность. Слово перл заимствовано от французского языка (франц. perle, букв. - жемчуг). Данное слово в художественной речи придает возвышенный тон, например, в поэме Н.А. Некрасова «Мороз, Красный нос»: *Красивые ровные зубы, Что крупные* ***перлы*** *у ней, Но строго румяные губы Хранят их красу от людей*. Так же, у М.Ю. Лермонтова в стихотворении: *Но все любовь презрела. Вновь Румянец на щеках живой явился. И* ***перл*** *между ресниц порой не бился*. Здесь перл в значении слезы. В романе «Война и мир» Л.Н. Толстого: *Наташе так приятна была похвала этой блестящей красавицы, что она покраснела от удовольствия. - Я теперь тоже хочу сделаться москвичкой, - говорила Элен. - И как вам не совестно зарыть такие* ***перлы*** *в деревне!* (в значении лучшее).

Ф. И. Тютчев считает, что все в природе созвучно и гармонично друг другу. Гром символизирует жизнь, перемены, мощь и силу природы.

Колоритный поэтический образ грозы в стихотворении передается разнообразием художественных средств приемов, включая аллитерацию и ассонанс звонких и сонорных звуков ("гремят раскаты молодые", "первый гром", "грохочет в небе голубом"), которые создают выразительную звуковую акустическую картину грозы. Интенсивность действия в стихотворении достигается обилием глаголов в личной или деепричастной форме (гремит, грохочет, резвяся, играя, брызнул, летит, не молкнет, бежит). Насыщенность текста глаголами обеспечивает возможность создания эффекта быстро сменяющихся кадров, изображающих грозу.Обнаруженные закономерности использования метафоры в лирике Тютчева и делает вывод о том, что метафора играет важнейшую роль в формировании поэтического мира Тютчева, расширяет грани его мировоззрения и позволяет читателям ощутить всю глубину и красоту его лирики через образы, созданные метафорой.

**Список использованной литературы:**

1. Арутюнова, Н.Д. Метафора и дискурс [Текст] // Теория метафоры. — М., 1990. — С. 5–32с.

2. Богданова, Е. С. Метафора в художественном тексте: функции, восприятие, интерпретация // Вестник Рязанского государственного университета им. С. А. Есенина. 2016. № 3 (52). С. 1 – 10.

3. Тютчев, Ф. И. Избранные произведения. — М.: Художественная литература, 1982.

4. Соколов, А.П. Федор Тютчев: Жизнь и творчество. — М.: Московский рабочий, 1976.

5. Гиппиус, З. Н. Стихотворения Ф. И. Тютчева: Переводы и стихи. — Пг.: Г. Ф. Калинин, 1896.

6. Ключевые слова: метафора, лирика, Тютчев, русская поэзия, символика.

**7. https://scipress.ru/philology/articles/metafory-v-khudozhestvennom-tekste-kak-sposob-vozdejstviya-na-mirovospriyatie-chitatelya.html**

* * *

***Акбарова Чынара Эсенбаевна***

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ АЛМАНБЕТТИН САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

***Акбарова Чынара Эсенбаевна***

## ПОЛИТИЧЕСКАЯ СПОСОБНОСТЬ АЛМАНБЕТА В ЭПОСЕ МАНАС

***Akbarova Cynara Esenbaevna***

## POLITICAL ACTIVITY OF ALMANBET IN THE EPIC "MANAS"

*УДК. 10.01.09*

***Аннотация:*** *макалада “Манас” эпосундагы эр жүрөк баатыр Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү, жоокердик заманда кыргыз элине биринчилерден болуп аскер тартибин киргизгендиги жөнүндө баяндалат. Эпостогу башкы каармандардын бири Алманбеттин адилеттүүлүк менен жеңишке жетиши жана өзүнүн атактуулугун даңазалаган мыкты сапаттары көрсөтүлгөн.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Адилеттүүлүк, аскер башы, хан, санак, чоң казат, жайчылык.*

***Аннотация:*** *В эпосе Манас повествуется о политической способности отважного героя Алманбета и о том, что в эпоху войны он одним из первых ввел воненную дисциплину кыргызскому народу. В статье показаны, как главный герой эпоса Алманбет, справедливо достиг победы, его лучшие качества, прославляющие его знаменитость*

***Ключевые слова:*** *справедливость, хан, перепись, большой бой, калдовство ( сверхестественная способность), военноначальник.*

***Annotation:*** *the article describes the political activity of the brave hero Almanbet from the epic "Manas", who was the first to introduce military discipline to the Kyrgyz people during the time of war. One of the main characters in the epic, Almanbet, is shown to win with justice and the virtues that glorify his fame.*

***Key words:*** *Justice, military leader, Khan, census, Great Qazat, pastoralism.*

Алманбет— Манастын кырк чоросунун эң көрүнүктүүсү. Теги боюнча кытай (кээде калмак) канзадасы, атасы Соорондук (айрым варианттарда Азизкан) кытайдын башкы

кандары Эсенкан, Алооке, Карыкан менен бир тууган. Эпостогу монументалдуу образдардын ичинен Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү өзүнүн көп кырдуулугу менен бөтөнчө орунга ээ. Манаска жакын башка адамдар өздөрүнө таандык сапаттары Мисалы, Чубак, күч-кубатка эгедерлиги, намыскөйлүгү; Сыргак чыйрактыгы, шамдагайлыгы, моюбастыгы; Каныкей менен Бакай акылмандыгы, көсөмдүгү менен өзгөчөлөнүп турушса, Алманбетте аталган сапаттардын бардыгы тең бар. Ошондой эле ал — Кытайда өзгөчө билим алып окуган, аярлык, жайчылык өңдүү укмуштуу өнөрлөргө ээ жана аскердик өнөрдүн түрдүү жактарын терең билген жападан жалгыз каарман.

Алманбет 14 жашында өзгөчө зээндүүлүгү менен айырмаланып такка отурган. Ошол кезден баштап, өлкөдөгү жосунсуз жоруктарга бөгөт коюп, караламан элдин кызыкчылыгын көздөгөн. Мисалы; мартабалуу улук адамдардын урматына кара башыл адамдан садага чабуу, бой жеткен улан кыздардын боорунан ак сөөктөргө арнап жашартуучу каражаттарды жасоо ж.б. адилетсиз иш аракеттерди токтотууга аракет жасаган. Алдына келген элдерге калыс чечим кабыл алгандыгы менен элге алынып кетет.

Алмамбет кара кылды как жарган калыс башкаруучу болгондуктан жеке эле өз эли эмес, башка хандардын эли да арыз-муңун айтып ага келгендиктен кытайдын хандары, билермандары нааразы боло башташат.

Алманбеттин мындай жигердүү саясий ишмердүүлүгү көпчүлүк атка минер төбөлдөргө жакпай Эсенкан баш болгон кытай хандары каршы чыгып, саясий куугунтукка учураган. Натыйжада туулуп өскөн жерин таштап качып чыгууга аргасыз болот.

Тагдырдын буйругу менен казактын ханы Көкчөгө келип кызмат кылат. Алманбеттин адилеттүү ак кызматы кээ бир ордо кызматкерлерине жакпайт. Аны көрө албаган алчындардын Бообеги, абактардын Шаабеги, байжигиттин Багышы, аргындардын Алымы, Тынымсейит баш болгон алтымыш уруудан чогулган мыктылар жайма- жай кеңеш куруп сөздү Алымсейит баштап:

Алманбет калкка алына баштады, мырзалар. Калкка алынып кеткен соң биз аңкайып куру калабызбы. Каңгып келип бир кытай бүт казакты бийлеп кетеби, кандай дейсиңер? (Айкөл Манас баяны 2-китеп,149-бет) деп чурулдап, ордо билермандары Алманбетке көрүнөө күнөө жаап айыптап, ал жерден дагы кодулашып батырбайт. Ошентип өлкөсүнөн кетип, Көкчө баатыр башкарган казак хандыгына баш калкалап барса ал жерден дагы калыстыкты таппай, кетүүгө туура келет.

**“Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошол жерде болормун”** дейт. Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде. “Башымды жөлөөр паана жок, баркымды билээр даана жок” деп арман кылган Алманбет акыры издеген акыйкатын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде “**издеп тапсам канеке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди**” деп эл ичинен тымызын Аккан досту издеп жүргөн Манас, Алманбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, **“алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экен”** деп таанып, кучагын жайып кабыл алып “Кызыл найза желегим, Кытайдан келген белегим” деп аны менен ажырагыс дос болот.

Демек, Алманбет Манаска, кыргыз элине чын жүрөгүнөн ак кызмат кылган теңдешсиз айкөл баатыр. Анын адамдык бийик нравалык идеяларга берилген таза жүрөгүн көрүп, акылман Бакай

**“Ал Алманбет арстанды,**
**Манастан да артык көрөмүн.**
**Баатыр Алмам султанды,**

**Баламдан жакын көрөмүн”** деп агынан жарылат. Манас “Чоң казатка” аттанганда Алманбетти аскер башчысы кылып дайындап, ага бир тууганына ишенгендей ишеним көрсөтөт. Алманбет “Чоң казатта” мурдатан өзү жек көргөн кытайдын “кызыл камчы” бийлигинин аскердик күчү менен жан аябай согушат.

Алманбет Манастын да, Каныкейдин да ишенимине кирет. "Чоң казатка" чыгар алдында Каныкей Манасты ушул Алмамбетке гана ишенип тапшырат. Алманбет согуш тактикасын мыкты өздөштүргөн иш билги көсөмдүгү менен Манастын колу "Чоң казатка" аттанганда ошол колду баштоо, хан болуу укугу Алмамбетке берилет. **«Кытайга каршы согушка баратса, анан улуту кытай Алмамбетке хандыкты өткөрүп берет деген эмнеси»** деп Манастын жакын кишилери каршы чыкканга да карабай, бийликти бүт Алмамбетке ыйгаруу менен Манас анын аскердик билимине, жер сырын билген акылмандыгына, кыргыз колунун ичиндеги кадыр-баркына ишенген.

Биринчи жолу Алманбет аскер тартибин орнотуп баш аламандыкка жол бербөө, согуш талаасындагы эрежелерди иштеп чыгып, бөөдө карапайым калктын зыян тартпоосун камсыздаган. Маселен; жаш балдар менен аялдарга курал көтөрбөө, бүлүнгөн элди тонобоо ж.б.

Алмамбет жоокерлик заманда биринчилерден болуп кыргыз элине аскер тартибин киргизүү менен онбашы, жүзбашы, миңбашы, баатырбашы (10000), бек (100000 аскердин башчысы) дайындалып, ошолор ар бир жаран үчүн жооптуу болгон. Ал түгүл кандай кырдаал болсо да улам жогору жакка билдирип туруу милдети жүктөлгөн. Ошондой эле алардын символдору да төмөндөгүчө белгиленген, маселен; бир бектикке — бир туу, бир баатырбашы же түмөнбашыга — бир туу, баары — отуз туу, бир миңбашыга — бир байрак, баары — отуз миң байрак. Жалпы колго үч жүз керней, үч миң сурнай. Бул кыргыз колунун Алмамбет бекиткен өтө катуу тартиби, кол эсебин алуунун, өлүү-тирүүлөрүн тактоонун жолу болгон. Аскер илиминде чалгынга баруу, ал жактан "тил" кармап келүү жеңишке жетүүнүн биринчи жолу катары эсептелет. Бул ыкманы жоокерлердин согуштук талаасында колдонуп, жыйынтыгында көп жолу жеңишке жетишкен. Алмамбет, Чубак "кентундуктан тил кармап" келе жатканы айтылат (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 247). Алмамбет чалгын чалып жолду жана географиялык аймактарды белгилеп турат. Чалгында Алмамбет, Сыргак болуп Коңурбайдын аскерлерине кабылат. Ошондогу абал: "*Мылтыктын калды огуна, жазайыл менен тобуна, жатып калды баатырың, жалын менен чогуна"* (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 323). Ушундай татаал учурда да Алмамбет жаш Сыргакты сабырдуулукка чакырат. Согушта жеңилбөөнүн, багынып бербөөнүн жолу — душмандын чабуулу кезинде алдастап, коркуп калбоо, өздөрүн жоготуп колго түшүп бербөө. Андыктан да Алмамбет: "Каныңды койбой жууп ал, жанагыдай демикпей, эсиңди жыйып, сууп ал!" (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 324) деп жаш Сыргакка акыл айтып жатат. Кытайлар менен бетме-бет чыгып согушка киргенде душман аябай көп болуп, жамгырдай жаа тартып, мөндүрдөй ок атып Манаска жетип турганда, айкөл Көл-Кечүүдөн чыга албай турганда баатырды көзөмөлдөп Алмамбет менен Чубакка жете барат да мылтык менен ондон, бештен окко учурат, жазайыл мылтык дагы атып, койчагыр менен топ атып, Манасты коркунучтан сууруп чыгат. Жусуп Мамайдын вариантында мындай айтылат: "Алмамбет султан жол баштап, элүү төрт илек (бир илек 100 миң – М.А.) кол баштап, түрк уланы келген дейт" (Семетей, 3-китеп, Ж.Мамай, Б., 1995, 98). Демек ал 5 миллион 400 миң кыргыз жоокери менен кытайга каршы согушка кирген болот.

Жолду бууган агыны күчтүү дарыянын суусун жайчылык өнөрү менен тарттырып, кыргыз колун суудан аман кечирип өтөт, керек жерде күндү жайлап, жайды кышка айлантат.

Ал ошону менен бирге таланттуу кол башчы катары кыргыз колун өтө узак, кыйын жортуулга билгичтик менен баштап барып, душманды жеңип алууда зор роль ойнойт.

Жоону сайды Алманбет аты калды Манаска- деген сөз бекеринен калбаса керек. Анткени “ Вазир жакшы хан жакшы” демекчи, хандын атагын чыгарган, акылына акыл кошуп жакшы кеңешин берген Алманбет Манастын эң ишенимдүү, адилет, саясий ишмердүүлүгү менен кыргыз журтчулугун 40 жыл башкарып, ал жетектеген аскерлер эч качан жеңилбес легендарлуу миллиондогон калкы бар кытай элинин Бээжинге согуш ачып жеңиш менен кайтышкан.

Алманбеттин Манаска келип ак кызмат кылып, өзү туулуп өскөн эли кытайга каршы кол баштап барышы өз ата мекенине чыккынчылык катары каралбайт. Тескерисинче, мында кытай элин адилетсиз хандардын зулум бийлигинен эркиндикке чыгаруу сыяктуу бийик идеал жатат. Эл-жерди сүйүүнүн идеал образы да Алманбеттин ишмердүүлүгүнө байланышкан. Анын эл-жерди сүйүүсү, «элди сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт» — дегендей, башка жерде канчалык сый урматта жүрсө да, эли-жерин эстен чыгарбай куса болуусу аркылуу берилет. Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү жана ага байланышкан окуялар өзүнүн алгачкы башатын кыргыз элинин байыркы доорлорунан алат.

Алманбеттин бир элден бир элге өтүп келишиндеги мотивдердин калыптанышына феодалдык доордогу ич ара кагылышууларга байланышкан тарыхый фактылар да таасирин тийгизген. Орто кылымдагы бийлик талашуунун, ошондой эле башка чырлашуулардын натыйжасында феодал төбөлдөрүнүн жоо тарапка өтүп кетип, бийликке ээ болушу адаттагы көрүнүштөрүнүн бири болгон.

Алманбет 72 өнөр билген, акылы жетик, адилеттүү адам болгон. Ал жогоруда айтылгандай эле кытайдын чыккынчысы эмес, акыйкатты издеген адам. Алманбет акыйкатты өз жериндеги атасы, Коңурбайдан, казак досу Көкчөдөн таппай келип, Манастан жолуктурду. Ал эми Манас Алманбетти жөн эле кабыл алган эмес. Кайра өз оюу менен, кыргыздын салт-санаасы менен жашатты. Азыр Алманбеттин урпактарын таап чыгууга болобу, таба албайсың. Четтен келген нерсени кабыл кылуу илгертен мына ушундай болгон. Аны кабыл кылып, кызыкчылыгын кыргыз үчүн жуурулуштуруп жиберген. Каныкей дагы мына ушуга окшош. Улуту башка болсо да, кыргыздын салтын өөрчүтүп, өнүктүргөн. Ушул эки нерсени кабылдоо ошол доордогу кыргыздын эң алдыңкы идеялары болгонунан кабар берет. Кыргыздын качан болсун кабылдоосу даяр экендигин билдирет.

Алманбет баатырга "Чоң казатта" Шыпшайдардын огу тийип, каза болот. Ошондо кан досунан, жан досунан ажыраган, тоодой болгон алп Манас кумурскадай кунсуз болуп: "Кызыл болот желегим, Алмамбет — Каңгайдан келген белегим, кысталыш жерде керегим, өйдө чыкса — өбөгүм, өлбөй кантип турамын, кайран Алмам — жөлөгүм, алтын айдар, чок белбоо, арстаным Алмам, ала жат, кол кармашып кеткенге, кокуй күн, Алмам, ала жат",- деп жер муштап арманын төгөт.

Алмамбет керээз кылгандай, анын сөөгү Катагандын кан Кошой жердеген Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүнө коюлат.Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүндө эски кабыр "Алмамбеттин кабыры" аталат. Чоң казатта Шыпшайдар аны атып өлтүргөндө сөөгүн минген аты Саралага жүктөп жөнөтүшөт, адамдан акылдуу жаныбар ээсинин жасатын Чеч-Дөбөгө алып келип, ушул жерге коюлган деп айтылат. Кытайдагы Манас шаарында Сөгөт деген мазарда "Алмамбеттин күмбөзү" бар. Мусулмандардын күмбөзүндөй жасалган, ичинде намаз окуй турган кобутча да орун алган.Кыргыз колун Бээжинге баштап барганда эли-жерин көрүп Алмамбеттин Сыргакка айткан арманы "Алмамбеттин арманы" деген күүдө айтылат. Бул күүнү кыргыз

радиосунун коруна Ыбырай Туманов, Актан Тыныбеков сыяктуу комузчулар жаздырган. Ошондой эле дагы бир күү "Алмамбеттин жомогу" деп аталат. Анда Кытайдын эли-жерине Тал-Чокуда туруп Манас дүрбү салып таң калып турганда, Алмамбет өзү тууралуу Манаска, Чубакка, Сыргакка айтып берген тагдыры баяндалат.

**Колдонулган адабияттар.**


1. Айкөл Манас баяны 1-2 том. Бишкек 2013
2. "Манас " эпосу жөнүндө илимий иликтөөлөр жана макалалар. Бишкек 1994.
3. Орозбаков С. Манас III-китеп. - Ф. Кыргызстан, 1978.
4. Каралаев С. Манас I-китеп. - Ф.: Кыргызстан, 1984.
5. Тоголок Молдо Манас. – Б.: «Турар» басмасы.


* * *

*Нурматова Гүлшайыр Мамбетовна*

**АРМАН ЫРЛАРЫНДА ӨҢ-ТҮСТҮ ТУЮНДУРГАН СӨЗДӨРДҮН КОННОТАЦИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

*Нурматова Гулшайыр Мамбетовна*

**КОННОТАТИВНЫЕ ОСОБЕННОСТИ СЛОВ, ОБОЗНАЧАЮЩИХ ЦВЕТ В ПЕСНЯХ-ЖАЛОБАХ**

*Nurmatova Gulshayr Mambetovna*

**CONNOTATIVE FEATURES OF WORDS DENOTING COLOR IN COMPLAINT SONGS**

*УДК: 82.0.97.5*

***Аннотация:*** *Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгына тиешелүү арман ырларында өң-түстү туюндурган сөздөр жана алар билдирген коннотациялык маанилер чоң мааниге ээ. Макалада кыргыз элинин арман ырларында өң-түстү туюндурган сөздөрдүн коннотациялык маанилери жана алардын кайгы-муңдун ар түрдүү кырдаалдарын чагылдырышы аны менен кошо көркөм образ түзүүгө катышышы, өң-түстү туюндурган сөздөрдүн символдоштурулуп колдонулушу, алардын адамдын ички жан дүйнөсүнө кыйыр түрдө көркөм-эстетикалык негизде салыштырылышы кыргыз элине белгилүү "Кыздын арманы" деген фольклордук чыгармада колдонулган арман ырынын конкреттүү факты-материалдардын негизинде лингвостилистикалык өңүттө иликтөөгө алынды.*

***Түйүндүү сөздөр****: арман ыры, оозеки поэзия, коннотациялык маани, деталдаштыруу, көркөм символ, кайгы-муң, келечексиз жашоо-турмуш, өң-түстү туюндурган сөздөр, көркөм образ, зордук-зомбулук, жарды-жармач, оңбос жибек, оңгон жибек ж.б.*

***Аннотация:*** *В песнях-жалобах, относящихся к устному народному творчеству кыргызского народа, большое значение имеют слова, обозначающие цвет, и коннотативные значения, которые они передают. В статье в лингвостилистическом аспекте исследуются коннотативные значения слов, обозначающих цвет, и их отражение в различных ситуациях горя и печали кыргызского народа, а также участие в создании художественного образа, символическое использование слов, обозначающих цвет, их косвенное художественно-*

*эстетическое сравнение с внутренним миром человека в известном кыргызскому народу фольклорном произведении "Кыздын арманы".*

***Ключевые слова**: песня-жалоба, устная поэзия, коннотативное значение, детализация, художественный символ, печаль, жизнь без будущего, слова, обозначающие цвет, художественный образ, насилие, бедность, не тускнеющий шелк, тускнеющий шелк и т. д.*

***Annotation:** In the complaint songs related to the oral folk art of the Kyrgyz people, the words denoting color and the connotative meanings they convey are of great importance. The article examines the connotative meanings of words denoting color in a linguistic and stylistic aspect, and their reflection in various situations of grief and sadness of the Kyrgyz people, as well as participation in the creation of an artistic image, the symbolic use of words denoting color, their indirect artistic and aesthetic comparison with the inner world of a person in the folklore work "Kyzdyn Armany" known to the Kyrgyz people.*

***Keywords:** song-complaint, oral poetry, connotative meaning, detailing, artistic symbol, sadness, life without a future, words denoting color, artistic image, violence, poverty, non-faded silk, faded silk, etc.*

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы – ооздон оозго, муундан муунга, укумдан-тукумга өтүп, түбөлүктүү келе жаткан сыймыктуу мурас. Оозеки чыгармалардын кайсы гана жанрын алып карабайлы, алардын мааниси терең. Анын ичинде көп тармактуу, көп жанрлуу оозеки поэзиясынын бир түрү арман ырларынын орду чоң. [*1.48-59-б.б.*] Өткөн замандарда кыргыз элинин турмуш-тиричилигинин, жашоо шарттарынын айрым оор жагдайларына байланыштуу аялдардын тагдырын чагылдырган арман ырлары элдик оозеки поэзиянын бир үлгүсү катары жашап келет. [*2.86-88-б.б.*]

Мындай арман ырларында өң түстү туюндурган сөздөр жана алар билдирген коннотациялык маанилер чоң мааниге ээ. [*3.32-37-б.б.*] Анткени арман ырларында коннотациялык маанидеги сөздөр башка түшкөн кайгынын ар түрүү кырдаалдарын чагылдыруу менен кошо көркөм образ түзүүгө да катышып, кайгы-муңду символдоштуруп көрсөтүү кызматын аткарышат. Мисалы, "Кыздын арманында"

*Кулаалы салсаң, кууга сал,*
*Кууараган чалга бергенче,*
*Курсагым жарып, сууга сал.*
*Ителги салсаң, кууга сал,*
*Итейген чалга бергенче,*
*Ичимди жарып, сууга сал.*
*Түр камдаган жибегим,*
*Оңбос жибек дечү элем.*
*Айлымдагы келин-кыз,*
*Ойноп айтат дечү элем.*
*Өңүрүмдүн жибеги,*
*Оңгон жибек турбайбы,*
*Айлымдагы келин-кыз,*
*Чындап айткан турбайбы!*
*Карадан кылган кетечи,*
*Кайып берем дечү эле.*

*Кара тумшук атакем,*
*Жайып берем дечү эле.*
*Кызылдан кылган кетечи,*
*Кыйып берем дечү эле.*
*Кызыл тумшук атакем,*
*Жыйып берем дечү эле...* [*4.40-б.*]

Мисалга алынган ырдын үзүндүсүндө чалга берген кыздын арманы көркөм туюндурулган. Ырдын негизги маанисинде жаш кыздын мындан аркы келечексиз жашоо-турмушунун көп кырдуу жагдайлары, ага карата кыздын кайгы-муңу, сарсанаасы, түгөнгүс арманы поэтикалуу чагылдырылган. Мында "*Куураган чалга бергиче, курсагым жарып сууга сал*" деген ыр саптарында кыздын тагдырына жасалган зордук-зомбулук, таш боор, жармач атанын кызына кылган кайрымсыз мамилеси кыйыр түрдө көркөм баяндалган. Ошондуктан кыздын болочок жашоосунда эч кандай үмүт, жакшылыктын жышаанасы жок экендиги "*Курсагым жарып, сууга сал*" деген ыр сабында экспрессияланып туюндурулган. Бул контекстте "курсакты жаруу" деген туюнтма бир нече коннотациялык мааниге ээ. Маселен, "курсакты жаруу" деген "жаркын жашоо" маанисинде эмес, "өлүм", "жок болуу", "кыйроо", "тилеги таш кабуу", "аргасыздык" сыяктуу бир нече коннотациялык кошумча маанилерди туюндурганы менен өзгөчөлөнөт. Өмүргө, оюн-күлкүгө тойбой, тал чыбыктай буралган жаш кызга карата "курсактын жарылышы" деген маанидеги сөздөрдүн колдонулушу – нормалдуу жашоо кырдаалында ойго келбеген көрүнүш. Бири-бирине контрасттык маанидеги коннотациялык маанилерге бай, мындай сөздөрдүн, туюнтмалардын колдонулушу арман ырындагы көз караштардын кагылышын, турмуштук оор кырдаалдын түзүлүшүн айгинелеп турат. Ошондой эле бул көрүнүш өсүп келе жаткан жаңы муундун өкүлү болгон жаш кыздын тагдыр-жолунун кыйрашын, үмүт-тилегинин быркырап сынышын, рух-дараметинин мертинишин кошо кыйыр көркөм баяндап турат.

Мына ушундай трагедиялуу турмуштук кырдаалда өң-түстү туюндурган сөздөр арман ырларында кайгы-муңдун деңгээлин, ар түрдүү жагдай-кырдаалын деталдаштырып көркөм туюндурууга активдүү катышат. Маселен, мисалга алынган арман ырында "*Түр камдаган жибегим, оңбос жибек дечү элем*" деген ыр сабында "*оңбос жибек*" деген өң-түстү билдирген туюнтма кыздын турмушка чыга элек, али ой-санаасында кайгы-муңдун карааны жок, баёо, ишенчээк, келечекке көкүрөк толгон үмүт-тилеги менен караган, бейкапар абалын кыйыр туюндурат. Мында "*оңбос жибек*" деген туюнтма маанилик жактан кыздын ички дүйнөсүндөгү ал-абалга салыштырылган. "*Оңбос жибек*" кандай көркөм, көз жоосун алган кандай жагымдуу, ар кыл көйнөктү тиксе, кандай жарашыктуу болгон сыяктуу турмушка чыга элек беш көкүл кыздын жан дүйнөсү да дал ошондой таза, аруу, жагымдуу экендиги "*оңбос жибек*" деген туюнтма аркылуу символдоштурулуп баяндаган. Бул көрүнүш "дечү элем" деген өткөн чактагы туюнтма аркылуу дагы да ар тараптан тастыкталып турат. Бул кыз дүйнөнү, жашоо турмушту "*оңбос жибек*" катары жалаң шаң-күлкүгө, той-тамашага толгон көркөм дүйнө катары элестетип жүргөнү "дечү элем" деген өткөн чактагы туюнтма аркылуу билдирилди. Ошентип, бул арман ырында "*оңбос жибек*" деген өң-түстү билдирген туюнтма турмушка чыга элек, жаркын жан дүйнө жашап жаткан, баёо кыздын көркөм символдук образын түзүүгө кыйыр түрдө катышкан.

Ушул эле арман ырында "*Өңүрүмдүн жибеги, оңгон жибек турбайбы*" деген ыр сабындагы "оңгон жибек" деген өң-түстү билдирген туюнтма кыздын чалга аргасыз турмушка чыккан учурдагы келечеги, үмүт-тилеги кыйрап, канаты кыркылып, жан дүйнөсү

арман-муңга толгон ички абалын кыйыр туюндурат. Мында да “*оңгон жибек*” деген өң-түстү билдирген туюнтма жана анын коннотациялык маанилери чалга берилген кыздын ички жан дүйнөсүндөгү карама-каршылыктуу ал-абалга көркөм салыштырылган. “*Оңгон жибек*” кандай кунарсыз, жагымсыз, жарашыксыз болгон сыяктуу чалга берилген кыздын жан дүйнөсү да дал ошондой арман-муңга, тынымсыз тынчсызданууга, үмүтсүз кайгы-санаага жык толо болору “*оңгон жибек*” деген туюнтма аркылуу символдоштурулуп баяндалды. Түзүлгөн турмуштук карама-каршылыкты, андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөрдү “турбайбы” деген учур чактагы туюнтма ар тараптан айгинелеп турат. Чалга берилген кыз башына түшкөн мүшкүл турмушту “*оңгон жибек*” катары келечексиз, үмүт-тилексиз, күлкү-кубанычсыз, татаал реалдуулук катары кабыл алынышы “турбайбы” деген учур чактагы туюнтма аркылуу кыйыр билдирилди. Ушул өңүттөн караганда, “*оңгон жибек*” деген өң-түстү туюндурган туюнтма жана анын коннотациялык маанилери чалга берилген кыздын трагедиялуу, кайгы-капага, арман-муңга, карама-каршылыкка жык толгон ички дүйнөсүнүн көркөм символдук образын түзүүгө кыйыр катыштыгы бар деп эсептөөгө болот.

